**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Б.ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д.07.21.628**

*Кол жазма укугунда*

**УДК: 316.7 (575) (043.3)**

**АБДУВАПОВА АЙНАГҮЛ ТЕШЕБАЕВНА**

# Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)

**07.00.07. – этнография, этнология жана антропология**

**тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**

## диссертация

**Илимий жетекчи:**
**тарых илимдеринин доктору**
**Джоошбекова А.Р.**

**Бишкек – 2021**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ…………………………………………………………………………………3**

**I БАП. ЭТНОДЕМОГРАФИЯЛЫК ЖҮРҮМДӨРҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМЕСИ**

1.1. Калктын өнүгүү маселелерин совет мезгилинде изилдөө......................12

1.2. Постсоветтик мезгилдеги этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдөө..........................................................................................................18

**II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ, ЫКМАЛАРЫ ОБЪЕКТИСИ, ПРЕДМЕТИ ЖАНА БУЛАКТАРЫ**

2.1. Калкты изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери жана колдонулган ыкмалар...........................................................................26

2.2. Изилдөөнүн обьектиси, предмети жана булактары.............................35

**III БАП. ОШ ОБЛУСУНУН КАЛКЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНҮН НЕГИЗГИ ШАРТТАРЫ**

3.1. Облустун аймагы жана экономикалык өнүгүүсү ..................................46

3.2.Облус калкынын рынок шартына ыңгайлашуусунун өзгөчөлүктөрү..........................................................................................67

3.3. Облустун калкынын абалы жана анын табигый өсүшүнүн маселелери..........................................................................................75

**IV БАП. ОШ ОБЛУСУНДАГЫ ЭТНОДЕМОГРАФИЯЛЫК ЖҮРҮМДӨР**

4.1.Облустун калкынын этностук курамынын өзгөрүүсү жана ага миграциянын тийгизген таасири. ..................................................................98

4.2. Калктын никелешүү, ажырашуудагы өзгөчөлүктөрү .............................128

4.3.Облустун калкынын жыныстык, жаш курактык түзүмү жана билим деңгээли.........................................................................................148

4.4.Облустагы этностордун аймактык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү..........................................................................................161

**ЖЫЙЫНТЫКТАР…………………………………………………………..174**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ** ................................185

**ТИРКЕМЕ**.................................................................................................202

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын бири бул этнодемографиялык жүрүмдөрдү башкаруу болуп эсептелет. Демографиялык өнүгүү мамлекеттин өнүгүүсүнүн бир бөлүгү катары өз алдынча обочолоно албайт. Ал Кыргызстанда болуп жаткан социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүнүн алкагында өсүп-өнүгүп туруучу жүрүм. Өз кезегинде этнодемографиялык жүрүмдөр өлкөнүн, анын ичинде жалпы элдин социалдык-экономикалык, саясий өнүгүүсүнө таасир берүүчү социалдык күч болуп эсептелет. Ошондуктан, бардык мамлекеттер өздөрүнүн өлкөсүндөгү жүрүп жаткан демографиялык, анын ичинде этнодемографиялык жүрүмдөргө ар дайым дыкат көңүл бөлүп турат. Ал жүрүмдүн кайсы жакка багыт алып жаткандыгын, кандай жаңы социалдык топтордун пайда болуусунун мамлекетке тийгизген ар кандай таасирлерин ар дайым статистикалык жактан жана комплекстүү көзөмөлдөп, башкарып, аны өз учурунда керектүү нукка буруп турат. Ал эми туура жана керектүү нукта өсүп-өнүгүп жаткан демографиялык жүрүм өлкөнүн социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүшүнө жагымдуу таасир этет.

Ош облусу – Кыргызстандын чегинен сырткары бүтүндөй Борбордук Азия мейкиндигинде өзүнүн географиялык абалы менен Чыгыш менен Батышты бириктирген маанилүү түйүн [7.164]. Калкынын саны боюнча Фергана өрөөнү эл эң жыш жайгашкан аймактардын бири болуп эсептелет. Бул жер көп этностуу аймак катары өлкөнүн социалдык-экономикалык жактан туруктуу өнүгүүсүнө олуттуу салымын кошуп келет. Ошондуктан, Ош облусунун калкынын этнодемографиялык маселелерин илимий жактан изилдөө азыркы мезгилдеги этнология илиминдеги актуалдууу проблемалардын бири болуп эсептелет.

Учурда облус Кыргызстандагы ири административдик-аймактык бирдик болуп эсептелет. Облустун аймагы 7 административдик райондон турат: Алай, Араван, Кара-Кулжа, Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат, Чоң-Алай

райондору. Мындан сырткары облуста 4 шаар (анын ичинде Ош шаары облуска баш ийбеген өз алдынча, республиканын, ал эми Кара-Суу, Өзгөн жана Ноокат шаарлары райондордун борборлору), 2 шаарча, 81 айыл округу, 467 калктуу пункт бар. Облустун административдик борбору – Ош шаары [3.38, 19-б.].

Өлкө эгемендүүлүктү алгандан кийинки социалдык-экономикалык, саясий турмуштагы кескин бурулуш, андагы болуп жаткан кыйынчылыктар демографиялык жүрүмдөрдөгү өзгөрүүлөргө алып келди. Бул жылдарда социалдык-демографиялык кырдаал бир кылка өнүккөн жок.

XX кылымдын 90-жылдардын башында облустагы демографиялык кырдаалга ар кандай себептердин таасири, эң биринчиден, социалдык-экономикалык себептердин натыйжасында республиканын жарандарынын, ошону менен бирге азчылыкты түзгөн кээ бир этностордун өкүлдөрүнүн тарыхый мекенине көчүп кетүүсүнүн таасири абдан чоң болду. Эгемендүүлүк мезгилиндеги этнодемографиялык жүрүмдөрдү кыргызстандыктарды башка өлкөлөргө чыгууга аргасыз кылып жаткан эмгек миграциясы аныктап келе жатат. Калктын социалдык жана этностук түзүмүндөгү өзгөрүүлөрдү талдоо, анын демографиялык өнүгүүсүндөгү азыркы учурдагы социалдык-экономикалык жаңылануулар менен шартталган багыттарды жана алардын өлкөгө жагымдуу жана жагымсыз жактарын белгилөө менен тийиштүү мамлекеттик уюмдарга сунуш киргизип туруу – бул коомдук илимдердин, анын ичинде этнология, этносоциология илимдеринин милдеттеринин бири. Изилдөөдө каралып жаткан маселелер этностун түзүмүнүн, жаңы социалдык-демографиялык багыттардын калыптанышына таасирин аныктоо максатында да маанилүү.

Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө жалпысынан анын аймактарынын демографиялык абалынын көрсөткүчтөрү (калктын саны жана сапаты, жыныстык жана жаш-курактык түзүмү) өзгөчө мааниге ээ. Бул ар бир өлкөдө коомдун социалдык-экономикалык жана демографиялык өнүгүүсүнүн бири-бирине ылайык келүү мыйзамы менен аныкталат. Ал

мыйзамга ылайык калктын абалынын сандык жана сапаттык мүнөздөмөсүнүн динамикасынын, социалдык чөйрөнүн жана экономиканын өнүгүү чен өлчөмдөрүнүн туруктуу байланышы бар. Калктын санынын өзгөрүшү өлкөнүн аймактарынын өнүгүүсүнө, ал өз кезегинде мамлекеттин ар тараптан өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этет.

Кыргызстандын калкынын тарыхый өнүгүүсүнүн көп түрдүүлүгү, аймактардагы жашаган калктын өз алдынча көбөйүүсү жана жашоосу илимий жактан гана актуалдуу эмес, анын практикалык да мааниси бар. Калктын демографиялык өнүгүүсүн бир топ факторлор, анын ичинде калктын аймактык жайгашуусу, тарыхый өнүгүүсү, экономикалык өнүгүү деңгээли, жанаша жашаган түрдүү этностордун чарбалык жана руханий маданияттарынын бири-бирине таасир этүүсү шарттайт.

Ош облусунун калкынын этнодемографиялык жүрүмдөрү этнологиялык жактан өз алдынча алгачкы ирет изилденип жатат.

**Диссертациялык эмгектин максаты** эгемендүүлүк мезгилиндеги Ош облусунун калкынын этнодемографиялык жүрүмдөрүн ар тараптуу жана комплекстүү изилдөө болуп саналат.

Жогорудагы максатка ылайык диссертацияда төмөнкү милдеттер коюлду:

- азыркы учурдагы облустун калкынын өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын бири катары анын социалдык-экономикалык абалын талдоо жана калктын этносоциалдык түзүмүндөгү өзгөрүүлөрдү аныктоо;
- калктын табигый өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүү;
- облустун калкынын этнодемографиялык жүрүмдөрүнө миграциянын тийгизген таасирин карап чыгуу;
- калктын этностук курамынын өзгөрүүсүн, никелешүү жана ажырашуу маселелерин талдоого алуу;
- облустун аймагында жашаган калктын жаш-курамдык көрсөткүчтөрүн талдоо;
- этностордун аймактык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы:**

- Облустун калкынын динамикасына таасир этүүчү социалдык-экономикалык шарттар, облустун райондору жана шаарлары боюнча административдик-территориялык өзгөрүүлөр этнология илиминде өз алдынча алгачкы жолу изилденди.
- Изилдөөдө Ош облусунун калкынын рынок шарттарына карата ыңгайланышуусу, үй-бүлөнүн материалдык абалынын калктын өзүн-өзү жаратуусуна таасири алгачкы жолу өз алдынча этносоциологиялык материалдар менен аныкталды.
- Ош облусунун калкынын этностук курамынын өзгөрүүсүнө, никелешүү жана ажырашуусунун өзгөчөлүктөрүнө, этнодемографиялык жактан өнүгүүсүнө табигый өсүштүн жана миграциянын таасири көрсөтүлдү
- Калктын этностук курамынын динамикасы, жыныстык жана жаш курамдары изилденди жана анын өзгөчөлүктөрү белгиленди.
- Калктын социалдык-демографиялык түзүмү жана аймактарда жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү талдоого алынды.

**Диссертациянын илимий-практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары мамлекеттин анын ичинде аймактардын демографиялык, социалдык-экономикалык өнүгүү багыттарын аныктоодо, Кыргызстандын көп улуттуу калкынын социалдык-экономикалык абалы, маданий өнүгүүсү, тарыхы боюнча атайын курстарды иштеп чыгууда, этнодемография, этнология боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда, студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга тарых, этнология, демография, социология предметтерин окутууда, окуу-усулдук колдонмолорду түзүүдө, курстук, жыйынтыктоочу квалификациялык иштерди жазууда жана аталган тармактар боюнча илимий иштерди жалпылоодо пайдаланылышы мүмкүн.

**Коргоого сунушталуучу жоболор:**

- Учурда Ош облусу – Кыргызстандагы ири административдик-аймактык бирдик жана калкынын саны боюнча өлкөдөгү эң чоң

аймак. Ош облусу байыртадан дыйканчылык менен мал чарбачылыгынын айкалышып өнүккөн аймагы болуп эсептелет. Бул аймакта байыртадан эле отурукташып, дыйканчылык менен кесиптенген жана мал чарбачылыгын жүргүзгөн көчмөн элдердин маданияты жанаша жашап, алардын бирин-бири толуктап туруучу айкалышуусунун негизи калыптанган. Бул айкалышуунун салттары бүгүнкү күнгө чейин сакталып, өнүгүп келе жатат.

- Рынок экономикасына өтүү менен Ош облусунун көп этностуу тургундары жаңы жумуш жана жаңы киреше булактарын издөөгө аргасыз болушту. Жумуш менен камсыз болгон калктын социалдык түзүмүндө өндүрүштө иштегендерге караганда тейлөө чөйрөсүндө эмгектенгендердин саны өскөн. Экономиканын мамлекеттик сектору бир кыйла кыскарып, өз алдынча жумуш менен өзүн-өзү камсыз кылгандардын саны көбөйдү. Облуста жакырчылык, жумушсуздук ири социалдык маселе болуп саналат.
- Изилденип жаткан жылдар аралыгында облустун калкы бир кыйла көбөйгөн. Калктын санынын өсүшүнө негизинен табигый кыймылдын таасири чоң. Облустун калкынын ичинде эмгекке жарамдуулардын саны өскөн жана балдар жана өспүрүмдөрдүн саны азайган.
- Облуста жашап жаткан этностордун курамы жаш-курактык жактан айырмаланышат. Аларды эки топко бөлүп кароого болот: *биринчи топ* – демографиялык жактан курамында жаштардын саны көпчүлүктү түзгөн этносторго – кыргыздар, өзбектер, тажиктер кирет; *экинчи топ* – демографиялык жактан картайып бара жаткан, башкача айтканда курамында жаштардын саны аз болгон этносторго – орустар, татарлар, украиндер жана башкалар кирет. Бирок, кыргыздардан айырмаланып өзбектер менен тажиктердин санынын көбөйүшүнө табигый өсүштөн сырткары механикалык жактан да өнүгүү мүнөздүү, башкача айтканда кошуна Өзбекстандан,

Тажикстандан Кыргызстандын түштүгүнө көчүп келип, жайгашып калгандар да аз эмес.

- Этностор арасындагы курактык топтук айырмачылыктарга таасир этүүчү негизги себептердин бири – төрөлүүдөгү этностук өзөчөлүктөр болуп эсептелет. Кыргыздар менен өзбектердин орточо жаш курагынын салыштырмалуу жаштыгы жана алардын санынын көптүгү эң биринчи иретте алардын арасындагы табигий өсүштүн жогорулугуна жана ошонун натыйжасында үй-бүлөлөрүнүн көп балалуулугуна байланыштуу.
- Калктын арасында улгайып калган адамдардын санына караганда жаштардын саны көп. Калктын жайгашуусунда айыл жеринде жашагандардын арасында кыргыздардын саны көп. Ал эми шаар жерлеринде өзбектердин жана орустардын көпчүлүгү жашашат жана эмгектенишет.
- Калктын курамынын өзгөрүшүнө физиологиялык, экономикалык, демографиялык, социалдык, саясий жана маданий факторлор таасирин тийгизет. Эгерде төрөлүү жүрүмү социалдык-психологиялык, экономикалык жана салттуу этно-тарыхый шарттар жана өздүк каалоолор менен тыгыз байланышта болсо, өлүм жүрүмү негизинен объективдүү себептердин таасири менен аныкталып, түздөн-түз облустун социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлинен, тургундардын материалдык абалынан да көз каранды.
- Учурда ички миграцияда негизинен кичи жана орто шаарлардан жана райондордон калктын Ош, Бишкек, Жалал-Абад сыяктуу ири жана орто шаарларга, Чүй облусунун райондоруна багытталып көчүп кетүүсү же мезгилдик жумуштарда иштөө үчүн кетүүсү байкалды. Тышкы эмгек миграциясынын багыты өзгөчө Россия жана Казакстанга багытталган. Жакынкы жылдарда бул мүнөздүү багыт уланат.

- Ош облусунун калкы көп этностуу. Миграциялык агымдардын жана калыптанган демографиялык абалдын натыйжасында акыркы отуз жылдай аралыкта облустун калкынын этностук курамы бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болду. Анда кыргыздардын, өзбектердин, уйгурлардын, түрктөрдүн, тажиктердин саны көбөйгөн. Орустардын, жана башка славян тилдүү этностордун саны кыскарган. Акыркылардын санынын азайышы жалпы эле республиканын, анын ичиндеги облустун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндөгү кыйынчылыктарга, кардиналдуу экономикалык өзгөрүүлөргө байланыштуу. Ошону менен бирге саясий факторлордун да таасири бар.
- Кыргызстандагы өзбектердин, тажиктердин дээрлик баары же басымдуу бөлүгү бул аймакта жашап жана эмгектенишет. Кыргыздар Ош облусунун бардык райондорунда негизги басымдуу көпчүлүктү түзгөн калк катары бир кылка жайгашкан.
- Ош облусунун калкынын арасында улуттар аралык аралаш никелер кеңири тараган, бул көрүнүш эң биринчи иретте кыргыз жана өзбек этносторунун ортосунда болуп жатат. Алардын этномаданий өнүгүүсүндөгү этностук жалпылыктар аралаш үй-бүлөлөрдүн жаралышына жана өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Бул көрүнүш акырындык менен көбөйүүдө.
- Ош облусунун аймагында жашаган этностордун өкүлдөрүнүн этностук маданиятына, тилине кам көрүү аркылуу алардын өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө шарттар бар. Фергана өрөөнүндө этностор байыртадан чогуу жашап, маданиятында, турмуш-тиричилигинде, дүйнө таанымында, этностук картинасында көптөгөн жалпылыктар калыптанган.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.**

- Изденүүчү кыргыз этнология илиминде алгачкылардан болуп атайын Ош облусунун этнодемографиялык жүрүмдөрүн этносоциологиялык методдор менен изилдеди. Ош облусу Кыргызстандын экономикалык, социалдык жана саясий жактан эң ири аймактарынын бири. Өлкөнүн ар тараптан өнүгүшү белгилүү деңгээлде Ош облусунун аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн туруктуулугуна жараша болот. Облустун калкынын табигый өсүшү – төрөлүү жана өлүмдүн мыйзам ченемдүү көрүнүшү жана өзгөчөлүктөрү эң алгачкылардан болуп этнологиялык, анын ичинде этносоциологиялык талдоого алынды.
- Этнодемографиялык жүрүмдөрдүн өзгөрүүсүнүн социалдык-экономикалык жана саясий шарттары талданды. Ошондой эле келечекте бул жүрүмдөр кандай багытта болушу жөнүндө илимий гипотезалар айтылды;
- Облустун калкынын этностук курамынын өзгөрүүсү, миграциянын каралып жаткан аймактын социалдык-экономикалык абалына, этнодемографиялык жүрүмдөрүнө тийгизген таасири изилденди;
- Облустагы этностордун ортосундагы аралаш никелер изилденди, аларга мүнөздүү этносоциалдык жүрүмдөр каралды;
- Этностордун жаш курамдык көрсөткүчтөрүнүн өзгөчөлүктөрү, башка аймактардан айырмасы белгиленди;
- Этностордун облустагы аймактык жактан шаар жана айылдарда жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү жана алардын динамикасы көрсөтүлдү.
- Күндөлүк жашоо-турмушка кирип жаткан жаңы шарттар кыргыздардын этнодемографиялык жүрүм-турумуна өзгөрүүлөрдү киргизип жаткандыгы тастыкталды жана аларга илимий баа берилди.
- Илимий айлампага диссертанттын жеке өзүнүн жүргүзгөн этнологиялык жана этносоциологиялык изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары киргизилди.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы** Кыргызстандын эгемендүүлүктү алган 1991-жылдан азыркы учурга чейинки мезгилди камтыйт.

**Изилдөөнүн аймактык чеги** – Кыргыз Республикасынын түштүгүндө жайгашкан Ош облусунун аймагын камтыйт.

**Иштин апробациясы.** Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары Кыргыз Респуликасында өткөн республикалык, эл аралык илимий конференцияларда жана семинарларда доклад катары баяндалган жана талкууланган. Диссертациянын негизги жыйынтыктары "Молодой ученый", "ОшМУнун жарчысы", "БГУ жарчысы", "Известия ВУЗов"жана башка чет элдик жана республикалык илимий-теориялык журналдарында илимий макалалар катары чагылдырылды.

**Изилдөөнүн түзүмү**. Диссертация киришүүдөн, төрт баптан, он бир бөлүктөн, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

# I БАП. Этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдөөнүн тарыхнаамеси

## 1.1. Калктын өсүп-өнүгүү маселелерин совет мезгилинде изилдөө

Этнодемографиялык илим Кыргызстандагы этностордун санын, социалдык жана демографиялык курамын, табигый өсүшүн, миграциясын жана алардын өзгөрүүсүнүн себептерин, натыйжаларын изилдеген жаңыдан өнүгүп келе жаткан багыттардын бири. Этнодемографиянын калыптануусунда советтик доордогу изилдөөлөрдүн мааниси чоң, ошондуктан ал мезгилдеги окумуштуулардын этнодемографиялык багыттагы изилдөөлөрүн талдоого алууну туура көрдүк.

Советтер Союзу көп этностуу, түрдүү конфессиялардагы, басып өткөн тарыхы, маданияты, тили, социалдык-экономикалык өнүгүүсү ар кандай деңгээлде болгон жүздөн ашык этностор жашаган өлкө болгон. Союздук республикалардын калкынын саны жана социалдык түзүмү да бири-биринен айырмаланып турган. Калктын арасында этнодемографиялык жүрүмдөрдү өз убагында изилдеп, талдап, кандай багытта бара жаткандыгы тууралуу тиешелүү башкаруу органдарына сунуштарды берип туруу илимий жактан гана эмес, практикалык жактан да маанилүү болгон.

Этностордун ортосундагы мамилелерди терең жана ар тараптан изилдөө, алардын бирдей социалдык негизде өнүгүүсү совет өлкөсүнүн маанилүү мамлекеттик саясаты болуп эсептелген. СССРдин борбордук республикаларында, европалык бөлүгүндө этнодемографиялык изилдөөлөр багыты эртерээк калыптанып, анын жыйынтыктары коомчулук тарабынан пайдаланылып турган.

Совет мезгилиндеги көпчүлүк авторлордун эмгектеринде калктын табигый кыймылына, миграциялык жана жалпы демографиялык жагдайга таасирин тийгизчү демографиялык, социалдык - экономикалык, маданий жана башка факторлор изилденген. Бирок улуттар боюнча, этностук жана демографиялык жүрүмдөрдүн өз ара таасирлерин аймактар боюнча изилдеген эмгектер аз. Совет мезгилиндеги илимий изилдөөлөрдө “Улут

жана союздук республикалардын элдери (народность)” темасы этнодемографиялык изилдөөлөрдүн негизги багытын түзгөн. Аз сандагы этностордун чөйрөсүндөгү демографиялык маселелерге көп көңүл бурулбай калган. Этносторду мындай изилдөөнүн негизги себептеринин бири – аз сандагы этностордун статистикалык маалыматтары так жана толук иштелип чыкпагандыгынан болгон. Изилдөөгө алынган учурларда айрым бир этностор боюнча статистикалык маалыматтар так берилген эмес. Мындай өксүк азыр деле бар. Өзгөчө азыркы мезгилде көп этностуу аймакта жашаган калктын арасында мындай чөйрөдөгү изилдөөлөрдү жүргүзүү актуалдуу болуп эсептелет.

Советтер Союзундагы этнодемографиялык илимдин башатында СССР илимдер академиясынын Н.Н.Миклухо Маклай атындагы этнология жана антропология институту турат. Бул илимий мекемеде атайын өлкөдөгү этникалык, демографиялык жүрүмдөрдү изилдеген сектор иштеп, анын башында этнограф, профессор В.И.Козлов болгон. Профессор В.И.Козлов этнодемографиялык жүрүмдү изилдеген учурда этностордун басып өткөн жолуна жана этникалык тарыхына, этностук маданиятына көп көңүл бурган. Анын [4.86, 4.87, 4.88] изилдөөлөрү XX кылымдын 60-жылдары дүйнөдөгү көп мамлекеттердеги, анын ичинде СССРдеги жана Россиядагы этнодемографиялык кырдаалды иликтөөгө алууга мүмкүндүк берген жана методологиялык мүнөзгө ээ. Ал өзүнүн дүйнөдөгү көптөгөн этностордун төрөлүү жана өлүм процесстерине талдоо жүргүзгөн жана бул жүрүмдөргө ар түрдүү шарттардын тийгизген таасирин ачып көрсөткөн алгачкы эмгектеринде [4.86] “этнодемография” деп аталган илимдин жаңы тармагынын негизги милдеттерин тактаган. Кийинки эмгектеринде этнология менен демографиянын байланышына, этнодемографиялык изилдөөлөрдүн методологиясына, жаңы илимий багыттын түшүнүк аппаратына өзгөчө көңүл буруп, этнодемографиянын илим катары калыптанып, өнүгүүсүнө салым кошкон. СССР калкынын улуттук, тилдик курамын терең талдаган эмгегинде

этнодемографиялык жана этногеографиялык баяндама берилген. Автор союздук республикалардагы улуттарды гана албастан, автономдук республикалардын көпчүлүктү түзгөн этносторун жана этностук азчылыктарын түзгөн СССР калкын изилдөөгө алган. В.И.Козловдун эмгектери СССР элдеринин ортосундагы этнодемографиялык жүрүмдөрүнүн жалпылыктарын, өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөткөн. Ошону менен бирге Бүткүл Союздук эл каттоодогу көйгөйлүү маселелерге көңүл бурган этнолог-окумуштуулардын бири болгон.

XX кылымдын 70-жылдарында демографиянын жалпы маселелери жана конкреттүү демографиялык изилдөөлөр, демографиялык статистиканын негизинде жаралган демографиялык публицистикалар жарыяланган. Алардын автору окумуштуу-демограф Б.Ц.Урланис [4.137] болгон. Ал этнодемографиялык өнүгүүнүн негизги шарттары деп төмөнкүлөрдү эсептейт: климат, генетика, аялдардын коомдогу орду, калктын жашоо деңгээли, маданий деңгээли, мамлекеттик саясат, согуш, шаарлашуу, экологиялык маселелер. Калктын никелешүү жашы жана аялдардын турмушка чыгуу курагы, төрөлүүнүн мүмкүнчүлүктөрү, тукумсуздук, жансыз төрөлгөндөр, үй-бүлөдөгү социалдык милдеттердин бөлүнүшү жана башкалар калктын ичиндеги төрөлүүнүн деңгээлине өз таасирин тийгизээрин автор мындан сырткары кошумча себептер катары бөлүп караган. Б.Ц.Урланис калктын санынын көбөйүүсүнүн негизги социалдык факторлору катары аялдардын коомдогу ээлеген абалын, коомдогу аялга болгон мамилени, бала бакчалар менен камсыз болууну, жагымдуу социалдык-психологиялык абалды, этностук өзгөчөлүктөрдү жана калктын материалдык жана маданий керектөөлөрүнүн канааттандырылышын эсептеген. Эң негизгиси социалдык-маданий, же социалдык-психологиялык (физикалык фактор, никелешүү, көп балалуу болуу салты, аймактык факторлор ж.б.) жана социалдык-экономикалык фактор калктын өсүүсүндө маанилүү ролду ойноорун белгилеген. Бул окумуштуу башкалардан айырмаланып, социалдык-экономикалык факторлорго өзгөчө көңүл бурган.

XX кылымдын 80-жылдарынын ортосунан баштап этнография илиминин ичинде этносоциология, этнодемография, этнопедагогика жана башка тармактар пайда боло баштаган. СССРдин социалдык-экономикалык өнүгүүсү, илимий-техникалык прогресстин өнүгүшүнүн жогорулашы калктын социалдык түзүмүндө ар түрдүүлүктү көбөйткөн жана күчөткөн.

Этностордун ичиндеги ар кандай социалдык түзүмдөрдүн пайда болушу, алардын коомдогу алган ордунун ар түрдүүлүгү, ошого жараша жашоо образынын өнүгүшү этнография илиминде да жаңы багыттардын пайда болушуна алып келген. Ал өз кезегинде этнология илиминде математикалык методдорду колдонууга түрткү берип, анкета, суроо-жооп, этностордун жашоодогу баалуулуктары, билими, үй-бүлө куруусу, ажырашуусу сыяктуу көптөгөн этносоциалдык маселелерди изилдөөгө мүмкүндүк берген.

Ушул эле жылдарда Д.И.Валентей [4.63, 4.64] демографиялык жүрүмдөрдү коплекстүү талдоого алган жана акыркы мезгилдердеги демографтардын талкуусуна алынган курч жана орчундуу маселелер боюнча материалдарды жыйнаган. Бул окумуштуу да этнодемографиялык жүрүмдүн социалдык-экономикалык факторлоруна көп көңүл бөлгөн.

Этнодемографиялык жүрүмдүн эң негизги көрүнүштөрүнүн бири – этностордун миграциясы болуп эсептелет. Миграциянын этнодемографиялык жүрүмдөргө таасир этүү ролу чоң. Советтик окумуштуу Б.С.Хорев [4.138] өзүнүн эмгегинде маятниктик миграцияга кеңири токтолгон жана калктын өнүгүүсүнө анын оң таасирлерин баса белгилеген.

С.И.Бруктун [4.60, 4.61] баалуу маалымат берүүчү эмгегинде XX кылымдын 80-жылдарындагы дүйнөдөгү көп мамлекеттердин калкынын этнодемографиялык маселелери каралган. Бул иште дүйнө өлкөлөрү демографиялык жактан мүнөздөлгөн жана алардагы этностук азчылыктардын абалы чагылдырылган. СССРдеги жана дүйнөдөгү элдердин саны, төрөлүүсү, өлүмү, жыныстык-курактык жана үй-бүлөлүк түзүмү, тилдик, улуттук, расалык, диндик курамы боюнча баалуу маалыматтарды В.А.Борисовдун

[4.58] эмгегинен табууга болот. Этнодемографиялык жүрүмдөр ушундай эле багыттагы Е.Л.Бусагиндин эмгегинде [4.62] да талданган.

СССРдеги этнодемографиялык жана этнолингвистикалык жүрүмдөргө талдоо жүргүзгөн Ю.В.Бромлей [4.54.,4.55, 4.56, 4.57], А.Г.Волков [4.65], А.Я.Кваша [4.84., 7.163] сыяктуу окумуштуулардын бир топ илимий эмгектери Бүткүл союздук 1959-1970-1979-1989-жылдардагы Эл каттоолордон кийин "Советская этнография" ("Этнографическое обозрение"), "История СССР" ("Отечественная история") жана "Вестник статистики" журналдарында басылып чыккан.

Белгилүү этнограф, академик Ю.В.Бромлей [4.54.,4.55, 4.56, 4.57] өзүнүн эмгектеринде этнос жөнүндө теориялык маселелерди эң биринчилерден болуп көтөрүп чыккан окумуштуу болуп эсептелет. Ал өзүнүн эмгектеринде этностун өнүгүү жүрүмүн, анын ар кайсы коомдук экономикалык формацияда этносоциалдык өзгөчөлүктөрүн, алардын белгилери жана өнүгүү факторлорун терең, ар тараптуу карап чыккан. Этностордун өнүгүү жүрүшүндө миграциянын ролун жана анын себептерин дагы ачып көрсөткөн. Ошону менен бирге этнодемография илиминин келечеги жана кандай жолдор менен изилдөө керек экендигин аныктаган. Этностук эндогамия маселесин жана алардын этностордун арасындагы сакталуусун Ю.В.Бромлей [7.160] изилдеген.

А.Я.Кваша [4.84] СССРдеги элдердин төрөлүүсүн, жашоо узактыгын, муундардын алмашылышын жана өзгөчөлүктөрүн, анын түзүлүшүн изилдеген. Бул китепте демографиялык жүрүмдү социологиялык жол менен изилдөөнүн методдору каралган.

Этнология жана демографиянын алкагында өлкөдө алгачкы пайда болгон жана калыптана баштаган жаңы илимий дисциплина боюнча окуу куралы катары 1990-жылы жарыкка чыккан О.Е.Казьмина жана П.И.Пучковдун [4.81.] эмгеги да чоң мааниге ээ болгон. Анда этнодемографиялык илимдин эволюциясы, этникалык жана демографиялык

жүрүмдөрдүн өз ара байланыштуулугу, Россиянын, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн этнодемографиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү изилденген.

Г.А.Бондарская [4.53] өзүнүн эмгегинде репродуктивдүү жүрүм-турумдун этностук өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурган жана салттын, нике жана үй-бүлөлүк үрп-адаттардын, аялдардын билим деңгээлинин үй-бүлөдөгү балдардын санына тийгизген таасирин изилдеген. Ал илимий эмгектеринде этностордун этникалык тарыхый өнүгүүсү менен этнодемографиялык жүрүмдүн өзгөчөлүктөрүн тыгыз байланышта караган. Ошону менен бирге этносоциалдык факторлорду да көз жаздымда калтырган эмес. Башка эмгектерден айырмаланып Г.А.Бондарская этностун үй-бүлөлүк баалуулуктарына көңүл бурган.

Никелешүүнүн этностук өзгөчөлүктөрү демографиялык адабияттарда аз изилденген. Этнологиялык жана тарыхый эмгектерде ар түрдүү элдердин нике жана үй-бүлөлүк салттары чагылдырылган маалыматтарды табууга болот. СССРдеги этностук аралаш үй-бүлөлөрдүн курамы жана динамикасы демографиялык жаатта А.Г.Волковдун эмгегинде [4. 65] изилденген.

А.А.Сусоколов СССРде этносоциология илиминде Эл каттоолордун жана этносоциологиялык материалдардын негизинде этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдеген алгачкы окумуштуулардан болуп эсептелет. Анын эмгектеринде этностор аралык аралаш никелерди этносоциологиялык жактан изилдөө да [4.132] каралган.

Г.В.Старовойтова илимий эмгегинде [4.128] социологиялык изилдөө методдорунун негизинде, Эл каттоолордун маалыматтарын талдап, архивдик материалдарга таянып Ленинград шаарындагы армян, татар, эстондордун этнодемографиялык түзүмүн, жашоосун, турмуш-тиричилигин изилдеген.

Л.Л.Рыбаковский өзүнүн эмгектеринде [4.119, 4.120, 4.121] СССР элдеринин ортосундагы миграция жана анын теориялык, практикалык маселелерин кеңири караган.

Жалпылап айтканда, совет мезгилиндеги окумуштуулардын эмгектеринде Советтер Союзундагы калктын өсүп-өнүгүү жүрүмдөрү изилденген. Алардын изилдөөлөрүндө калктын табигый кыймылына, миграцияга таасир тийгизген социалдык-экономикалык, маданий жана башка факторлор изилденген. Совет мезгилинде “Улут жана союздук республикалардын элдери” темасы этнодемографиялык изилдөөлөрдүн негизги багытын түзүп, аз сандагы этностордун демографиялык маселелери дээрлик изилденген эмес. Постсоветтик мезгилде полиэтникалык региондордо этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдөө абдан зарыл экендиги бүгүнкү күндүн реалдуулугу.

## 1.2. Постсоветтик мезгилдеги этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдөө

Советтер Союзу таркагандан кийинки мезгилдеги улуттук жана демографиялык маселелердин чыгышы, саясий жана социалдык-экономикалык реформалардын натыйжасындагы этностук миграциялык жүрүмдөрдүн активдешүүсү менен окумуштуулардын калкты изилдөөнүн этнодемографиялык тематикасына кызыгуусу күчөдү. Калктын өзүн-өзү жаратуусунда өзгөчө мүнөздүү багыттар пайда болду.

КМШ өлкөлөрүнүн орус калкынын миграциялык агымы жана башка этностордун эмгек миграциясы сыяктуу маселелер А.И.Гинзбург, Л.В.Остапенко, С.С.Савоскулдун [4.71] изилдөөлөрүндө чагылдырылган. Бул авторлордун жарыкка чыккан коллективдүү эмгегинде Борбордук Азия мамлекеттери боюнча этносоциологиялык материалдардын негизинде орус жана башка славян этносторунун миграция маселелери талданган. А.В.Топилиндин [4.136] эмгегинде КМШ мамлекеттеринин демографиялык мумкүнчүлүктөрүнө, миграциясына, эмгек рыногуна кеңири көңүл бурулган. В.А.Тишков [4.134] этнология менен саясаттын алкагындагы илимий көз караштарын өз эмгегинде жарыялаган. С.Е.Метелев [4.107] учурдагы

ааламдашуу шарттарындагы эл аралык эмгек миграциясына жана Россиядагы легалдуу эмес миграция маселелерине жана алардын калктын курамына тийгизген таасирине токтолгон.

Л.В.Остапенко, Р.А.Старченко, И.А.Субботинанын коллективдүү эмгегинде [4.114] этносоциологиялык материалдардын негизинде Кыргызстанда жашаган орус жаштарынын экономикалык жана маданий, тилдик өзгөчөлүктөрүнө мүнөздөмө берилет. Өзгөчө этностордун ортосундагы мамилелерге, калктын абалына таасир этүүчү маселелерге көңүл бурулган. “Этносоциология и этносоциологи” аттуу макалалар жыйнагынын экинчи бөлүгү – “Демографические и социальные процессы глазами этносоциологов” толугу менен этнодемографиялык маселелерге арналган. “Этносоциология вчера и сегодня” [4.114] макалалар жыйнагынын үчүнчү бөлүгү “Этносоциологические исследования этнодемографии и социально-экономических процессов” деп аталып, толугу менен миграцияга, үй-бүлөгө, диаспоралардын социалдык түзүлүшүн изилдөөгө арналган.

С.С.Савоскул өзүнүн [4.128] фундаменталдык эмгегинде 20 миллиондон ашык орус этносунун мурунку союздук республикалардагы эне тилин, этносаясий багытын, жарандык өзүн-өзү таануусун талдаган. Өзгөчө алардын миграциясын, анын себептерин комплекстүү изилдөөгө аракет жасаган.

Ар түрдүү башка ыктар менен ар түрдүү этностордун этнодемографиялык жүрүмдөрүнө изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Мисалы, Траоре Салиф [11.223] азыркы мезгилдеги Малидеги этностук жүрүмдөрдү изилдеген болсо, Е.А.Волжанина [10.203.] XX–XXI кылымдын башындагы Ямалдагы ненецтердин этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдеген. И.В.Чернышова [10.211] 1989-1999-жылдардагы Удмурд Республикасындагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү талдоого алган. Ал эми Ц.В.Ламаханов [10.207.] 1960-1990-жылдардагы буряттардын этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдеген. Жогорудагы окумуштуулар этнодемографиялык жүрүмдөрдү тарыхый өңүттө изилдешкен. Андан сырткары башка өңүттөн

изилдеген окумуштуулардын да эмгектери бар. А.Н.Паниндин [11.220] докторлук диссертациясында да этнодемографиялык кырдаалга таасир тийгизген географиялык факторлор изилденген. А.Ш.Хашба Азыркы мезгилдеги Абхазиянын этнодемографиялык процесстерин изилдеген [11.221].

***Борбордук Азия мамлекеттериндеги*** этнодемографиялык жүрүмдөр да окумуштуулар тарабынан изилденүүдө. Казакстандын окумуштуулары М.Х.Асылбеков, А.Б.Галиев, В.В.Козина [4.51] советтик жана азыркы учурдагы Казакстандагы социалдык-демографиялык жүрүмдөрдү изилдешкен. Авторлор XX кылымдын 80-жылдардын аягында – 90-жылдардын башында Казакстан КМШ мамлекеттеринин ичинде эң активдүү миграциялык донор мамлекет болгондугун А.Б.Гали, А.Б.Калышов, К.С.Каражанов [4.69] белгилешет. Л.Т.Кожакеева [11.215] XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып XXI кылымдын башындагы түштүк Казакстандын шаарларындагы калктын социалдык-демографиялык өнүгүүсүн талдаган.

Этнодемографиялык жүрүмдөрдү экономикалык нукта изилдеген окумуштуулардын катарында А.К.Комилов [11.216] Тажикстандын мисалында калктын өзүн-өзү жаратуусундагы мүнөздүү багыттарды жана демографиялык коопсуздукту изилдеген. Андан сырткары, жогорудагыдай изилдөөлөрдү Тажикистан Республикасынын мисалында З.С.Исломова [11.217], А.Дж.Хайдаров [11.222], Ф.С.Исломов [11.218] жана Д.И.Ибрагимова [11.219] сыяктуу окумуштуулар жүргүзүшкөн.

***Кыргызстанда эгемендүүлүк жылдарында*** этнодемографиялык жүрүмдөр боюнча саналуу эмгектер жаралды. Алардын ичинен Ж.Жоробековдун эмгегин алгачкылардан деп атап кетүүгө болот. Изилдөөдө Кыргызстандагы эгемендүүлүк жылдарындагы калктын демографиялык курамынын өзгөрүүсүнө негизги көңүл бурулган. Автор кыргыздардын жана башка этностордун демографиялык өнүгүүсүн, алардын демографиялык жүрүм-турумдарынын өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө алган. Ошондой эле,

Ж.Жоробеков [4.75.,10.205]. Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдеген жана анын ичинде Ош облусундагы калктын санынын өсүп жаткандыгын өз эмгегинде баса белгилеген. Кыргызстандын тарыхнаамасында эгемендүүлүктүн жылдарында калктын курамы, анын санынын өсүү жана азаюу көрүнүштөрү, этностор аралык мамилелер жана административдик-аймактык бөлүктөрдөгү этнодемографиялык багыттагы жалпылоочу изилдөөлөр аз.

Кыргызстандын жалпы калкын комплекстүү изилдөөгө А.А.Асанкановдун [4.48., 11.213.], Г.В.Кумсковдун [4.92., 4.93], Г.К.Кронгарддын [4.91], У.Ж.Эргешбаевдин [10.212], Дж.А.Омукееванын [4.111.,10.209.] Ш.Б.Батырбаеванын [10.201], А.Р.Жоошбекованын [4.76., 4.77., 10.204], Б.Бектургановануын [10.202], А.Т.Кушубековдун [10.206], Н.М.Омаровдун [4.110.], А.Б.Элебаеванын [4.142.], С.Ж.Текенованын [4.135] жана Авазбек уулу Расулдун [4.41] эмгектериндеги материалдар, илимий жыйынтыктар жана бүтүмдөр абдан чоң жардам берет.

Кыргыздардын улуттук аң-сезиминин өсүүсүн жана этносоциологиялык изилдөөлөрдүн негизинде айылдагы кыргыз калкынын социалдык-маданий өнүгүүсүн изилдеген профессор А.А.Асанканов [4.48., 11.213] өзүнүн эмгектеринде Кыргызстандын калкынын курамынын өзгөрүүсүн, санынын өсүүсүн этнологиялык, этносоциологиялык методдор менен аныктаган.

Кыргызстандын калкынын миграциясынын, анын санынын динамикасын окуп үйрөнүүдөгү тарыхнаамеде өзүнчө орду бар Г.В.Кумсковдун [4.92., 4.93] эмгектери талдоо материалдарына бай. Ал Кыргыз Республикасындагы калктын миграциялык кыймылынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн изилдеген. Автор тарабынан миграциянын типтери, формалары, мигранттардын курамынын демографиялык параметрлери, ички жана тышкы миграциялык жүрүмдөрдү

мамлекет тарабынан жөнгө салуунун негизги багыттары аныкталып, сунуштамалар берилген.

Кыргызстандык окумуштуу Г.К.Кронгард [4.91] өзүнүн монографиясында XIX кылымдын аягындагы жана XX кылымдын башындагы Кыргызстандын калкын түндүгүндөгү райондордун материалдарында изилдеген. Ал эмгегинде Кыргызстандын аймагындагы көчүү кыймылын изилдеп чыгып, бул жүрүмдүн өлкөнүн калкынын улуттук курамынын калыптанышына тийгизген таасиринен белгилүү болгон илимий бүтүмдөрдү, жыйынтыктарды чыгарган.

Кыргызстандык экономист У.Ж.Эргешбаев [10.212] өзүнүн эмгектеринде орус калкынын эмиграциясын изилдеп, миграциянын натыйжасында орустардын санынын республика боюнча азайгандыгын баса белгилеген. Республиканын ичинде жүргөн миграцияга да токтолуп, ири шаарларга айылдардан көчүп келген мигранттардын маселелерине кайрылган.

Саясат таануучу Дж.А.Омукеева [4.111.,10.209] эмгектеринде кыргыз мамлекетинин улуттук саясатынын маанилүү багыттары жана миграциянын социалдык-саясий өбөлгөлөрү боюнча актуалдуу маселелерин көтөрүп чыккан. Автор Кыргызстандын орус жана орус тилдүү калкынын арасында изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Профессор Ш.Б.Батырбаева [10.,201] Кыргызстандын демографиялык өнүгүүсүн (XX кылымдын 20-50-жылдарындагы) изилдеп, өзүнүн эмгегинде анын изилдөө булактарын жана ыкмаларын кеңири ачып көрсөткөн.

А.Р.Жоошбекованын [4.76., 4.77] алгачкы монографиясында XX кылымдын 80-жылдарынын аягындагы жана 90-жылдардын башындагы Кыргызстандагы орто шаарларында жашаган кыргыздардын социалдык-маданий өнүгүүсү, шаар калкынын демографиялык динамика маселелери изилденген. Анын кийинки эмгегинде [4.76] Кыргызстандын түштүгүндөгү этносоциологиялык изилдөөлөрдүн материалдары боюнча кыргыздардын миграциясынын багыттары, миграциянын түштүк аймагындагы калктын

демографиялык жүрүмдөрүнө тийгизген таасирин аныктаган. Автор азыркы мезгилдеги калктын арасындагы потенциалдуу миграциянын деңгээлин, анын багыттарын, жүйөлөрүн, себептерин этносоциологиялык материалдардын негизинде изилдеген.

Кыргызстандагы калктын ички миграциясы Б.Бектурганова [10.,202] тарабынан этносоциологиялык жактан изилденген. Ал Кыргызстандагы ички миграциялык жүрүмдөрдү изилдеп, этносоциологиялык изилдөөнүн натыйжасында кыргыз калкынын миграциясынын багыттары, калктын этностук жана башка курамдарынын өзгөрүүсү боюнча бир топ материалдар жыйнаган. Б.Бектурганова Кыргызстандын түндүк облустарын гана изилдегендиктен анын материалдарын түштүк облустарындагы ички миграция маселелерин салыштыруу үчүн пайдаланса болот.

Кыргызстандын аймагындагы миграциялык жүрүмдөргө терең талдоо жүргүзүп, миграциянын негизги этаптарын мүнөздөгөн, республиканын коомдук турмушундагы миграциялык жүрүмдөрдүн социалдык-экономикалык жана саясий чөйрөлөргө тийгизген оң жана терс таасирлерин талдаган фундаменталдуу эмгек  саясат таануучу Н.М.Омаровго таандык [4.110].

А.Т.Кушубеков өзүнүн кандидаттык диссертациясында [10.,206] Кыргызстандын калкынын этникалык курамынын XX кылымдагы трансформацияланышын изилдөөгө алган.

Эгемендүүлүк мезгилиндеги этностор аралык мамилелер боюнча А.Б.Элебаева [4.142] А.К. Жусупбеков, Н.А.Омуралиев менен биргеликте Ош жана Өзгөн шаарларындагы 1990-жылдагы этностор аралык конфликттин чыгуу себептерин, жүрүшүн, натыйжаларын  социологиялык метод менен изилдешкен жана анкета боюнча сурамжылоо жүргүзүүнүн материалдарын талдоонун натыйжасында мамлекеттик органдарга бир нече баалуу сунуштарды беришкен. 1990-жылдагы Ош жана Өзгөн шаарларындагы этностор аралык конфликтти изилдөөгө арналган С.Ж.Текенованын [4.135]

монографиясында Кыргызстандагы этностор аралык мамилелер, анын тарыхы жана учурдагы маселелери чагылдырылган. Жаш окумуштуу Авазбек уулу Расул [4.41] Фергана өрөөнүндөгү миграциялык жүрүмдөрдүн мүнөздүү багыттарын жана себептерин, таасирлерин изилдеген.

Кыргызстандын түштүк облустарынын калкынын Октябрь революциясына чейинки жана андан кийин бүгүнкү күнгө чейинки өсүп-өнүгүү маселелерин чагылдырган, аймактагы калктын өсүү динамикасына баа берүү менен бирге калктын жайгашуусу, калктын миграциясы, эмгек ресурстары жана жумушсуздук маселелери кеңири камтылган эмгек Э.К.Алайчиевге таандык [4.47] Анын изилдөөсүндө калктын табигый өсүшүнө оң жана терс таасир этүүчү факторлор (географиялык, экономикалык, саясий, социалдык ж.б.) каралган.

Кыргыз Республикасынын түштүк аймагы, анын ичинде Жалал-Абад облусун, эң башкысы адам ресурстарына бай, табигый ресурстары мол облустардын бири катары белгилеп, облуста атайын жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөлөрдүн негизинде облустагы этнодемографиялык жүрүмдөр – төрөлүү, өлүү, никелешүү, ажырашуу жана калктын миграциясынын маселелери Г.Э.Чыныкеева тарабынан иликтенген [4.140].

Ош облусундагы учурдагы социалдык-демографиялык кырдаалды изилдеген материалдар, ажырашууларга байланыштуу көйгөйлөргө токтолгон илимий макаласында Э.Ж.Сулайманов, Ж.Белеков, А.Акматалиевдин [7.164.,7.165.,7.166.,7.167, 7.168] илимий жыйнактарда жарык көргөн макалаларында камтылган. Аты кийин аталган авторлор XX кылымдын 90-жылдарынын биринчи жарымында Ош облусундагы миграциялык жүрүмдөрдү изилдөөгө алышкан. Ал эми Э.Ж.Сулайманов менен А.Акматалиев менен биргеликте Ош облусундагы Өзгөн районунун этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдеген. Э.Ж.Сулаймановдун мындан тышкары Ош шаарындагы учурдагы шаарлашуу жана үй-бүлө көйгөйлөрүн,

Кыргызстандын түштүк аймактарындагы үй-бүлө жана этномаданий салттарды изилдеген макалалары да бар.

Жогорудагы аталган изилдөөчүлөр учурдагы калктын өнүгүүсүндөгү мүнөздүү багыттарды аныктап, негизинен азыр калктын саны өсүп жаткандыгын белгилешкен. Бирок келечекте миграциянын жүрүшү, калктын миграциялык активдүүлүгү ушул деңгээлде калса, облустун калкы кыскарышы мүмкүн. Жогорудагыларды жалпылап айтканда, этнодемография багытындагы илимий изилдөөлөр Кыргызстанда эми калыптанып жолго түшүп келе жатат.

Жалпысынан алганда, Кыргызстанда калктын этнодемографиялык жүрүмдөрү изилденген эмгектер саналуу гана. Этнология илиминин айлампасына кирген изилдөөлөрдүн материалдары изилденип жаткан Ош облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү мүнөздөгөн шарттарды, калыптанып калган мүнөздүү багыттарды аныктап изилдөөдө чоң методологиялык өбөлгө болуп берди. Жаңы рыноктук экономиканын шартында Кыргызстандын Ош облусунун калкынын этнодемографиялык жүрүмдөрү алиге чейин атайын этнологиялык, анын ичинде этносоциологиялык жактан изилдене элек. Бул изилдөө этнологиялык жана этносоциологиялык методдор менен Ош облусунун калкынын динамикасын этнологиялык жактан караган алгачкы иш болуп эсептелет.

# II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ, ЫКМАЛАРЫ, ОБЪЕКТИСИ, ПРЕДМЕТИ ЖАНА БУЛАКТАРЫ

## 2.1. Калкты изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери жана колдонулган ыкмалар

Дүйнөнүн калкы саны жагынан дайыма өзгөрүп турат. Кээ бир этностор миллиарддап саналса, кээ бирлеринин саны өтө аз. Дүйнөнүн кээ бир этностору башка элдердин арасына сиңип, өзүлөрүнүн этникалык аң-сезимин жоготушту, башка ири кошуна турган этностордун этноними менен аталып калышты. Мындай этникалык жүрүмдөр ушул күндө да жүрүп жатат жана келечекте да жүрө бермекчи. Этнодемография илими эң биринчи иретте дүйнөлүк коомчулукту кызыктырган ушул көйгөйлүү суроого жооп берет. Келечекте ар бир мамлекет жана андагы коомчулук өзүнүн өлкөсүндө адамдардын саны, социалдык-демографиялык курамы кандай болооруна кам көрөт. Демографиялык маселелерди изилдөө теориялык жактан гана эмес, практикалык жактан да маанилүү. Ар бир район, облус, өлкөнүн деңгээлиндеги статистикалык мекемелер ушул маанилүү маселелерди изилдөөгө мүмкүндүк берет. Ар бир мамлекет өзүнүн келечектеги калкынын курамын, эмгектене турган адамдарынын санын билүүсү зарыл. Ар бир коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жараша калктын саны өсүп же кемип турат. К.Маркс “Капиталда” элдин өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктаган. Анын пикири боюнча ар бир өндүрүштүн өзгөчөлүгүнө, коомдун өнүгүшүнө жараша элдин өнүгүү мыйзам ченемдери бар [4.104]. Ошондой эле бир эле өлкөнүн ичиндеги географиялык абалы, социалдык-экономикалык өнүгүүсү, басып өткөн тарыхый жолу да калктын өнүгүшүнө таасир этет.

Кийинки мезгилдерде окумуштуулар тарабынан этностордун өнүгүүсүнүн маселелерине өзгөчө көңүл бурулууда. Учурда илимдин бир топ жаңы багыттары пайда болду, алар: «этнодемография», «этносоциология», «этнопсихология» ж.б. илимдери. Бул илимдердин өнүгүшү этнологиялык

изилдөөлөрдө дисциплиналар аралык методдордун колдонулушун шарттап жатат. Калктын санынын динамикасын жана курамын, социалдык-экономикалык маселелерди изилдөөдө алардын этностук өзгөчөлүгүн ачуу чоң мааниге ээ.

Көпчүлүк демографиялык эмгектерде калк жана калктын жайгашуусу синоним терминдер катары колдонушат. Демография калктын өсүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдейт. Калктын өсүшү – табигый өсүш, миграция, бир социалдык абалдан башка абалга өтүү аркылуу калктын жаңыланып туруусу болуп эсептелет.

***Демографиялык өтүү*** деп – төрөлүү менен өлүмдүн санынын азайып, төмөнкү чекке жеткен жүрүмдү түшүнөбүз. Демографиялык өтүү теориясы кийинки жарым кылымда демография маселелери боюнча дискуссиялардын чордонунда болууда. Бул концепциянын жактоочулары жана каршылаштары да бар.

***Демографиялык өтүү (демографический переход) теориясы*** эки базистен турат: эмпирикалык (калктын статистикасы) жана теориялык (тарыхый, философиялык жана социологиялык концепциялар). Демографиялык өтүү теориясынын өнүгүшүнө социология илиминин классиктери *Макс Вебердин* (1864-1920) жана *Эмиль Дюркгеймдин (*1858-1917) көз караштарынын салымы чоң [5.148, 5.145]. Алар өз эмгектеринде инсандын өзгөчөлүгү “социалдык топко” таасир эткендигин жана жай өзгөрүлгөн салттуу коомдон индивидуализмге негизделген, экономикалык пайдага, рационалдуулукка умтулган динамикалуу азыркы коомго тарыхый өтүү концепцияларынын түрдүү аспектилерин карашкан. Демографиялык өтүү теориясынын жаралышы француз демографы жана саясий ишмери Адольф Ландринин (1874-1956) аты менен байланыштуу. Ал 1909-1934-жылдарда демографиялык жүрүм-турум жөнүндөгү эмгектерин жарыялаган [6.155].

Демографиялык өтүү теориясындагы классификациялык компоненттерди иштеп чыгууга салым кошкон америкалык демограф *Уоррен*

*Томпсон* (1887-1973) болуп эсептелет. Ал 1929-жылы калкынын санынын өсүүсү боюнча мамлекеттерди 3 топко бөлгөн [6.158]:

*Биринчи топко* өлгөндөрдүн саны аз болгон менен төрөлүүлөрдүн аздыгынан демографиялык төмөндөө коркунучу бар мамлекеттер (Батыш Европа) кирген;

*Экинчи топко* төрөлүү да, өлүм да төмөндөгөн, өлүм санынын төмөндөөсү мурда башталган жана ылдамдыкта жүргөндүктөн төрөлүүнүн саны жогору болуп сезилген мамлекеттер (Чыгыш жана Түштүк Европа мамлекеттери) кирет. Бул мамлекеттер мындан 35-70 жыл мурда биринчи топтогу мамлекеттердин абалында турушкан.

*Үчүнчү топко* дүйнөнүн 70-75% калкын камтыган төрөлүү жана өлүм жогору болгон мамлекеттер кирет. Демографиялык өтүү теориясынын классикалык этабына өтүү 1944-1945-жж. башталат [6.158].

Демографиялык өтүүнүн теориялык жоболору:

1. Демографиялык өтүүнүн негизги себеби – *модернизация* (салттуу коомдон азыркы коомго өтүүнү түшүндүргөн тарыхый процесс) болуп эсептелет.
2. Салттуу коомдогу төрөлүүнүн жогорку деңгээли диний, үй-бүлөлүк, тиричилик нормаларынын системасына, үрп-адатка, тыюуларга ылайык аныкталган жана өлүм жогору болгон шартта калктын санын туруктуу кармап туруу үчүн коом тарабынан көзөмөлдөнгөн.
3. Төрөлүүнүн төмөндөшү модернизациянын жүрүшүндө социалдык системанын максаттарынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу болгон. Модернизацияга чейин бул система калктын санын сактап турууга багытталса, эми – индивиддин өнүгүүсү жана анын турмуш-шартын, жашоосун жакшыртууга багытталган. Мурда индивиддин жүрүм-туруму топтун катуу сактаган моралдык жана диний нормалары аркылуу көзөмөлдөнүп турса, эми индивиддин жеке рационалдык тандоосуна жана өз ишмердүүлүгүнүн экономикалык жактан пайдалуулугун

жогорулатуусуна багытталган. Төрөлүүнүн азайышына индивидуализм, урбанизациянын шартында материалдык жана маданий керектөөлөрдүн жогорулашы таасир эткен.

4. Демографиялык өтүү өлүмдүн азайышы менен башталат. Өлүмдүн азаюусу жашоо деңгээлинин жогорулугуна, медицинадагы прогресске, коомдогу санитардык абалдын жакшырышына байланыштуу. Өлүмдүн саны жашоо-турмуш жакшырганда бат эле азаят. Төрөлүүнүн саны коомдогу жөнгө салуучу нормаларга байланыштуу өзгөрөт. Төрөлүүнүн санынын азаюусу өлүмдүн санына караганда кеч өзгөрөт, ал үчүн белгилүү бир убакыт керек.
5. Демографиялык өтүү – дүйнө жүзүн камтыган универсалдуу жүрүм.

Бул тезистердин биринчисин жана бешинчисин көпчүлүк окумуштуулар колдошот. Калган тезистер дале болсо дискуссияларды жаратып келүүдө.

Демографиялык өтүү боюнча теориялык изилдөөлөрдү өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү *“демографиялык секирик”* да шарттады. Бул секириктин негизги себеби – төрөлүүнүн жогорку саны сакталып турган шартта өлүмдүн тез азаюусу болуп эсептелет. Демографиялык секирик Батышты жана өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин бийликтерин тынчсыздандырып жатат. Натыйжада, төрөлүүнүн санын азайтууга багытталган демографиялык саясат жүргүзүлө баштады.

Демографиялык жүрүм-турумдагы рационалдуулук жана иррационалдуулук жөнүндөгү дискуссияны терең түшүнүү үчүн азыркы коомдук илимдерде бири-бири менен атаандашкан адамдын эки модели бар экенин эске алуу зарыл: б*иринчиси* – homo economicus (экономикалык адам). Экономикалык адам ар бир кадамын эсептеп жашайт. (Economicus (человек экономический) [6.158 17-б]. *Экинчиси* – альтернатива катары *homo sociologicus* үчүн негизги бул коомдук мораль, нормалар аркылуу берилген социалдык ролдорду жакшы аткаруу аркылуу экономикалык эффективдүү жашоого эмес, “туура” жашоого багытталган [6.158 6-б.].

Демографиялык теорияда жогорудагы эки моделдин жактоочуларынын ортосунда талаш-тартыш жана алардын синтезине жетишүүгө аракеттер жасалып келе жатат. Демографиялык өтүү теориясынын “классикалык вариантында” *homo sociologicus* негизги ролду ойнойт. Салттуу коомдун адамы жашоосунда каада-салттарга таянат, алар көп балалуу болууга багыттайт. Өлүмдүн азайышы менен коом төрөлүүнүн көбөйүшүнө муктаж эмес, ошондуктан коомдогу басымдуулук кылган нормалар өзгөрүп, адамдын жакшы жашоосу, чыгармачылыгын өнүктүрүүсүнө тоскоолдук жарата турган көп балалуу болууну талап кылбаган нормалардын жаңы системасы иштелип чыгат. Буга карама-каршы көз караштагы «экономикалык империализм» илимий багыты экономикалык теорияны башка коомдук илимдерге таратууну көздөйт. Экономика боюнча Нобель сыйлыгынын лауреаты Г.*Беккердин* эмгегинде үй-бүлө баланы же узакка колдоно турган товарлардын кайсынысын тандоону өзү чечет [6.152,468-б.]. Төрөлүү жүрүмүн талдоодо “балдарга болгон керектөө”, анын пайдалуулук функциясын күчөтүү сыяктуу категорияларды колдонууну сунуштаган [6.152].

Россияда демографиялык сюжеттерге алгачкы көңүл бурган М.В.Ломоносов болгон [4.102]. Ал өзүнүн 1761-жылы жазган “Орус элин сактап калуу жана көбөйтүү жөнүндө” деген И.И.Шуваловго кат түрүндө жазылган эмгегинде негизги демографиялык маселелерди медициналык, биологиялык, социалдык жактан караган. XVIII кылымда орус калкынын өсүшү үчүн жаш бөбөктөрдүн өлүмүн азайтуу, энелердин төрөт шарттарын жакшыртуу, үй-бүлө, нике мамилелерине көңүл буруу керектигин айтуу менен маселелерди чечүүнүн жолдорун да көрсөткөн. Ал дарыгерлердин, ооруканалардын, дары-дармектерди чыгаруунун санын көбөйтүүнү, ымыркайларды муздак сууга салып чокундуруу ырым-жырымдары менен күрөшүүнү, туура тамактанууну, аракечтиктен арылууну сунуштаган.

Этнодемография илим катары XX кылымдын аягынан өнүгө баштады. Ал калктын улуттук курамындагы өзгөрүүлөрдү изилдейт, этностордун

санынын көбөйүүсүн же тескерисинче азаюусун тактайт. Этнодемография ири этностордун ичиндеги этнографиялык топторду аныктайт, негизги демографиялык көрсөткүчтөрдү (төрөлүү, өлүү, никелешүү, ажырашуу, миграция) этностун турмуш-тиричилиги жана маданияты менен байланышты ачып көрсөтөт.

Этнодемографиялык изилдөөлөрдү КМШ мамлекеттеринде жүргүзүүнүн методологиялык багытын алгачкылардан болуп орус совет окумуштуусу В.И.Козлов аныктаган [4.87]. Учурдагы демографиялык жүрүмдү статистикалык жактан утурумдук эсепке алууну уюштуруу, үзгүлтүксүз эл каттоолор, иргеме аркылуу калкты изилдөөлөр калктын демографиялык жүрүмүндөгү мүнөздүү багыттарын аныктоого жана талдоого мүмкүнчүлүк берди.

Демографияга кызыгуу XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында жогорулаган. Бул калк жөнүндө абдан көп статистикалык материалдардын топтолушу жана социалдык-экономикалык, маданий жана этностук жүрүмдөрдүн мамлекеттеги демографиялык абалга тийгизген таасири менен түшүндүрүлөт. XXI кылымдын башынан азыркы мезгилге чейинки изилдөөлөр КМШ өлкөлөрүндөгү демографиялык жагдайдын начарлаганын көрсөттү. Бул мамлекеттерде эмгекке жарамдуу калктын жана балдардын өлүмүнүн көрсөткүчтөрүнүн жогорулугу, төрөлүүнүн төмөндөөсү ага далил боло алат. Кийинки учурдагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, демографиялык маселелерди жаңы деңгээлде карап чыгууга мүмкүнчүлүктөр түзүлүүдө.

С.А.Арутюнов [4.44], Ю.В.Арутюнян [4.45], С.И.Брук [4.60., 4.61], Г.А.Бондарская [4.53], А.Я.Боярский [4.59], Д.И.Валентей [4.63., 4.64], А.Я.Кваша [4.83], П.И.Кушнер [4.95.], Ж.А.Зайончковская [4.80], Л.Л.Рыбаковский [4.119.,4.120.,4.121], В.И.Переведенцев [4.117], Б.Ц.Урланис [4.137], Н.Н.Чебоксаров, И.А.Чебоксарова [4.139], В.А. Борисов [4.58], А.Г.Вишневский [4.66., 4.67], В.Е.Савин [4.123], Г.А.Слесарев [4.129] сыяктуу окумуштуулардын илимий эмгектери демографиянын, этнодемографиянын методологиялык негиздерине, калктын өзүн-өзү жаратуу

маселелерине жана миграциясына арналган. Алсак, Л.Л.Рыбаковскийдин [4.119, 4.120, 4.121] бир топ эмгектери миграцияны аймактык ыкма аркылуу талдоого, демографиялык жүрүм-турумдарды социологиялык изилдөө ыкмаларына, жалпы эле калктын миграциясына жана анын теориялык маселелерине арналган. Ушундай эле багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзгөн автор В.И.Переведенцев болуп эсептелет [4.117]. Ал өзүнүн монографияларын калктын миграциясын изилдөөнүн ыкмаларына жана азыркы мезгилдеги Батыш Сибирь калкынын миграциясына арнаган.

Методологиялык жактан англиялык демографтар тарабынан **"демографиялык өтүү"** (демографический переход) концепциясынын киргизилиши азыркы мезгилдеги демографиялык маселелерди терең талдоодо чоң мааниге ээ. Азыркы учурдагы үй-бүлөнүн жаңы тибинин калыптанышы менен калктын өзүн-өзү жаратуусунун салттуу тиби да өзгөргөн. Ал никелешүүнүн деңгээлинин төмөндөөсү, алгачкы никеге кеч туруу, акырындык менен орто жана аз балалуулукка өтүү, төрөлүүнүн үй-бүлөлүк пландаштырылуусу менен мүнөздөлөт.

В.А.Борисов [4.58], В.М.Медков [4.106] өздөрүнүн эмгектеринде демографиялык категорияларга аныктамаларды беришкен. Ал категориялардын бири "калктын өзүн-өзү жаратуусу" болуп саналат. Мында төрөлүү жана өлүү аркылуу калктын санынын жана түзүмүнүн үзгүлтүксүз өзгөрүүсү менен муундун муунга алмашуусу каралган.

Этнодемографиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн белгилүү окумуштуулардын эмгектери демографиянын, этнодемографиянын методологиялык негиздерине, негизги түшүнүктөрүнө, терминдерине, калктын өзүн-өзү жаратуу маселелерине жана миграциясына арналып, автордун изилдөөсүнүн теориялык-методологиялык базасын кеңейтти.

Биздин изилдөөдө *тарыхыйлуулук* (историзм) принциби колдонулду. Ал принцип Ош облусундагы этнодемографиялык жүрүмдөрдүн тарыхый мезгил аралыгындагы мүнөздүү багыттарын ачып көрсөтүүгө жардам берди. Эл каттоонун жыйынтыктарын талдоо аркылуу этнодемографиялык

өнүгүүнүн таасири бир нече муундун жашоосунун тарыхый узак убакыттын ичинде өзгөрүшүнө алып келээри аныкталды.

Муундардын алмашуусундагы адам баласынын жашоосундагы маанилүү окуялар болуп эсептелген облустун калкынын *төрөлүү, өлүү, никелешүү, ажырашуу* сыяктуу демографиялык жүрүмдөрүн иликтөө – бул изилдөөнүн өзөгүн түзөт. Демографиялык жүрүмдөрдү талдоодо этностук жүрүмдөрдү да эске алуу зарыл. Себеби, элдин санынын динамикасынын бир компоненти катары этностук жүрүмдөр эсептелет.

Этнодемографиялык кырдаал демографиядагы фундаменталдык түшүнүктөрдүн бири. Этнодемографиялык жүрүмдөр белгилүү убакыт ичинде этностордун өнүгүүсүнүн мүнөздүү багыттарын чагылдырат [4.52]. Көп улуттуу мамлекеттердин чегинде ар бир аймактын этнодемографиялык жагдайы эреже катары ар түрдүү болуп, калктын өзүн-өзү жаратуусунун түрдүү типтерине байланыштуу аныкталат.

Ош облусунун калкынын этнодемографиялык өнүгүүсүнүн мүнөздүү багыттарын талдоо, башка региондордун калкы менен окшоштуктарын жана айырмачылыктарын көрсөтүү, аймагы жана мезгили боюнча салыштырууларды жүргүзүү үчүн бул изилдөөдө *салыштырмалуу-тарыхый* ыкма колдонулду.

Изилдөөдө *статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу жана аларды талдоо* ыкмалары колдонулду. Сандык анализ, альтернативалуу статистика жана динамикалык катарды иштеп чыгуу сыяктуу ыкмалар материалдарды талдоодо чоң мааниге ээ болду. Бул иште башка бул сыяктуу изилдөөлөрдөгүдөй эле салыштырмалуу талдоодо салыштырмалуу көрсөткүчтөр колдонулду. Калктын курамын изилдөөдө жана талдоодо эффективдүү инструмент катары атайын демографиялык таблицалар, жыныстык-курактык пирамидалар, диаграммалар түзүлдү. Аларда калктын санынын динамикасы, абсолюттук өсүү, өсүүнүн темпи, жыныстардын катышы, жаш-курагы, үй-бүлөдөгү балдардын саны, никелешүү жана үй-

бүлөлүк, улуттук, тилдик курамы сыяктуу демографиялык көрсөткүчтөр талдоого алынды.

Бул изилдөөдө этнологиялык изилдөөнүн төмөнкү ыкмалары колдонулду:

- анкеталык сурамжылоо;
- сурамжыланган материалдарды талдоо;
- статистикалык маалыматтарды талдоо;
- жергиликтүү тургундар жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун өкүлдөрү менен аңгемелешүү;
- байкоо жүргүзүү - Ош облусундагы талаа изилдөөлөрү;
- массалык маалымат каражаттарынын материалдарын талдоо.

Этносоциологиялык сурамжылоого даярдалган анкетада элүүдөн ашык суроо камтылган. Иргелип алынган изилдөө объектилеринде аларга респонденттерден жооптор стандартташтырылган интервью формасында алынды. Алынган материалдарды топтоштуруу жана иштетүүнүн натыйжасында респонденттердин жынысы, жашы, жашаган жери, иштеген иши, билими, үй-бүлөлүк абалы боюнча бөлүнүп, иреттештирилген изилдөөнүн материалдары Ош облусунун калкынын курамынын өзгөрүүсүн, этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдөөдө негизги булак катары колдонулду. Статистикалык маалыматтарды жыйноо изилдөөнүн программасы түзүлөөрдө эле башталган. Ошол маалыматтардын негизинде изилдөө программасындагы негизги иш-чаралар, алардын этаптары, стационардык изилдөөгө алынуучу калкттуу пункттар тандалган. Жергиликтүү тургундар жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарында иштеген адамдар менен аңгемелешип сурап иликтөө ыкмасы колдонулду. Суроо-жооп иретинде баяндамаларды жүргүзүү ыкмасы да изилдөөнү жүргүзүүдө зор көмөкчү болду.

Диссертацияда тандалып алынган методология жана ыктар Ош облусунун калкынын этнодемографиялык жүрүмдөрүн комплекстүү изилдөөгө мүмкүндүк берди.

## 2.2. Изилдөөнүн обьектиси, предмети жана булактары

Бул илимий изилдөөнүн **обьектиси** Ош облусунун калкы болуп эсептелет.

Ош облусу − Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы маданий, экономикалык борбор жана калкынын саны боюнча жыш жайгашкан облус болуп эсептелет. Ош облусунун тарыхы өзүнө көптөгөн жүз жылдыктарды камтыйт. Байыркы жана орто кылымдарда Улуу жибек жолу өтүп, Орто Азияда жайгашкан калктын негизги соода-сатык мамилелери жүрүүчү аймак катары белгилүү [7.164]. Облустун орду Фергана өрөөнүнүн Кокон хандыгында маанилүү аймакты ээлеп, анда жашаган кыргыздар хандыктын саясий башкаруусуна түздөн-түз катышкан. Ал башка аймактардан айырмаланып, байыркы маданият борборлорунун бири болуп саналып келген. Бул аймактын калкынын калыптанышына Фергана өрөөнүндөгү жанаша өнүккөн дыйканчылык жана мал чарбачылык таасир тийгизген, [4.105,12-б], себеби бул аймакта байыртадан эле отурукташкан жана көчмөн элдердин маданияты жанаша жашап, алардын бири - бирин толуктап туруучу айкалышуусунун негизи калыптанган. Бул айкалышуунун салттары бүгүнкү күнгө чейин сакталып, өнүгүп келе жатат.

Ош облусунун тарыхында Ош шаарын өзгөчө белгилеп кетүүгө болот. Анткени Ош шаары эң байыркы шаарлардын бири болгон [4.105, 25-б.].

Археологиялык изилдөөлөр боюнча бул жерге адамдар биздин эрага чейинки II миң жылдыкта эле отурукташкандыгын далилдеген. Ири шаар катары жазма даректерде IX-X кылымдарда айтылат. Ошол учурда Ош шаары чоңдугу боюнча Ферганадагы үчүнчү шаар болгон. Ушул шаар аркылуу Орто Азиядан Кытай менен Индияга соода жолу өткөн. Ош шаары байыркы доорлордо Улуу Жибек жолундагы кербендер токтоп, дем алып кетүүчү маанилүү борборго айланган. Анын так ортосунда азыркы Сулайман-Тоо (мурдагы аты «Бара Кух» деген маалыматтар бар) жайгашкан. Анын узундугу 3 км, ал эми туурасы 1,5 – 2 км болуп, деңиз деңгээлинен 1176 метр бийиктикте жайгашкан [4.105. 48-б]. Байыркы жана орто

кылымдарда Ош Чыгыш жана Батыш өлкөлөрүн байланыштырып турган Улуу Жибек жолунун эң маанилүү түйүндөрүнүн бири болгон. Оштун аймагында жана анын чет жакаларында биринчи адамдардын конушу мындан үч миң жыл мурда болгон [4.105, 39-б.]. Сулайман-Тоосу экинчи Мекке деген атка конуп, Борбордук Азиядагы мусулмандар сыйынуучу жайга айланган. Айрыкча майрам күндөрү элдердин баары Сулайман-Тоосуна чыгып, Бабурдун үжүрөсүнө кирип, өздөрүнүн ата-бабаларын эскеришет. Таланттуу илимпоз жана мыкты акын Султан Захиреддин Мухаммад Бабур (1483-1530-жж.) "Бабур-наме" аттуу баалуу тарыхый китебинде Ош шаарынын жана анын айланасынын берекелүү жаратылыштык-географиялык шарттары сүрөттөлгөн. Анын тоого курдурган үжүрөсү "Бабурдун үйү" деп аталып, туристтер жана зыяратчылардын кызыгуусун жараткан жер болуп калды [4.105., 22-б].

XX кылымда Ош шаары Кыргызстандын түштүгүнүн маданий жана өнөр жай борборуна айланды. Өлкөнү социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү, башкарууну жакшыртуу максатында кийинки мезгилде административдик-аймактык түзүлүштү оптималдаштырууда маанилүү иштер жасалды.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Ош облусунун аймагы Түркстан АССРине кирип, анын аймагында көп улуттуу калк жашаган. 1924-жылы Кара-Кыргыз автономиялык облусу түзүлүп, анын курамына Ош округу да кирген. Бирок мындай административдик бөлүштүрүүлөр, жер-жерлердеги улуттук өзгөчөлүктөргө, экономикалык өнүгүүнүн талаптарына ылайыктуу келбегендигине байланыштуу, кайрадан аймактарга бөлүштүрүү зарылдыгы келип чыккан. Бул маселе боюнча атайын комиссия түзүлүп, ага облустун чек арасын белгилөө, улуттук, экономикалык, географиялык, тарыхый жана башка өзгөчөлүктөрдү эске алып, ички административдик бөлүштүрүүгө даярдык көрүү милдети жүктөлгөн [4.112].

1938-жылы Ош округунан, Жалал-Абад округу бөлүнүп чыккан. Бир жылдан соң округдар облустарга айландырылган. Башкаруунун облустук

системасынын түзүлүшү Кыргызстандын мамлекеттик экономикалык, маданий өнүгүшүндө ири кадам болуп саналган.

Алгачкы жолу Ош облусу СССР Жогорку Советинин Президиумунун чечиминин негизинде 1939-жылдын 27-ноябрында түзүлгөн. Андай кийин, 1959-жылы 27-январда Жалал-Абад облусу кошулуп кайрадан Ош облусу түзүлгөн [3.23, 227-б].

1989-жылдын январь айына карата Кыргызстандын түштүк аймагы 77,8 миң чарчы километрди түзүп, анда 10 шаар, алардын ичинен 8 – облустук, 2 – райондук башкарууда болгон. Мындан тышкары 14 шаар тибиндеги кыштак катталган. Аймак 17 айылдык райондорго бөлүнүп, анда 165 айылдык кеңештер иш жүргүзгөн [6.168].

Ош облусунда 1989-жылдан 1999-жылга чейин төмөнкүдөй административдик-аймактык өзгөрүүлөр болуп өттү: 1990-жылдын 14-декабрында Өкмөттүн №263-XII “Кыргыз ССРинде облусттардын бөлүнүшүнүн жакшыртылышы жана жаңы областардын түзүлүшү жөнүндө” Токтомунун негизинде Ош облусунан Жалал-Абад облусу бөлүнүп чыгарылган, анын курамына Ала-Бука, Базар-Коргон, Жаңы-Жол, Ленин, Сузак, Тогуз-Торо, Токтогул, Чаткал райондору; Жалал-Абад, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр шаарлары кирип, борбору – Жалал-Абад шаары эсептелет. Ошентип, Жалал-Абад облусуна 32,4 чарчы километр аянт бөлүнгөн. 1992-жылдын 27-февралындагы Өкмөттүн №764-XII Токтомунун негизинде Ош облусунда жаңы Чоң-Алай району түзүлгөн. Анын курамына Жекенди, Кашка-Суу Чоң-Алай айыл кеңештери берилген. Ал эми ошол эле жылдын 6-мартындагы №826-XII Токтомунун негизинде Ош облусунун Совет району Кара-Кулжа району болуп өзгөртүлгөн [3.23., 232-б].

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылы 13-октябрындагы №110 Токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Баткен облусун түзүүгө байланыштуу Ош облусунан анын курамына Баткен, Кадамжай, Лейлек, райондорун жана Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларын чек аралары менен өткөрүп берилген. Жаңы түзүлгөн Баткен облусунун аймагы 17 миң 48

чарчы км. түзөт. Облустун борбору катары Баткен шаары тандалган [3.23, 232-б].

Ош шаары Кыргыз Республикасынын саясий-административдик жана тарыхый-маданий экинчи борбору болуп саналат. Ош шаарында Президенттин Түштүк резиденциясы жана Кыргыз Республикасынын айрым Борбордук мамлекеттик органдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылы 11-июндагы № 97 Токтомуна ылайык орун алган [3.38.10-б].

Административдик жактан Ош шаарына 11 айыл жана Жапалак айыл округу да кирет. Ош шаары Фергана өрөөнүн түштүк-чыгыш тарабында Ак-Буура дарыясынын эки жээгинде жайгашкан. Дарыянын туурасы шаар ичинде 100-200 метрге чейин жетип, бир нечеге бөлүнүп аккан жерлери да бар [3.14. 5-б]. Кыргызстанда Ош облусу социалдык-экономикалык, саясий абалы боюнча маанилүү орунду ээлейт. 2000-жылдын октябрь айында Ош шаарынын 3000 жылдыгы белгиленди [3.14, 2-б].

Ош шаарынын статусу облустук административдик бирдигинин статусуна барабар болуп жана Ош шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча мамлекеттик өкүлчүлүгүнүн органы болуу менен, ал борбордук мамлекеттик органга баш ийет. Кыргыз республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 4-октябрындагы № 173 Токтомунун негизинде Ош шаарынын административдик-аймактык чек арасын белгилөө жөнүндө Кара-Суу районунан 3 670 гектар жер Ош шаарына берилген. Бул жерлерде кыргыздар жашаган айылдар болгон. Кара-Суу районуна карап келген Нариман, Папан, Төлөйкөн, Кызыл-Кыштак айыл округдарынын жерлери шаарга кошулду. Шаардын мурдагы аянты 145 чарчы километр болсо, азыр ал 182 чарчы километрге чейин кеңейди [8.178]. Ош облусунун калкынын өсүүсүнө, өзгөрүүсүнө ар түрдүү жылдардагы административдик-территориялык реформалар жана көптөгөн башка социалдык, экономикалык, маданий факторлор да таасир этет.

Ош облусунда этносоциологиялык изилдөө үчүн иргеп алуу ыкмасынын натыйжасында Ош шаары, Кара-Суу районунун борбору Кара-

Суу шаары жана Жоош айыл аймагынын борбору Большевик айылы тандалып алынды. Ош облусунда учурда **1368,1 миң** адам жашайт, анын ичинен 67,3 % кыргыздар, 29,3 % өзбектер жана 1,1 % уйгурлар менен түрктөр болуп саналат [3.22, 19-б.].

Изилдөөнүн стационардуу пункту катары алынган Ош шаарында 2020-жылы 322 миң 164 адам жашайт, алардын 50,9% кыргыздар, 42,8% өзбектер, түрктөр 1,8%, орустар 1,3% түзөт [3.22, 19-б]. Ош шаарынын социалдык-маданий мекемелери: маданият үйү - 1, библиотекалар - 12, музейлер - 3, театрлар - 3, филармония - 1, музыкалык жана көркөм мектептер - 3, эс алуу паркы - 2, тарыхый жана маданий эстеликтер - 101, мечиттер -79, медресе -3, чиркөө - 1, мектептер - 81: анын ичинен мамлекеттик - 55, менчик 26; бала бакча - 75 мамлекеттик - 43, менчик - 32, кесиптик техникалык мекеме - 3, орто окуу жайлар - 5, жогорку окуу жайлар - 5, оорукана - 1(2 филалы), үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору-1(11 филалы) бар **[**http://www.oshcity.kg/index.php/kg/2015-02-28-11-16-35/zhalpy-maalymat**].**

Кара-Суу районунда 440,4 миң адам жашап, алардын 54,3 % кыргыздар, 38,5 % өзбектер [3.22, 19-б]. Кара-Суу 1965-жылы шаар статусун алган. Шаардын аймагы 38,7 чарчы км., калктын жыштуулугу боюнча 1 чарчы км. 537 (700) адам туура келет. 2020-жылы Кара-Суу шаарынын калкы 26,1 миң адамды түздү. Шаардагы кыргыздар 31%ды, өзбектер 62,%ды, орустар 1,%ды, уйгурлар 1,7%ды, тажиктер 1,5%ды түзүшөт [3.22, 56-б.]. Шаарда 3 бала бакча, 10 мектеп, 1 гимназия - интернат, 1 музыкалык мектеп бар.

Этносоциологиялык изилдөө өткөрүү үчүн Жоош айыл аймагынын борбору Большевик айылы алынган. Жоош айыл өкмөтүндө 2020-жылы 29,7 миң адам жашайт, алардын 88,6%ын кыргыздар, 8,8%ын өзбектер, 0,1%ын тажиктер түзөт. Жоош айыл өкмөтүнүн социалдык-маданий мекемелери: бала бакча - 9, мектептердин саны - 81, анын ичинен мамлекеттик - 13, кесиптик техникалык мекемелер - 1, ооруканалар - 2, фельдшердик-акушердик пункттар - 1, библиотека - 1, музей - 1. Большевик айылы

райондун борборунан 8 км түштүк тарапта жайгашкан. Калкынын саны – 4452 адам. Анын ичинен эркектер - 2260, аялдар – 676 адам. 1 орто мектеп, 1 бала бакча, 1 үй-бүлолүк медицина борбору, 1 маданият үйү, 1 китепкана бар [Жоош айыл аймагынын материалдары]. Жогоруда иргелген айыл, шаарлар изилденип жаткан облустун калктуу пункттарын жалпысынан мүнөздөйт. Тандап алууда алардын калкынын санына, этникалык курамына негизги көңүл бурулду.

**Изилдөөнүн предмети болуп учурдагы** Ош облусунун социалдык-экономикалык маселелери, калкынын курамындагы социалдык-демографиялык өзгөрүүлөр, элдин табигый өсүшү, миграциясы, этностук курамы, үй-бүлөсү, жыныстык жана жаш курактарындагы өзгөрүүлөрдүн динамикасы болуп саналат.

**Изилдөөнүн булактары.** Изилдөөнүн негизги булагы болуп Ош облусунда жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөнүн материалдары эсептелет. Этносоциологиялык изилдөө Ош облусунда 2009-жылы жүргүзүлдү жана “Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жана миграциялык жүрүмдөр” деп аталган чоң изилдөө долбоорунун бир бөлүгү болуп саналат (жетекчиси т.и.д., профессор А.А. Асанканов).

Бул изилдөөдө стационардуу пункттарды тандап алуу көп тепкичтүү, стратификацияланган жана өкүлчүлүк принциптеринде түзүлдү. Тандап алууда негизги көңүл калктын санына, этностук курамына бурулду. Ал пункттар облустун башка шаарлары жана райондору сыяктуу эле административдик, маданий жана экономикалык борборлор болуп саналат.

Этносоциологиялык изилдөөнүн программасы боюнча жалпысынан облус боюнча 585 адам сурамжыланды. Анын ичинен шаарда 187 адам, айылда 288 адамга анкета таратылды. Жалпы облус боюнча респонденттердин 285 эркек жана 327 аял болду, башкача айтканда изилдөөго катышкандардын 44,2 %ын эркектер жана 55% ын аялдар түздү. Жаш курагы боюнча 16 жаштан 60 жана андан жогору жаштагылар суралды. 16-20 жаштагы 124 (21%) адам, анын 50 эркек жана 74 аял суралды, 21-25

жаштагы суралгандар анын көпчүлүгүн түзүп, баары 131 (22,3 %) адам, анын 66 аял жана 65 эркек болду. 26-29 жаштагы суралгандар баары 84 (14,4 %) адам суралды, тактап айтканда, 37 эркек жана 55 аял. Ал эми 40-49 жаштагы суралгандардын баары 89 (15,3 %) анын 38 эркек, 51 аял болду. Үй-бүлөлүк абалы боюнча, алсак, анын ичинде үй-бүлөлүүлөр (51,6 %) көпчүлүктү түздү, 135 үй-бүлөлүү эркек жана 104 үй-бүлөлүү аял суралды. Суралгандардын билими боюнча жогорку билимдүүлөрдүн 103 эркек, 108 аял болду, башкача айтканда, суралгандардын 36,07 %ы жогорку билимдүү болду. Ал эми бүтпөгөн жогорку билимдүүлөрдөн 33 эркек жана 65 аял суралып, жалпы 98 адам (16,8 %).

Ош шаары боюнча 86 эркек (44,88%) жана 110 аял (56,2 %) жалпы 196 адам суралды. 16-20 жаш курактагылар 38 адам (19,4 %), 21-25 жаштагылардан 61 адам (31,2 %), 26-29 жаштагылардан 27 адам (13,8 %), 30-39 жаштагылардан 30 адам (15,4 %), 40-49 жаштагылардан 28 адам (14,3 %), 50-59 жаштагылардан 8 адам (4,08 %) жана 60 жаштан жогорулардан 4 адам (2,04 %) сурамжыланды. Шаар боюнча 91 турмуш курбагандар (46,5 %), 89 үй-бүлөлүүлөр (45,5%) жана 11 ажырашкандар (5,7 %) суралды. Билими боюнча 81 жогорку билимдүү (41,4 %), 58 бүтпөгөн жогорку билимдүү (29,6 %), 21 атайын орто билимдүү (10,8 %), 32 орто билимдүү (16%) жана 4 бүтпөгөн орто билимдүүлөрдөн (2 %) анкетага жооптор алынды.

Кара-Суу шаары боюнча 42 эркек (41,6%) жана 59 аял (58,5 %) жалпы 101 адам суралды. 16-20 жаш курактагылар 27 адам (26,8), 21-25 жаштагылардагылар 15 эркек (35,8 %) жана 10 аял (40,%) жалпы 25 адамды түздү. 26-29 жаштагылардан 17 адам (16,9 %), 30-39 жаштагылардан 13 адам (12,9 %), 40-49 жаштагылардан 9 адам (9 %), 50-59 жаштагылардан 9 адам (9%) суралды. Шаардагы 42 турмуш курбагандар (41,6 %), 57 үй-бүлөлүүлөр (56,5 %) анкетага жооп беришти. Билими боюнча 18 жогорку билимдүү (17,9 %), 9 бүтпөгөн жогорку билимдүү (9 %), 12 атайын орто билимдүү (12 %), 53 орто билимдүү (52,5 %) жана 9 бүтпөгөн орто билимдүү (9 %) респонденттерден стандартташтырылган интервью алынды.

Большевик айылы боюнча 72 эркек (47,4 %) жана 80 аял (52,7 %) суралды. 16-20 жаш курактагылар 32 адам (21,05 %), 21-25 жаштагылардан 36 адам (23,7 %), 26-29 жаштагылардан 25 адам (16,5 %), 30-39 жаштагылардан 18 адам (11,9 %), 40-49 жаштагылардан 22 адам (14,5 %), 50-59 жаштагылардан 15 адам (10 %) жана 60 жаштан жогорулардан 4 адам (2,7 %) анкеталык суроолорго жооп бериште. Айыл боюнча 52 турмуш курбагандар (34,3 %), 78 үй-бүлөлүүлөр (51,4 %), 17 ажырашкандар (11,2 %) жана 5 жесир (3,3 %) изилдөөгө тартылган. Билими боюнча 39 жогорку билимдүү (25,7 %), 21 бүтпөгөн жогорку билимдүү (13,9 %), 24 атайын орто билимдүү (15,8 %), 46 орто билимдүү (30,3 %) жана 22 бүтпөгөн орто билимдүү (14,5 %) респонденттер анкетага жооп беришкен. Ошентип, анкеталык сурамжылоого алынган респонденттердин социалдык курамы коомдогу социалдык түзүмдү камтыйт жана ага шайкеш келет.

Изилдөөнүн дагы бир маанилүү булагы катары Эл каттоонун материалдары каралды. Эл каттоо – өзгөчө татаал, эмгекти көп талап кылган жана андагы алынган маалыматтары кымбатка турган иш. Ошого карабастан мүнөздөлгөн иш чаралар өтө татаал шарттарда ишке ашырылып, калктын эсеп-кысабын алуу жакшы жолго коюлгандыктан, алынган маалыматтарды салыштыруу, үйрөнүү, талдоо, социалдык жүрүмдөрдү прогноздоо натыйжалуу жыйынтыктарды чыгарууга көмөктөшөт. Эл каттоолор чоң илимий практикалык мааниге ээ болуп, ар кайсы мезгилдерде өлкөнүн экономикалык жана социалдык өсүп-өнүгүүсүнө жардам берген.

Кыргыз Республикасынын эгемендүү шартындагы Биринчи Улуттук Эл каттоосу 1999-жылы 24-мартта өткөрүлгөн. Улуттук Эл каттоонун өзгөчөлүктөрү: эл каттоонун материалдарын тыкандык менен иштеп чыгуу, калктын саны жөнүндө тиешелүү маалыматтарды алуу, этностук курамы, шаарларда жана айылдарда жайгашуусу, тилдик курамы, элдин курактык, жыныстык курамынын так, анык маалыматтарына ээ болуу, улуттун никелик абалы, балдарынын саны, билим деңгээли, кесиби, социалдык-экономикалык абалы, турак-жай шарттары жана башка көрсөткүчтөргө ээ болуудан турган.

Булардын баары статистикалык технологиянын өркүндөшү жана компьютерлештирүүнүн натыйжасында ишке ашты. Биринчи Улуттук Эл каттоонун маалыматтары жалпы элдик, мамлекеттик маанидеги иш чараларда биринчи жолу Эл каттоонун негизги принциптери сакталгандыгын көрсөттү: биринчиден, Эл каттоо кандай гана шартта, же себептерде өтүшүнө карабастан ар бир адамды эсепке алгандыгы, бүтүндөй республиканын аймагын камтыгандыгы менен айырмаланган. Экинчиден, Эл каттоо республикада орчундуу социалдык-экономикалык абалга карабастан, дүйнөлүк коом кабыл алган он жылдык мөөнөттүн аралыгында өткөрүлдү. Үчүнчүдөн, маалыматтар элдин кошумча документтерди көрсөтүүсүз так алынды. Төртүнчүдөн, бүткүл элдик каттоону өткөрүү Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан борборлоштурулган абалда иш жүзүнө ашырылды.

2009-жылдагы Улуттук Эл каттоо буга чейинки болуп өткөн эл каттоолордон төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган. Сурамжылоо, негизинен, үч формадан турган. Биринчи формада “Каттоо барагы – жашоочулардын тизмеси” берилсе, экинчи форма “Каттоо барагы – эл” деген аталыш менен, ал 18 суроодон туруп, суроолор эл каттоонун кеңири чагылдырууга түрткү берет, ал эми үчүнчү формада Кыргызстандын тарыхында алгачкы жолу турак-жай фонду катталууда жана “Каттоо барагы – турак-жай фонду” деп аталуу менен 13 суроону өз ичине камтып, турак-жайдын тиби, кабаттуулугу, курулган мезгили, жер титирөөгө туруктуулугу, курулуштун ээлеген орду, ыңгайлуулугу, аянтынын өлчөмү, бөлмөлөрдүн саны жана башкалар камтылган. Алгач эл каттоону жүргүзүүгө көмөктөшүүчү эсепчилер, инструкторлор жана ар бир аймактагы жооптуулар ар түрдүү мөөнөттө (жумушуна жараша) окутулуп (семинар, тренинг ж.б. сыяктуу ыкмаларды колдонуу менен), даярдыктан өткөрүлгөн. Ошону менен бирге алар кайсы эл каттоолордо, кайсы гана тармактарда эмгектенбесин, сөзсүз түрдө жогорку же орто окуу жайын бүткөндүгү менен шартталган. Үчүнчү форма “Каттоо барагы – турак-жай фонду”, негизинен азыркы

мезгилдеги Кыргызстандагы калктын жашоо деңгээлин ачык көрсөтүү менен социалдык деңгээлин чагылдырат жана мамлекет тарабынан калкка кандай жардам керектиги аныкталат. Азыркы мезгилдеги компьютердик технологиянын жетишкендиктери бул эл каттоонун жүрүшүнө оң таасирин тийгизүү менен бирге маалыматтарды тез алууга, аймактар аралык талдоону жүргүзүүгө жана аларга баа берүүгө көмөктөшөт.

Изилдөөнүн дагы бир булагы болуп – “Кыргызстандын чөлкөмдөрү”деп аталган жыйнак болуп саналат. Мында облустагы калктын саны, аймактагы жайгашуусу боюнча толук маалыматтар райондор, шаарлар, айылдык округдар жана айылдык калктуу пункттар менен көрсөтүлгөн. Облус боюнча калктын жыныстык-курактык жана улуттук курамы, тилдерди билүүсү, билим деңгээли, нике абалы, аялдардын төрөө мүмкүнчүлүктөрү, киреше булактары ж.б. маалыматтарда бар.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин “Кыргыз Республикасынын демографиялык жылнаамасы” деп аталган статистикалык жыйнактын 1990-жылдан 2020-жылга чейин жарыяланган жана сайттагы электрондук варианттагы маалыматтары изилдөөгө алынды. Ошондой эле, “Область цифраларда”, “Кыргызстан цифраларда”, “Кыргызстандын аялдары жана эркектери”, “Кыргыз Республикасынын калкынын тилдерди билүүсү боюнча бөлүштүрүлүшү”, “Кыргыз Республикасынын калкынын жыныстык-курактык курамы”, “Кыргыз Республикасынын миграциясы” сыяктуу статистикалык жыйнактар пайдаланылды. 1989-2009-жылдардагы Ош облустук статистика комитетинин утурумдук эсепке алуу материалдары, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматтык-аналитикалык материалдары, Кыргыз Республикасынын калкты жумуш менен камсыз кылуу жана миграция боюнча Мамлекеттик комитетинин материалдары маанилүү маалыматтарды бере алды.

Аралаш никелер этностор аралык мамилелелердин, карым-катнаштын мүнөзүн чагылдырат. Аралаш никелердин интенсивдүүлүгү этностордун

санынан, алардын географиялык жайгашуусунан жана этностордун маданиятындагы жакындыктардан көз каранды. Облустагы аралаш никелер көп катталган район Араван району болгондуктан изилдөө үчүн ушул райондун маалыматтары талданды. Бул райондо кыргыз жана өзбек улутундагы жарандар кошуна, аралаш жайгашып жашаганы да башка райондордон айырмаланат. Башка райондордо (Кара-Суу, Ноокат) бул эки этностун өкүлдөрү компакттуу түрдө бири биринен бөлүнүп жайгашкан.

Изилдөөчү Араван районунун Жарандык абалдын актыларын каттоо мекемесинин материалдарын жыйноодо кызматкерлер менен маектешүү да жүргүздү. Маектешүү учурунда аймакта аралаш үй-бүлөлөр жөнүндө кызыктуу маалыматтар чогултулду. Алардын билдирүүлөрү боюнча райондогу этностор аралык никелешүүлөрдүн, аралаш үй-бүлолөрдүн саны Чек-Абад, Тепе-Коргон, Нурабад айыл аймактарында көп кездешээри билинди. Бул маалыматтар статистикалык жана эл каттоонун материалдары менен да тастыкталды.

Калктын табигый, механикалык кыймылын, анын өзүн-өзү жаратуусун ар тараптан изилдөөгө эң биринчи иретте этносоциологиялык сурамжылоонун, түрдүү мамлекеттик статистикалык бай жана так материалдардан тышкары массалык *маалымат каражаттарынын материалдары* жана анын ичинде *интернет-ресурстар* көмөк көрсөттү. Жогоруда колдонулган булактар облустагы этнодемографиялык жүрүмдөрдү комплекстүү изилдөөгө жардам берди.

Мындан сырткары диссертант 10 жылга жакын убакыттын ичинде изилдеген аймакта жашап, эмгектенип, ар дайым элдин ичинде болуп, алардын арасында байкоо жүргүзүп келди. Этносоциологиялык изилдөөнүн материалдары диссертанттын талаа изилдөөлөрү менен толукталды.

# III БАП. ОШ ОБЛУСУНУН КАЛКЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНҮН НЕГИЗГИ ШАРТТАРЫ

## 3.1. Азыркы учурдагы Ош облусунун аймагы жана экономикалык өнүгүүсү

Учурда Ош облусу Кыргызстандагы ири административдик-аймактык бирдик болуп, Кыргыз Республикасынын түштүгүндө жайгашкан. Түндүгүнөн Жалал-Абад облусу, батышынан Баткен облусу, түштүгүнөн Тажик Республикасы, чыгышынан Нарын облусу жана Кытай Эл Республикасы менен чектешет. Облустун аймагы 7 административдик райондордон турат. Алар: Алай, Араван, Кара-Кулжа, Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат, Чоң-Алай райондору. Мындан сырткары облуста 4 шаар (анын ичинде Ош шаары республиканын Кара-Суу, Өзгөн жана Ноокат шаарлары райондун карамагында), 2 шаарча, 81 айыл округу, 467 калктуу пункттар бар [3.38,12-б].

Төмөндөгү таблица Ош облусунун административдик-аймактык бөлүштүрүлүшүн көрсөтүп турат.

**Таблица 3.1. Ош облусунун административдик-аймактык бөлүштүрүлүшү (24-март, 2009-жылга карата) [3.38., 12-б].**

| | **Административдик аймактык бөлүктөрдүн саны** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Аянты, чарчы км.** | **Шаарлар** | | **Шаарчалар** | **Айылдык кеңештер** | **Айылдык калктуу пункттар** |
| | | **Баары** | **Анын ичинде республикага, районго караштуулар** | | | |
| Ош облусу | 28934 | 3 | 3 | 2 | 86 | 474 |
| Ош шаары | 18025 | 1 | 1 | | 11 | |
| Кара-Суу району | 3616 | 1 | 1 | | 16 | 122 |
| Кара-Суу шаары | 38,7 | | | | | |
| Өзгөн району | 3308 | 1 | | | 19 | 99 |
| Өзгөн шаары | 9,2 | | 1 | | | |
| Алай району | 6821 | | | 1 | 13 | 61 |
| Кара-Кулжа району | 5813 | | | | 12 | 49 |
| Араван району | 1340 | | | | 8 | 48 |
| Ноокат району | 3179 | 1 | | 1 | 15 | 74 |
| Ноокат шаары | 3,58 | | 1 | | | |

Азыркы мезгилде да жогорудагы таблицадагы көрсөткүчтөр административдик-аймактык бөлүштүрүүдө орун алган.

2009-жылы өткөрүлгөн Эл каттоонун жыйынтыгы боюнча 1104,2 миң адам облуста туруктуу калк болуп, шаарларда 87,8 миң адам, айылдарда 1016,4 миң адам жашаган. Ош облусунун калкынын 92%ы айылдык, 8%ы шаардык калк болуп эсептелет. Ош шаары 2003-жылдан республикалык маанидеги шаар деген статус менен өзүнчө административдик-аймактык бирдик катары бөлүнгөн. Ош облусунун калкы Кыргыз Республикасынын жалпы калкынын 21,6 %ын түздү [3.38.,13-б]. Ош облусунда 2020-жылы **1 368,1 миң** адам жашайт [3.22, 19-б.].

Ош облусунун административдик аймагында 2009-жылы өткөрүлгөн Эл каттоодо республикалык маанидеги Ош шаары, мындан сырткары Ноокат, Кара-Суу, Өзгөн шаарлары жайгашкан. Кара-Суу шаары (мурдагы аты Дөлөнчөк) - Ош облусундагы Кара-Суу районунун борбору. Кара-Суу 1965-жылы шаар статусун алган. 2020-жылы Кара-Суу шаарынын калкы 26,1 миң адамды түздү. Шаардагы кыргыздар – 31%ды, өзбектер 62,%ды, орустар 1,%ды, уйгурлар 1,7%ды, тажиктер 1,5%ды түзүшөт [3.20].

Шаарда К.Жакыпов атындагы интернат-лицей жана Манас, Ленин, Бабур атындагы кыргыз, орус, өзбек тилинде окутуучу мектептер, 1 музыкалык мектеп иштейт. Жоомарт Бөкөнбаев атындагы парк, Ала-Тоо кинотеатры эс алуучу жай катары шаардыктарды, айыл тургундарын тейлейт. Шаардын чыгыш тарабында белгилүү Кара-Суу базары жайгашкан.

Өзгөн шаары – байыркы шаарлардын бири. Б.з.ч. II-I кылымдарда Кыргызстандын аймагындагы алгачкы отурукташкан калкы бар жерде шаар өсүп чыккан. Өзгөн шаары тууралуу алгачкы маалыматтар IX-X кылымдарда араб, фарсы тилдеринде жазылган даректерден белгилүү [4.42]. Ошол мезгилде ал чоңдугу боюнча Фергана өрөөнүндөгү төртүнчү (Аксыкент, Куба, Оштон кийинки) калаа болгон. X кылымдын 30-жылдарында Өзгөндө кол өнөрчүлүк, соода өнүккөн; алгачкы тыйын акчалар чыгарылган. XI кылымдын 2-жарымынан XIII кылымга чейин Караханийлер мамлекетиндеги

Фергана дубанынын борбору болгон. X-XII кылымдарда шаардын аянты 12-15 км$^2$ге жеткен. Моңгол жапырыгына чейин Өзгөндөн көптөгөн окумуштуулар чыккан. Аксак Темирдин тушунда бул шаар баштагыдай эле соода жана саясий борбор боюнча кала берген. Кийин ири саясий жана акимдик борбор катары маанисин жогото баштаган [4.42]. Орто кылымдардын акырында шаардын аймагы бир кыйла кичирейип, чакан шаарга айланган. XIX кылымдын башында Кокон хандыгына өткөн [4.96]. Кыргызстан Россиянын курамына киргенден кийин Анжиян уездине карап калган. 1924-жылдан бери Ош округундагы Өзгөн болушунун, 1928-жылдан Өзгөн районунун борбору. Архитектуралык эстеликтерге бай шаар [4.96].

Шаарда 18436 адам эмгекке жарамдууларга чейинкилер, 27 843 адам эмгекке жарамдуулар, 3131 адам пенсионерлер бар [3.22].Өзгөн шаарынын жалпы аянты 9,2 чарчы км. Калкы 50 253 адам. Өзгөн шаарында 10 дон ашуун этностун өкүлдөрү жашайт. Шаарда өзбектер 90,6%ды (45, 5 миң), кыргыздар 8%ды (3,7 миң) түзөт. Калган калктын 2,4 %ы башка этностун өкүлдөрү түзөт [3.20].

Ноокат шаары 2003-жылдын 8-сентябрында атайын шаар статусун алды. Шаар түштүк тараптан "Кара-Таш" айылдык округу, түндүк жана чыгыш тараптардан Мирмахмудов атындагы айылдык округдары менен чектешкен. Жалпы аянты 3,58 чарчы км. Төрт чакан райондон (Барын, Кара-Турпак, Бостон жана Таштак) турат. Калкынын саны – 16 125 адам, кожолуктардын саны – 2290 [9.195.3-б.]. Ноокат шаарында эмгекке жарамдууларга чейинкилер – 5606 адам, эмгекке жарамдуулар – 9125, эмгекке жарамдуулардан улуулар – 1394 адамды түздү [3.20, 19-б.].

Жалпысынан алганда, жогоруда аталган – Ош, Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат шаарлары административдик, маданий-экономикалык борборлор катары кызмат кылат. Ош шаары – республикалык деңгээлдеги экинчи борбор шаар статусуна ээ; соода-сатыкка, өндүрүшкө ыңгайлашкан Кара-Суу шары, байыркы тарыхый эстеликтерге бай, туризм багытын өнүктүрүүгө

боло турган чыгыш колоритиндеги көп улуттуу Өзгөн, Ноокат шаарлары облустун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө чоң салым кошууда.

Ош облусунун социалдык-экономикалык өнүгүү көрсөткүчтөрү XX кылымдын экинчи жарымында өнөр жай ишканалары жалпы эл чарба комплексинин бөлүгү катары өнүгүп жаткан учурда бийик болгон. 1980-1990-жылдарда жалпы СССРде жана республикада өнөр жай тармагына жакшы көңүл бөлүнүп, Ош обулусу ири экономикалык борборго айланган. Натыйжада, шаардын өнөр жай продукциясы Союздун бардык республикаларына жана чет мамлекеттерге чыгарылган. Фергана өрөөнүндө жүктөрдүн жана жүргүнчүлөрдүн транзитинде облустун географиялык-экономикалык артыкчылыктарын, шарттарын жана тарыхый түзүлүп калган ролун эске алып, Ош облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө негизги орунда “өсүү түйүнү” – транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүүгө көңүл бурулган. Облустун экономикалык өнүгүүсүндө андан кийинки орунда эле айыл чарба продуктуларын өндүрүү турат.

Менчиктештирүүнүн шартында республикада коомдук чарбаларда эмгектенгендердин саны азайган. 2002-жылы республиканын эл чарбасындагы эмгек ресурстарынын 21,4 %ы өнөр жайы менен курулушта, 39%ы айыл чарбасында жана токой чарбасында, 5%ы транспорт менен байланышта, 5,6 %ы соода жана коомдук тамак-аш даярдоодо, 20,2 %ы билим берүү, дене тарбия, социалдык камсыздоо, саламаттыкты сактоо, маданият, искусство, илим тармагында эмгектенишкен. Республикадагы эмгекке жарамдуулардын 13%ы көмөкчү жана үй чарбаларында иштешет, алардын көпчүлүгүн көп балалуу аялдар түзөт. Экономикалык кризис учурунда көпчүлүк ишканалар жабылып, ири шаарларда да жумушчулар жумушсуз калууда [3.20, 17 -б.].

Төмөнкү таблица көрсөткөндөй, облуста социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн негизинде облустун жалпы социалдык-экономикалык абалы начар деп айтууга болбойт. Себеби Ош облусунун социалдык-

экономикалык мүмкүнчүлүктөрү чоң. Облустун калкынын акча кирешесин караганда, 1997-жылдан 2019-жылдагы аралыкта айлык акынын көлөмү акырындыкта болсо да өсүп жаткандыгы байкалат. Мисалы, 1997-жылга караганда 2010-жылы 3099 сомго, 2010-жылга салыштырганда 2019-жылда орточо айлык акы 6676 сомго өскөн.

Аймактагы жашоочулардын 8,6%ы пенсионерлер болуп эсептелет. Пенсиянын орточо көлөмү да 2010-жылга салыштырмалуу 2019-жылы өсүү тенденциясына ээ.

**Таблица 3.2. Ош облусунун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү. (1997-2019-жж.) [3.32.,3.34.,3.35.,3.36].**

| | **1997** | **2000** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Калктын акча каражат кирешеси | 18025,8 | 5410,7 | 13191,8 | 33402,7 | 38141,6 | 50558,5 | 37466,7 | 49464,7 | 55674,3 | 59564,5 | 68206,1 | 80559,7 | 5914,41 |
| Орточо айлык акы | 620,0 | 589,,8 | 1250,8 | 3719 | 6419 | 7639 | 7747 | 8141 | 8708 | 9950 | 10180 | 10307 | 10395 |
| Орточо пенсия | 380 | 480 | 643 | 1000 | 1500 | 1500 | 1500 | 1500 | 1800 | 2000 | 4862 | 5604 | 5763 |
| Пенсионерлер | 92180 | 107252 | 91105 | 74 022 | 60 151 | 61 555 | 63 446 | 66 011 | 68 776 | 71 854 | 126405 | 129169 | 135080 |
| Балдар | 413253 | 421653 | 402345 | 404 306 | 406 990 | 412 488 | 420 089 | 429 131 | 440 886 | 455 990 | 481798 | 494514 | 90152 |
| Расмий катталган жумушсуздар | **120,0** | 7847 | 13165 | 13155 | 12453 | 12165 | 11362 | 11896 | 11165 | 10971 | 11 724 | 15 54 | 1995 |
| Жашоо минимуму | 720,33 | 1024,36 | 1561,24 | 3369,4 | 4239,7 | 4470,8 | 4908,9 | 5390 | 5821,2 | 4994,33 | 4984,22 | 5122,63 | 5002,62 |

Бирок айлык акынын, пенсиянын суммасы жашоо үчүн зарыл болгон каражаттын минимумуна байланыштуу татыктуу турмуш кечирүүгө жетишсиз бойдон калууда. Мындан тышкары жыл сайын баалардын

жогорулап турушу, биринчи кезекте азык-түлүк, тамак-ашка болгон баанын өсүшү, АКШ долларына карата сомдун курсунун туруктуу түшүшү жана инфляция тургундардын, пенсионерлердин жашоо деңгээлине терс таасирин тийгизүүдө.

Облуста үй-бүлөлөрдүн курч социалдык маселелеринин бири – жумушсуздук маселеси. Жумушсуздуктан улам үй-бүлөлөрдө ажырашуу, жакырчылык, кароосуз балдардын көбөйүшү сыяктуу социалдык көйгөйлөр чыгып жатат. Өлкөбүздө жумушуздук көйгөйү жылдан жылга өсүүдө.

1990-жылдардын башынан тартып Кыргызстанда жумушсуздардын саны кескин көбөйгөн. Экономиканы реформалоо жылдарында калкты жумуш менен камсыздоо боюнча кырдаал кескин курчуган. Эл чарбасында өнөр жай ишканаларынын азайышы, мамлекеттик менчиктин жеке, акционердик ж.б. менчикке өтүшү калктын жумуш менен камсыз болуу деңгээлинин төмөндөшүнө алып келген. Жумушсуздуктун алкагы кеңейип, узак мөөнөттүк мүнөзгө ээ.

1997-жылы расмий катталган жумушсуздардын саны облустун аймагында 120 адамды түзгөн [3.32., 34-б]. Жумушсуздукту статистикалык эсепке алуу эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында эске алынган эмес. Расмий жумушсуздардын саны республиканын алкагында облустар боюнча 1997-жылдагы ыкчам эсептөөлөрдө белгиленген [3.32 34-б]. Ага чейин коллективдүү чарбалардын бөлүнүшү, приватташтыруунун шартында бул катмардагы адамдарды так эсепке алуу мүмкүнчүлүгү болбогондой. Анткени жер үлүшкө берилип, жеке фермердик чарбалары бар айылдык тургундар жумушсуз деген катарга кирбеген. Улуттук статистикалык комитетинин социалдык бөлүмүнүн адистери менен да маектештик. Алардын берген иргеме изилдөөлөрүнүн материалдары менен мурда эле тааныш болчубуз. Негизинен, 2000-жылдан баштап статистикалык эсептөө, иргеп изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Ошондуктан Ош облусунун райондорундагы жумушсуздуктун саны официалдуу маалыматтар боюнча 2000-жылдардан каралды.

Кыргызстандын эмгек рыногунда жумушсуздуктун көбөйүшүнө түрткөн мүнөздүү багыттар жүрүп жатат. Бул биринчи тараптан, жаңы рынок эмгек мамилелеринин пайда болушу, эмгектин сапатына талаптардын жогорулашы, жеке ишкердүүлүккө умтулуунун жогорулашы болуп эсептелсе, экинчи тараптан, Өкмөт бекиткен токтом, мыйзамдардын реалдуу жашоого туура келбөөчүлүк көрүнүштөрү күч алууда. Экономиканын кээ бир тармактарында өндүрүштүн токтоп калышынан жана эл чарбасынын абалынын туруксуздугунан улам республиканын эмгек рыногунда жумушчу күчүнө болгон суроо-талаптын кыскарышы байкалган. Жумушчу күчүнө суроо-талаптын төмөн жана сунуштун көп болушу эмгек рыногунда чыңалууну пайда кылды. Жумушчу күчүнө болгон суроо-талап менен сунуштун ажырымынын деңгээли өтө жогорулаган. Жумушсуздук коомдо социалдык теңсиздикти жаратып, калктын эң жакыр катмарынын санын көбөйттү, коомдогу социалдык чыңалууну күчөттү. Азыркы мезгилде өнөр-жай, курулуш жана башка ишканалардын көпчүлүк бөлүгү токтоп турат же толук кубаттуулук менен иштешпейт, миңдеген гектар айдоо жерлери иштетилбей жатат. Бул коомдун көп материалдык өндүргүч күчтөрү колдонулбай жатканынан кабар берет. Мунун өзү облустун аймагына кошуна башка мамлекеттердин экономикалык жактан кызыгуусун пайда кылды. Иштетилбеген жерлерди арендага алуу, үйлөрдү сатып алуу менен айдоо аянттарын акырындап өзүнө сатып же өткөрүп алууга кызыкдар болгондор көбөйдү.

Облуста катталган жумушсуздардын саны 2014-жылы көп катталган. Аймактар боюнча алганда эң көп Кара-суу районунда 2016-жылы 1965 адам расмий катталган. 2016-жылдын ичинде жалпысынан иш издөөчү катары райондук калкты жумуш менен камсыздоо бөлүмдөрүндө каттоодо тургандардын саны 15 329 адам, алардын ичинен расмий жумушсуздардын саны 11 165 адамды түздү. Ал эми 2018-жылы 15 564 жумушсуз адам катталып, 2 жыл мурункуга салыштырмалуу 235 адамга көп болгон. Жумушсуздук боюнча жөлөк пул алгандардын саны Алай, Ноокат, Өзгөн

райондорунда салыштырмалуу көбүрөөк. Каттодо турган жумушсуздардын 38%ын аялдар, 42%ын жаштар түздү. Жумушсуздук элдин арасында жакырлардын санынын көбөйүшүнө алып келди. Жалпы республикадагы башка облустарга салыштырмалуу Кыргызстандын түштүгү, анын ичинде Ош облусунда жакырчылыктын деңгээли жогору [3.36, 24- б.].

**Таблица 3.3. Ош облусу боюнча катталган жумушсуздардын саны (2000-2020-жж.) (адам) [3.34, 6-7 б, 3.35, 25-26, 3.36, 22-23 б].**

| | **2000** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | 8820 | 13165 | 13155 | **12453** | **12165** | **11362** | **11894** | **11165** | **11785** | **11724** | **15564** | 19479 | 19977 |
| Алай району | 876 | 1039 | 1573 | 1409 | 1838 | 1589 | 1443 | 1422 | 1569 | 1496 | 1416 | 1345 | 1534 |
| Араван району | 1181 | 2628 | 1514 | 1395 | 1079 | 1007 | 1243 | 1016 | 1082 | 1004 | 2560 | 2460 | 2222 |
| Кара-Кулжа району | 1074 | 1769 | 1621 | 1521 | 1881 | 1731 | 1719 | 1756 | 1717 | 1638 | 1863 | 1726 | 1729 |
| Кара-Суу району | 716 | 1054 | 2812 | 2256 | 1729 | 1556 | 1971 | 1809 | 2098 | 2049 | 2382 | 2925 | 3330 |
| Ноокат району | 1000 | 1978 | 1232 | 1850 | 1710 | 1650 | 1530 | 1530 | 2118 | 2952 | 4329 | 8078 | 8620 |
| Ноокат шаары | | | - | - | - | - | - | - | 26 | 182 | 292 | 575 | 200 |
| Өзгөн району | 1202 | 2549 | 1358 | 1358 | 1030 | 898 | 830 | 2405 | 2126 | 1490 | 2005 | 1996 | 2454 |
| Өзгөн шаары | 1082 | 1797 | 2108 | 2108 | 2035 | 1855 | 1601 | 1461 | 1257 | 346 | 486 | 480 | 220 |
| Чон-Алай району | 318 | 231 | 558 | 812 | 1069 | 1557 | 1312 | 1227 | 1075 | 1095 | 1009 | 949 | 1049 |

Жогорудагы таблица көрсөткөндөй, 2015-жылы эң көп жумушсуздар Өзгөн районунда (2405 адам), Кара-Суу районунда (1809адам) жана Кара-Кулжа районунда (1756 адам) катталган. Ал эми Араван районунда жумушсуздар салыштырмалуу азыраак (1016 адам), Кара-Суу районунда 1809 адам катталган [3.35, 25-26].

Акыркы беш жылда жумушсуз жарандардын саны Өзгөн районунда 23,5%ды, Чон-Алай районунда 15,1%ды, Кара-Кулжа районунда 11,4%ды, Араван райононунда 27,2%ды, Кара-Суу районунда 19,8%ды, Ноокат районунда 17,3%ды түздү [3.35, 25-26].

Жумушсуздарга жумуш орундарын таап берүү, түзүү иштери калкты иш менен камсыз кылуу борборлору аркылуу жүргүзүлүп турат. Ош облусу боюнча жалпы – 10438 орун, анын ичинен: айыл чарбасында – 1987, өндүрүштө – 75, курулуш багытында – 903, транспортто – 531, соода-сатыкта – 5 842, башка тармактарда – 182 адамга жумуш орундары бар, бирок сунуш кылынган жумуш орундарына баргандар аз болуп жаткандыгынын негизги себеби эмгек акынын төмөндүгү болуп саналат.

Жумушсуздук боюнча 2011-жылы 61 адам жөлөк пул алган болсо, 2016- жылы 173 адам жөлөк пул алышкан [3.35, 6-б.]. Алардын ичинен Алай районунда 1 адам, Ноокат районунда 171 адам, Өзгөн районунда да 1 адам алат. Бош жумушчу орундарынын саны 119 түздү, бир бош орунга 132 жумушсуз жаран катталганы менен жумушсуздарды сунушталган орундар айлык акысынын төмөндүгү, иштөө убактысынын туура келбөөсү сыяктуу себептер менен жумушсуздарды ынандырбайт [3.35, 25-26 б.].

Кийинки мезгилдерде жумуш издеп кайрылгандардын көбү жогорку окуу жайларын бүткөн жаштар болуп жатат. Калкты жумуш менен камсыз кылуу мекемелери, кайрылгандардын кайсы кесип боюнча, кандай жумушка муктаж болуп жаткандыгын көзөмөлгө алып турат. Ал эми бул маселеге Билим берүү жана илим министрлиги дагы кайдыгер карабашы керек. Алар эмгек рыногуна кайсы кесипке талап бар экендигин аныктап, ошол багытта кесипке даярдоону колго алуусу зарыл. Мындан сырткары жумуш берүүчүлөрдүн талабындагы кээ бир бюрократиялык талаптарды жок кылуу керек. Анткени, алардын айынан жумушка кире албай жүргөндөр көп.

Ош облусунун калкы, башка аймактардагыдай эле бара-бара рынок шартына үйрөнүшүүдө. Өндүрүштүк эмес чөйрөдөгү ишканаларда иштегендер айлык акыларынын аздыгына байланыштуу, формалдуу эмес

секторлордон жумуш табууга жана киреше алууга мажбур болуп келишет. Мындай көрүнүштөр өзгөчө айыл жергесине мүнөздүү, мисалы, дыйкан жана мал чарбачылык менен алектенген, курулуш тармагында формалдуу эмес түрдө иштегендер, көчөдө соода-сатык менен иш жүргүзгөндөрдүн көбү мурда мамлекеттик ишканаларда иштеген адамдар. Ал эми шаар жеринде чач тарач, репетитор, официант, массажист, таксисттердин эмгек акысы салыштырмалуу жогору болгондуктан, адамдардын ушул кесиптерге багытталуусу жогору.

Өнөр жай секторун өнүктүрүү облуста социалдык-саясий кырдаалды акырындап калыбына келип жатат, токтоп турган көптөгөн ишканалардын ишин жандандыруу, сатып алуучулук суроо-талапты арттыруу, ошондой эле айыл чарба өндүрүшчүлөрүн колдоо боюнча көрүлүүчү чаралардын натыйжасында кайра иштетүүчү өнөр жай ишканалары үчүн айыл чарба продукцияларын берүүлөрдүн көлөмүн көбөйтүү, инвестициялык активдүүлүктү жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Облустун экономика чөйрөсүндө 2015-жылы 590 миң же облустун жарымынан көп калкы жумуш менен камсыз болгон. Иштегендердин көпчүлүк бөлүгүн айыл-чарбасында, токой чарбасында эмгектенгендер түзөт – 35%, автомобилдерди оңдоодо жана сода-сатыкта иштегендер 17,4%ды түзөт.

Ош шаары боюнча  913 жаңы жумуш орундары түзүлгөн. Анын ичинде: өнөр жайда – 182, соода багытында – 122, транспортто – 279, башка тармактарда – 14 жаңы жумуш орундары түзүлгөн [8.178].

Кыргыз Республикасынын аймактарды өнүктүрүү программасы боюнча Өкмөттүн тапшырмасына ылайык облуста жаңы жумуш орундары боюнча 70 ишкана ачылып, 552 жумушчу орду түзүлгөн.  Анда: 22 өнөр жай ишканасы, 32  курулуш материалдарын чыгаруучу, 14  ишкана кызмат көрсөтүү жана 2 ишкана айыл чарба продукциясын иштетүүнүн өндүрүштүк багытын өздоштүрүү иштерин алып барышууда. Мындан сырткары токтоп турган “Кайди” ишканасы өз ишмердүүлүгүн жандандарып, руданы кайра

иштетүү иштерин баштап, 117 жаңы жумуш орду түзүлүп иш алып барууда. «Кайди» кыргыз-кытай тоо-кен инвестициялык компаниясы Кыргызстанга 2009-жылы келген. Компания Чон-Алай районунун борбору Дароот-Коргонго жакын жерге завод куруп, ал жерде алтын кенин иштетип жатат [8.183].

Кара-Суу районунда өнөр жай товарларын өндүргөн ишканалардын саны арбыды. Борбор Азия аймагында биринчи жолу медицина тармагында бир жолу колдонуучу шприц чыгаруучу ишкана ушул райондо ачылган. “Медимпекс” ишканасына медициналык бир жолу колдонуучу шприц сатып алуу үчүн келген кардарлардын катары арбын. Аталган ишканада кырк кыз иштеп, күнүнө 50 миң шприц чыгарууга жетишүүдө. Бул ишкана бүгүнкү күндүн талабына жооп берген заманбап техникалар менен жабдылган. Мындан башка таш тамандарын жана суюлтулган курут суусундуктарын чыгарган ишканалар учурда иштеп, кошумча жумушчу орун пайда болууда. Кара-Суу районунда жаңыдан ачылып, иштеп жаткан ишканалардын катары өсүүдө. Ошонун натыйжасында жергиликтүү бюджетке түшкөн салыктын көлөмү да көбөйүп жатат [8.186].

2018-жылы “Аймактарды өнүктүрүү” жылына карата Өзгөн районунун Дөң-булак айыл аймагынын Макмал айылында “Элдан Аталык” агро өнөр жай, Мырза-Аке айыл аймагында “Ак Таш” өнөр жай продукциясынын көлөмү көбөйүп, эки ишкана, жаңы 120 жумуш орду түзүлгөн. Мындан сырткары жалпы жыл ичинде өнөр жай, кайра иштетүү багытында 10 ишкана ачылып, 207 иш орду түзүлдү. Ал ишканаларга тартылган жалпы инвестиция 54 млн 803 миң 500 сомго жеткен Өзгөн району Ош облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө чоң салым кошкону үчүн I даражадагы диплом жана 70 миң сом акчалай сыйлык менен 2018-жылы сыйланды [8.180]. Аталган райондо 25 жылдан бери токтоп турган кыш чыгаруучу завод 2017-жылы ишке кирди.

Ноокат районунун “Алмалык көмүр” ЖЧК Алмалык көмүр кени продукциясын өндүрүүнүн көлөмү көбөйүп, 38 жаңы жумуш орду түзүлгөн.

Ал эми Ош шаарында 23 ишкана ачылган. Анын ичинен 5 өнөр жай, 10 кызмат көрсөтүү жаатында, 7 соода-сатык жана 1 автотетиктер базары ачылды. Жалпысынан бул ишканаларга 90 млн. сомдон жогору инвестиция тартылып, 1223 иш орду түзүлдү. 2015-жылы тышкы инвестицияларды тартуу менен жоопкерчилиги чектелген коом «Жим-Мей» мекемеси Кыргызстанда биринчилерден болуп түстүү телевизорлорду чыгаруу башталган. Буга чейин кир жуугуч машиналарды чыгарып келген (2014-жылы 2 миң даана, 2015-жылы 19 миң даана чыгарылган) [8.186]. Ошондой эле ушул ишкананын базасында 2018-жылы муздаткычтарды жана газ плиталарды чыгаруу пландаштырылган.

Ош облусунун бардык эле райондорунда жергиликтүү ресурстарды пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү чоң. Буга мисал болуп, Өзгөн районундагы таш карьери, Алай, Чоң-Алайдагы көмүр кени, Кара-Суу районундагы кыш заводу, Араван, Ноокат райондорундагы цемент жана акиташ чыгаруучу ишканалар бар. Азыркы рынок экономикасынын шартында ар бир аймактын келечектеги өнүгүүсү үчүн негизги фактор катары аймактык алакалашуу жүрүмдөрүнө активдүү катышуусу байкалат.

Айыл чарба облустун экономикасынын негизги тармагы болуп эсептелет. анткени бүткүл калктын 14 %ы ушул сектордо иштейт, жана элдин 65 %ы айыл жерлеринде жашайт. Облус айыл чарба продукциясын өндүрүү боюнча республикада экинчи (Чүй облусунан кийин) орунда турат. Тармактын түзүмүндө дыйканчылык басымдуу орунду ээлейт (53,0%).

Айыл чарба тармагындагы товар өндүрүүчүлөргө жана фермерлерге өкмөт тарабынан “Айыл чарбасын каржылоо” долбоору аркылуу 2015-жылы 2110 субьектиге 730,5 млн. сомдук жеңилдетилген насыялар берилген. Анын ичинен: мал чарбачылыгында 1800 субьектиге 631,5 млн. сомдук, дыйканчылыкта 300 субьектиге 75,9 млн, сомдук жана айыл чарба продукциясын кайра иштетүүгө 2014-жылга салыштырмалуу 323 млн. сомго көп насыя берилген. Натыйжада, облус боюнча күнөсканалардын (теплица) саны 184 төн 298 даанага жетти [8.186].

Ноокат районунун Кулатов айыл аймагында минералдык жер семирткичтерди өндүрүү боюнча завод курулуп, продукция өндүрүүнүн көлөмү көбөйүп,  500 жаңы жумуш орду түзүлдү [8.186].

Курулушта артыкчылыктуу багыттар жеке турак жайларды куруу, 2010-жылдагы июнь окуяларынын жүрүшүндө жабыркаган Ош, Жалал-Абад шаарларын жана райондорду калыбына келтирүү үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 17-августундагы №164 токтому менен "Ош жана Жалал-Абад шаарларын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча мамлекеттик дирекция тарабынан калыбына келтирилүүгө жана курулууга тийиш болгон обьекттердин алдын ала тизмеси" бекитилген, анда 2010-2011-жылдарда 207 миң чарчы метрге жакын турак-жай куруу каралган.

Араван районунун Алля-Анаров айыл аймагында "ЮКСМ" ЖЧК цемент заводу, Керме-Тоо айыл аймагында "Синьжи-Прим" ЖЧК Кыргыз-Кытай цемент заводдору  ишке кирип, курулуш материалдарын чыгаруунун көлөмү көбөйүп, 680 жаңы жумуш орду түзүлгөн [8.186].

Кара-Суу районунун Жоош айылында курулуш материалдарын жана асфальт чыгаруу боюнча ишканага жалпы 59 жаңы жумуш орундары түзүлүп иш алып барууда. Ал эми Нариман айылында гипс, клей өндүрүү ишканага 45 жумуш оруну ачылды [8.186].

Учурда Ош облусунун айыл жергесинде өз алдынча жумуш менен камсыз болгондордун үлүшү 50%дан жогору. Алардын ичинен негизинен жеке чарба менен алектенген фермерлер, айыл жергесиндеги жеке ишкерлер басымдуулук кылат. Аймактагы эмгек акыларынын динамикасын жана анын көлөмүн ишканалардын жана мекемелердин кызматкерлеринин орточо акылары аркылуу байкаса болот.

**Таблица. 3.4. Кыргыз Республикасында ишкана-мекемелердин кызматкерлеринин орточо айлык акыларынын аймактар боюнча өзгөрүшү (сом менен). ***

| | 1995 | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 368 | 1227 | 2613 | 7189 | 9304 | 10726 | 11341 | 12285 | 13483 | 14847 | 15670 | 16218 | 17232 | 16989 |
| Баткен облусу | 2261 | 670 | 1673 | 4651 | 6531 | 8206 | 8593 | 8903 | 9468 | 10093 | 10486 | 11303 | 11583 | 11094 |
| Жалал-Абад облусу | 297 | 1003 | 2125 | 5986 | 8149 | 9818 | 9993 | 10877 | 12035 | 13277 | 13939 | 14788 | 15843 | 15079 |
| Ысык-Көл облусу | 329 | 1459 | 3296 | 9676 | 13667 | 14119 | 15507 | 17192 | 17979 | 19800 | 21543 | 12188 | 22208 | 22420 |
| Нарын облусу | 324 | 938 | 2136 | 5770 | 8445 | 9991 | 10378 | 11013 | 12724 | 13991 | 14339 | 15248 | 15945 | 15344 |
| **Ош облусу** | **235** | **805** | **1281** | **3719** | **6419** | **7639** | **7747** | **8141** | **8708** | **9950** | **10180** | **10339** | **11368** | **10582** |
| Талас облусу | 263 | 752 | 1647 | 5155 | 7036 | 8453 | 8829 | 9192 | 9882 | 10625 | 11295 | 12830 | 12969 | 13715 |
| Чүй облусу | 381 | 1084 | 2483 | 5736 | 7207 | 8657 | 9313 | 10303 | 11288 | 12554 | 13391 | 14910 | 14724 | 14404 |
| Бишкек шаары | 539 | 2049 | 3480 | 9351 | 11336 | 12796 | 13875 | 14865 | 16526 | 18185 | 19336 | 21404 | 21082 | 20975 |
| Ош шаары | | | 2306 | 6104 | 7394 | 9864 | 9417 | 10578 | 11894 | 13008 | 13274 | 14251 | 14866 | 14377 |

**Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитети тарабынан даярдалган аналитикалык материалынан алынды. Кыргызстандын статистикасы. www.stat.kg.*

Эң төмөн айлык акынын өлчөмү Ош облусунда экендигин жогорудагы таблицадан көрүүгө болот. 2020-жылы ишкана-мекемелердин кызматкерлеринин жалпы республикалык денгээл боюнча эң жогорку айлык акысынын өлчөмү Ысык-Көл облусунда белгиленди (22420 сом). Ал эми республика боюнча орточо айлык акы 16 989 сомду түзсө, Ош облусунда бул көрсөткүч эң төмөн болуп 10 582 сомду түздү. Анткени Ош облусунда башка аймактагы (мисалы Ысык-Көл облусундагыдай) эл аралык ири ишканалар аз. Нарын өрөөнүндө бийик тоолуу аймак үчүн коэффициент кошулат. Ош облусунун негизги аймагы түздүк болгондуктан мындай коэффициент айлык акыга кошулбайт. Ошондой эле өлкөдөгү экономиканын көп түрдүүлүгү себебинен калкты, өзгөчө айылдык калкты иш менен камсыз кылууда облуста маселелер бар. Облустун негизги калкы айыл жеринде жашайт.

Республиканын агрардык саясатында чарба жүргүзүүнүн рыноктук үлгүсүнө өтүү мезгилинде тургундарга эркиндик берилген, ал эми мамлекет болсо айыл чарба ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрү үчүн кайсы гана жаран болбосун өзүнүн демилгеси менен өз ишин жүргүзө алуусуна мүмкүнчүлүктөрдү түзүшү керек болчу.

Иш жүзүндө айыл чарбасында иштегендер чарбасын өз алдынча жүргүзүшөт, мамлекет тарабынан колдоо деле күтүшпөйт. Мурдагы ири коллективдик чарбалар учурунда сугат, техникалык камсыздоо маселелерин мамлекет чечип келген. Учурда жай айында дыйканчылыкта сугаруу иштери, жазында үрөн себүү, күзүндө жыйноо иштери мезгилинде күйүүчү жана майлоочу майлардын баасынын көтөрүлүүсү, доллардын курсунун өзгөрүүсү сыяктуу кыйынчылыктар дайыма кайталанып калды. Күзүндө алынган түшүмдөн түшкөн пайда чыгымдарды жапканга араң жетип калган учурлар көп. Дыйкандар бир жылы жакшы пайда тапса кийинки жылы кирешеси аз болуп калуусу толук мүмкүн, анткени кайсы бир өсүмдүктү жапырт көпчүлүк эгип алган учурларда анын баасы арзан болуп, чыгымдарды жаппай калат.

Материалдар көрсөткөндөй, орточо айлыктын төмөндүгү, калктын арасындагы жумушсуздук, көп ишканалардын токтоп калышы облустагы калктын жашоо деңгээлинин төмөндөшүнө, жакырчылыктын өсүшүнө алып келди.

**Таблица 3.5. Аймак боюнча кызматкерлердин орточо эмгек акысы (сом менен) [3.34, 57- б., 3.35. 24-б, 3.36., 21-б].**

| | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | 589,8 | 1280,8 | 3718,7 | 6419,4 | 7638,8 | 7746,5 | 8141,1 | 8707,9 | 9340,8 | 9885,9 | 10135,2 | 10641,6 | 12282,3 |
| Алай району | 687,6 | 1594,8 | 42,46,7 | 7473,8 | 8436,1 | 8965,3 | 9962,4 | 10420,9 | 10746,3 | 11727,3 | 12461,6 | 13143,0 | 15960,7 |
| Араван району | 536,7 | 1130,5 | 3254,6 | 5655,6 | 6768,8 | 7214,3 | 7351,1 | 7659,1 | 8238,9 | 8566,0 | 8651,7 | 9233,9 | 10540,7 |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кара-Кулжа району | 596.1 | 1394,3 | 3423,7 | 5826,6 | 7117,8 | 7044,8 | 7556,0 | 8315,7 | 8857,0 | 11063,7 | 11194,2 | 11350,3 | 12049,2 |
| Кара-Суу району | 625,0 | 1167,8 | 3682,4 | 7048,3 | 8682,9 | 9105,6 | 9676,5 | 10325,1 | 10114,4 | 9612,8 | 9702,4 | 10224,5 | 12026,5 |
| Кара-Суу шаары | 710,1 | 1637.9 | 4524,6 | 6783,3 | 8706,9 | 8570,7 | 8494,2 | 9470,5 | 10190,3 | 11487,9 | 12169,0 | 11003,3 | 11861,5 |
| Ноокат району | 545Ю7 | 1311,7- | 3720,5 | 6579,1 | 7529,1 | 7563,6 | 7928,7 | 8037,2 | 8597,5 | 8869,3 | 9305,4 | 10459,9 | 11138,4 |
| Ноокат шаары | - | -- | 5595,3 | 7912,4 | 8882,2 | 10597,2 | 11194,9 | 10586,1 | 9606,4 | 9847,1 | 10012,6 | 10240,3 | 10680,0 |
| Өзгөн району | 536,4 | 1194,6 | 3670,5 | 6176,3 | 7264,9 | 7598,2 | 8029,0 | 8654,4 | 9349,3 | 9779,6 | 9909,4 | 9952,4 | 11932,3 |
| Өзгөн шаары | 617,7 | 1319,5 | 4642,2 | 7156,6 | 8392,5 | 9235,5 | 9235,5 | 9841,9 | 10071,8 | 10921,0 | 11465,5 | 11784,9 | 13447,4 |
| Чон-Алай району | 843,5 | 1806,6 | 4931,7 | 9447,5 | 10614,7 | 10937,2 | 10937,2 | 12236,5 | 13889,5 | 13984,0 | 14657,1 | 14524,4 | 16691,8 |

Жогорудагы таблица көрсөткөндөй, айлык акынын өлчөмү Ош облусунда 2010-жылдан 2020-жылга чейинки аралыкта өскөндүгү байкалды, бирок инфляция, баалардын жогорулашы менен бул өсүш сезилбей калууда. Облустун райондорунда эң төмөн айлык акынын өлчөмүн Араван районунан көрүүгө болот (10 540 сом). Ал эми аймактагы айлык акынын жогору деңгээли Чоң-Алай районунда байкалды. Бийик тоолуу аймактагы жашоо шартынын татаалдыгына байланыштуу жашоочулардын эмгек акысына мамлекет тарабынан бийик тоолуу шартта жашап-иштегени үчүн акча кошулгандыктан, айлык акы жогору көрүнөт. Тоолуу шартта азык болууучу өсүмдүктөрдүн, керектүү азык-түлүктөрдүн, товарлардын баасы жогору экендигин, өз жеринде картошка, дан эгиндеринен башканы өстүрүүгө мүмкүндүктүн жогун эске алганда айлык акынын жогорулугу деле салыштырмалуу болуп калууда.

**Таблица 3.6. Ош облусунун тургундарынын эмгек акысы, сом менен (экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча) [3.32, 3.34, 3.35.,3.36].**

| | 1997 | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 669,2 | 589,8 | 1280,8 | 3719 | **6419** | **7639** | **7747** | 8141 | **8708** | **9950** | **10180** | **10339** | **11368** |
| Айыл-чарба, токой чарба жана балык улоочулук | 379,0 | 593,3 | 573,9 | 3876 | 4 088 | 4 505 | 5105 | 5 205 | 10 948 | 8660 | 9075 | 9136 | 9550 |
| Пайдалуукендерди казуу | 1050,2 | 490,1 | 1517,0 | 4542 | 7144 | 9465 | 6035 | 11892 | 11 581 | 12913 | 14411 | 14675 | 12906 |
| Иштетүү өндүрүштөрү (иштетүү өнөр жайы) | 1043,5 | 934,8 | 1886,5 | 3150 | 3 499 | 4 000 | 4 000 | 6 415 | 6 494 | 6542 | 7913 | 8337 | 14613 |
| Электроэнергия, буу (жабдуу), суу менен камсыздоо | 1210,7 | 377,3 | 856.6 | 2518 | 8 563 | 10 681 | 7815 | 14 784 | 14 784 | 14 784 | 20563 | 20883 | 20590 |
| Курулуш | 1033,8 | 1251 ,3 | 1734,7 | 5266 | 4 991 | 6 867 | 6 867 | 8050 | 8389 | 10694 | 11623 | 10096 | 10569 |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана Мотоциклдерди оңдоо | 814,4 | 609,2 | 3710,4 | 8878 | 10 855 | 11 801 | 14953 | 15 793 | 9 211 | 11858 | 9583 | 7660 | 8317 |
| Мейманканаларды н жана ресторандардын ишмердиги | 1351,6 | 203,5 | 508,3 | 940 | 728 | 729 | 4586 | 6 354 | 79 67 | 6044 | 7043 | 5920 | 6522 |
| Мамлекеттик башкаруу | 877,2 | 987,6 | 2051,7 | 6949 | 8 520 | 8 511 | 9502 | 11 528 | 12 356 | 13589 | 14690 | 14230 | 14143 |
| Билим берүү | 455,0 | 525,6 | 1159,4 | 2749 | 5 725 | 7 005 | 6667 | 6 650 | 7 488 | 9398 | 9259 | 9179 | 10265 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык тейлөө | 407,9 | 462,3 | 1168,5 | 3557 | 6 682 | 8 421 | 8256 | 8 041 | 8 005 | 8319 | 8820 | 8824 | 9469 |
| Коммуналдык, социалдык жана жеке кызмат көрсөтүү | 797,2 | 432,5 | 974,2 | 2674 | 3 834 | 5 028 | 4980 | 4 052 | 4 609 | 3837 | 4054 | 4342 | 5045 |

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча Кыргызстанда иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субьектилердин менчик түрү боюнча бөлүнүшү төмөндөгүчө: мамлекеттик менчик – 496; муниципиалдык менчик – 6401; жеке менчик – 198; башка мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын жеке менчиги – 2,4 % түзгөн [3.27, 11-12 б.].

Жогорудагы таблицада Ош облусунун тургундарынын экономикалык ишмердүүлүк түрлөрү боюнча эмгек акысы 2010-2019-жылдар аралыгында бир аз өскөндүгү байкалган менен товарлар, тамак-аш кымбаттаганын эске алганда, акча көп деле сезилээрлик көбөйбөгөн. Негизинен электр энергиясы,

буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуу, суу менен камсыздоо боюнча иштеген кызматкерлердин эмгек акысы салыштырмалуу жогору. Эң аз айлык акы алган коммуналдык, социалдык жана жеке кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө иштегендердин маянасы 2012-жылы жогорулаган. Билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармагында иштегендердин айлык акылары да төмөн. Алардын айлыгы: саламаттыкты сактоо багытында иштегендердики бир жылда 314 сомго, ал эми билим берүү тармагында иштегендердики 1910 сомго жогорулаган.

Рынок экономикасына өткөндөн тартып жашоо деңгээли боюнча калктын социалдык катмарларга жиктелүүсү башталды. Рыноктук өзгөрүүлөр мезгилиндеги калктын кирешелеринин айырмаланышынын башкы өзгөчөлүгү – кирешелер деңгээли менен социалдык топтордун эмгек салымдарынын байланышынын жоктугу.

2018-жылдын көрсөткүчү боюнча облуста жер астындагы кен байлыктарын казуу (14675), электр энергия, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо кызматкерлеринин орточо айлык эмгек акысы (20010,1 сом) орточо облустук эмгек акынын деңгээлинен кыйла жогору. Мындан башка тейлөө кызматкерлеринин орточо айлык эмгек акысы орточо облустук эмгек акынын деңгээлинен төмөн болгон (6237,1 сом) [3.35, 24-25 б].

Жаңылануу жүрүмү татаал экономикалык, социалдык жана саясий мүнөздөгү кризистер менен коштолду. Алар, өз кезегинде, калктын киреше алуу жана керектөөлөрү боюнча жиктелишин шарттады. Айрыкча мындай жиктелүү республиканын чет жакаларында курч байкалууда. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2009-жылга үлүшү жана абсолюттук саны боюнча жакырлардын басымдуу көпчүлүгү айыл жергесинде жашап, алардын кирешеси шаардыктарга салыштырганда 2 эсе төмөн. Мындан тышкары, 2015-жылга жакырчылыктын денгээли, шаар калкында 34,1 %, ал эми айыл калкында 65,9 %ды түзгөн.

Жакыр калктын көп бөлүгү айыл жергесинде турат, эгерде 2015-жылы, өлкө боюнча жалпысынан алганда жакырчылыктын чегинде 2153 миң адам

жашаса, алардын 66%ы айылдык калк болуп эсептелет. Анын ичинен, Ош облусунун айылдарында жалпы жакырчылыктын деңгээли 85%, өтө жакырлар 38%ды түзгөн [3.28, 56-б.]. Бул ал жакта калктын жыш жайгашышы, жердин аздыгы, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн көптүгү жана алардын мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн миграцияланышы менен түшүндүрүлөт. Ош облусунун калкынын жакырчылыгынын бир себеби – түштүктөгү жердин жетишсиздиги болуп эсептелет. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы жер реформасына ылайык ар бир үй-бүлө өзүнүн жер үлүштөрүнө ээ болду. Кыргызстандын түштүгүндөгү жана түндүк облустарындагы жер үлүштөрүнүн өлчөмүн салыштырып карап көргөндө, түндүк облустарда 2 гектардан 5 гектарга чейин жери бар чарбалар 18%, ал эми түштүктө 8%ды гана түзгөндүгү аныкталды. Кээ бир райондордо киши башына 4-5 сотыхтан жер бөлүштүрүлгөн чарбалар да бар [3.26, 59-б.]. Көп чарбалар жерин үй-бүлөсү менен иштетишет.

Чарбалар түндүк облустагыларга караганда чоң. Бирок жерди иштеткенге үй-бүлодөн 1-2 киши гана катышат. Калгандары миграцияда, ал жактан акча жөнөтүшүп, жерди башкаларга (айылдагы жакыр үй-бүлөлөргө, жаш балдарга жана көпчүлүк учурда кошуна айылдардагы өзбектерге) иштеттиришет. Кийинки убакта тамеки, пахта сыяктуу техникалык өсүмдүктөрдү өстүрбөй калышты, анткени талаларды иштеткенге кеткен каражат өзүн актабай, иштеткен адамдар түшүмүн убагында сата албай, кредитин төлөй албай карыз болуп калган учурлар көбөйдү. Акыркы мезгилдерде өлкөбүздүн түштүгүндө майда жана ири мүйүздүү малды багуу көбөйүүдө.

Тоютка беде жана башка көп жылдык өсүмдүктөрдү өстүрүү мал чарбасын өнүктүрүүгө шарт түзүүдө. Рынок экономикасына өтүү, фермердик чарбалардын калыптанышы мурдагы көнүмүш чарбанын өзгөрүшүнө, үй-бүлөнүн тиричилигинде жаңы укладдардын пайда болушуна алып келди.

Облустун бийик тоолуу райондорунда жакырчылыктын деңгээли түздүктөгү райондордон да жогору.

Ош облусунда жакырчылыктын деңгээли 2011-жылга карганда 2015-жылы азайгандыгы байкалат. Облуста жакырчылыкты жоюу боюнча атайын программалар иштелип чыккан. Өзгөн, Кара-Суу, Араван жана Ноокат райондорунда фермерчиликти өнүктүрүү аракети боюнча 2400дөн ашуун фермерлер атайын өнүктүрүүчү семинарларда окутулган. Ошондой эле, 400 метр фермердик суу каналдары оңдолуп, 1200 метр канал механикалык жол менен тазаланган: 16 суу бөлүштүрүү курулмалар, 8 суу өлчөгүч, 8 жерде демонстрациялык талаалар уюштурулган [8.177].

Салыштыруу иретинде, Бишкек шаарында жакырлар 26,1 %ды, Чүй облусунда 46,3 %ды түзгөн. Бул республиканын башка аймактарына салыштырмалуу төмөнкү көрсөткүч.

Бириккен Улуттар Уюмунун билдирүүсүнө ылайык, дүйнөлүк климаттын өзгөрүүсү учурдагы жакырчылык, тамак-аш коопсуздугу, зордук-зомбулук сыяктуу көйгөйлөргө түрткү болууда. Бул өз кезегинде калктын демографиялык өсүүсүнө бөгөт коюп, саламаттыгын начарлатат. Мындан сырткары, климаттын өзгөрүшү да жакырчылыкка себеп болууда. Анткени, облусубуздун кээ бир аймактарында сел жүрүп, жер көчкүлөр таасирин тийгизүүдө. 2017-жылдын апрель айында Өзгөн районунда жер көчкү жүрүп Зергер айыл аймагындагы Аюу айылында көлөмү 200 миң метр куб жер көчкү жүрүп, алты үй-бүлөдөн 24 кишини басып калган. Ал эми Жалпак-Таш айыл аймагында сүрүлүп жаткан жер көчкү 34 үйдү басып калган. Ал эми 2017-жылы Ничке -Сай айылында 6 адам каза болгон [8.181].

Эл аралык уюмдар жергиликтүү демилгелер менен бирге пайдалуу долбоорлорду ишке ашырып жатат. Айыл тургундары адамдарга керектүү, өздөштүрүлө элек экономикалык боштуктарды толтурууга аракеттерди көрө баштады. “Арис”, “Таза суу”, ПРООНдун долбоорлору менен айылдыктар ар түрдүү майда, жеке ишканаларды ачышты. Ош облусунун ар кайсы жерлеринде жергиликтүү элдин арасынан чыккан демилгелерди жогоруда

аталган уюмдар жана фонддор колдоп келе жатышат. Мурда айылдыктар кызга сеп бергенде ар бир үй-бүлө өзү камдаса, эми бул маселе чечилип калды. Айылдык аялдар тигүү цехтерин ачышып, ата бабалардан келе жаткан улуттук буюмдарды буюртма менен тиге башташты. Калк ичинде мындай буюмдарга суроо талап күчтүү бойдон калууда. Клубу жок айылдарда активист аялдар жергиликтүү бийликтен имаратты арендага алып, эс алуу борборун ачышкан. Бул жерде маданий жана үй-бүлөлүк иш чараларды өткөрүшөт [8.189].

Ош облусундагы кырдаалды талдоонун натыйжасында облустун калкынын санынын өсүүсү экономикалык өнүгүүгө кыйынчылык келтиргени менен өнүгүүнүн мүмкүнчүлүгүн токтотпойт. Экономикалык өнүгүүнүн реалдуу жолдору калктын санынын өзгөрүүсү менен аныкталбай тургандыгын экономистттер белгилешти [ 9.199].

Жыйынтыктап айтканда, учурда Ош облусу – Кыргызстандагы ири административдик-аймактык бирдик болуп, жети районду камтыйт. Калкынын саны боюнча өлкөдөгү эң чоң облустун аймагы байыртадан дыйканчылыктын жана мал чарбачылыгынын айкалышып өнүккөн аймагы болуп эсептелет. Бул аймакта байыртадан эле отурукташкан жана көчмөн элдердин маданияты жанаша жашап, алардын бирин-бири толуктап туруучу айкалышуусунун негизи калыптана баштаган. Бул айкалышуунун салттары бүгүнкү күнгө чейин сакталып, өнүгүп келе жатат.

Өлкөнү социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү, башкарууну жакшыртуу максатында советтик (1924-ж., 1939-ж., 1959-ж., 1989-ж., 1990-ж.) жана эгемендүүлүк мезгилинде (1992-ж.,1999-ж.,2003-ж.) облустагы административдик-аймактык түзүлүштү оптималдаштырууда маанилүү иштер жасалды.

Азыркы рынок экономикасынын шартында Ош облусу келечектеги өнүгүүсү үчүн негизги фактор катары Борбордук Азиянын башка мамлекеттеринин облус менен чектешкен аймактары менен регионалдык, мамлекет аралык алакалашуу процесстерине активдүү катышуусу зарыл.

Айыл чарба продукцияларын рынок баасында сатууга дыйкандарга мүмкүнчүлүктөрдү ачуу керек. Кошуна мамлекеттер менен соода-сатык экономикалык мамилелерди жакшыртууга терс таасирин тийгизген маселелерди (чек ара, демаркация) чечип берүү менен мамлекет дыйкандардын эмгегин баалоого көмөктөш болуусу керек.

Ош облусунда жакырчылыктын жана жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүү боюнча элдин өз алдынча демилгесин колдогон эл аралык уюмдар менен кызматташуулар бир топ жыйынтыктарды берди. Жеке ишкерлик, фермердик чарбаларды иштеткен адамдар рынок шартына ылайык иштөөнү үйрөнүп калышты. Банктар аркылуу кредиттерди алып жер иштетүү, мал багуу менен алектенгендер арбыды. Ош облусу транспорттук-транзиттик ыңгайлуу абалга ээ болгондуктан транспорттук байланыш, курулуш ишканаларын, логистикалык борборлорду ачууга, жумушчу күчүн пайдаланууга мүмкүнчүлүктөрдү ачуу керек.

## 3.2. Ош облусунун тургундарынын рынок шартына ыңгайлашуусунун өзгөчөлүктөрү

Рынок экономикасына өтүү менен Ош облусунун тургундары жаңы жумуш жана жаңы киреше булактарын издөөгө аргасыз болушту. Көпчүлүк жарандар жеке фермердик жана көмөкчү чарба жүргүзүүгө багытталган, анткени колхоздор менен совхоздордун жерлери, ошондой эле башка мамлекеттик жерлер менчиктештирилип, айыл тургундарына бөлүштүрүлгөн. Көпчүлүк тургундар жаңы шартта майда соода-сатык, таксист жана башка түрлөрү менен жашоого аракеттерди жасашкан. Орус жана башка славян элдери өлкөдөгү өзгөрүүлөрдөн соң өздөрүнүн эртеңки күнү, балдарынын келечеги үчүн тынчсыздануу менен фермердик чарбага өтүүгө жана жалданып иштөөгө даяр эмес экендигин көрсөтүп Кыргызстандан массалык түрдө көчүп кетишкен. Айыл чарба жана өнөр жай

кызмат көрсөтүү системасынын ыдырашы, жарандардын билим деңгээли жакшы болгону менен экономикабыздын келечеги жок экендигин билдирген.

Атайын этносоциологиялык изилдөөнүн жүрүшүндө Ош облусунун шаар жана айыл тургундарынын рынок экономикасына өтүүдөгү кыйынчылыктарын, азыркы рынок шартына адаптацияланышын, жаңы өзгөрүүлөргө болгон мамилесин, көз караштарын изилдедик.

**Таблица 3.7. Кыргызстандын рынок экономикасына өтүүсүнө суралгандардын мамилеси (% менен) [2.11,2.12].**

| Жооптору | Ош шаары | Большевик айылы | Жалпы облус боюнча |
|---|---|---|---|
| Толук колдойм | 32,2 | 30 | 31 |
| Көбүнчө колдойм | 20,0 | 22,4 | 23 |
| Көбүнчө каршымын | 8,7 | 17,8 | 13 |
| Толук каршымын | 4,6 | 5,3 | 6 |
| Айтуу кыйын | 37,0 | 25,00 | 27 |

Эгемендүүлүк шартында учурдагы экономикалык абалыбызга элдин пикирин билүү максатында жогорудагыдай суроо берилди жана облустагы сурамжыланган калктын 31% рынок экономикасына өткөндүгүбүздү толук колдогондугун билдирген. Ош шаарында суралгандардын 32,2 % жана Большевик айылында - 30% толук колдошкон. Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, “айтуу кыйын” деген жоопту Ош шаары боюнча респонденттердин 37% жана Большевик айылы боюнча - 25% тандап алышкан. Жооп бергендердин үчтөн биринен көбү өлкөнүн рынок экономикасына өтүүсүнө бүдөмүк караса, үчтөн бир бөлүгү толук колдогонун билдиришти.

Облустун жаңы рыноктук шартка өткөндүгүнө көз караш респонденттердин билим деңгээлине байланыштуу да өзгөчөлөнөт.

**Таблица 3.8. Кыргызстандын рынок экономикасына өтүүсүнө карата суралгандардын мамилеси (билими боюнча % менен) [2.10].**

| **Билим деңгээли / жооптору** | **Жогорку** | **бүтпөгөн жогорку** | **Атайын орто** | **Орто** | **бүтпөгөн орто** |
|---|---|---|---|---|---|
| Толук колдойм | 30,2 | 9,6 | 13,3 | 23,3 | 6,9 |
| Көбүнчө колдойм | 29 | 12,2 | 6,4 | 22 | 8,09 |
| Көбүнчө каршымын | 28 | 16,7 | 6,3 | 26,04 | 3,2 |
| Толук каршымын | 34,7 | 14,3 | 6,2 | 14,3 | 2,04 |
| Айтуу кыйын | 28,3 | 18 | 14,2 | 22,9 | 2,8 |

Сурамжылоонун негизинде билим деңгээли боюнча рынок экономикасына өткөндүгүн кандай карайсыз деген суроого жогорку билимдүүлөрдүн ичинде толук колдойм деп жооп бергендердин саны 30,2 % түзсө, көбүнчө колдойм деп эсептегендери 28% түздү. Ал эми орто билимдүүлөр - 23,3 %, атайын орто билимдүүлөр 13,3 % түздү. Бүтпөгөн орто билимдүүлөрдүн 2,04% толук каршымын деп жооп беришкен. Жогорку билимдүүлөр рынок экономикасынын мыйзамдарын жакшы түшүнүшүп, өзүнөн өзү түзүлө калган жагымдуу шартты туура жана толук пайдаланганда өсүш мындан да жогору болот болчу деп жооп беришкен.

**Таблица 3.9. Кыргызстандын рынок экономикасына өтүүсүнө карата суралгандардын мамилеси (жашы боюнча % менен) [2.10].**

| Жашы боюнча / жооптору | 16-20 | 21-25 | 26-29 | 30-39 | 40-49 | 50-59 | 60 тан жогору |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Толук колдойм | 21,5 | 22 | 13,8 | 17,03 | 18,2 | 6,6 | 1,10 |
| Көбүнчө колдойм | 20 | 21 | 18 | 15,7 | 12,7 | 9,70 | 3 |
| Көбүнчө каршымын | 23,6 | 19,8 | 17,2 | 9,2 | 15,8 | 10,6 | 4 |
| Толук каршымын | 17 | 22,9 | 17,2 | 17,2 | 8,6 | 14,2 | 2,9 |
| Айтуу кыйын | 21,6 | 25,4 | 10,2 | 17,03 | 15,2 | 9,5 | 3 |

Сурамжылоо материалдарындагы Кыргызстандын рынок экономикасына өтүүсүнө өз мамилесин билдирүү биз иликтеген адамдардын жаш куравтары боюнча айырмаланды. Рынок экономикасына өтүүгө 16-20 жаштагылардын 23,6 % көбүнчө каршымын деп жооп беришкен. Бул жаш курагындагы адамдар билим алып жаткан жаштар. Ал эми 21-25 жаштагылардын 25,4% "айтуу кыйын" деп жооп беришкен. Алардын көпчүлүгү алган квалификациясы боюнча иштей алышпайт, анткени жумуш жок, же окуп жатканда контракт төлөө менен материалдык кошумча кыйынчылыктарга туш келгендер. Улуу муундагы суралгандардын ичинде өзүнүн материалдык абалына топук кылгандар көбүрөөк. Алардын жооптору алган аз нерсени да сарамжал сарптаганга тарбияланган муундун өкүлдөрүнүн көз карашын мүнөздөйт.

**Таблица 3.10. Материалдык абалына мамилеси (жынысы боюнча) [2.10].**

| Жынысы / Жооптору | Аялдар | Эркектер |
|---|---|---|
| канааттанат | 46,9 | 53,2 |
| канааттанбайт | 41,5 | 58,6 |

Жогоруда көрүнүп тургандай, өзүнүн материалдык абалына облустан суралган эркектердин 46,9%, ал эми аялдардын 53,2% ооба деп жооп беришкен. Материалдык абалына канааттанбагандардын көбү сыртта иштеп жүрүшөт. Чарбаны жүргүзүү жана үй-бүлө мүчөлүрүнө кам көрүү көп каражатты талап кылгандыктан суралган аялдардын көпчүлүгү өзүнүн үй-бүлөсүнүн материалдык абалына ыраазы эмес. Ушул эле маселени суралгандардын билим денгээли боюнча талдап көрөбүз.

**Таблица 3.11. Материалдык абалына мамилеси (билим деңгээли боюнча) [2.10].**

| Билим деңгээли | Жогорку | бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | Орто | бүтпөгөн орто |
|---|---|---|---|---|---|

| Жооптору | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Канааттанат | 29,6 | 13,9 | 9,2 | 20,2 | 7 |
| Канааттанбайт | 29 | 13,4 | 11,8 | 25,07 | 3,3 |

Жогорку билимдүүлөрдүн ичинде жашоо абалын жакшы деп баалагандардын саны 29,6% түзсө, начар деп эсептегендери 29 % түздү. Булар негизинен айыл жеринде иштегендер айлык акы алгандар жана кошумча дыйканчылык менен алектенишип, өз аракети менен жакшы жашаган билимдүү адамдар. Жогорку билимдүүлөрдүн ичинде материалдык абалына канааттанбагандары башка шаарларга, мамлекеттерге иштеп келүүгө багытталышкан, анткени тил билишет, мобилдүү, жаңы шарттарга адаптацияланып кетүүгө мүмкүнчүлүктөрү билим деңгээли төмөн тургандарга караганда кенен.

Айыл жана шаарлардын калкынын жашоо деңгээли бирдей эмес. Шаарлар аймактардын экономикалык, маданий, административдик борборлору болуп эсептелет. Шаарларда ишканалар, базарлар, тейлөө борборлору жашоочуларга жумуш орундарын жана жашоо каражаттарын табууга мүмкүндүк берүүдө.

**Таблица 3.12. Ош облусунун тургундарынын өзүлөрүнүн материалдык абалын баалоосу (үй-бүлөлүк абалы боюнча % менен) [2.10].**

| Үй-бүлөлүк абалы / Жооптору | Турмуш кура электер | Үй бүлөлүү | Ажырашкан | Жесир |
|---|---|---|---|---|
| Канааттанат | 43,8 | 49 | 4,9 | 2,5 |
| канааттанбайт | 32 | 54,3 | 8,8 | 5,05 |

Таблица көрсөткөндөй, үй-бүлөлүүлөрдүн 49%ы материалдык абалына канааттанат жана 54,3%ы канааттанбайт. Жашап жаткан материалдык шарттарын суралган үй-бүлөлүү адамдардын жарымынан көбү жакшы деп эсептешпейт. Анткени, балдарды бала-бакчага, мектепке орнотуу, окутуу,

аларга шарт түзүп берүү абдан көп каражаттарды жана убакытты талап кылат. Ал эми турмуш курбагандардын көбү мындай кырдаалдарга кабыла электигине байланыштуу алардын 43,8% канаттанам, 32% канаттанбаймын деп жооп беришкен.

**Таблица 3.13. Үй-бүлөнүн материалдык абалынын өзгөрүшү, % менен [2.11.,2.12].**

| Аймактар / Жооптор | Ош шаары | Большевик айылы | Ош облусу |
|---|---|---|---|
| Начарлады | 16,4 | 28,3 | 23,5 |
| Начарлаган жок | 27,04 | 23,7 | 22,8 |
| Жакшырды | 26,6 | 29,7 | 28,03 |
| Айтуу кыйын | 30,10 | 18,5 | 25,9 |

Ош облусундагы жашоочулардын үй-бүлөсүнүн материалдык абалы акыркы жылдары өзгөргөндүгү жөнүндө жалпы облустун жашоочуларынын ичинен «айтуу кыйын» деп респонденттердин 25,9%, ал эми «начарлады» деп Ош шаарынын тургундарынын 16,4 % жооп беришкен. Большевик айылынын тургундарынын 29,7% турмушу жакшыргандыгын белгилешкен. Айыл жеринде дыйкан чарбаларда эмгектенип, негизги кирешесинен сырткары жалданып башкалардын жерин иштетүү менен каражат тапкандар да аз эмес. Булардын көпчүлүгү көп балалуу жакыр үй-бүлөлөрдүн өкүлдөрү. Мындай учурларда чарбада мектеп жашындагы балдардын эмгеги пайдаланылат. Көпчүлүк респонденттер негизги киреше булагы катары жеке көмөкчү чарбасын көрсөткөн.

**Таблица 3.14. Үй-бүлөнүн материалдык абалынын акыркы мезгилдеги өзгөрүшү (жашы боюнча, % менен) [2.11.,2.12].**

| Жашы боюнча / Жооптору | 16-20 | 21-25 | 26-29 | 30-39 | 40-49 | 50-59 | 60 тан жогору |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Начарлады | 33,9 | 16,8 | 22,7 | 19,6 | 18 | 26,5 | 50,00 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Начарлаган жок | 21,8 | 24,5 | 28,6 | 18,5 | 18 | 26,5 | 25,00 |
| Жакшырды | 21,8 | 28,3 | 31 | 30,5 | 33,8 | 24,6 | 25,00 |
| айтуу кыйын | 22,6 | 30,6 | 17,9 | 31,6 | 30,4 | 22,6 | 0,00 |

Ош облусунун тургундарынын акыркы жылдары материалдык абалы начарлаганын 16-20 жаштагылардын 33,9 %ы билдиришкен, ал эми 50-59 жаштагылардын ичинен 26,5 % “начарлаган жок” деп жооп беришкен. 26-29 жаштагы тургундардын 30,5% материалдык абалдары акыркы жылдары жакшырганын айтышкан, 60 жаштан жогоркулардын көбү суроого жооп берүүдө “айтуу кыйын” деген жоопту тандашкан.

**Таблица 3.15. Ош облусунун тургундарынын материалдык абалынын өзгөрүшү (билим денгээли боюнча, % менен) [2.10].**

| **Билим деңгээли жооптору** | **Жогорку** | **бүтпөгөн жогорку** | **Атайын орто** | **Орто** | **Бүтпөгөн орто** |
|---|---|---|---|---|---|
| Начарлады | 29,8 | 8,56 | 8,00 | 24,00 | 8,00 |
| Начарлаган жок | 30,7 | 11,04 | 12,3 | 23,4 | 4,3 |
| Жакшырды | 29,3 | 19,6 | 9,3 | 16,6 | 5,5 |
| айтуу кыйын | 27,6 | 14,04 | 12,4 | 27,6 | 3,4 |

Суралгандардын билим деңгээли акыркы жылдардагы материалык абалы өзгөргөндүгү боюнча баа берүүдө чоң роль ойнойт. Жогорку билимдүүлөрдүн ичинде материалдык абалы начарлаган жок деп баалагандардын саны 30,7 % түзсө, орто билимдүүлөрдүн 27,6 % “айтуу кыйын” деп жооп беришкен. Булар негизинен туруктуу жумушу бар жарандар. Жогорку билимдүүлөрдүн ичинде материалдык абалын өзгөртүүгө башка топтогуларга караганда мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк.

Ушул эле суроого Ош облусу боюнча өздөрүнүн материалдык абалынын акыркы жылдардагы өзгөрүүсүн суралган үй-бүлөлүүлөрдүн 59%ы “айтуу кыйын” деп билдиришкен. Ал эми ажырашкандардын 8%ы материалдык абалынын начарлагандыгын көрсөтүшкөн. Анын себеби үй-бүлө мүчөлөрүн камсыздоодогу түйшүктөр, керектөөлөр, чыгымдардын көптүгү жана камсыз кылуучунун жалгыздыгы болуп эсептелет.

**Таблица 3.16. Ош облусунун тургундарынын өз материалдык абалын баалоосу (үй-бүлөлүк абалы боюнча, % менен) [2.10].**

| Үй-бүлөлүк абалы / жооптору | турмуш кура электер | үй-бүлөлүү | Ажырашкан | Жесир |
|---|---|---|---|---|
| Начарлады | 40,2 | 45,3 | 8,03 | 6,6 |
| Начарлаган жок | 39,10 | 50,4 | 6,02 | 4,6 |
| Жакшырды | 36 | 51, | 10,4 | 2,6 |
| айтуу кыйын | 36,5 | 59 | 2,7 | 2 |

Ажырашкандар жана жесирлер жалпы калктын азчылыгын түзгөн менен жооп бергендердин ичинен материалдык кырдаалга наразылардын көпчүлүгү ушул топтун ичиндегилер болду.

Демек, бул жооптор социалдык-экономикалык чөйрөдөгү абал жакшы эмес жана анын өнүгүшүндө олуттуу көгөйлөр бар экендигинен кабар берет. Аларды чечүү үчүн бардык ресурстарды жана коомчулуктун, бийлик органдарынын түрдүү деңгээлдеринин күч-аракетин мобилизациялоо зарыл.

Демек, жыйынтыктасак, жалпысынан алганда жүргүзүлгөн этносоциологиялык сурамжылоонун негизинде рынок экономикасына өткөндөн тартып облустун тургундары жаңы турмуштук шартта өзүлөрү да өзгөрүп жаткандыгын белгилейбиз. Алар көптөгөн социалдык-экономикалык маселелерди чечүү үчүн, Кыргызстандын экономикасынын абалын жакшыртуу үчүн багыттуу аракет, билим, убакытты жана ресурстарды туура пайдалануу жана тынымсыз эмгек керек экендигин белгилешти.

Рынок экономикасына өткөндөн тартып облустун кыргыздарынын турмушунда көптөгөн өзгөрүүлөр болду. Экономикалык турмуштун рынок шартына өтүүсү облустун тургундарынын үй-бүлөлөрүнүн материалдык абалынын өзгөрүүсүнө чоң таасирлерди берди. Акыркы жылдардагы өздөрүнүн жашоо шартындагы өзгөрүүлөргө канаттанбаган адамдардын саны эркектердин арасында көп. Жогорку билимдүүлөрдүн арасында рынок шартына өтүүгө каршы пикир билдиргендер жана башка мамлекеттерге барып иштеп келүүгө багытталгандары салыштырмалуу көп.

Жаштардын арасында акыркы жылдары өздөрүнүн материалдык абалы жакшыргандыгын белгилегендер салыштырмалуу көпчүлүктү түздү. Үй-бүлөсүнөн ажырашкан же жесир адамдардын ичинде материалдык шартка, кырдаалга наарaзы болгондор басымдуу. Бул жашоо турмушту жүргүзүү үчүн түйшүк, чыгымдардын көптүгү, камсыз кылуудагы кыйынчылыктар менен байланыштуу.

## 3.3. Облустун калкынын абалы жана анын табигый өсүшүнүн маселелери

Ош облусу калкы боюнча Кыргызстандагы ири административдик-аймактык бирдик. Анын калкынын калыптанышына Фергана өрөөнүндөгү дыйканчылык аймактарынын жакын болушу, шаарлардын сооданын, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү өзүнүн таасирин тийгизген. Дыйканчылыктын, сооданын, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү шаар, кыштактардын пайда болушуна шарт түздү жана ал калктуу пункттарда тургундардын саны мезгилдер аралыгында өсүүнүн үстүндө болгон. Калк негизинен табигый өсүштүн эсебинен көбөйгөн.

Төмөндөгү таблица корсөткөндөй, азыркы учурда Ош облусунун калкы жалпы Кыргызстандын калкынын 21 % түзөт. 1989-жылдан бери Эл каттоолордун материалдары жана 2020-жылдагы статистикалык маалыматтар боюнча облустун калкы 4,4 % көбөйгөн. Бул көрсөткүч башка облустардан бир топ жогору.

**Таблица 3.17. Кыргыз Республикасынын облустарынын калкы [3.22, 19-б.].**

| | 1989-ж. | % | 1999-ж. | % | 2009-ж. | % | 2020-ж*. | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | 4257755 | 100 | 4822938 | 100 | 5 362 793 | 100 | 6 523 500 | 100 |
| **Баткен облусу** | 311761 | 7,3 | 382 426 | 7,9 | 428 636 | 8 | 504000 | 8,2 |
| **Жалал-Абад облусу** | 743279 | 17,4 | 869259 | 18 | 1009889 | 18,8 | 1 169 000 | 19 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ысык-Көл облусу** | 403917 | 9,5 | 413149 | 8,6 | 438389 | 8 | 477 000 | 7,8 |
| **Нарын облусу** | 247931 | 5,8 | 249115 | 5,1 | 257768 | 4,8 | 281 000 | 4,6 |
| **Ош облусу** | **712643** | **16,6** | **943566** | **19,6** | **1104248** | **20,6** | **1368,1** | **21** |
| **Талас облусу** | 192509 | 4,5 | 199872 | 4,1 | 226779 | 4,2 | 255 000 | 4,1 |
| **Чүй облусу** | 796692 | 18,7 | 770811 | 16 | 803230 | 15 | 905 000 | 14,7 |

Калктын санынын динамикасын жана курамын изилдөө социалдык жана экономикалык маселелерди чечүүдө, келечекте Ош облусунун өнүгүүсүн алдын ала илимий болжолдоодо чоң мааниге ээ. Эл каттоолордун аралыгында Ош облусунун калкы сандык жана сапаттык жактан көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бүткүл Союздук Эл каттоо маалыматтары боюнча алсак, 1970-жылы облуста 433029 адам, 1979-жылы 554480 адам, 1989-жылы 712643, 1999-жылы  943566 адам, ал эми 2009-жылы 1104248 адам, 2020- жылы 1 368 100 адам облустун туруктуу калкы катары катталды [3.21,16-17-б., 3.22, 19-б.].

**Таблица 3.18. Ош облусунун калкынын райондор боюнча саны (адам) [3.22.,3.26, 3.38].**

| № | | **12.01.1989.** | **% менен** | **24.03.1999.** | **% менен** | **24.03.2009.** | **% менен** | **01.01.2020** | **%** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Ош облусу** | **712643** | **16,6** | **943566** | **19,4** | **1104248** | **21,6** | **1368100** | **21** |
| 2 | Алай району | 52029 | 7,3 | 65822 | 6,9 | 72170 | 6,5 | 86700 | 6,3 |
| 3 | Араван району | 71214 | 9,9 | 91438 | 9,6 | 106134 | 9,6 | 134800 | 9,8 |
| 4 | Кара-Кулжа району | 61927 | 8,7 | 80252 | 8,5 | 87691 | 7,9 | 99500 | 7,2 |
| 5 | Кара-Суу району | 217575 | 30,5 | 294043 | 31,1 | 348 645 | 31,6 | 440400 | 32,2 |
| 6 | Ноокат району | 143476 | 20,1 | 196486 | 20,8 | 236455 | 21,4 | 296600 | 21,7 |
| 7 | Өзгөн району | 151806 | 21,3 | 193766 | 20,5 | 228114 | 20,6 | 278500 | 20,3 |
| 8 | Чоң-Алай району | 14616 | 2,05 | 21759 | 2,3 | 25039 | 2,3 | 31600 | 2,3 |

Жогорудагы таблица көрсөткөндөй, Ош облусунун 1989-1999-2009-жылдары өткөрүлгөн Эл каттоолорунун жана 2015-2019-2016-2020-жылдардагы демографиялык жылнаамаларынын маалыматтары боюнча райондордогу калктын саны бир кыйла өскөн. 2009-жылы Араван (14696 адамга, 1,3% ), Кара-Суу (54602 адамга, 4,9%), Ноокат (39969 адамга, 3,6%), Өзгөн (34348 адамга, 3,1%) өскөн болсо, 2020-жылы Алай, Кара-Кулжа, Өзгөн райондорунан башка аймактарда, өзгөчө Кара-Суу жана Ноокатта калктын санынын өсүүсү байкалды. Бул райондордо мындай өсүү калктын жашоо - шарттары жана табигый өсүүнүн башка мүмкүнчүлүктөрү менен айырмаланып турат. Облустагы шаардык жана айылдык калктын санын төмөндөгү таблица аркылуу көрүүгө болот.

**Таблица 3.19. Ош облусунун шаар жана айыл калкынын саны (адам) [3.22; 17-б; 3,26; 3.38].**

| **Ош облусу** | **12.01.1989.** | **%** | **24.03.1999.** | **%** | **24.03.2009.** | **%** | **01.01.2020** | **%** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Шаар калкы | 56939 | 7,9 | 63970 | 6,7 | 87824 | 8,6 | 105200 | 7,7 |
| Айыл калкы | 655704 | 92,0 | 879596 | 93,2 | 1016424 | 92,2 | 1262900 | 92,3 |
| Баары: | 712643 | 100 | 943566 | 100 | 1104248 | 100 | 1368100 | 100 |

Облуста 1989-жылга салыштырганда 2009-жылы калктын жалпы санындагы шаардык тургундардын саны 8,6%ды, айылдык калктын саны 92,2%ды түзөт. 1999-жылдагы материалдар боюнча шаардык калктын үлүшүнүн азайышы (6,7%) негизинен өндүрүштүн кыскарышына жана өнөр-жай ишканаларынын жабылышына байланыштуу болгон. 2009-жылда алардын саны ички мигранттардын, айылдык тургундардын эсебинен көбөйгөн.

2020-жылы шаар тургундарынын саны (87824 төн 105200 гө) өскөн менен жалпы калктын ичинде анын үлүшү 0,9 пайызга азайганын көрдүк. Бул бир жагынан ички жана тышкы эмгек миграциясына байланыштуу болсо,

экинчи жагынан кийинки мезгилде (жер жеке менчикке берилгенден соң) түштүктө айыл жерине жайгашуулар да көбөйгөнү белгилене баштады.

Жалпысынан алганда, 1989-жылы шаар калкы катары 56939 адам (7,9%), 1999-жылы 63970 адам (6,7%), 2009-жылы 87824 адам (8,6%), 2020-жылы 105 200 адам (7,7%) катталган. Ал эми айыл калкы 1989-жылы 655704 адам (92,0%), 1999-жылы 879596 адам (93,2%), 2009-жылы 110 044248 адам (92,2%) катталган. Башкача айтканда, 1999-жылга салыштырганда 2009-жылы айыл калкы 136828 адамга өскөн менен анын жалпы облустагы калктын ичиндеги үлүшү 1%га азайган. Мунун себеби – шаар калкынын саны да 1999-жылга салыштырмалуу жогорулаган. Шаар калкы 2009-жылы 23854адамга (1,9%) көбөйгөндүгү байкалса, 2020-жылы 0,09 %га азайды [3.22. 17-б].

2015-жылы Кыргызстандын калкынын саны 6 миллион адамдан ашты. 6 миллионунчу адам Ош шаарында төрөлдү. 2020-жылы Кыргызстандын калкы 6 523 500 адамды түздү [3.22, 21-б.].

Калктын табигый кыймылы төрөлүү жана өлүмдүн айырмасы аркылуу аныкталат. **Төрөлүү** – жалпы калк ичинде балдардын төрөлүүсү жана коомдун жаңы мүчөлөрүнүн пайда болуусу. Төрөлүүнүн деңгээли жана мүнөзү коомдун социалдык-экономикалык абалынан жана түзүмүнөн көз каранды. Балалуу болуунун потенциалдуу мүмкүнчүлүгү катары аялдардын репродуктивдүү абалында көп төрөөсү, балалуу болуунун коомдогу социалдык нормалары, салттар, коомдук ой-пикирлер аркылуу жөнгө салынышы жана социалдык жактан шартталган керектөө системасы аркылуу ишке ашырылып турушу эсептелет.

Жалпы калктын санынын оң динамикасы анын табигый кыймылы аркылуу, башкача айтканда, өлгөндөрдүн санынан төрөлүүнүн саны жогорулаганда ишке ашат. Калктын табигый кыймылына социалдык, экономикалык, укуктук, тарыхый, этномаданий, географиялык, биологиялык шарттар жана коомдук турмушка аялдардын катышуусу, калктын билим жана маданий деңгээли, саламаттыкты сактоонун өнүгүү деңгээли, никеге

туруу курагы, диний ишенимдер, элдик каада-салттар жана миграциялык жүрүмдөр таасирин тийгизет.

Ош облусунун калкынын өнүгүүсүн изилдөөдө 1989-1999-2009-жылдардагы Эл каттоолордун, 1990-2020-жылдардагы демографиялык жылнаамалардын материалдарын жана статистикалык маалыматтарды пайдалануу менен 2 этапка бөлүп карадык:

*1-этап 1991-жылга чейин;*

*2-этап 1991-жылдан тартып, азыркы учурга чейин.*

Биздин изилдөөбүздүн хронологиялык рамкаларына ылайык каралып жаткан экинчи этапта облустун калкынын этностук курамында да бир топ өзгөрүүлөр бар. Эгер 1989-жылы орус этносунун үлүшү 5,7 %ды түзсө, 1999-жылы 3%ды, украиндер 0,7 % жана 0,2 %ды, тажиктер 2,2 % жана 1,6 % ды түзөт. Бул убакыт аралыгында кыргыздардын үлүшү 59%тен 60%ке өскөн болсо, өзбектердин жана башка этностордун үлүшү бир аз кыскарган [8.182].

Экинчи этапта экономикалык турмуштун кескин өзгөрүшү, калктын жашоо деңгээлин төмөндөтүп, демографиялык жүрүмдөргө кескин таасир этти. Бул мезгилде Ош шаарында төрөлүүлөр сезилээрлик кыскарганы байкалды.

*Демографиялык жүрүмдөр экономикалык кубулуштардын жана социалдык-маданий нормалардын татаал өз ара аракеттеринин натыйжасында калыптанган калктын төрөлүү, өлүү, өзүн-өзү калыбына келтирүүсүнө байланыштуу өнүгөт*. Бирок калктын өзүн-өзү калыбына келтирүүсүнө тийгизген экономиканын таасирине коомдогу реакция дароо эле байкалбайт. Анын өнүгүү деңгээли ар түрдүү мамлекеттерде жана ар кайсы убакытта, ар кандай болушу мүмкүн.

Адамдардын жашоо шарты канчалык жакшы болсо, балдарды төрөөгө жана тарбиялоого мүмкүнчүлүктөрү ошончолук жогору болот. Жашоо-шарты жакшы үй-бүлөлөрдө балдардын саны жогору экендигин көптөгөн башка [3.40., 8,182] жана биздин изилдөөбүз да көрсөттү. Кийинки мезгилде

жашоо шарты жакшы, маданий жана билим деңгээли жогору болгон шаар жерлеринде балдардын төрөлүүсү жогору болсо, ал эми айыл жерлеринде салыштырмалуу кийинки учурларда балдардын төрөлүүсү азаюуда [8.182]. Мындай мүнөздүү багыт айыл жериндеги медициналык тейлөөнүн төмөндүгү, шаарларда энелердин төрөшү үчүн шарттар алда канча жакшы экендиги менен түшүндүрүлөт.

Башка көптөгөн изилдөөлөргө таянсак жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети чыгарган статистикалык демографиялык жылнаамалардын маалыматтары көрсөткөндөй, балалуу болууга аялдын билим деңгээли да өз таасирин тийгизет, билим деңгээли канчалык жогору болсо баланы ошончолук аз төрөйт. Билим деңгээли төмөн үй-бүлөлөрдө балдардын саны жогору болот жана мындай көрүнүш өзгөчө элет жеринде көп кездешет. Мисалы, балдардын төрөлүшү 2015-жылдын башталышына 33,1% болсо, 2019-жылдын башталышына 34,3% болгон. Эгер 2018-жылы шаарларда 62046 бала төрөлсө, айыл жеринде 109103 бала төрөлгөн, анын ичинен Ош жана Жалал-Абад облустарында наристелер көп төрөлүүдө [3.21, 29-б.].

Ош облусу калкынын жайгашуу жыштыгы жогору болгон мамлекетибиздин ири экономикалык аймагы болуп эсептелет. Эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып облустун экономикасында, социалдык жана рухий чөйрөсүндө олуттуу өзгөрүүлөр жүрүүдө. Облустагы реформалардын жүрүшүндө калктын санында, түзүлүшүндө жана миграциясында бир топ өзгөрүүлөр катталган.

Ош облусундагы демографиялык жүрүмдөр жана социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр бири-бирине таасирин тийгизет. Калктын социалдык-демографиялык түзүмүнүн өзгөрүүсүнө негизинен төмөндөгү факторлор: физиологиялык (жыныстык жетилүүнүн орточо курагы, тукум улоочулук функциянын өнүгүүсү жана өзүн-өзү жаратуу, калктын картайуусу); экономикалык (өнөр жайдын өнүгүү денгээли жана ИДП (ички дүң продукты), калктын кирешеси, саламаттыкты сактоо системасын

инвестициялоо); демографиялык (калктын жынысы, жаш курагы, миграция, демографиялык түзүм); социалдык, саясий (социалдык түзүлүш, калктын социалдык мобилизациясынын деңгээли, калкты социалдык жактан коргоо, саясий режимдин өзгөчөлүгү, укуктук эрежелер, саясий демографиянын мүнөзү); маданий (динге болгон мамиле, идеология, баалуулуктардын түзүлүшү, каада-салт, үрп-адат) факторлор таасирин тийгизет [4.124.,51-б].

Кыргызстандын шартында Ош облусунда *салттуу көп балалуу болуудан төрөлүүнүн европалык тибине өтүү* экономикага, илимдин өнүгүшүнө, массалык маалымат каражаттарынын таасирине гана байланыштуу эмес, ал үчүн калктын маданий деңгээли, менталитети, жашоо деңгээли сыяктуу объективдүү шарттар да керек. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын медициналык маселелерди изилдөө институтунун иргеме изилдөөсү көрсөткөндөй, барак тибиндеги үйлөрдө жашаган үй-бүлөлөрдө жакшы шарты бар үйлөрдө жашагандарга караганда балдар өлүмү жогору. Шаарларга караганда айылда жашагандарда балдар өлүмү 50%га көп. Шаарда врачтар, орто медициналык кызматкерлер, оорукана орундары менен камсыз болуу ар бир 1000 кишиге эсептегенде айылга караганда 3,5 эсеге жакшы камсыз болгон [8.182, 3-б].

Өткөөл мезгилде облустун калкынын демографиялык өнүгүүсүндө мүнөздүү багыттар пайда болду:

- Шаар калкынын саны өстү;
- Түрдүү курактагы аялдар жана эркектердин саны теңелди;
- Калктын социалдык курамында өзгөрүүлөр болду.

Ош облусунда балдардын төрөлүшү жогору болгону менен калктын башына туура келген кирешенин аздыгы, үй-жай менен камсыз болуунун төмөндүгү, коммуналдык жана транспорттук тейлөөнүн артта калуусу менен айкалышкан.

Мамлекеттик санитардык көзөмөл кызматынын маалыматтары боюнча Кыргызстанын калкынын ичинен 690 миң адам суу түтүктөрү менен камсыз болгон эмес. Облустун айылдарында гана эмес шаарларда да таза суу

маселеси бар. Ош, Кызыл-Кыя шаарларындагы ичиле турган таза суунун булгануусу санитардык нормадан жогору [9.194,7-б.]. Жыл сайын айыл, шаарларда жашоонун баасы өсүп жатат. Облустук статистикалык комитеттин маалыматтары боюнча 1996-жылы жашоонун баасы 48%га жогорулаганда, калктын реалдуу кирешеси 4,1 %га гана жогорулаган, анын 65%ы тамак-ашка кетет. Жыл өткөн сайын калктын буюм-тайым (мебель, тиричилик техникасы ж.б.) алуу мүмкүнчүлүгү азаюуда [8.174].

Айыл калкынын социалдык мүнөздөмөсүнө облус ичиндеги демографиялык өзгөрүүлөр чоң таасирин тийгизүүдө. Анткени айыл калкынын абсалюттук жана салыштырмалуу санынын өзгөрүүсү социалдык-экономикалык, социалдык-демографиялык факторлор менен байланышкан: экономикалык абалдын өзгөчөлүгү, материалдык абалдын деңгээли, миграция, эркек жана аялдар арасындагы жаш курактын айырмасы менен байланышкан. Калкты, анын көйгөйлөрүн илимий жактан изилдөө, мамлекеттик деңгээлдеги программалардын негизги максаты адамдардын жакшы жашоосуна кам көрүү болуп саналат. Себеби адам ресурсу мамлекеттин негизги байлыгы болуп эсептелет.

Борбордук Азия чөлкөмүндө энелердин өлүмүнүн деңгээли жогору турат. Анын 80%га жакыны айыл аймагында катталган. Мындан сырткары өлкөбүздөгү экономиканын туруксуздугу, айлык акынын аздыгы да өз таасирин тийгизүүдө [8.182].

Кыргызстанда башка өлкөлөр сыяктуу эле көптөгөн аялдар маселелери бар. Өлкөдөгү медициналык жактан камсыздоонун, тейлөөнүн сапаты советтик мезгилге салыштырмалуу абдан эле төмөндөп кетти. Бул төмөндөөнүн жыйынтыгында Ош облусунда жаш балдардын өлүмүнүн көрсөткүчтөрү 2011-жылга чейин жогору болгон. Төмөндөгү таблицада облустагы балдардын өлүмү боюнча статистикалык маалыматтар камтылган.

**Таблица 3.20. Ош облусундагы балдардын өлүмүнүн көрсөткүчтөрү [3.32. 17-б,3.34, 34-б, 3.36, 34-б.,3.22].**

| | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баары** | 666 | 614 | **679** | **618** | **568** | **520** | **520** | **419** | **217** | **222** | 117 | 93 |
| Перинаталдык (төрөлгөндөн кийинки) мезгилде пайда болгон айрым абалдар | 327 | 270 | 220 | 172 | 135 | 148 | 124 | 98 | 64 | 83 | 36 | 43 |
| Дем алуу органдарынын оорулары | 194 | 161 | 206 | 192 | 195 | 150 | 138 | 114 | 69 | 53 | 33 | 21 |
| Тубаса аномалиялар | 50 | 81 | 105 | 75 | 90 | 75 | 108 | 93 | 55 | 56 | 32 | 22 |
| Айрым жугуштуу жана мите оорулары | 46 | 49 | 62 | 81 | 47 | 54 | 50 | 41 | 17 | 15 | 5 | 2 |
| Нерв системасынын оорулары | 17 | 11 | 15 | 18 | 23 | 22 | 16 | 23 | 5 | 3 | 1 | - |
| Өлүмдүн тышкы себептери | 27 | 31 | 71 | 80 | 78 | 71 | 84 | 50 | 7 | 12 | 6 | 5 |

Балдардын төрөлүшүн жана алардын өмүрүн коргоону мамлекетте калктын санынын көбөйүүсүнүн негизги индикаторлордун бири катары кароого болот. 2010-жылдан 2020-жылдын аралыгында балдардын өлүмү кыскаргандыгы байкалган. Муну эне жана баланын ден соолугуна кам көрүүнүн күчөшүнүн аз дагы болсо оң натыйжасы катары карасак болот. Балдардын өлүмүнүн себептери негизинен перинаталдык (төрөлгөндөн кийинки) мезгилде пайда болгон айрым кыйын кырдаалдар, тубаса аномалиялар деформация жана хромосомалык бузулуулар, айрым жугуштуу жана мите ооруларына байланыштуу болгон [3.22].

Облуста 1 жашка чейинки жаш балдардын өлүмү жогору. Жыл сайын алардын саны 800дөн кем эмес. Бул көрсөткүч шаарларга караганда айылдарда жогору. Балдар өлүмүнүн негизги себептери: инфекциялык, паразитардык оорулар жана дем алуу органдарынын оорусунан экендиги аныкталган. Төрөлүү жана өлүм жүрүмдөрүндөгү өзгөрүүлөр облустагы калктын табигый кыймылында төмөндөө мүнөздүү багытын пайда кылды.

**Таблица 3.21. Ош облусундагы энелердин төрөт учурундагы өлүмүнүн көрсөткүчтөрү [3.22, 207-б. ] (ар бир төрөлгөн 100 миң адамга карата).**

| | 1995 | 2000 | 2005 | 2010 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Энелер дин өлүмү | 50,9 | 30 | 61,9 | 58,9 | 43,5 | 24,9 | 25,6 | 19,5 | 25,5 | 23,5 |

Таблица көрсөткөндөй, Ош облусундагы энелердин өлүмү 1995-жылы 100 миң төрөлгөндөрдүн санына карата 50,9; 2000-жылы 30 болсо, 2015-жылы 43,4; 2016-жылы 24,9, 2017-жылы 25,6, 2020-жылы 23,5 саны катталган [3.21..207-бет]. Облустагы төрөттөн энелердин өлүмү 1995-жылга караганда, салыштырмалуу 2020-жылы кыскарганын көрөбүз. Энелердин өлүмү өлкөнүн Жалал-Абад (37,2), Ысык-Көл (28,4), Чүй (32,5) облустарында көп катталгандыгын белгилейбиз. Ал эми Нарын облусунда 2019-жылы бул көрсөткүч 16,6, Талас облусунда 16,6, болду [3.22.,207-б.].

Аялдардын төрөттөн каза болуусунун негизги себептеринин бири аялдардын арасында кандын курамында темирдин жетишпегендиги экендиги аныкталган. Төрөт курагында аялдардын 35%ы анемиядан жапа чегет. Буга аялдардын витаминдүү тамактана албагандыгы, жашоо шартынын төмөндүгү таасир этет. Төрөт учурунда канды көп жоготкондон да аялдар каза болууда. Аялдардын өлүмүнүн ар бир үчүнчүсү, өзгөчө айыл жергесинде аз кандуулук менен байланыштуу. Кош бойлуу аялдардын 42%ына фолий кислотасы жетишпейт. Бул дарттын эң негизги себептеринин бири айыл жергесинде жашоо-тиричилик деңгээлинин өтө төмөндүгү болуп саналат. Бир түрдүү тамактануу, ден соолукка пайдалуу азыктардын жетишсиздиги кош бойлуулардын жана бойдогу баланын ден соолугуна терс таасирин тийгизүүдө. 2018-жылы анемия менен оруп катталгандардын саны эркектердин арасында 36,8 миң болсо, аялдардын арасында 80,7 миң болгон [http://www.stat.kg/ru/publications/demograficheskij-ezhegodnik-kyrgyzskoj-respubliki/]. Төрөттөн каза болгон аялдардын бир бөлүгүн дарыгерлердин кароосунда болбогондор жана миграцияда жүргөн аялдар түзөт. Ошондуктан ички мигранттардын учурда жашап жана иштеп жаткан жери боюнча

медициналык кароого алуу маселелерине да мамлекет тарабынан көңүл бурулушу зарыл.

Аялдардын ден соолугунун начарлашы түздөн-түз репродукция функциясына чоң таасирин тийгизет. Көпчүлүк аялдар төрөгөнгө чейин жана төрөгөндөн кийинки сапаттуу кызматтарды, айрыкча квалификациялуу акушердик-гинекологиялык жардамдарды өз учурунда ала алышпайт жана жардам көрсөтүү үчүн керектүү жабдуулардын жоктугу да аялдарды медициналык жактан тейлөөнүн деңгээлин төмөндөтөт. Мындай кемчиликтердин таасиринен Ош облусунда жаш аялдардын өлүмү жогорулап, жетим балдар, толук эмес үй-бүлөлөр сыяктуу көрүнүштөр көбөйүүдө. Энелердин жана балдардын өлүмү ар бир мамлекеттин өз жарандарынын саламаттыгын сактоосунун маанилүү көрсөткүчү болуп эсептелет.

Жашоонун кымбатташы, начар тамактануу калктын ден соолугунун начарлашына алып келди. Турмушу бардар адамдардын тамактануусу жакшы, ал эми жакыр үй-бүлөлөрдө көмүскө, кээ бир жерде ачык эле тамак-аштын жетишсиздиги бар. Ошондуктан айылдарда адамдардын кээ бир бөлүгү оокаттуу жашаган адамдар той, аш берген жерге курсак тойгузуу үчүн барып калгандыгы бүгүнкү күндүн реалдуулугу. Азыркы дүйнөдөгү демографиялык жүрүмдөрдү жөнгө салуу адамдардын ден соолугуна кам көрүү, оору-сыркоолорду, өлүмдү азайтуу, жашоо мөөнөтүн узартууга багытталган.

Шаарлардын азыркы өнүгүүсүндөгү дагы бир өзгөчөлүк – өндүрүштүн начарлашы, шаар экономикасынын заманбап секторлорунун солгун өнүгүшү. Айылдан келген адамдар шаар турмушуна көнүгүшү кыйын, мурда жасап көрбөгөн иштерге үйрөнүүсү талап кылынат. Натыйжада айылдыктар шаарга келип иштегенде шаар экономикасынын эң төмөн оор жана аз эмгек акы төлөгөн чөйрөлөрүндө иштешет. Мындай шартта балдардын төрөлүшүн пландоо кийинки учурларга жылдырылат. Шаар турмушуна адаптациялануу, өз ордун табуу белгилүү убакытты талап кылат.

Ош облусунун урбанизациясынын дагы бир айырмасы – шаарларда жана айылдарда жакыр адамдардын санынын өсүшү. Шаарларда социалдык инфраструктуранын деңгээли айылдарга караганда жогору. Калктын өзүн-өзү калыбына келтирүүсүндө үй-бүлөнүн (микро чөйрөнүн) ролу чоң. Үй-бүлөнүн эң негизги милдети өзүн-өзү жаратуу жана анын ар бир мүчөсүнүн жашоосун камсыз кылуу болуп саналат. Албетте, балдар мында негизги ролду ойношот. Мурда балдардын эмгеги үй-бүлөнүн жашоосунда да маанилүү роль ойносо, кийинки учурда бул багытта өзгөрүүлөр бар. Азыр ата-энелер балдарына билим бергенде шаар жеринде керек болучу компетенцияларды берүүгө аракет кылышат. Ош облусунда 5 жогорку окуу жайларында, анын 12 филиалдарында билим алып жаткан жаштардын саны 2 эсеге өстү [3.38, 58-б.].

Төрөлүүнүн кыскарышына Ош облусундагы урбанизация жүрүмүнүн активдешүүсү да таасир этүүдө. Ош облусунун урбанизациясында бир нече айырмачылыктар бар. Республикада шаардыктардын саны аз да болсо өсүп жатат. Ош облусунда шаардыктардын саны кыскарууда. 2020-жылы – 7,6% [3.22, 19-б.]. Облустун шаарларында шаардык калктын өсүшүнүн негизги фактору айылдан келгендердин санынын көптүгү эмес, табигый өсүш болуп саналат.

Үй-бүлөдөгү балдардын көп болушун аныктоочу негизги критерий өзүнүн турмуштук түгөйүн жана балдарды материалдык жактан камсыздоо мүмкүнчүлүгү, үй-бүлөдөгү балдардын саны тууралуу этностук, коомдук калыптанып калган көз караш болуп эсептелет.

Экономикалык өнүгүү жана калктын санын өстүрүү жүрүмдөрүнүн бири бири менен айкалышта каралбаса, бул облустун жалпы мамлекетибиздин социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө татаал маселелерге алып келиши мүмкүн. Мисалы, экономикалык система киши башына туура келген туруктуу киреше болгон жерде, калктын санына жараша киреше да өскөн жерде  жакшы иштейт. Экономиканын мүмкүнчүлүктөрүнүн да чеги бар. Жакырчылык менен күрөшүү, калктын жашоо деңгээлин көтөрүү үчүн

келечекке багытталган инвестиция менен күнүмдүк колдонуунун ортосунда оптималдуу деңгээлди түзүү керек.

Башка жагынан, калктын саны өсүп жатканда каражаттарды топтоо нормасын ишке ашырууга элдин жашоо деңгээлинин төмөндүгү мүмкүнчүлүк бербейт. Облустун калкынын *үчтөн эки* бөлүгү физикалык жактан жашоо минимумунан бир аз эле жогору деген стандарттар менен жашап жатат. Ош облусунда биринчиден, айылдык калк басымдуулук кылат, ал эми айылдык аялдар шаардын тургундарына караганда көп төрөшөт. Экинчиден, облустун калкынын 95%ын кыргыз жана өзбек калкы түзөт, алардагы орточо төрөлүү деңгээли башка этносторго салыштырмалуу жогору [3.38, 91-б].

Статистикалык материалдар көрсөтүп тургандай, 1995-жылы төрөлүүнүн саны 29,4 миң адам болсо, 2009-жылы облустагы төрөлүүнүн саны төмөндөгөнүн, 2010-жылдан бир аз өскөндүгү байкалат. 2010-жылдан 2017-жылга чейин 7 жыл ичинде жалпысынан облустагы төрөлүү саны өскөн. 2009-жылы 28,9 миң адам, 2010-жылы 31,8 миң адам, 2011-жылы 33,6 миң адам, 2012-жылы 34, миң адам, 2013-жылы 35 миң адам, 2014-жылы 36,8 миң адам, ал эми 2015-жылы 39,1 миң адам, 2017-жылы 35,1 миң адам төрөлгөн. *2020-жылы төрөлүүнүн саны 32,6 миң адамды түзүп, 2015-жылга салыштырганда 6,5 миң адамга азайганын көрүүгө болот [3.21.,3.22 ].*

**Таблица 3.22. Ош облусунун шаарлары, райондору боюнча төрөлгөндөрдүн саны (1995-2020-жылдары) [3.16, 68-б.,3.17,117-б, 3.18, 115-б.,3.19.,3.20.,3.22].**

| | **1995** | **2000** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ош облусу** | **29493** | **22581** | **24229** | **31789** | **33600** | **34450** | **35057** | **36867** | **39188** | **36148** | **35 181** | **35983** | **35305** | **32716** |
| Алай району | 1299 | 1429 | 1738 | 2197 | 2217 | 2263 | 2398 | 2261 | 2405 | 2191 | 2025 | 2152 | 1794 | 1657 |
| Араван району | 463 | 2162 | 2257 | 3078 | 3288 | 3386 | 3546 | 3841 | 3913 | 3577 | 3 764 | 3823 | 3768 | 3790 |

| | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кара-Кулжа району | 2598 | 1871 | 2326 | 2411 | 2425 | 2314 | 2416 | 2370 | 2320 | 2358 | 2 305 | 2083 | 1846 | 1866 |
| Кара-Суу району | 9022 | 6799 | 6857 | 9619 | 10977 | 10930 | 10714 | 11486 | 12846 | 11377 | 12 068 | 11647 | 12106 | 10749 |
| Кара-Суу шаары | 3243 | 991 | 410 | 556 | 587 | 543 | 587 | 530 | 594 | 767 | 1 305 | 580 | 772 | 436 |
| Ноокат району | 6336 | 4924 | 5084 | 6878 | 7150 | 6759 | 7001 | 7783 | 7950 | 7429 | 7 162 | 8158 | 8094 | 7526 |
| Ноокат шаары | - | 25 | 418 | 472 | 366 | 425 | 448 | 405 | 441 | 310 | 443 | 425 | 410 | 470 |
| Өзгөн району | 5250 | 4679 | 5286 | 6850 | 6701 | 5488 | 552 | 5675 | 6114 | 5721 | 6 973 | 7151 | 6858 | 6366 |
| Өзгөн шаары | - | 1011 | 1220 | 1477 | 433 | 1506 | 1598 | 1664 | 1673 | 1539 | 1 778 | 1715 | 1643 | 1049 |
| Чон-Алай району | 641 | 726 | 681 | 756 | 842 | 836 | 829 | 852 | 932 | 876 | 884 | 969 | 838 | 762 |
| Чон-Алай району | 641 | 726 | 681 | 756 | 842 | 836 | 829 | 852 | 932 | 876 | 884 | 969 | 838 | 504 |

Облустун ичинде Кара-Суу районунда төрөлүүнүн саны жогору. Райондун калкы 2010-жылдан, 2020-жылга чейинки аралыкта **75 954 адамга** көбөйгөн. Облуста төрөлүүнүн саны акыркы жылдары азайып бара жатат. Буга рынок шартына адаптациялануу менен жеке ишкердиктин жайылышы, эмгек мигранттарынын сыртка кетүүсү, өлкөдөгү акыркы учурдагы окуялар да таасир этүүдө. Мындан учурдагы төрөлүү жүрүмүндө өлкөдөгү социалдык-экономикалык абал негизги ролду ойнойт деген бүтүмгө келүүгө болот. Бийик тоолуу Чоң Алай районунда төрөлүүнүн саны өскөн эмес. Буга негизги себептер катары аймакта инфраструктуранын жетишсиздиги, климаттын каатчылыгы, жаштардын башка аймакка миграцияга кетип, көбүнесе туулган жерине кайтып келбей жаткандыгы, калктын арасында төрөй турган жаштагы адамдардын азайгандыгынан *табигый өсүштүн* төмөндүгүн белгилесек болот.

Кыргызстандын башка аймактары менен салыштырып караганда Ош облусунда төрөлүүнүн саны республика боюнча жогору болсо, Нарын облусунда төрөлүүнүн саны төмөн экендиги төмөндөгү салыштыруулар менен байкалат. Таблица көрсөткөндөй, Нарын облусунда балдардын

төрөлүшү төмөн экендиги байкалган. 2017-жылдагы, статистикалык маалыматтарга таянсак, төрөлүү боюнча биринчи орунда Ош облусу турган.

**Таблица 4.23 Кыргыз Республикасы боюнча төрөлгөндөрдүн саны, адам менен (2000-2020- жылдар).***

| | **2000** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 47550 | 81055 | 146 123 | 149612 | 154918 | 155520 | 161 813 | 163 452 | 158 160 | 153 620 | 171149 | 173484 | 158112 |
| Баткен облусу | 4577 | 6810 | 13 404 | 13 449 | 13 800 | 14 294 | 14 722 | 15 330 | 14 325 | 13 476 | 14882 | 15480 | 14144 |
| Жалал-Абад облусу | 10417 | 17244 | 28 905 | 30 139 | 30 416 | 30 341 | 31 633 | 31 912 | 29 844 | 29 843 | 31433 | 32251 | 30061 |
| Ысык-көл облусу | 3997 | 6943 | 11 360 | 11 188 | 11 320 | 10 745 | 10 853 | 11 246 | 11 520 | 10 824 | 11 242 | 10557 | 9938 |
| **Нарын облусу** | **3172** | **4845** | **7 183** | **7 203** | **7 114** | **6 906** | **6 634** | **6 536** | **6 858** | **6 410** | **6 622** | **6034** | **5701** |
| **Ош облусу** | **13382** | **18297** | **31 789** | **33 600** | **34 450** | **35 057** | **36 867** | **39 188** | **36 145** | **35 181** | **35983** | **35305** | **32716** |
| Талас облусу | 2227 | 3529 | 6 894 | 7 335 | 7 105 | 6 750 | 6 724 | 6 614 | 6 404 | 6 032 | 6 413 | 6007 | 5785 |
| Чүй облусу | 5037 | 9006 | 20 221 | 20 293 | 21 826 | 21 806 | 22 540 | 22 355 | 22 964 | 21 787 | 24845 | 24617 | 21710 |
| Бишкек шаары | 4741 | 10972 | 20 614 | 20 808 | 22 257 | 22 971 | 24 398 | 22 928 | 22 673 | 22 364 | 27727 | 29625 | 26143 |
| **Ош шаары** | **-** | **3409** | **5 753** | **5 597** | **6 630** | **6 650** | **7 442** | **7 343** | **7 427** | **7 703** | **12 002** | **13608** | **11914** |

******Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитети тарабынан даярдалган аналитикалык материалынан алынды. Кыргызстандын статистикасы. www.stat.kg.*

2020-жылы жалпы республика боюнча 158112 ымыркай, Ош облусунда 32716 ымыркай төрөлүп, катталды.

Калктын кыймылын бир гана төрөлгөндөрдөн эмес адамдардын өлүмүнөн да байкайбыз. **Өлүү -** адамдардын ар түрдүү жаш курагында алардын өмүрүн токтотуп, бир катар өз алдынча жана өз-өзүнчө келген өлүмдөрдөн куралып, реалдуу муундун өлүү тартибин аныктап турган демографиялык жүрүм [4.52]. Төрөлүүдөн айырмаланып, өлүм калктын бардык жаш курактык курамын кучагына алат.

Эгерде төрөлүү жүрүмү социалдык-психологиялык, экономикалык факторлор жана өздүк жүйөлөр менен тыгыз байланышта болсо, анда өлүм

негизинен обьективдүү себептердин таасири менен аныкталат. Башкача айтканда, төрөлүүгө караганда өлүм түздөн-түз социалдык-экономикалык өнүгүүнүн деңгээлинен, материалдык абалдан жана калкты медициналык жактан тейлөөдөн көз каранды.

Кыргызстандагы адам өлүмүнүн көрсөткүчү боюнча алсак, алдыңкы катардагы үч облустун бири Нарын облусу. Ошондой эле, облустардагы жашоочулардын саны айырмалуу болгондугуна карабастан, Чүй (830,7 миң) жана Ысык-Көл (463,9 миң) облустарында миң адамга алганда сегиз адам өлүмгө туш келгендиги эсептелген.

**Таблица 4. 24. Кыргыз Республикасынын облустары боюнча өлгөндөрдүн саны (2000-2020-жылдары). ***

| | **2000** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 18108 | 27475 | 36 174 | 35 941 | 36 186 | 34 880 | 35 564 | 34 808 | 33 475 | 33 166 | 32989 | **33295** | **399779** |
| Баткен облусу | 1214 | 1800 | 2 640 | 2 580 | 2 690 | 2 469 | 2 480 | 2 539 | 2 525 | 2 377 | 2359 | 2357 | 2881 |
| Жалал-Абад облусу | 2650 | 4370 | 5 686 | 5 928 | 5 962 | 5 716 | 5 984 | 6 021 | 5 700 | 5 621 | 5485 | 5687 | 6754 |
| Ысык-Көл облусу | 1843 | 2904 | 3 656 | 3 539 | 3 714 | 3 595 | 3 446 | 3 448 | 3 199 | 3 245 | 3206 | 3259 | 3860 |
| **Нарын облусу** | 919 | 1548 | 2 037 | 2 130 | 2 081 | 2 070 | 2 047 | 2 036 | 1 961 | 1 881 | 1895 | 1925 | 2122 |
| **Ош облусу** | **3536** | **4163** | **6 475** | **6267** | **6 317** | **6 056** | **6 250** | **6 250** | **5 859** | **5 880** | **5749** | **5841** | **7273 (19%)** |
| Талас облусу | 762 | 1150 | 1 580 | 1 545 | 1 541 | 1 501 | 1 561 | 1 457 | 1 438 | 1 394 | 1377 | 1432 | 1813 |
| Чүй облусу | 4015 | 5863 | 7 185 | 7 120 | 7155 | 6892 | 6910 | 6472 | 6 474 | 6 423 | 6497 | 6318 | 7368 |
| Бишкек шаары | 3169 | 4562 | 5 256 | 5 261 | 5 058 | 4 917 | 5 131 | 4 901 | 4 691 | 4 762 | 4815 | 4845 | 5907 |
| **Ош шаары** | - | 1115 | 1 659 | 1 571 | 1 668 | 1 664 | 1 755 | 1 755 | 1 628 | 1 583 | 1606 | 1631 | 1999 |

******Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитети тарабынан даярдалган аналитикалык материалынан алынды. Кыргызстандын статистикасы. www.stat.kg.*

Адам өлүмүнүн эң төмөн көрсөткүчү Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарында белгиленген, түштүк жергесинде миң адамга беш өлгөн адам

туура келет. 2020-жылы Ош облусунда 7273 адам өлгөн жана бул көрсөткүч жалпы республикадагы өлүмдүн 19 %ын түздү.

Төмөндөгү таблицанын материалдары көрсөтүп тургандай, 2016-жылы облус боюнча 5859 адам, 2020-жылы 4182 адам өлгөн. Райондор боюнча эң жогорку көрсөткүч Кара-Суу районунда катталды, 2015-жылы 2046 адам, 2016-жылы 1816 адам өлгөн. 2019-жылы 2016-жылга караганда 183 адамга кыскарган. Ал эми Ноокат районунда 2020-жылы 855 адам жана Араван районунда 431 адам өлгөн. Негизинен, бул райондордо калктын салыштырмалуу салмагы жогору болгонуна карабастан калктын арасында бир топ социалдык-экономикалык абалдын оорлугунан, ооруулардын көптүгүнөн көп өлүм катталды.

**Таблица 4.25. Ош облусунун шаарлары, райондор боюнча өлгөндөрдүн саны (1995-2020-жылдары) [3.16, .3.17,, 3.18, 3.19.,3.20.,3.21.3.22].**

| | 1995 | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | 9215 | 5159 | 5662 | 6475 | 6267 | 6317 | 6056 | 6250 | 6250 | 5859 | 5 880 | 5749 | 5841 | 7273 100% |
| Алай району | 415 | 346 | 456 | 497 | 443 | 486 | 426 | 480 | 302 | 474 | 404 | 461 | 450 | 319 |
| Араван району | 488 | 337 | 406 | 581 | 590 | 619 | 625 | 583 | 612 | 556 | 578 | 594 | 554 | 431 |
| Кара-Кулжа району | 520 | 451 | 529 | 549 | 602 | 541 | 524 | 519 | 540 | 479 | 451 | 459 | 467 | 326 |
| Кара-Суу району | 1712 | 1580 | 1672 | 2122 | 2000 | 2032 | 1875 | 2035 | 2046 | 1816 | 1 895 | 1803 | 1999 | 1324 |
| Кара-Суу шаары | - | 181 | 173 | 217 | 176 | 169 | 130 | 148 | 129 | 157 | 138 | 129 | 143 | 94 |
| Ноокат району | 1016 | 975 | 1080 | 1260 | 1193 | 1079 | 1060 | 1068 | 557 | 1059 | 1 152 | 1088 | 1072 | 855 |
| Ноокат шаары | - | 11 | 159 | 170 | 158 | 119 | 114 | 133 | 59 | 112 | 102 | 95 | 112 | 82 |
| Өзгөн району | 1124 | 1216 | 1257 | 1322 | 1324 | 1041 | 1057 | 987 | 550 | 963 | 1 279 | 1227 | 1176 | 1030 |
| Өзгөн шаары | - | 262 | 323 | 289 | 308 | 281 | 262 | 302 | 169 | 291 | 329 | 264 | 285 | 267 |
| Чон-Алай району | 117 | 108 | 120 | 144 | 115 | 119 | 113 | 109 | 124 | 109 | 121 | 117 | 123 | 86 |

Өлүүнүн эң негизги себептеринин бири болуп оорулар эсептелет. Анын ичинен калктын табигый өзүн-өзү жаратуу жүрүмүнө түздөн-түз өз таасирин тийгизген жыныстык оорулар өзгөчө орунда турат. Ошондой эле, жугуштуу оорулар, жүрөк-кан тамыр оорулары, рак, нерв ооруларын бөлүп кароого болот [3.17, 68-б.].

Жашоо деңгээлинин төмөндөөсүнүн жана акча каражаттарынын жетишсиздигинен тамактануу рациону бузулат. Бул көптөгөн оорулардын пайда болуусуна алып келет. 1990-1995-жылдары республика боюнча дизентерия, холера, грипп, туберкулез сыяктуу жугуштуу оорулар кеңири тараган. Жалпы республикалык эмдөөлөрдү жүргүзүү менен мындай оорулардын андан ары таралуусун алдын алууга мүмкүн болду.

Автомобилдик кырсыктар сыяктуу бөөдө кырсыктардан адамдардын өлүмү көп кездешүүдө. Анын негизги себеби шосселик жолдордун, трассалардын авариялык абалы, ошондой эле айдоочулардын да, жөө жүргүнчүлөрдүн да жол эрежелерин толугу менен сактабагандыгы болуп эсептелет. Муну менен кылмыштуулук да өсүүдө.

Облустун калкынын өлүмүнүн себебин изилдегенде алардын 2016-жылы 3044 адам (51,9%), жүрөк кан тамыр ооруларынан көз жумса, 2020-жылы 1658 адам өлгөн. Бул сандын азайышына кийинки учурда кардиология илиминдеги алдыңкы медициналык технологиялардын, жабдуулардын пайдаланыла башташы, түштүктө “Ош-кардио” ооруканасынын иштей башташы менен да түшүндүрүүгө да болот. 2016-жылы 635 (10,8%) адам жаңы пайда болгон өсүм ооруларынан өлсө, 2020-жылы 329 адамды түзгөн. 2016-жылы 477 адам (8,1%) ар кандай кырсык, өлтүрүп кетүү, өзүн-өзү өлтүрүү, жол кырсыгынан, 380 адам (6,4%) тамак-аш сиңирүү ооруларынан, 154 адам (2,6%) жугуштуу жана мите ооруларынан өлгөндөрү аныкталса, ушул эле көрсөткүчтөр 2020-жылда азайган [3.22,72,73- б.].

**Таблица 3.26. Ош облусундагы өлгөндөрдүн өлүмүнүн негизги себептери боюнча (адам)[3.16,. 3.17, 3.18, 3.19.,3.20.,3.21.,3.22]**

| | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *Бардык себептер менен бардык өлгөндөрдүн саны* | 5159 | 5662 | 6475 | 6267 | 6317 | 6056 | 6250 | 6250 | 5859 | 5 880 | 5224 | 5274 | 7273 |
| *Жүрөк кан тамыр оорулары* | 1997 | 2466 | 3092 | 3135 | 3268 | 137 | 3315 | 3305 | 3044 | 3 132 | 2798 | 2830 | 4201 |
| *Дем алуу органдарынын оорулары* | 1109 | 869 | 758 | 615 | 577 | 534 | 505 | 432 | 454 | 454 | 353 | 383 | 518 |
| *Жаңы пайда болуулар* | 312 | 390 | 451 | 497 | 499 | 519 | 615 | 629 | 635 | 639 | 607 | 653 | 346 |
| *Ашказан оорулары* | 313 | 369 | 443 | 416 | 441 | 481 | 421 | 446 | 380 | 376 | 326 | 319 | 315 |
| *Жугуштуу оорулар* | 360 | 184 | 215 | 210 | 230 | 169 | 186 | 168 | 154 | 175 | 156 | 136 | 513 |
| *Бөөдө кырсыктар, уулануулар жана травмалар* | 392 | 411 | 472 | 541 | 523 | 486 | 512 | 523 | 477 | 451 | 201 | 214 | 123 |

XX кылымдын 90-жылдарынын экинчи жарымында облустун эпидемиялык абалы кызамык, ич келте, кургак учук ооруларына чалдыккандардын, венерологиялык оорулардын көбөйүшү менен мүнөздөлгөн. Көп кездешүүчү оорулардын негизги себептеринин бири калктын, өзгөчө балдар менен аялдардын тамактануу рационунун өтө жардылыгына жана бир түрдүү болгонуна байланыштуу болгон. Ушунун кесепетинен улам бүгүнкү күндө облусубуздагы балдардын жана аялдардын 80%ы анемиядан (аз кандуулуктан) жабыр тартышат. Кош бойлуу кезде пайда болгон ооруулар ымыркайлар өлүмүнүн биринчи себеби болсо, экинчиси баланын тубаса кемтиги көп өлүмгө алып келүүдө. Тубаса кемтик менен төрөлүү Кыргызстанда жыл сайын өсүп жаткандыгын белгилеп кетсек болот. Мындан сырткары өлкөбүздө жаңы төрөлгөн ымыркайлардын өлүмү көбөйдү. Жыл башынан бери 1 жашка чыга элек 1627 наристе чарчап калган. Бул былтыркыга салыштырмалуу көп. Экинчи орунда жүрөктүн кемтиктери турат. Үчүнчү, бет, жаак, сөөк кемтиктери бар. Өлкөдө жылына 158 минден ашык бала жарык дүйнөгө келсе, анын үч миңден ашыгы тубаса кемтик менен төрөлүүдө. Баланын тубаса кемтигинин кесепетинин эң коркунучтуусу

өлүм болсо, экинчиси майып балдардын көбөйүшү, анан албетте ата-энеге түшкөн түйшүк, мамлекетке келген экономикалык чыгым өңдүү жыйынтыктары турат [8.171].

Наристелердин өлүмүнүн негизиги себептери медициналык кызматтардын сапаты гана эмес өлкөдөгү социалдык-экономикалык абалга байланышкан. Бул жөнүндө алыскы аймактардагы айылдарда, өзгөчө ҮДТ/ФАПтарда, ичилүүчү таза суунун түтүктөрү жеткирилбегендиги, балдар бөлүмдөрүндө, анын ичинде реанимациялык бөлүмдөрдө сапаттуу медициналык жабдуулардын жетишсиздиги далилдеп турат, андан тышкары айылдык жолдордун көпчүлүгү шагыл төгүлгөн, бузулган, бул энелердин дарылоо уюмдарынан тез арада жетишин кыйындатат. Ичилүүчү таза суу менен өтө начар камсыз болгон региондордо балдардын инфекциялык жана мите ооруларынан өлүмгө учурашы  Баткен (2010-жылы 7,9 % жана 2011-жылы 10,7%) жана Ош (2010-жылы  8,9 % жана 2011-жылы  7,9 %) облустарында белгиленген.

Ош шаарында балдардын өлүмүнүн көбөйүшү шаардык ооруканаларга алыскы аймактардан оорусу өтүшүп кеткендердин келишине, ошондой эле шаарга көчүп келген калктын көп санынын жашоо шарттарынын начарлыгы менен байланышкан [8.171]. Кыргызстанда 1999-жылы «Ден соолуктун жылы» деп жарыяланган. Саламаттыкты сактоодо азыркы учурда структуралык кайра түзүүлөр болуп жатат, үй-бүлөлүк медицина институту калыптанууда, милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасы киргизилди. Бирок, саламаттыкты сактоону финансылоо али жетишсиз, ушунун натыйжасында, өзгөчө аз камсыз болгон адамдардын ден-соолук абалы начар бойдон калууда.

Экономикалык кризис учурунда саламаттыкты сактоодо мамлекеттик жардам берүү  акырындык менен кыскарып, дарылоо да акы алуу менен өткөрүлүүдө. Дары-дармектердин баасы улам жогорулап жатат. Мунун натыйжасында калктын кедей катмары медициналык жардам алууда чоң кыйынчылыктарга дуушар болууда. Кийинки мезгилде санэпидемия

мекемелеринин иштери өтө солгундап кеткендигине байланыштуу кургак учук, бруцеллез өңдүү социалдык оорулар жылдан-жылга көбөйүп жатат [8.171]. Медицинадагы дары-дармектердин, аппараттардын жетишсиздиги бул багытта медициналык тейлөөнүн алсыздыгына алып келүүдө.

**Таблица 4.27. Кыргыз Республикасындагы облустардын калкынын табигый кыймылы 2020-жыл [3. 22, 104].**

| | **Төрөлүүлөр** | **Өлүүлөр** | **Табигый өсүү** |
|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | **158112** | **39977** | **118135** |
| Баткен облусу | 14144 | 2881 | 11263 |
| Жалал-Абад облусу | 30061 | 6754 | 23307 |
| Ысык-Көл облусу | 9938 | 3860 | 6078 |
| Нарын облусу | 5701 | 2122 | 3579 |
| **Ош облусу** | **32716** | **7273** | **25 443** |
| Талас облусу | 5785 | 1813 | 3972 |
| Чүй облусу | 21710 | 7368 | 14342 |
| Бишкек шаары | 26143 | 5907 | 20236 |
| Баары | 11914 | 1999 | 9915 |

Калктын санынын көбөйүшү Кыргызстандын дээрлик бардык аймактарында белгиленди. Пайыздык көрсөткүч менен алганда Ысык-Көлдө жана Чүйдө калктын саны 2020-жылда 0,1%, ал эми калган аймактарда 0,2% өстү. Ал эми саны боюнча алганда эң жогорку көрсөткүч **Жалал-Абад жана Ош облусунда белгиленип**, 2020-жылы алардын саны **19617** жана **21592 адамга** көбөйдү.

Республикада табигый өсүштүн орточо көрсөткүчтөрү Чүй, Баткен облустарында болгонун көрүүгө болот. Кыргызстандагы калктын табигый кыймылындагы эң төмөнкү өсүштөр Талас, Нарын облустарында байкалган.

Таблицада көрүнүп тургандай, бул мезгилдерде, табигый өсүү төмөнкүдөй абалды көрсөттү: Ош облусу боюнча 1989-жылы табигый өсүү 18210 адамды, 1999-жылы 19822 адамды , ал эми 2009-жылы **18 597** адамды түздү. Он жыл аралыгында (1999-2009-жж.) калктын табигый өсүшү **1225 адамга аз** болгон. 2020-жылы Ош облусундагы табигый өсүш **25, 4** миң

адамды түздү. Мындай көрсөткүчкө облустагы социалдык-экономикалык абал жана миграция таасирин тийгизди.

**Таблица 3.28. Ош облусундагы калктын табигый өсүүсү 1989, 1999, 2009, 2020-ж ж. [3.15 ,3.16, 3.17, 3.18, 3.19.,3.20.,3.21.3.22].**

| | Төрөлүү | | | | | Өлүм | | | | | Табигый кыймыл | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1989** | **1999** | **2009** | **2016** | **2020** | **1989** | **1999** | **2009** | **2016** | **2020** | **1989** | **1999** | **2009** | **2016** | **2020** |
| **Ош облусу** | **22942** | **24979** | 31441 | **36145** | **32716** | **4732** | **5157** | **7014** | **5859** | **7273** | **18210** | **19822** | **24427** | **30286** | **25443** |
| Алай району | 2823 | 1635 | 1893 | 2191 | 1657 | 465 | 376 | 494 | 474 | 544 | 2358 | 1259 | 1399 | 1717 | 1113 |
| Араван району | 2761 | 2224 | 2731 | 3577 | 3790 | 421 | 467 | 555 | 556 | 741 | 2340 | 2294 | 2176 | 3021 | 3049 |
| Кара-Кулжа | 2723 | 2099 | 2395 | 2358 | 1866 | 421 | 471 | 581 | 479 | 552 | 2302 | 1628 | 1814 | 1879 | 1314 |
| Кара-Суу району | 2796 | 7616 | 9150 | 11377 | 10055 | 1635 | 1571 | 1982 | 1659 | 2195 | 1161 | 6045 | 7168 | 9718 | 7860 |
| Кара-Суу шаары | - | - | 634 | 767 | 694 | - | - | 144 | 157 | 151 | - | - | 490 | 610 | 543 |
| Ноокат району | 5685 | 5374 | 6477 | 7429 | 6701 | 755 | 940 | 1201 | 1059 | 1371 | 4930 | 4434 | 5276 | 6380 | 5330 |
| Ноокат ш. | - | - | 486 | 310 | 825 | - | - | 158 | 112 | 130 | - | - | 328 | 198 | 695 |
| Өзгөн району | 6154 | 5392 | 5596 | 5721 | 4673 | 1035 | 1208 | 1410 | 963 | 1077 | 5119 | 4184 | 4186 | 4758 | 3596 |
| Өзгөн шаары | - | - | 1349 | 1539 | 1693 | - | - | 359 | 291 | 364 | - | - | 990 | 1248 | 1329 |
| Чоң-Алай р. | - | 639 | 730 | 876 | 762 | - | 124 | 130 | 109 | 148 | - | 515 | 600 | 767 | 614 |

Өлүмдүн көрсөткүчү 1999-жылы 5157 адам болсо, 2009-жылы 7014 адамды түзүп жогорулаган. 2020-жылы **7273** адамды түздү.

Жогорудагы төрөлүүнүн жана өлүмдүн анализи көрсөткөндөй, калктын жашоо деңгээли, социалдык-демографиялык, маданий факторлор Ош облусунун калкынын табигый кыймылына түз жана кыйыр түрдө өз таасирин тийгизген. Калктын табигый кыймылы эки кубулуш: *төрөлүү жана*

*өлүм* аркылуу ишке ашырылат жана жалпы калктын санынын *динамикасын* аныктоодо негизги ролду ойнойт.

Жыйынтыктап айтканда, Ош облусундагы демографиялык жүрүмдөр жана социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр бири-бирине таасирин тийгизет. Ош облусу өлкөдөгү калкынын санынын табигый өсүшү боюнча жогору аймак болуп саналат. **1989-2020-жылдарда Ош облусунун калкынын саны 4,4 пайызга (655 457 адамга) өскөн.** Табигый өсүш облустун айыл калкында шаардык калкка караганда жогору. *Үй-бүлөнүн орточо көлөмү шаарларда* ***4,6*** *айылда 6 адамды түзүп, башка аймактарга караганда салыштырмалуу чоң.* Социалдык-экономикалык шарттарга эле карабай, элдин маданий баалуулуктарында көп балалуу болуу салты төрөлүүлөрдүн санынын жогору болушун шарттады.

Биз изилдеген жылдарда шаар калкы өскөн менен анын үлүшү башка облустарга салыштырмалуу азыраак (7,7%). Калктын негизги көпчүлүгүн айылдык калк түзөт. Райондордун ичинен Кара-Суу районунда табигый өсүш эң жогору, ал эми калкынын табигый өсүшү эң төмөн район Чоң-Алай району болду. Кийинки учурларда төрөлүүлөрдүн саны азайган.

# IV БАП. ОШ ОБЛУСУНДАГЫ ЭТНОДЕМОГРАФИЯЛЫК ЖҮРҮМДӨР

## 4.1. Облустун калкынын этностук курамынын өзгөрүүсү жана ага миграциянын тийгизген таасири.

Ош облусунун калкынын социалдык-демографиялык жүрүмдөрүн талдоого алаардан мурда анан калкынын өнүгүүсүнүн негизги чоң этаптарына токтолобуз. Калктын санынын динамикасы, этностук курамы, жаш курактык түзүмүндөгү өзгөрүүлөр өлкөнүн аймагында болуп өткөн тарыхый-саясий, социалдык-экономикалык жүрүмдөргө тыгыз байланыштуу.

Көп окуялардын ичинен калктын демографиясына эки окуя: XIX кылымдын экинчи жарымындагы орус колонизациясы жана 1924-1929-жылдары жүргүзүлгөн улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү жана совет бийлигинин улут саясаты чоң таасир эткен.

1876-жылы Россия империясы Кокон хандыгын каратып алгандан кийин кыргыздар орус букаралыгына өткөн. Кокон хандыгы жоюлгандан кийин анын аймагында Түркстан генерал губернаторлугуна караштуу Фергана областы түзүлгөн. Падыша өкмөтүнүн аймактык-администрациялык бөлүштүрүү саясатынын натыйжасында кыргыз жери Ош, Анжиян, Наманган, Маргалаң, Кокон, Токмок, Ысык-Көл, Олуя-Ата, Кожент өңдүү уезддердин курамында туруп, бул уезддер өз кезегинде Сыр-Дарыя, Жети-Суу, Самарканд, Фергана областтарына караган. 1897-жылдагы бүткүл россиялык эл каттоонун маалыматтары боюнча Ош уездинде 126689 кыргыздын 65,8%ы отурукташып жашаган [7.164]. Дыйканчылыктын, сооданын, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү кыштак, шаарлардын пайда болушуна шарт түздү. Калк негизинен табигый өсүштүн эсебинен көбөйгөн, бирок башка жактан көчүп келишкен. Кыргызстандын түштүгү Россия империясына каратылгандан кийин Түркстан крайында 80дей орус кыштактары пайда болгон. Сүлүктү жана Кызыл-Кыя көмүр кендеринде иштөө үчүн славян тилдүү этностор келишкен. Октябрь революциясынан кийин жумушчулар менен адистер айрыкча көп келе баштаган. Муну менен областта экономиканын, айрыкча кен казуу өнөр жайын тез өнүктүрүүнүн жана социалдык-маданий милдеттерди чечүүнүн зарылдыгы талап кылынган. 1897-жылдагы бүткүл россиялык эл каттоонун маалыматтары боюнча Кыргызстандын түштүгүндө кыргыздар калктын 38%ын түзгөн [4.112.,41-б].

Октябрь революциясынан кийин 1924-жылы “улуттук мамлекеттерди түзүү” саясатынын натыйжасында Кара-Кыргыз автономиялуу облусу түзүлүп, бир жылдан кийин борбору Фрунзе шаары болуп, Кыргыз автономиялуу облусуна өзгөртүлгөн. Бул окуядан кийин азыркы Кыргызстандын террриториясында аймактык административдик башкаруу

системасынын, транспорттук байланыштарынын, шаар-кыштактардын калыптанышы жана өнүгүшү башталган. 1920-1930-жылдарда калктын курамында кыргыздардын саны кыскарган. 1926-жылга салыштырмалуу (669 миң адам, 67%) 1939-жылы Эл каттоо (754 миң адам, 52%) боюнча кыргыздардын саны 12%га кыскарган. Бул ошол жылдардагы индустриялаштыруунун учурунда өнөр жай ишканаларын куруу жана иштетүү үчүн көчүп келген славян этносторунун көбөйүшү, алардын жалпы калктын арасындагы үлүшүнүн өскөндүгү менен да байланыштуу.

Кыргызстандын, анын ичинде Ош облусунун этностук картасындагы өзгөрүүлөр 1936-жылдан кийин да уланган. Чыгыштагы жүз миңдеген корейлер Орто Азияга көчүрүлгөн. 1941-жылы Волга боюндагы 1 миллион немецтер Сибирге, Орто Азияга депортацияланган. Бул жүрүмдөр 1946-жылга чейин бир нече этап менен жүргөн. Германия тарабынан оккупацияланган территориялардан украиндердин, белорусстардын, орустардын көчүрүлүшү, өнөр жай ишканаларынын көчүрүлүшү менен бир убакта жүргүзүлгөн.

Ош облусунда татарлардын саны 1926-1939-жылдарда 12,3%га көбөйгөндүгүн мамлекеттин туташ сабатсыздыкты жоюу, агартуучулук иштерди жигердүү жүргүзүүсү менен байланыштырууга болот.

1943-1944-жылдары (карачай, чечен, крым татарлары, ингуштар), андан кийин Грузиядан түрк-месхеттер, күрттөр, азербайжандар Орто Азияга көчүрүлгөндө Кыргызстандын түштүгүнө да отурукташып калышкан. 1956-жылдан кийин (КПССТин XX съездинен кийин) крым татарлары, немецтер, түрк-месхеттерден башка депортацияланган этносторго ата-бабаларынын жерине кайтууга уруксат берилген.

Кыргыз автономиялуу областында 1926-жылы кыргыздар 66,8%ды, өзбектер 11,1%ды, орустар 11,8%ды, татарлар 0,5%ды, казактар 0,2%ды, украиндер 6,5%ды түзгөн.

Ош облусунда 1959-жылы калктын 45,5%ы кыргыздар, 24,3%ы өзбектер, 14,1%ы орустар болгон. 1979-жылы облустагы 147 2302 адамдан

турган жалпы калктын ичинде кыргыздар 54,7%ды, өзбектер 27,1%ды, орустар 8,9%ды, татарлар 2,7%ды, тажиктер 1,5%ды, украиндер 1,3%ды түзгөн, ал эми калганы башка улуттун өкүлдөрү болгон [3.23.51-б.].

XX кылымдын 60-жылдарында кыргыздарда демографиялык “секирик” процесси жүргөн. Республика демографиялык өткөөлдүн биринчи этабына (демографиялык өзүн өзү жаратуунун салттуу тибинен азыркы тибине) өтүү башталган. Табигый өсүштүн жогору болушу эң биринчиден облустун калкындагы өлүмдүн кыскарышы менен (айрыкча балдар арасында) байланыштуу. Кыргыздардын саны жана алардын жалпы калктын курамындагы үлүшү да өскөн (Тиркеме №2).

Шаардык кыргыздардын саны төмөн боюнча калган. 1970-жылы алар облустагы бардык шаар калкынын 18%ын, бардык кыргыздардын 10,7 %ын түзгөн. 1979-жылы бул көрсөткүчтөр 23% жана 12% болгон [8.182]. Калктын кийинки жылдардагы өнүгүүсүндө табигый кыймылдын мааниси жогорулап, облустун калкынын саны өскөн.

Демек, 1926-1970-жылдар арасында Кыргызстандын калкынын саны өскөндүгүн көрдүк. Бирок республиканын этносторунун санынын эволюциясы бирдей эмес. Кыргыздардын саны республика боюнча 1939-1959-жылдары 11%га кыскарган. Индустриялаштырууга байланыштуу жумушчу жана инженердик кадрлардын сырттан миграцияланганы буга себеп болгон. Орус жана дунган этносунун саны ушул эле жылдар аралыгында 3,7%га жогорулаган. Дунгандарда табигый өсүштүн жогорулашы алардын тез көбөйүүсүнө шарт түздү (Тиркеме№2).

Жогорудагы маалыматтарды кыскача талдоо менен 80-жылдардын аягында, эгемендүүлүктүн алдында өлкөдө татаал демографиялык абал түзүлгөндүгүн көрүүгө болот. Калктын этносоциалдык, этнорегионалдык дифференциациясы, айылдардагы оор экономикалык шарт, жумушсуздук облустун демографиялык картинасына терс таасирин тийгизди. Калктын сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрүндө, аймактык жайгашуусунда трансформациялар болду.

Кыргызстандын региондордо жашап жаткан калкынын курамы бирдей эмес. Демографиялык жактан жаш этносторго кыргыздар, түрктөр, өзбектер, тажиктер, дунгандар, уйгурлар кирет. Ал эми демографиялык жактан картайып бара жаткандарга орустар, татарлар, украиндерди киргизүүгө болот. Аларга жакын немецтерди, корейлерди кошсок болот. Ортолук абалды казактар жана башка этностор ээлейт.

Ош облусунун калкы көп улуттуу. Облуста 80 ашуун улуттардын өкүлдөрү жашайт. Миграциялык агымдардын жана калыптанган демографиялык абалдын натыйжасында акыркы отуз жылдай аралыкта облустун калкынын улуттук курамы бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болду.

**Таблица 4. 29 Ош облусунун калкынын этностук курамы [3.21., 3.22. 101-б.3.26.3.38].**

| Улуттар | 1989 | % | 1999 | % | 2009 | % | 2020 | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы калк. Анын ичинде: | 712643 | 100 | 943566 | 100 | 1104248 | 100 | 1368100 | 100 |
| **Кыргыздар** | **467612** | **65,6** | **647422** | **68,6** | **758036** | **68,6** | **937 116** | **67,3** |
| **Өзбектер** | **205858** | **28,9** | **261776** | **27,7** | **308688** | **27,9** | **407270** | **29,3** |
| **Орустар** | **8501** | **1,1** | **2721** | **0,2** | **1552** | **0,1** | **1074** | **0,08** |
| Татарлар | 3616 | 0,5 | 1955 | 0,2 | 1337 | 0,1 | 1089 | 0,08 |
| Украиндер | 1625 | 0,2 | 360 | 0,03 | 126 | 0,01 | 27 | 0,002 |
| Уйгурлар | 6350 | 0,9 | 9420 | 0,9 | 11181 | 1,01 | 15354 | 1,1 |
| Тажиктер | 4376 | 6,1 | 5443 | 0,57 | 6711 | 0,6 | 8532 | 0,61 |
| Түрктөр | 5883 | 0,8 | 9215 | 0,9 | 10934 | 0,9 | 13796 | 1 |
| Азербайжандар | 5660 | 0,8 | 2875 | 0,3 | 3224 | 0,29 | 4227 | 0,3 |
| Корейлер | 156 | 0,02 | 49 | 0,005 | 47 | 0,004 | 42 | 0,003 |
| Казактар | 504 | 0,07 | 572 | 0,060 | 493 | 0,043 | 542 | 0,04 |
| Күрддөр | 335 | 0,04 | 280 | 0,02 | 287 | 0,02 | | |
| Немецтер | 83 | 0,01 | 12 | 0,001 | 15 | 0,001 | 13 | 0,001 |
| Башкырлар | 279 | 0,03 | 132 | 0,1 | 73 | 0,006 | | |
| Армяндар | 445 | 0,06 | 15 | 0,001 | 10 | 0,001 | 9 | 0,001 |
| Дунгандар | 509 | 0,07 | 676 | 0,07 | 793 | 0,07 | 981 | 0,07 |
| Кытайлар | 1 | 0,0001 | 1 | 0,0001 | 100 | 0,009 | | |
| башка улуттар | 124 | 0,01 | 29 | 0,005 | 73 | 0,006 | 1409 | 0,1 |

Таблицада көрүнүп тургандай, кыргыздар 1989-жылы 467612 адам (облустун калкынын 65,6%ы) болсо, 1999-жылы 647422 адамды (68,6%), ал эми 2009-жылы 758036 адамды (68,6%) түздү. Демек, 1989-жылга карата 1999-жылы 179810 адамга (3%) өстү, ал эми 2009-жылы 1999-жылга карата 160682 миң адамга өстү, бирок облустун жалпы калкынын курамындагы үлүшү өзгөргөн жок.

2020-жылы кыргыздардын үлүшү облустун калкынын ичинде 1,3 пайызга азайса, өзбектердин үлүшү 1,4 пайызга, тажиктердин үлүшү 0,01, уйгурлар 0,1, түрктөр 0,1 пайызга көбөйгөн. Негизи акыркы статистика комитетинин маалыматтары көрсөткөндөй көп этностуу Ош облусунун калкынын этностук курамында кыргыздардын саны кыскарып, башка этностордун саны өскөнүн белгилейбиз. Мисалы, башка улуттар мурда 0,006 пайызды түзсө азыр 0,1 пайызды түзүп саны 2009-жылга салыштырмалуу бир топ өскөн. Өзбектер 1989-жылы 205858 адам (28,9%) болсо, 1999-жылы 261776 адамга (27,7%), 2009-жылы 308688 миң адамга (27,9%) жогорулаган жана 2021-жылы облустагы жалпы калктын 29,3%ын өзбектер түзүп, 2009-жылга караганда 1,4 %га көбөйгөн. Орус улутундагылар 1989-жылы 8501, 1999-жылы 2721, 2009-жылы 1552 адамды түзүп, жыйырма жыл аралыгында 6949 адамга кыскарган, алардын жалпы санынын аздыгын эске алганда бул абдан эле чоң цифра. 2009-жылы облустун калкынын курамында орустар 0,1 %ды түздү. Ош облусунда славян тилдүү этностордун саны кескин азайды. Мындан тышкары эки жолу өткөрүлгөн Эл каттоонун маалыматтарына караганда Ош облусунда кытай улутундагылардын саны жылдан жылга өсүп жатканын көрүүгө болот, 1999-жылы 1 кытай катталса, учурда 100 кытай улутунун өкүлдөрү расмий түрдө катталган, кийинки демографиялык жылдык басылмада алар жөнүндө жана кээ бир башка улуттар (күрддөр, башкырлар) жөнүндө маалыматтар берилген эмес, балким алар башка улуттар деген градацияга киргизилген болушу да мүмкүн. Алардын

көпчүлүгү соода, жол курулуш ишканаларында иштегени келип, облуста жашап калгандар болуп эсептелет [3.21, 101-б; 3.22].

Ош облусунун калкынын курамында кыргыздардын, өзбектердин, уйгурлардын арасында табигый өсүүнүн бийиктиги байкалган. Бул алардын үй-бүлөлөрүндө үйлөнүүлөрдүн жогорулугуна жана үй-бүлөлөрдүн көп балалуулугуна байланыштуу. Ошентип, кыргыздардын ичинен эмгекке жарамдуу курактагы жаштагылар 49 %ды, ал эми эмгекке жарамдуу куракган ашкан жаштагы адамдар 6%ды түзөт. Өзбектердин ичинен эмгекке жарамдуу курактагылар калктын 42%ды жана эмгекке жарамдуу курактан жогорулар 7%ды түзөт [3.21].

Татар, орус, украиндердин орточо курагынын жогорулугу же карылардын санынын көптүгүн жаш адамдардын жана балалуу үй-бүлөлөрдүн эмиграциясына байланыштырууга болот. Советтер Союзунун тарашы жана эгемендүү республикалардын түзүлүшү менен славян жана башка этностордун өкүлдөрү өздөрүнүн тарыхый мекендерине кайтып кетишти.

Жыйынтыктап айтканда, чейрек кылымдан көп убакыттан бери, 1989-жылдагы жана 2009-жылдардын аралыгында өткөрүлгөн Эл каттоолордун материалдары боюнча Кыргызстандын түштүгүндөгү Ош облусунун калкынын табигый өсүүсү республика ичинде бийик боюнча калууда. Кээ бир этностордун, атап айтканда, славян тилдүү калктын санынын азайгандыгы байкалды. Этнодемографиялык абалды талдоодо Ош облусунун калкынын өнүгүүсүнө таасир этүүчү этностордун 2 тобун айырмалоо мүмкүндүк болду. Биринчи топко эгемендүүлүк жылдары саны өскөн этностор: кыргыздар, өзбектер, түрктөр, уйгурлар, тажиктер, дунгандар кирсе, экинчи топко саны азайган этностор: орустар, украиндер, татарлар, армяндар кирет.

Эл каттоолор аралыгында Кыргызстанда орустардын саны кыскарганы байкалган. 1999-жылы Кыргызстан боюнча алардын саны 14 % болсо, 2009-жылда 8,3%ды, 2020-жылы 5,3%ды түзүп калды. Ош облусунда алардын

саны бат кыскарды. 1999-ж алардын саны 0,2 % болсо, 2009-жылда 0,1 %ды, 2020-жылы 0,08 %ды түзүп калды [3.22, 101-б.]. Эң чоң абсолюттук кыскаруу орус этносунун өкүлдөрүндө байкалган. Ош облусунда ушундай эле темп менен кыскарган этностун өкүлдөрү: украиндер, хемшилер, армяндар, татарлар, башкырлар болду. Облустагы этнодемографиялык жүрүмдөр акыркы жылдардагы социалдык-экономикалык, саясий шарттарга ылайык өзгөрүүдө. Ош облусунун калкынын курамында кыргыздардын санынын азайышы тышкы эмгек миграциясы жана өлкөнүн түндүк облустарына жылуу менен тыгыз байланыштуу.

Ош облусунун калкынын өнүгүүсүнө этностор ортосундагы мамилелердин да таасири чоң. Этностор аралык мамилелердин абалын 1990-жылы 4-июнда Ош, Өзгөн жана 2010-жылдын май айындагы Ош, Жалал-Абад шаарларындагы этностор аралык кандуу кагылыштар татаалдаштырды. Эгемендик жылдарында, негизинен, улуттук мамилелер жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу боюнча аздыр-көптүр иштер аткарылган. “Кыргызстан–жалпыбыздын үйүбүз” саясаты, негизин Кыргыз Республикасында жашаган этникалык азчылыктын улуттук-маданий борборлору түзө турган Кыргызстан Эл Ассамблеясын түзүү Кыргызстанда жашаган улуттардын ортосунда гармониялык мамилелерди түзүүдө оң роль ойногон менен улуттук мамилелер жаатында мамлекеттик саясат терең ойлонулбаган жана системалуу жүргүзүлбөгөн. Татаал коомдук-саясий кырдаалдын жалпы фонунда улутчулдук мүнөздөгү өзбек коомчулугунун лидерлери өлкөдөгү баш аламан абалдан пайдаланып, өздөрүнүн алдын ала коюлган мүдөөлөрүн ишке ашырууга оңтойлуу учур келгенин өз ара кеңешип, талылуу деп эсептелген улуттук маселелерди атайын козутуп, жалпы элдин көңүлүн буруууга кылган аракеттери этностук конфликтке алып келген.

Ош жана Жалал-Абад шаарларында, Ош жана Жалал-Абад облустарында бир нече күнгө созулуп, кан төгүүлөр менен коштолгон масштабдуу кагылыш илгертеден бирге жашап келген кыргыздарга да,

өзбектерге да айтып бүткүс азап, арылбас кайгы-муңду, этностук мамилелерде маселелерди алып келди [8.179].

Бул окуянын журүшүндө өлкө чоң экономикалык жоготууларга кабылып, элдин стабилдүү, тынч жашоосуна кедерги болду. Баш аламандыктардын тушунда жана кийин Ош шаарынан, Ош жана Жалал-Абад облустарынан 75000 качкын Өзбекстанга өтсө, он миңдеген кыргыздар республиканын түндүгү жана тоолуу аймактарына жер которууга аргасыз болушту. Башка өлкөлөргө, өзгөчө Россияга 38 213 адам чыгып кеткен жана алардын басымдуу бөлүгү өзбек улутундагылар болуп саналат. Окуянын кесепетинен Түштүктө 84 289 иш орундары бош калган [4.101].

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргызстан элдеринин баш кошуп алакалашуусу жана улут мамилелеринин камыр-жумур болуусу үчүн этникалык саясаттын негизинде Концепция менен программаны кабыл алып, аны ишке ашыруу жолунда иштеп жатат. Ош окуясын себеп, натыйжаларын изилдеген Мамлекеттик комиссия түштүк облустарынын алыскы тоолуу райондорунун жашоо шартын жакшыртуу максатында социалдык-экономикалык жактан комплекстүү өнүгүү үчүн узак убакытка созулган Мамлекеттик программа кабыл алуусу керек экендигин белгилеген. “Региондорду өнүктүрүү жана санариптештирүү жылы деп жарыяланган жылдары бул иштер жүзөгө ашырылып жатты. Бирок комиссия белгилеген жана сунуштаган Өзбекстан жана Тажикстан мамлекеттери менен болгон чек араны делимитация, демаркациялоо иштери дагы деле жүргүзүлө элек. Кыргызстандагы элдердин баш кошуп алакалашуусу үчүн мамлекеттик тил боюнча Мамкомиссия этникалык азчылыктардын өкүлдөрүнө мамлекеттик тилди үйрөнүүгө кызыкчылыктарды күчөтүү боюнча сунуштарды берип, анын үстүнөн иштөөсү зарыл. Жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, өзүн-өзү башкаруу органдарына, Өкмөткө караштуу архитектура жана курулуш Мамлекеттик агентттиги шаарлар менен отурукташкан конуштардын генералдык планын түзүүдө улуттардын баш кошуп алакалашуу муктаждыктарын эске алуусу азыркы учурда деле

актуалдуу, анткени аралашып жашоого өзбек этносу дагы деле кооптонуу менен карайт. «Кыргызстан элинин Ассамблеясы”, “Президенттин Администрациясындагы этностор аралык мамилелер бөлүмү” учурда этностор аралык мамилелерди жакшыртуу, өнүктүрүү боюнча абдан маанилүү иштерди жүргүзүүсүн улантуусу жана күчтөндүрүүсү зарыл.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык, этнодемографиялык өнүгүүсү үчүн актуалдуу социалдык маселелердин бири – бул экономикалык көйгөлөрдүн негизинде келип чыккан миграциялык жүрүмдөр. Мамлекетибизде, ошондой эле, Ош облусундагы саясий, социалдык-экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө терең өзгөрүүлөр болуп, бул көрүнүш элдин басымдуу бөлүгүнө, тактап айтканда, эмгекке жарамдуу калкка таасирин тийгизүүдө.

Кыргыз Республикасы, мурдагы советтик өлкө катары, калктын эл аралык миграциясына да активдүү катышуучу болуп калды. Калктын чет өлкөгө тынбай жумуш жана туруктуу жашоо максаттарында көчкөндүгүнөн улам, республикада анын ичинде, биз изилдеген облуста, жыл сайын миграциянын тескери сальдосу катталууда. Шаар калкынын кыскарышына миграциянын да таасири чоң. Облустагы Ош, Өзгөн шаарларындагы 1990-жылдагы этностор аралык конфликт, СССРдин кулашы, Тажикстандагы жарандык согуштун таасири менен славян тилдүү жарандарыбыздын көбү өздөрүнүн тарыхый этностук мекенине кайтышты.

Ош облусунун статистикалык башкармалыгынын маалыматтары боюнча 1989-жылы облустан 22 752 адам кетсе, 17 072 адам келген, азаюу 5680 адамды түзгөн, 1990-жылы миграциянын терс сальдосу 10 351 адамды түзгөн. 1991-1996-жылдары сырттан 22 253 адам келген, 69 970 адам чыгып кеткен. Терс сальдо 47 717 адамды түзгөн. Мындайча айтканда, облус орточо эсеп менен бир райондун калкынан ажыраган [4.110].

Башка республикага көчүүгө байланыштуу өзбектер 11 978 адамга, орустар 23 450 адамга, татарлар 81137 адамга, тажиктер 1155 адамга,

казактар  178 адамга азайган. Кыргыздардын саны башка республикалардан келген этникалык кыргыздардын саны менен 2369 адамга көбөйгөн. Ушул жылдары республиканын өкмөтү жөнгө салуу аракеттери менен миграцияны бир аз басаңдатты. 1997-жылы кеткендердин саны 699 адамды түздү. Бул 1996-жылга салыштырмалуу 2285 адамга аз кетти дегенди билдирет [3.26,]. Андан кийинки мезгилде да миграция жүрүмдөрү уланып жатат.

Бүгүнкү күндө Ош облусунун ар бир экинчи үй-бүлөсү миграцияга кандайдыр бир себептер менен кабылууда жана ага түздөн-түз байланышы бар. Муну биздин этносоциологиялык материалдарыбыз көрсөттү [2.10]. Негизги себептери катары калктын турмуш деңгээлинин төмөндөшү, жумушсуздуктун жогорулоосу, социалдык коргоонун жоктугу жана башка себептер болуп келүүдө. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында орустар, немистер, еврейлер жана башка калктын өкүлдөрү тарыхый мекенине кетишкен. Миграциянын туу чокусу 1991-1993-жылдарга туура келет, алар туруктуу жашоо үчүн же жумуш издеп облустан чыгып кетишкен [3.26,]. Ал мезгилдеги жана учурдагы миграциялык жүрүмдөр облустагы демографиялык кырдаалга да өз таасирин тийгизүүдө.

Облустагы миграциялык абалды изилдөө үчүн этносоциологиялык сурамжылоо стационардуу пункттар Ош, Кара-Суу шаарларында, Большевик айылында жүргүзүлдү. Облустун калкынын тышкы эмгек миграциясынын эң негизги себеби экономикалык кыйынчылыктар экени изилдөөдө дагы бир ирет тастыкталды. Жер үлүштөрүнөн түшкөн киреше калкты толук камсыздай албай келет. Ошондуктан, элдин көпчүлүгү башка мамлекеттерге кетишкен жана кетишүүдө. Эң негизгиси, бүткүл Кыргызстандагы абал сыяктуу эле жаштар башка облустарга жана мамлекеттерге кетүүдө жана 16-25 жаштагы сурамжылангандардын жарымынан көбү башка жактарга кетүүнү каалашкандыгы аныкталды.

Кара-Суу районунун жашоочуларынан башка жактарга кеткиси келгендердин 61,4%ы анын себеби катары жумушсуздукту көрсөтүшсө, 16,8

%ы үй-бүлөлүк абалын, 4,9 %ы төмөнкү жашоо деңгээлин, 0,1%ы окууну, 9,9%ы экономикадагы туруксуздукту, 4,9%ы улуттар аралык мамилени, 0,9%ы турак-жайынын жоктугун көрсөтүшкөн. Демек, миграциянын негизги себеби жашоо-турмуштун кыйынчылыгы жана оорлошу болуп эсептелет.

Бул жердеги сурамжылангандар миграцияга кетүүгө эң биринчиден экономикалык себептер таасир этип жатканын көрсөтүшкөн. Көпчүлүк мигранттар аябай чоң суммадагы каражат керектелүүчү салттык иш-чараларды (той, аш ж.б.) өткөрүү үчүн да каражат чогултканы кетишет. Ар түрдүү субаймактардагы кыргыздардын социалдык турмушу ар түрдүү. Тоо этектериндеги райондордо мал чарбачылыгын жүргүзүүгө ыңгайлуу болгондуктан кийинки учурда майда жана ири мүйүздүү малды багуу жайылып бара жатат.

Миграциянын себептери жөнүндөгү суроого жооптор суралгандардын жынысы жана башка демографиялык белгилери боюнча айырмаланат. Жашоо шарттарынын төмөн деңгээлине байланыштуу аялдардын 58,8 %ы жана эркектердин 41,1%ы жумуш издеп кетүүнү каалашат. Жогорудагы жүйөнү аялдардын басымдуу көпчүлүгү тандап алышкан.

16-20 жаш курактагы жаштар кетүү себептери (мотивдери) катары окууну жана жумушсуздукту көрсөтүшкөн. Бул эки себепти тандап алгандардын саны бирдей – 40%. Жаш курагынын жогорулашы менен суралгандар экономикалык себептерди көрсөтө башташкан. Алар: жумушсуздук, жашоонун төмөн деңгээли, экономикадагы туруксуздук ж.б. Мисалы, 21-29 жаштагылардын көбү сыртка чыгуунун себеби катары экономикалык абалдын туруксуздугун көрсөтүшсө, анда 30-39 жаштагылардын 29,4%ы ушул эле себепти (жашоо деңгээлдин төмөндүгүн) көрсөтүшкөн. Андан жогорку курактагы суралгандардын көпчүлүгү жумушсуздукту көрсөтүшкөн.

Суралгандардын ичинен аялдардын 49,4%ы, эркектердин 50,7%ы миграциянын себеби катары жумушсуздукту көрсөтүшкөн. Жалпысынан

облус боюнча сурамжылоого катышкан респоденттердин 49,5%ы жумушсуздукту негизги себеп катары белгилешкен.

**Таблица 4.30. Миграциянын себептери айыл калкы (Кара-Суу районунун материалдары, (жынысы боюнча, % менен) [2.10].**

| жынысы / себептер | Эркектер | Аялдар | Баардыгы |
|---|---|---|---|
| Жумушсуздук | 50,7 | 49,4 | 49,4 |
| Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн | 12,6 | 87,6 | 5,3 |
| Экономикалык абалдын туруксуздугунан | 25, | 75 | 5,3 |
| Улуттар аралык мамиленин начарлашынан | 50 | 13,8 | 14,5 |
| Турак-жайдын жоктугунан | 73,4 | 26,7 | 9,9 |
| Билим алуу үчүн | 33,4 | 66,7 | 7,9 |
| Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу | 0,00 | 100, | 1,4 |

Бизге жооп берген аялдардын 87,6%ы жашоо деңгээлинин төмөндүгүн баса белгилешсе, эркектердин 73,4%ы турак жайдын жоктугун көрсөтүштү. Башка мамлекеттерге билим алуу үчүн уландарга караганда кыз-келиндерден көбүрөк кетип жаткандыгы аныкталды. Башкача айтканда, башка мамлекеттерге билим алуу үчүн багытталгандардын 60%ы аялдар, 40%ы эркектер экени билинди. Башка этностордогу мигранттык агымдардын себептери менен салыштырганда негизги себептер – экономикалык кыйынчылыктар, жумуш издөө сыяктуу маселер окшош. Мисалы, өзбекстандык окумуштуу Л.П.Максакова белгилегендей, айылдык өзбек мигранттары Ташкент, Кокон сыяктуу ири шаарларга негизинен иштөө үчүн кетишет. Бирок кыргыздардан айырмасы алардын миграциясы көбүрөөк

мезгилдик жумуштарга байланыштуу жана маятниктик мүнөзгө ээ [4.103, 67-б].

Кыргыз жана тажик миграцияга багытталган эркектер жана аялдар ортосунда айырма олуттуу деп айтууга болбойт, бирок бир аз бар. Биз өлкөлөрдү салыштырганда көрөбүз, аялдар менен салыштырганда кыргыз жана тажик эркектеринин ортосунда айыл жеринен миграцияга багытталгандар басымдуу. Кыргызстандык потенциалдуу мигрант аялдардын ичинен борбордо ири шаарларда жашагандар тажикстандык аялдарга караганда арбын [4.97.,35-б].

Аялдардын дээрлик көпчүлүгү үй-бүлөлүк шартка байланыштуу чыгып кетип жаткандыгын белгилешкен. Алардын баары эгер жашоо-шарты жакшы болсо, жумуш болсо үйдө балдары менен, үй-тиричилиги менен алек болуп, өз жерине, элине эмгек сиңирээрин билдиришкен. Мындан аялдардын коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө активдүү катышууга демилгелүүлүгүн жана каалоосун көрүүгө болот.

16-20 жаш курактагылардын 50%ы сыртка чыгуунун негизги мотиви деп билим алууну көрсөтүшсө, 21-25 жаштагылардын 50%ы үй-бүлөлүк шартты белгилешкен. Демек, бул курактагы жаштар окуу жайларын бүтүп, турмуш жолуна аттангандар, үй-бүлөлүк турмуштун маселелерине аралашкандар болуп саналат.

Борбордук Азиядан башка мамлекеттерге миграцияны изилдегенде жаштардын арасында билим алуу максатында чет өлкөлоргө жыл сайын аттанган жаштарды да эске алуу зарыл, анткени алардын так эсебин алуу кийинки убактарга чейин эле бир топ кыйын болуп келди. Билим алуу миграциясынын негизги багыты – Россия Федерациясы. Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Өзбекстан Болон процессинин алкагында академиялык мобилдүүлүк боюнча чет мамлекеттерде билим алууга чыгып жаткан жаштарды активдүү колдоп келет. 2018-2019-окуу жылында академиялык программалар боюнча Борбордук Азиядан Россия

Федерациясына барып окугандардын саны 75 миңге жетти. Жаштардын бир бөлүгү өздөрүнүн ата-энелеринин каражаттарынын эсебинен контракттык негизде билим алгандары бул эсепке кирбейт. Казакстанда бул багытта "Болашак" эл аралык стипендиясынын багыты менен көп жаштар окууга кетишет [8.191]. 2018-жылдагы маалыматтарды талдаганда, башка мамлекеттерге окууга чыккан жаштар Тажикстандан 17 миң, Өзбекстандан 19,5 миң окууга чыгышкан. Кыргызстандан жаштар окууга кеткен негизги багыттар Россия Федерациясы (5,5 миң), Кытайа (3,5 мин), Түркия (1,9 миң) болуп эсептелет. Казакстандан 2018-жылы Россия Федерациясына (39,6 миң), Кытайга (17,6 миң), Корея Республикасына (1,6 миң), Великобританияга (1 миң); Тажикстандан Россияга (17 миң) , Кытайга (1,5 миң), Беларуска (236 адам); Өзбекстандан Россияга (19,5 миң), Корея Республикасына (4,5 миң), Кытайга (3,9 миң) окуганы кетишкен [8.191].

Казакстандагы калктын миграциясын талдап көргөндө, 2008-жылдан тарта миграциянын сальдосу оң экендигин (1117 адам) көрүүгө болот. Сырттагы башка мамлекеттерден билим алган жаштар кайра Казакстанга келип иштөөгө багытталган. Буга мамлекеттик саясат багыттап жатат. Мындан сырткары башка мамлекеттерде жашаган казактардын иммиграциясы бул көрүнүшкө таасир этүүдө [8.191].

Жашоо деңгээлинин төмөндүгүн миграциянын себеби катары 26-29 жаш курактагылардын 22,5 %ы жана 40-49 жаш курактагылардын 37,5 %ы көрсөтүшкөн. Үй-бүлөлүк шартты 21-25 жаш курагындагылардын 50%ы негизги себеп дешсе, 40-49 жаш курагындагылардын 52%ы үй-бүлөлүк шарттарды жазышкан. Калктын 26-29 жаш курактагы катмарынын 36,3%ы улуттар аралык мамиленин начардыгынан кетип жатканын көрсөтөт.

Негизинен, социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу максатында кетип жаткандардын баары эле үй-бүлөлүк шартка байланыштуу кетип жаткандыгын белгилешкен. Коомдогу ар бир социалдык маселе үй-бүлө аркылуу өтөт. Үй-бүлө коомдун эң баштапкы ячейкасы катары бардык

кубулуштарга, окуяларга катышат, таасирленет жана мүчөлөрү менен бирге чечимдерди кабыл алат. Миграцияга кетүү, кайсы жакка, кайсы жумушка баруу жагы үй-бүлөдө чечилет. Үй-бүлөлүүлөрдүн 75%ы жашоо деңгээлинин төмөндүгүн, 62,5 %ы экономикалык абалдын туруксуздугун миграциянын себеби деп көрсөтүшкөн.

Билим деңгээли миграциянын себебин көрсөтүүдө тандоодо өз таасирин тийгизет. Демек, жогорку билимдүүлөрдүн 48,3%ы жумушсуздуктун айынан иштеп келүү үчүн сыртка чыгууну каалашса, жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн 5,9%ы, экономикалык абалдын туруксуздугунан 7,5%ы, улуттар аралык мамиленин начарлашынан 22,4%ы башка, социалдык-экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттерге барып иштеп келүүнү каалайт. Толук эмес, бүтпөгөн жогорку билимдүүлөр үчүн сыртка чыгуунун дагы бир негизги себеби билим алуу болуп эсептелет (41,6 %). Андан кийинки орундагы турган себеп жумушсуздук эсептелет (9,6 %), жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн бул топтогу респонденттердин 11,2%ы кетүүнү каалашат. Атайын орто билимдүүлөргө сырт жакта жумуш көп табылгандыктан, Кыргызстанда атайын орто жана профессионалдык-техникалык окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жакшыртуу иштери колго алынып жатат. Анткени башка мамлекеттерде тейлөө, курулуш, транспорт, соода тармагында өтө жогорку квалификацияны талап кылбаган жумуш орундары көп. Ал эми орто жана бүтпөгөн орто билимдүүлөр сыртка чыгуусунун негизги себеби катары жумушсуздук, жашоо деңгээлинин төмөндүгү, турак жайдын жоктугу жана үй-бүлөлүк шартка байланыштуу жоопторду тандашкан.

**Таблица 4.31. – Миграциянын себептери (Ош облусунун жалпы калкы, жынысы боюнча, % менен) [2.10].**

| жынысы боюнча / жүйөлөрү | Эркектер | Аялдар |
|---|---|---|
| Жумушсуздук | 47 | 53 |

| | | |
|---|---|---|
| Жашоо деңгээлинин төмөндүгүнөн | 36 | 64 |
| Экономикалык абалдын туруксуздугунан | 54 | 46 |
| Улуттар аралык мамиленин начарлашынан | 42 | 58 |
| Турак-жайдын жоктугунан | 50, | 50 |
| Билим алуу үчүн | 39 | 61 |
| Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу | 26 | 74 |

Сурамжылоонун материалдарын талдаганда, миграциянын эң негизги себеби болуп *жумушсуздук* белгиленди. Аны бардык билим деңгээлиндеги суралгандар тандап алышкан. Улуттар аралык мамиленин начарлашынан деген себепти суралгандардын 38,5%ы көрсөтүшкөн. Алардын баары жогорку билимдүү респонденттер. Суралгандарга *“Эгерде кетүүнү кааласаңыз, эмне себептен?”* деген суроо берилди жана жыйынтыгында чоң кызыгууну жараткан төмөнкү материалдар алынды.

Облустагы суралган аялдардын 63,8%ы жашоо-турмуштун кыйындыгынан кеткенин айтса, эркектердин 53,8%ы экономикалык абалдын туруксуздугунан кетүүнү каалашат. Турак-жайдын жоктугун суралган аялдардын жана эркектердин жарымы кетүүнүн себеби катары көрсөтүшкөн. Алар иштеп акча таап Кыргызстандан үй сатып алыш үчүн же куруп алыш үчүн убактылуу кетип жаткан эмгек мигранттары. Эмгек миграциясына кеткендердин айрымдары гана барган жеринен үй сатып алып калып калышы мүмкүн. Демек, Кыргызстанда калктын турак-жай маселеси дагы деле актуалдуу турат. Тургундар бул маселени өз алдынча чечүүгө аракет жасоонун бир жолу катары миграцияны көрүшүүдө. Кыздардын 61,7 %ы билим алуу үчүн, 73,9%ы үй-бүлөлүк шартка байланыштуу кетип жатканын айтышкан.

Миграциянын себептеринин түзүмүндө ачык-айкын байкалган белгилүү өзгөрүүлөр болуп өттү. Союздун таралышы менен байланышкан

*социалдык- психологиялык факторлордун* таасири басаңдап, *экономикалык факторлордун* таасири жогорулаган. Статистикалык маалыматтарга таянсак, өлкөбүздөн 2013-жылы 3877 кыргыз жараны чет өлкөгө чыгып кеткен [3.35, 16-б.]. Ал эми туруктуу жашап калган жарандардын саны эч бир жерде так берилген эмес.

Миграция маселеси ааламдашуу шартында бир жагынан көптөгөн өлкөлөрдүн өзгөрүшүнө, демографиялык жактан өсүшүнө салым кошсо, экинчи жагынан, эмгек мигранттары таштап кетип жаткан мамлекеттердин калкынын демографиялык курамынын начарлашына жана саны жагынан азайышына алып келүүдө.

Ички миграцияга токтолсок, облустагы шаарлардан негизинен интеллигенция жана жумушчулар кетишкен. Ал орундар жакынкы райондордон келген адамдар менен толукталган. Жалпысынан, облустагы шаарлар боюнча аймактар аралык миграциялык баланс дурус боюнча калууда. Учурда ички миграциянын өнүгүүсүндө белгилеп кетүүчү нерсе, бул кичи жана орто шаарлардан жана райондордон калктын Ош, Бишкек, Жалал-Абад сыяктуу ири шаарларга жана облустук борборлорго, Чүй облусунун райондоруна багытталып жатат. Айылдан шаарга көчүү жүрүмдөрү, негизинен, ири шаарларга жогорку билим алуу максатында көчүүсү менен да байланышкан.

**Таблица 4.32. Региондор аралык миграциянын түзүмү (*% менен)[ 3.36, -44-б.].***

| | Бардык келгендер | Региондордон | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Баткен облусу | Жалал-Абад облусу | Ош облусу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ***1999 -жылга чейин*** | | | | |
| Чүй облусу | 100 | 1,7 | 6,3 | 1,8 |
| Бишкек ш. | 100 | 3,6 | 9,7 | 4,4 |
| Ош ш. | 100 | 3,9 | 12,1 | 76,2 |
| ***2007–2008-жж*** | | | | |
| Чүй облусу | 100 | 5,1 | 8,6 | 7,8 |
| Бишкек ш. | 100 | 6,5 | 14,9 | 7,8 |
| Ош ш. | 100 | 11,1 | 16,2 | 67,0 |

Бул таблицанын материалдары көрсөтүп тургандай, Чүй облусуна, Бишкек шаарына келген мигранттардын саны өскөн. 2010-жылдан кийин бул көрсөткүчтөр көп өзгөргөн жок.

Миграцияга экономикалык себептерден тышкары, Өзбекстан, Тажикстан тараптан демографиялык кысым жана ислам радикалдарынан коркунуч, сугат суусунун жетишсиздиги жана башка тиричилик маселелери да мааниге ээ. Жогорудагы айтылган маселелер миграциянын кыймылдаткыч күчү болууда. Россияга жана Казакстанга жумуш издеп жер которуштуруудан улам өлкөнүн стратегиялык маанилүү чек ара аймактары ээн калууда [4.77, 63-,б.].

Өлкөнүн чектеш аймактарында кошуна мамлекеттердин келгиндеринин эсебинен толукталып жаткан анклав көйгөйү курч бойдон турат. Баткен облусунун чектеш аймактарындагы калктын арасында республиканын жайлуу аймактарына (көпчүлүк учурда Чүй өрөөнүнө) ички жер которуштуруунун чоң агымы байкалууда. Анын өзү Тажикстан менен чектешкен аймактарда кыргыз калкынын санынын азайышына алып келүүдө, натыйжада турак-жай жана жер үлүштөрү бошоодо. Чектеш аймактардагы кыргыз айылдарында баарыдан мурда тиешелүү шарттар жоктугунан, социалдык инфратүзүмдүн жетишсиздигинен, кай бирде таптакыр болбогондуктан, жумушсуздуктан жана жакырчылыктан улам эл өз айылдарын таштап кетүүдө. Жергиликтүү эл кыргыз аймагына көчүп келүүгө кызыкдар тажик топтору тараптан кысым болуп жатканына тынчсызданууда. Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы калктын көчүп келүүсү менен катар түндүк облустарда орус тилдүү калктын кыскарышы жүрүүдө. Орус,

украин жана немецтердин саны 2001-жылдан 2006-жылдын башталышына карата эле 611 миңден 528 миңге, 2007-жылдын башына карата 510 миңге чейин кыскарган [4.77, 63-,б.].

Этносоциологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, суралган респонденттердин ар бир экинчиси төрөлүп, билим алган, иштеген жерин таштап кетүүгө камынып жатканын айтышкан. Адамдар жашоо турмушун жакшыртуу максатында Россияга, Казакстанга кетип жатышат, ал эми калктын көбү өлкөнүн түндүгүн көздөй агылган. Статистикалык маалыматтарга караганда бүгүнкү күндө республикадан кеткен мигранттар 750 миң адамдан ашык [8.173]. Ошентип татаал социалдык-экономикалык жагдайда республиканын жана түштүк облустардын калкынын этностук курамы өзгөрүүлөргө дуушар болду.

2009-жылдагы Эл каттоонун материалдарына көз салсак, өлкөбүздүн туруктуу жашаган калкынын саны төмөнкүдөй: кыргыздар – 71 %, өзбектер – 14,3 %, орустар – 7,8 %, башкалар – 6,9 %. Түштүк аймак боюнча көрсөткүчтөр: Ош облусунда кыргыздар – 68,6%, өзбектер – 28%; Жалал-Абад облусунда кыргыздар – 71,8%, өзбектер – 24,8%; Баткен облусунда кыргыздар - 76,4%ды, өзбектер, 14,7% [3.38, 54-б.].

Калктын миграциясы – ааламдашуу жүрүмүнүн көрүнүшү, ал экономикага, социалдык саясатка, демографияга жана белгилүү деңгээлде этностук жүрүмдөргө таасирин тийгизүүдө. Ар түрдүү улуттагы элдердин жер которушу, өлкөнүн аймагындагы элдердин жайгашуусундагы өзгөрүүлөргө шарт түзөт. Тагыраак айтканда, шаардын жана айылдын социалдык жана этностук түзүлүшүн өзгөртөт, этностор аралык мамилелерге таасирин тийгизет, этностук топтордун ортосундагы аралаш никелердин көбөйүшүнө алып келет. Ошондой эле, мигранттар көчүп келген чөйрөгө өз улутунун маданиятынын, тилинин, турмуш тиричилигинин кээ бир элементтерин өздөрү менен кошо алып келишет.

Калктын миграциясы, элдин аймактар боюнча жер которушу тарыхый жүрүм болуу менен, байыркы убактардан бери эле өндүргүч күчтөрдүн

өнүгүшүнө жана элдердин өз ара мамилесинде чоң роль ойноп келген. Миграция калктын жайгашышына, ошондой эле калктын санына, курамына таасирин тийгизет.

Миграция жүрүмүн окумуштуулар ички жана тышкы деп айырмалашат. Кыргызстан үчүн учурдагы тышкы миграциянын негизги агымы жергиликтүү калктын чет өлкөлөргө жумуш издеп, жашоосун жакшыртууга болгон аракеттери, билим алуу үчүн алдыңкы жаштардын (материалдык мүмкүнчүлүгү бар үй-бүлөлөрдөн) дүйнөнүн башка мамлекеттерине чыгуусу менен байланышкан. Бул жүрүмдөр Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы миграция жана демография боюнча Мамлекеттик агенствосу тарабынан жөнгө салынып, көз кырында келаткан менен жарандар өз демилгелери, аракеттери менен максаттарын жүзөгө ашырып келүүдө. Негизинен, мигранттардын көпчүлүгү учурда облустан Россия Федерациясына, Казакстанга анан башка мамлекеттерге чыгып жатышат.

Облустун аймагындагы ички миграцияда айылдардан райондордун борборлоруна көчүү, ошондой эле, райондордон ири шаарларга көчүү багыты таасын байкалды.

**Таблица 4.33. Ош облусунун калкынын миграциясы [3.17, 3.18., 3.19., 3.20.,3.21.].**

| Жылы | Келгендердин саны | Кеткендердин саны | Миграциялык Өсүү(+), кемүү(-) |
|---|---|---|---|
| 2000 | 321 | 605 | -284 |
| 2005 | 123 | 1926 | -1803 |
| 2010 | 1403 | 2495 | -1092 |
| 2011 | 1307 | 3206 | -1899 |
| 2012 | 1533 | 4133 | -2600 |
| 2013 | 1532 | 3732 | -2200 |
| 2014 | 1779 | 3470 | -1691 |
| 2015 | 283 | 655 | -372 |
| 2016 | 255 | 564 | -309 |
| 2017 | 241 | 567 | -326 |
| 2018 | 139 | 866 | -727 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2019 | 73 | 863 | -790 |
| 2020 | 73 | 866 | -793 |

Таблица көрсөткөндөй, Ош облусунун ички миграциялык кыймылынын жыйынтыктары боюнча 2011-2014-жылдар аралыгында миграциялык кемүү жогору экендигин көрүүгө болот. 2012-жылы миграциялык кемүү жогорку чегине жетип 2600 адамды түздү. Облустар аралык миграциянын активдешүүсүнө 2010-жылы болуп өткөн июнь коогаланынын да таасири болду. Көпчүлүк жумуш издегендер, бизнесин жоготкондор, коогалаң учурунда жакындарынан ажырагандар материалдык абалын жакшыртуу үчүн өз алдынча аракет менен башка аймактарга жыла баштады. Анын ичинде көпчүлүгү Бишкек шаарына, Чүй облусуна жылышкан [3.35. 18-19-б].

2020-жылдагы миграциялык кемүү 793 адамды түздү.

Шаар калкына караганда, айыл жергесинде миграциялык агымдын жогору экендигин байкоого болот. Облуста калктын санынын өзгөрүүсүнө миграциянын тийгизген таасири чоң. Айылдарда калктын саны азайса, жакынкы орто жана майда шаарлардын калкы айылдык мигранттардын эсебинен көбөйүүдө, бирок алардын миграциясынын сезондук, убактылуу мааниге ээ болуусу жана айылда катталгандыгы мигранттардын так эсебин алууга тоскоолдуктарды жаратууда. Облустун борбору Ош шаарында мигранттардын саны жылдан жылга көбөйүп, шаардын инфраструктурасына абдан чоң кыйынчылыктар жаралууда. Социалдык инфраструктура калкты тейлөөгө жетишпей жатат. Балдардын мектепке чейинки мекемелери, мектептер, медициналык тейлөөдө абдан оорчулуктар жаралууда. Мекемелер жетишпейт, балдар мекемелеринде балдардын саны талаптагыдан көп, ошон үчүн орун жетишпей бир тайпада, класста 40-50 бала окуп жатышат. Албетте бул окутуунун, тарбиялоонун, тейлөөнүн сапатына терс таасирин тийгизүүдө. Мигранттардын көбөйүшү биринчиден, өлкөбүздүн калкынын бир кылка жайгашуусуна терс таасир тийгизет. Борборубузга жана ири

шаарларга, Чүй облусуна тургундардын көп топтолушу, стратегиялык маанилүү аймактардан жашоочулардын биротоло кетүүсү, ал аймактардын бош калуусу, башка кошуна мамлекеттин жарандары аларды өздөштүрүп, ээлеп алуусу өлкөбүз жана облусубуздун келечегине абдан коопту у. Шаарлардагы калктын саны демографиялык жактан көбөйүп жаткан менен айыл жергесиндеги эмгекке жарамдуу калктын саны азайып, экономикалык жактан жабыр тартышына алып келүүдө.

Борбордук Азиядан башка мамлекеттерге (анын ичинде негизинен Россияга) тышкы миграция үчүн мүнөздүү болгон акыркы жылдардагы көрүнүштү, агымды изилдөө дагы бир жолу көрсөттү: Россияга негизинен чакан шаарлардын жана айылдардын, шаар тибиндеги, райондук борборлордун калкы барат. Акыркы он жылда миграция өзгөрдү жана миграциялык агымга барган сайын айылдык маданиятты алып жүргөн элеттик мигранттары тартылууда. Бул бир жагынан Россияда алардын орун алган жерлериндеги чоң шаарларда жана агломерацияларда конфликттик потенциалды шарттоодо. Мында Россиянын шаар маданияты менен Борбордук Азиянын айыл маданиятынын кагылышы келип чыгууда [4.110, 31-б.].

Кыргызстандык жана тажикстандык мигранттарды салыштырып караганыбызда, 40%га жакын кыргызстандыктар, 42% тажикстандыктар чакан шаарлардан жана райондук борборлордон, 22% кыргызстандыктар жана 23% тажикстандыктар айыл жерлеринен [4.110., 34-б].

**Таблица 4.34. Ош облусундагы калктын тышкы миграциясы [3.16,68-б,3.17, 286-б, 3.18, 303,304,-б.3.19.,3.20.].**

| | 2002 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Келгендер**, анын ичинде аймакта жашагандар | 134 | 123 | 255 | 614 | 685 | 650 | 458 | 283 | 233 | 141 | 139 | 73 |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Казакстан | - | - | 38 | 43 | 47 | 35 | 63 | 31 | 24 | 24 | 20 | 4 |
| Россия | -- | - | 196 | 548 | 586 | 557 | 346 | 213 | 196 | 108 | 68 | 45 |
| Тажикстан | | | 16 | 20 | 37 | 44 | | 5 | 4 | 2 | 6 | 3 |
| Өзбекстан | 108 | 42 | 5 | 3 | 15 | 13 | 17 | 20 | 19 | 19 | 43 | 21 |
| **Кеткендер** | | | 1073<br>6 | 8589 | 1350 | 1344 | 1057 | 655 | 564 | 565 | 863 | 866 |
| Казакстан | 81 | 115 | 1121 | 487 | 648 | 590 | 247 | 160 | 142 | 153 | 166 | 154 |
| Россия | 442 | 1742 | 9530 | 8049 | 644 | 714 | 788 | 485 | 410 | 396 | 517 | 553 |
| Тажикстан | 7 | 4 | 6 | 5 | 4 | - | 1 | 19 | 16 | - | 3 | 4 |
| Өзбекстан | 137 | 60 | 75 | 47 | 52 | 33 | 18 | - | - | - | 173 | 152 |

Жалпысынан, облустан адамдар жогорку маяналуу иш табуу, же татыктуу билим алуу максатында Ош облусуна 2010-жылы 255 адам келсе, 10 736 адам башка мамлекетке чыгып кеткен, терс сальдо 10 481 адамды түздү. Жогорудагы жылдарга салыштырганда 2010-жылы облустан тургундардын көбүрөөк миграцияга кеткендиги байкалган. Ош шаарында болуп өткөн июнь окуясынын буга түздөн түз таасири бар. Анда көпчүлүк шаар тургундарынын үйлөрү өрттөлүп, чакан жана орто бизнестери токтоп, жумушсуз калып, социалдык-экономикалык жактан жабыр тартышканынан миграцияга кетүү чечимдерин кабыл алышкан [3.19.].

Ош облусунан 2010-жылы мурунку жылдардагыдай эле негизинен көбүнчө Россия Федерациясына 9530 адам, Казакстанга 1121 адам кеткен [3.21, 289-290-б.]. Россия менен Казакстанга иштеп кеткендердин саны, расмий эмес маалыматтарга ылайык, миллионго жакындашат. Бул өлкө калкынын дээрлик бештен бири сыртта иштеп-жашап жүрөт дегенди билдирет.

2018-2019-жылдардын маалыматтары боюнча Казакстанга жана Өзбекстанга миграцияланган кыргызстандыктардын саны теңделип калды [3.21.288-289-б]. Бул Өзбекстан бийлигинин кийинки учурдагы активдүү регионалдык саясаты менен да байланыштуу. Облустагы болуп жаткан

тышкы миграцияга социалдык-экономикалык жана саясий факторлордун таасири тийүүдө.

Ош облусу республикабыздын башка облустарынан көп этностуулугу менен айырмаланат. Бирок, 1990-жылдардын биринчи жарымындагы Советтер Союзунун таркашы жана саясий стабилдүүлүктүн туруксуздугунан улам калктын этностук курамы бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бул өзгөрүүлөрдү мыйзам ченемдүү көрүнүш деп мүнөздөөгө болот. *Биринчиден*, бир нече этностук топтордун өкүлдөрү өздөрүнүн тарыхый мекенине кайтууга мүмкүнчүлүк алышкан. Алар, еврейлер, немецтер, түрктөр, гректер. *Экинчиден,* көптөгөн маданий жана экономикалык мүнөздөгү себептердин натыйжасында, мурунку союздук республикаларга калктын миграцияланышы башталган. Ошентип, миграциялык агымга дээрлик бардык улуттун өкүлдөрү дуушар болушкан. Калктын ички миграциясы сыяктуу эле, тышкы миграциясы да өлкө калкынын демографиялык өнүгүшүнө таасирин тийгизет. Калктын түзүмүндөгү олуттуу өзгөрүүлөр миграциялык орун которуштуруулар менен да шартталган.

**Таблица 4.35. Ош облусундагы улуттар боюнча калктын миграциясы. [3.16, 3.17, 3.18, 3.19, 3.20.].**

| | **2002** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Келгендер : анын ичинде** | 134 | 123 | 255 | 614 | 685 | 650 | 459 | 283 | 183 | 112 | 139 | 73 |
| Кыргыздар | 56 | 56 | 221 | 410 | 515 | 498 | 352 | 218 | 2 | - | 77 | 43 |
| Орустар | 3 | 4 | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | - | - | - | - |
| Украиндер | - | - | - | 2 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Өзбектер | 90 | 56 | 31 | 183 | 152 | 128 | 92 | 53 | 59 | 26 | 58 | 26 |
| Азербайжандар | 5 | - | - | 1 | - | 1 | - | 1 | - | - | - | -- |
| Тажиктер | - | - | - | 3 | 1 | 6 | 6 | 4 | 3 | - | - | 2 |
| Татарлар | - | 3 | - | 1 | - | 3 | 1 | - | - | - | - | 2 |
| Уйгурлар | 3 | - | 2 | 10 | 12 | 8 | 4 | | 5 | 1 | - | - |
| Түрктөр | 1 | - | - | 1 | 3 | 2 | 1 | 3 | - | - | - | - |
| Казактар | 1 | - | | | | | - | - | - | 1 | | |
| **Кеткендер анын ичинде** | 680 | 1926 | 10736 | 8589 | 1350 | 1344 | 1 060 | 656 | 564 | 567 | 863 | 866 |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыздар | 294 | 1236 | 6701 | 5536 | 1106 | 1087 | 831 | 469 | 363 | 430 | 457 | 488 |
| Орустар | 84 | 48 | 55 | 41 | 12 | 13 | 10 | 10 | 6 | 3 | 28 | 4 |
| Украиндер | 14 | 9 | 10 | 10 | - | 3 | - | - | - | - | | |
| Өзбектер | 217 | 563 | 3678 | 2795 | 189 | 192 | 190 | 153 | 170 | 120 | 345 | 348 |
| Азербайжандар | 12 | 22 | 34 | 23 | 7 | 10 | 6 | 6 | 7 | 1 | 3 | 2 |
| Тажиктер | 4 | 3 | 24 | 15 | 4 | 5 | 1 | 2 | 3 | 2 | 7 | 4 |
| Татарлар | 35 | 23 | 31 | 40 | 12 | | 8 | 2 | 1 | 3 | 3 | 5 |
| Уйгурлар | 2 | - | 130 | 79 | 6 | 6 | 5 | 6 | 7 | 5 | 7 | 7 |
| Түрктөр | 3 | | 43 | 29 | 5 | 11 | 4 | 2 | 1 | 3 | 3 | 5 |
| Казактар | 2 | 9 | - | - | - | - | - | - | - | - | 3 | 1 |
| Башкалар | 11 | 9 | 21 | 6 | 8 | 5 | 1 | | 3 | 1 | 3 | 1 |

Таблицанын материалдары көрсөткөндөй, облуста негизинен келгендерге караганда кеткендер көбүрөөк байкалган. Миграциялык активдүүлүгү жогору кыргыз улутунун өкүлдөрү, башка этностук топтордон өзбектерди, уйгурларды айтсак болот. Кыргыздар 2010-2019 жылдардын аралыгында 17468 адам тышкы эмгек миграциясына кеткен болсо, 2336 адам келген, жыйынтыгында облустун кыргыз калкы миграциянын терс сальдосунан 15132 адамын жоготту. Өзбектерден 8180 адам кеткен, 808 адам келген, терс сальдо 7372 адамды түздү. Орустардан бул жылдар аралыгында 10 адам келсе, 182 адам кеткен, терс сальдо 172 адамды түздү. Жалпысынан, облустагы миграциялык жүрүмдөрдү белгилеп кетсек, облуска 3453 адам келген, 26 595 адам кеткен, миграциялык кемүү 23 142 адамды түздү [3.17,68-б, 3.18, 3.19, 302-б.3.20.,3.21].

Жогорудагы материалдар көрсөтүп тургандай, акыркы мезгилдердеги миграциялык процесстердин натыйжасында калктын ичинде кыргыздардын саны өсүп, башка орус тилдүү этностук топтордун өкүлдөрүнүн саны азайды. Мисалы орустар, украиндер, татарлар кескин түрдө азайгандыгы байкалган.

Негизинен, Ош облусундагы миграциялык агымга дээрлик бардык этностук топтордун өкүлдөрү дуушар болушууда. Бул учурдагы социалдык-экономикалык абал, жумушсуздук, турак-жайлардын кымбаттыгы жана башка бир топ көйгөйлөрдү атап кетсек болот. Миграцияга дуушар болгон

мигранттар жумуш иштеп, материалдык абалын жакшыртуу максатында көчүп жүрүшкөнү негизги фактор болуп эсептелет. Андыктан, миграциялык процесстер боюнча бир топ көйгөйлөрдү чечүү боюнча мамлекеттик деңгээлде олуттуу иш-чараларды жүргүзүү зарыл. Мамлекетибизде, ошондой эле, Ош облусундагы саясий, социалдык-экономикалык жана маданий чөйрөлөрүндө терең өзгөрүүлөр болуп, бул көрүнүш элдин басымдуу бөлүгүн түзгөн эмгекке жарамдуу калкка таасирин тийгизүүдө.

Кыргыз Республикасы, мурдагы советтик өлкө катары, калктын эл аралык миграциясынын активдүү катышуучусу болуп калды. Калктын башка мамлекеттерге жумуш издөө жана жашоо-шартын жакшыртуу максатында көчкөндүгүнөн улам, республикада анын ичинде, биз изилдеген облуста, жыл сайын миграциянын тескери сальдосу катталууда. Биздин пикирибизче, бул жүрүм дагы бир топ мезгилге чейин уланат. Ош облусунан жумуш табуу максатында кетип жаткан жарандардын басымдуу бөлүгү Россия, Казакстан жана башка чет өлкөлөргө багыт алышууда.

**Таблица 4.36. Облустагы калктын башка мамлекеттерге болгон миграциясы (келгендер, кеткендер, миграциялык өсүү, кемүү, адам) [3,16, 70-б; 3.17,74-б; 3.18; 3.19; 3.20.].**

| | **2002** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы келгендердин саны | 134 | 123 | 255 | 614 | 685 | 650 | 459 | 283 | 233 | 141 | 139 | 73 |
| Жалпы кеткендердин саны | 680 | 1926 | 10736 | 8589 | 1350 | 1344 | 1060 | 655 | 564 | 565 | 863 | 866 |
| **Миграциялык өсүү, кемүү (-)** | **546** | **1803** | **10481** | **7975** | **665** | **694** | **601** | **372** | **331** | 424 | 724 | 793 |
| Анын ичинен Россиядан келгендер | 16 | 44 | 196 | 548 | 586 | 557 | 346 | 213 | 196 | 108 | 68 | 45 |
| Анын ичинен Россияга кеткендер | 442 | 1742 | 9530 | 8049 | 644 | 714 | 788 | 485 | 410 | 396 | 517 | 553 |
| **Миграциялык өсүү, кемүү (-)** | **426** | **1698** | **9334** | **7501** | **58** | **157** | **442** | **272** | **214** | **288** | 149 | 508 |
| Анын ичинен Казакстандан келгендер | - | - | 38 | 43 | 47 | 35 | 63 | 31 | 24 | 24 | 20 | 4 |
| **Миграциялык өсүү, кемүү (-)** | **81** | **115** | **1083** | **444** | **601** | **555** | **184** | **129** | **118** | **129** | 146 | 150 |

Таблицада тышкы миграцияда кыргызстандык мигранттар багытталган эки мамлекетке кеткендер жана келгендердин санын талдадык. Россияга 2010-2019-жылдар аралыгында кеткендердин саны 22086 адам, келгендери 2863 адам, терс сальдо – 19223 адам. Казакстанга эмгек миграциясына кеткендер 3868, келгендери – 305, терс сальдо 3563 адамды түздү. Облустун калкынын ичиндеги эң бийик миграциялык кемүү 2010-жылга (-9334 адам), 2011-жылга (-7501 адам) туура келгенин көрдүк. Миграциялык активдүүлүккө 2010-жылдагы окуялар таасир эткенин дагы бир ирет белгилейбиз.

Калктын Россияга кетүүсүнүн эң негизги себеби – бул Кыргызстандагы жумушсуздук, эмгек акынын төмөндүгү болуп саналат жана элдин пикиринде Россия – кең жана анда окууга, жашоого жана эмгектенүүгө, акча табууга мүмкүнчүлүктөр салыштырмалуу бир топ кенен деп эсептешет.

Жыйынтыктап айтканда, Ош облусундагы сурамжылоого катышкан калктын Россияга кетүүсүнүн эң негизги себеби – бул Кыргызстандагы экономикалык абал болуп саналат жана респонденттердин пикиринде Россияда иштеп жашоого каражат табууга, окууга, жашоого мүмкүнчүлүктөр бар деп эсептешет. Ички миграцияга токтолсок, облустагы шаарлардан негизинен жогорку билимдүүлөр жана жумушчулар кетишкен. Ал орундар жакынкы райондордон келген адамдар менен толукталган.

Жалпысынан, облустагы шаарлар боюнча аймактар аралык миграциялык баланс дурус боюнча калууда. Учурда ички миграциянын өнүгүүсүндө белгилеп кетүүчү нерсе, бул кичи жана орто шаарлардан жана райондордон калктын Ош, Бишкек, Жалал-Абад сыяктуу ири шаарларга, облустук борборлорго жана Чүй облусунун райондоруна багытталып көчүп кетүүсү же мезгилдик иштерге иштөө үчүн кетүүсү болуп эсептелет. Айылдан шаарга көчүү жүрүмдөрү, негизинен жаштардын ири шаарларга жогорку билим алуу максатында көчүүсү менен да байланышкан.

Өлкөдөгү өзгөрүүлөрдүн натыйжасында кыргыздардын сыртка эмгек миграциясы күчөдү. Эмгек миграциясынын багыты менен кыргыздар өзгөчө Россия жана Казакстанга, башка алыскы чет мамлекеттерге иштөө үчүн көчүп кетип, андан ары барган жерлеринде туруктуу жашап калуусу күтүлүүдө. Натыйжада, алар кыргыздардын диаспораларынын санын көбөйтүүдө. Жакынкы он жылдыкта бул мүнөздүү багыт уланат. Мекендештерибиздин туруктуу жашап калуу үчүн чет өлкөгө кетип жатышы өлкөбүздүн калкынын өнүгүү динамикасына, ал өз кезегинде мамлекеттин келечегине терс таасирин тийгизүүдө.

Кыргыз Республикасынын эмгек, жумуш менен камсыз кылуу, миграция министрлигинин кызматкерлери белгилегендей, официалдуу эмес маалыматтар боюнча жыл сайын Кыргызстандан тышкы эмгек миграциясына 50 миң адам чыгат[10.212].

Миграциянын экономикабыз, турмуш-тиричиликти жакшыртуу, жашоо деңгээлин жогорулатуу жана башка жакшы таасирлери менен бирге анын калктын өнүгүүсүнө терс таасирлери да бар. Алсак, тышкы эмгек миграциясынын натыйжасында көп жарандарыбыз иштеп жаткан мамлекеттеринин жарандыктарын алууда. Алардын көбү турак-жай алып, үй-бүлөсүн көчүрүп кетишкен. Иш берип жаткан мамлекеттердеги саламаттыкты сактоо, билим алуу, пенсия, пособие жана башка социалдык камсыздоо жагынан жакшы шарттар, айлык акынын жогору болушу мигранттарды өзүнө тартат. Жарандыкты алуу менен алар башка мамлекеттердин адам капиталын көбөйтүп жатышат. Үй-бүлөсү менен иштеп-жашаган мигранттар өздөрү туулган жерине кайтууну каалаcalled да, балдары башка чөйрөдө социализацияланып калгандыктан, алардын келечегин ойлоп башка мамлекеттерде туруктуу жашоо үчүн калышууда. Кыргызстандан билимдүү, квалификациясы жогору кадралардын көбү миграцияга чыгып кетишти. Кыргызстан 30 жыл аралыгында калкынын билимдүү, квалификациялуу катмарынын бир бөлүгүнөн ажырады.

Кыргызстан табигый өсүштүн эсебинен калкынын жалпы саны өскөн менен калкынын курамындагы төрөө мезгилиндеги жаштарынан ажырап жатат. Калктын демографиялык структурасындагы бул өзгөрүүлор келечектеги калктын өсүүсүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Кыргызстандан тышка иштеп кетип жаткан мигранттар жаш балдарын, мектеп окуучуларын туугандарына, картаң ата-энелерине таштап кетип жатышат. Натыйжада, алардын билим алуусу, тарбиясы аксоодо. Мектептерде (ар бир мектепте 1 гана соцпедагог бар) социалдык педагогдор мигранттардын балдарынын маселелери менен иштөөдө. Эгемендүүлүктүн 30 жыл аралыгында таалим-тарбиясы аз, билими төмөн, көпчүлүк учурда ата-эненин кароосусуз калган мигранттардын балдарынын мууну пайда болду.

Стратегиялык маанилүү аймактардан калк өз үй-бүлөсүнүн коопсуздугун, балдарыныны келечегин көздөп өлкөнүн коопсуз, борбордук аймактарына көчүп кетип калды. Алыскы, чек ара райондорундагы калктын маселелерине тиешелүү деңгээлде көңүл бурулбаса, ал аймактар кошуна мамлекеттердин жарандарынын “сойломо миграциясынын” натыйжасында башка мамлекеттердин жарандары тарабынан ээленет.

Улуттук каада-салттардын алып жүрүүчүсү калк болуп эсептелет. Анын санынын азайышы (өзгөчө чек ара райондорунда), рыноктук шартта улуттук каада-салттардын трансформацияланышы улуттук биримдикке да терс таасирин тийгизүүдө. Ааламдашуунун шартында мобилдүү жаштар чет өлкөлөрдөгү алдыңкы технологиялар менен кошо капитализмге тиешелүү индивидуализмди да кабыл алышууда. Улуттук каада-салттарды, ырым-жырымдарды аткаруудагы ашыкча чыгымдарды жоюу менен бирге кээ бир салттардын өзү жоюлууда. Албетте, учурга ылайыкталган, таалим-тарбиялык мааниси чоң улуттук баалуулуктарыбызды сактап, улантууга тийишпиз.

Ааламдашуунун шартында кыргыз эли да андан сыртта кала албайт. Миграция кайсы бир деңгээлде кыргыз калкы үчүн ааламдашуунун каражаты да болуп калды. Миграциянын Кыргызстандын калкы үчүн оң жактары да бар: жумушсуздар башка мамлекеттерде иштеп, акча жөнөтүп

Кыргызстандын экономикасына салым кошуп жатышат. Ааламдашуунун шартында миграцияланган жаштар башка чет тилдерин үйрөнүүдө, квалификацияларын жогорулатууда, жаңы кесиптерди өздөштүрүүдө. Башка элдердин тажрыйбасын үйрөнүү менен өз элинде ишканаларды ачып, мекендештерине жумуш орундарын берүүдө.

Жогорудагы айтылгандарды жыйынтыктап, Кыргызстанда эмгек миграциясынын уланаарын белгилейбиз жана мигранттардын укуктары боюнча тармакты калыптандыруу жана өнүктүрүү зарылчылыгы бар деп эсептейбиз. Эмгек мигранттарынын эсебин так алуучу информациялык система түзүлүшү мезгилдин талабы болуп калды. Дагы деле мигранттардын так эсеби жок. Алар эки жерде калктын санына эсептелип жүргөн учурлар абдан эле көп. Тышкы эмгек миграциясына кадрларды даярдоо, тез аранын ичинде кайрадан даярдоо, орус тилин үйрөтүүчү курстарды ачуу жана мектептерде, ЖОЖдордо орус тилин окутууну жакшыртуу, сыртта окуп, иштеп жаткан таланттуу жаштарды мекенине ылайыктуу эмгек акы менен тартуу иштеринин механизмин иштеп чыгуу зарыл. Акыркы учурларда мигранттарды аралыктан окутуунун веб ресурстарын кыргыз жана орус тилдеринде түзүү иштери жүргүзүлүшү зарыл болуп турат, анткени сыртта, өзгөчө Россияда иштеп жүргөн жаштарыбыздын учурунда билим алуусуна шарт түзүү керек.

Ички миграцияда айыл жеринде социалдык, транспорттук, маданий чөйрөлөрдүн ишин жакшыртуу, билим берүү, медициналык тейлөөнүн деңгээлин жакшыртуу аркылуу ички миграцияны жөнгө салуу аракеттерин жүргүзүү керек. Жаңы жумуш орундары түзүлүш үчүн майда бизнести өстүрүү, оңойлотулган схемадагы бизнес инкубаторлор, аз проценттүү майда кредиттерди берүү, салыктардан убактылуу бошотуу сыяктуу мамлекет тарабынан чаралар көрүлүшү зарыл. Стратегиялык маанилүү айылдарда калкты сактоо жана алардын миграциясын көзөмөлдөө үчүн жаш кадрларга жакшы айлык акы, турак-жай маселесин чечүү, социалдык тейлөөнү жакшыртуу чараларын камтыган мамлекеттик программа иштеп башташы

учурдун кечиктирилгис талабы. Республиканын ичинде миграциялык кырдаалды жөнгө салып туруу үчүн бирдиктүү информациялык түйүн түзүлүп, социологиялык изилдөөлөрдү туруктуу жүргүзүп туруу механизмдери иштелип чыгышы зарыл. Ички миграцияны көзөмөлдөп туруу үчүн жергиликтүү айыл өкмөттөрү, жамааттар менен тыгыз иш алып баруу жагы иштелип чыгышы керек. Ички мигранттар өз өлкөсүнүн башка аймактарында дискриминацияга учурабашы үчүн мыйзам актыларына мезгил талабына ылайык толуктоолор киргизилиши зарыл.

## 4.2. Калктын никелешүү, ажырашуусундагы өзгөчөлүктөр

Рынок экономикасынын шартындагы жумушсуздук маселеси, социалдык-экономикалык кыйынчылыктар үй-бүлөлөрдүн жашоосуна да өз таасирин тийгизүүдө. Облустагы никелешүү жана ажырашуу процесстери калктын турмушунда, өнүгүүсүндө маанилүү орунду ээлейт, андыктан, кыргыздардын нике жана үй-бүлө мамилелеринин абалын, көйгөйлөрүн изилдөөгө алдык.

Үй-бүлөнүн коомдук баалуулугу анын түздөн-түз жашоону «өндүрүү жана кайталап өндүрүү», балдарды тарбиялоо, алардын жеке аң-сезимин өнүктүрүү менен шартталган. Үй-бүлө коомдун баштапкы уюму болуп эсептелет, ошондуктан, анын жашоосуна, адеп-ахлактык абалына коомдо жүрүп жаткан социалдык-экономикалык жана маданий жүрүштөрдүн, курчап турган социалдык чөйрөнүн баары таасир этет. Үй-бүлө – жубайлык биримдик менен туугандык байланыштарга (күйөөсү жана аялы, ата-энелер жана балдар, башка туугандар арасында), жалпы чарбаны чогуу жүргүзүүгө жана өз ара адептик жоопкерчиликке негизделген коомдук чакан социалдык топ [4.90, 23-б.].

Рынок экономикасынын өнүгүүсү жана урбанизациянын таасири, технологиялардын жайылышы, аялдардын коомдук өндүрүшкө тартылышы менен никелешүүдө бир топ өзгөрүүлөр болуп өттү. Коомдун өнүгүүсү менен

никеге турган эркектердин жана аялдардын никеге туруусунун жалпы саны өстү, ошол эле учурда, никеге чейинки мамилелердин саны көбөйүп, никесиз төрөлгөн балдардын пайда болуусуна алып келди. Никеге туруунун тартиптери жеңилдетилди, ошондой эле ажырашуунун жолдору да оңой болуп калды. Негизинен облустагы калктын нике жана үй-бүлөлүк мамилелеринде официалдуу нике менен бирге салттык нормалар да сакталган (мисалы молдого нике кыйдыруу). Никеге турбагандар калк арасында кеңири жайылбаган менен кийинки жаңы шарттарда никелешүү күбөлүгү жок үй-бүлө куруп, жашап жүргөндөр да бар [4.97, 34-б.].

Никелешүү – үй-бүлөнүн түзүлүшүндөгү социалдык-демографиялык жүрүм. Ошондой эле бул жүрүм укуктук, социалдык-маданий, экономикалык нормалар менен шартталат жана жөнгө салынат. Демографиялык жүрумдөрдүн бир бөлүгү катары никелешүү калктын курамындагы төрөлүүгө, балалуу болууга, калктын санынын өзгөрүүсүнө түздөн-түз таасирин тийгизет [3.30, 78-б.].

Ош облусунун жарандык абалдын актыларын каттоо бөлүмүнүн берген маалыматы боюнча, 2012-жыл ичинде 10568 нике катталган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облусундагы өкүлчүлүгүнөн алынган маалыматка караганда 30619 төрөлүү, 5186 өлүм, 1147 ажырашуу катталган [3.36, 14-б].

Маалыматтар боюнча 50 жаштан жогорку курактагы эркектердин 0,4%ы жана аялдардын 0,6%ы никеге турган эмес. 15 жаштан жогорку курактагы эркектердин 65 %ы жана аялдардын 63%ы никеде турушат. Жалпысынан облустун шаарларындагы үй-бүлөлөр жөнөкөй (нуклеардык) үй-бүлө, ал эми айылдарда 2 же 3 муундан турган үй-бүлөлөр да бар. Ошондуктан, айылдардагы табигый өсүү шаардан айырмаланып турат [3.37, 110-б.]. Учурда никелешүү бир кыйла өзгөчөлүктөргө ээ болду жана төмөнкү мүнөздүү багыттар (тенденциялар) ага таасирин тийгизе баштады: жаштардын никеге карата көз караштары, коомдогу аялдардын орду өзгөрдү;

ааламдашуунун шартындагы үй-бүлө институтунун социалдык функциясы да өзгөрүүдө.

Азыркы ааламдашуунун, рынок экономикасынын шартында ажырашуулардын көбөйүшү, түгөйлөрдүн башка, өз алдынча бөлүнүп жашоосу мурункуга салыштырмалуу көп учурап калды [4.140, 78-б.]. Бирок жалпысынан, Ош облусундагы калктын салттуу түрдөгү калыптанган үй-бүлөлүк жана никелик туруктуу мамилелери сакталган.

**Таблица 4.37. Ош облусу боюнча никелешүүлөрдүн шаарлар, райондор боюнча саны (бирдик) [3.15; 3.16; 3.17; 3.18; 3.19; 3.21; 3.22.].**

| | **1995** | **2000** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | 8404 | 4306 | 8169 | 11268 | 10618 | 13990 | 12905 | 12124 | 12114 | 10550 | 9936 | 11464 | 11563 | 8515 |
| Алай району | 1210 | 306 | 539 | 724 | 757 | 982 | 825 | 782 | 722 | 653 | 493 | 672 | 644 | 486 |
| Араван району | 293 | 513 | 721 | 1036 | 1243 | 1512 | 1519 | 1432 | 1265 | 1096 | 1154 | 1336 | 1190 | 1 050 |
| Кара-Кулжа району | 103 | 482 | 962 | 879 | 860 | 969 | 879 | 862 | 806 | 734 | 714 | 681 | 700 | 492 |
| Кара-Суу району | 206 | 1247 | 2404 | 3395 | 3125 | 4954 | 4082 | 4145 | 3475 | 3126 | 3324 | 3733 | 3895 | 2 737 |
| Кара-Суу шаары | 202 | 45 | 94 | 186 | 153 | 166 | 229 | 430 | 313 | 325 | 1257 | 170 | 213 | 102 |
| Ноокат району | 391 | 804 | 1622 | 2358 | 2430 | 2811 | 2696 | 2679 | 2544 | 2003 | 2065 | 2436 | 2524 | 1 818 |
| Ноокат шаары | 1471 | 5 | 121 | 169 | 164 | 182 | 322 | 605 | 311 | 291 | 447 | 77 | 190 | 267 |
| Өзгөн району | 716 | 722 | 1695 | 2236 | 1926 | 2445 | 2630 | 2399 | 1927 | 1544 | 1921 | 2348 | 2394 | 1684 |
| Өзгөн шаары | 88 | 213 | 229 | 378 | 341 | 426 | 450 | 560 | 485 | 483 | 807 | 462 | 479 | 468 |
| Чон-Алай району | 628 | 182 | 168 | 240 | 277 | 317 | 274 | 321 | 266 | 295 | 265 | 258 | 216 | 248 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, облус боюнча никелешүүлөр 2010-жылы 11268, 2011-жылы 10618, 2012-жылы 13990, 2013-жылы 12905 жана 2017-жылы 9021, 2020-жылы 8515 бирдикти көрсөттү жана 1995-жылдагы

көрсөткүч менен жакындашып калды. Материалдарды талдоонун негизинде облуста кийинки учурда никелешүүлөрдүн саны кыскарганын көрдүк.

1000 адамга эсептегенде Ош облусундагы никелешүүлөр 2016-жылы 8,3 көрсөткүч болсо, 2020-жылы 6,2 көрсөткүчтү көрсөтүп, облуста никеге туруу кыскарганын көрсөттү. Башка облустарда да никеге туруу кыскарган, бирок салыштырмалуу Ош облусунда кыскаруу азыраак. Мисалы, 2016-жылы Ысык-Көлдө бул көрсөткүч –7,9, Нарында 7,1 болсо, ал эми 2020-жылы Ысык-Көлдө – 5,7, Нарында 5,5 болду [3.22, 214-215-б.].

Ош облусундагы никеге туруулардын кыскаруусуна үйлөнүү жашындагы жаштардын тышкы эмгек миграциясына кетип, ал жакта ата-энелери менен бирге болгондуктан (иштеп жаткан мамлекеттин жарандары болуп калгандар), иштеп жаткан өлкөлөрүндө үйлөнүүсү, ал жакта той өткөрүп, никеге турганы да таасир эткен. Россия жарандыгын алгандар ал жактан үйлөнүп, энелик капитал, балдарга жөлөк пул, медициналык тейлөө сыяктуу демографиялык саясаттын жеңилдиктерин алуу менен бирге жашоо-турмушун аларга кам көргөн мамлекет менен байланыштырышууда. Кийинки учурда Россиядагы кыргыз үй-бүлөлөрү балдарын ошол жактан үйлөндүрүү жана кыргыздын той менен байланышкан каада-салттарын кыскартып, Москвадагы тойканаларда тойлорун өткөрүп жатканы көп кездешет. Мындай тойканалардын ээлери да кыргыз ишкерлери, алар жаңы шартка бат ыңгайлашып, кыргыздардын салтанаттарын өткөрүүгө багытталган ишкерликти кесиптенишүүдө. Тышкы миграциядагы жердештерибиз ал жакта да 200 дөн ашуун киши чакырып той берип жатканын көрүп жатабыз. Чындыгында бул ойлондуруучу көрүнүш, анткени келечектеги үй-бүлөлөргө кам көрүлбөсө башка мамлекеттердин (Россиянын) өз убагында, туура жүргүзүлгөн демографиялык саясаты жаштарды өзүнө тартып баштады. Кийинки жылдарда Россияда никеге тургандардын саны көбөйүүдө. Тилекке каршы, алар жөнүндө так статистикалык маалыматтар биздин колдо жок. Жаштардын башка мамлекеттерге интеграциялануусу Кыргызстандын келечектеги демографиялык өнүгүүсүнө терс таасирин

тийгизүүчү фактор. Ошондуктан эмгек миграциясын жөнгө салуу, жумуш орундарын ачуу, жаш үй-бүлөлөргө кам көрүү саясаты кечиктирилбей жүргүзүлүшү зарыл.

2010-жылдагы Ош, Жалал-Абаддагы этникалык конфликт учурунда өзбек улутундагы мекендештердин көпчүлүгү уулдарын шашылыш түрдө Россияга, миграцияга жөнөтүп жиберишкен. Ошол татаал кырдаалда үйлөнүү алдында турган, тойлору белгиленип калган кээ бир жаштарды аралыктан үйлөнтүүнүн жаңы бир фомасы пайда болду. Кыздын үйүндө күйөө баланын костюмун жанаша коюп, никесин кыйып, кызды самолет менен күйөөсүнө жөнөтүшкөн. Алардын официалдуу никеге туруусу кийинки убакка калтырылган. Салттык нормаларды сактап, кризистик учурга ыңгайлашкан шартта үйлөнүү салтында жаңы инновациялар байкалды.

Дүйнөнү каптаган пандемиянын шартында алыскы чет мамлекеттерде иштеген жаштарда дистанттык түрдө тойлорду өткөрүүсүн да үйлөнүү үлпөтүнүн кризистик шартка ыңгайлашуусунун бир формасы катары карасак болот. Пандемиянын шартында тойлорду өткөрүүдө ашыкча чыгымдарды азайтуу, тойдогу кишилердин санын кыскартуу, үйлөнүү үлпөтүн тойканаларда эмес үйдө, үй-бүлөнүн, жакын туугандардын катышуусу менен өткөрүү сыяктуу жаңы түрлөрү кирди. Ааламдашуунун, пандемиянын, рыноктун таасири мурдагы шаан-шөкөттөрдү азайтуу жолунда көп инновацияларды турмушубузга кийирди, бүгүнкү күндө алар акырындап нормага айланып бара жатат. Пандемиянын шартында да официалдуу нике кагаздарын алуу кийинки убакка жылдырылган болуусу мүмкүн, ошондуктан никеге тургандардын саны азайган болушу мүмкүн.

Акыркы мезгилде облустун аймагындагы үй-бүлөлөрдө ажырашуулар көбөйдү. Салттуу кыргыз коомунда ажырашууга жол берилген эмес. Үй-бүлөнүн бузулушу өтө сейрек кездешкен. Совет мезгилинде да үй-бүлөгө, балдарга мамлекет тарабынан камкордуктун көрүлүшүнүн натыйжасында ажырашуулардын саны аз болчу. Бүгүнкү күндө облуста, жалпы өлкөбүздө мамлекеттин стабилдүү өнүгүүсү үчүн үй-бүлөгө, өзгөчө жаңыдан түзүлгөн

үй-бүлөгө, балдарга материалдык жана моралдык-психологиялык камкордук көрүү маселеси алдыга чыгып отурат.

Учурдагы үй-бүлөлөрдөгү абалга чоң таасир тийгизген социалдык-экономикалык маселелердин ичинен жумушсуздук биринчи иретте турат. Азыркы мезгилде жаштардын үй-бүлө кураар замат жумушсуздуктун көйгөйүнөн башка мамлекеттерге кетүүлөрү көбөйдү. Сыртта иштеп жаткан мигранттардын үй-бүлөлөрү балдар, кыздарын ошол жакта эле үйлөп, турмушка берүүлөрү адатка айланып бара жатат. Ата-энелер өз экономикалык шарттарына ылайык, жөнөкөйлөштүрүп, замандаштырып эле балдарды үйлөнтүүгө, кыздарды турмушка узатууга өтүштү. Бул турмуштук реалдуулукка эл да көнүп, кадимкидей эле кабыл алып калышты. Россиянын шаарларында кыргыздардын кафе-ресторандарында тойлорун чакан өткөрүү кадимкидей эле ишке ашып калды. Бир жагынан сырт жакта үйлөнүү үлпөтү көп каражатты үнөмдөйт бул жердеги ашыкча, ысырапкерчиликке жол берген каада-салттарды аткаруудан арылтат. Мекенине келгенде жакынкы тууган-урукту чогултуп бата алышат. Мындан биз никелешүүнүн жаңы рыноктук шартка, ааламдашууга, миграцияга ыңгайлашуусун жана салттык нормалардын да эл ичинде сакталышын, колдонулушун көрөбүз.

Үй-бүлөдө жубайлардын бири өз мекенинде калып, бири иштеп келүү үчүн башка мамлекеттерге миграцияга кетиши да никеге терс таасирин тийгизет. Балдардын атасы же энесинин тарбиясын, мээримин албай калган учурлары алардын болочок жашоосуна да таасирлери бар. Азыркы кезде кыз ала качууга (адам уурдоого) каршы абдан көп иш-чаралар өткөрүлгөнүнө карабастан ушундай жол менен түзүлгөн үй-бүлөлөр айылдарда көп эле учурайт. Кыздын макулдугусуз, каалоосу, пикири эске алынбаган мындай үй-бүлөлөрдө ажырашуулардын саны абдан эле жогору экендиги элге маалым реалдуулук. Коомчулуктун аракети, пикири, катышуусу менен бул көрүнүш жоюлушу абзел.

**Таблица 4.38. Ош облусу боюнча ажырашуулардын шаарлар, райондор, боюнча саны (бирдик) [3.15.3.16,3.17.,.,3.18.,3.19.,3.20; 3.22].**

| | **1995** | **2000** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | 1020 | 655 | 431 | 872 | 912 | 1162 | 1152 | 1261 | 1 288 | 1 439 | 1450 | 1651 | 1762 | 1521 |
| Алай району | 60 | 29 | 28 | 39 | 82 | 88 | 75 | 79 | 72 | 117 | 102 | 117 | 128 | 91 |
| Араван району | 9 | 41 | 66 | 103 | 93 | 116 | 108 | 128 | 129 | 159 | 191 | 169 | 216 | 167 |
| Кара-Кулжа району | 21 | 19 | 47 | 50 | 88 | 90 | 99 | 105 | 102 | 93 | 102 | 107 | 162 | 139 |
| Кара-Суу району | 153 | 117 | 143 | 317 | 274 | 389 | 421 | 429 | 422 | 440 | 454 | 522 | 525 | 488 |
| Кара-Суу шаары | 23 | - | 30 | 65 | 58 | 49 | 158 | 429 | 422 | 440 | 454 | 522 | 525 | |
| Ноокат району | 66 | 36 | 75 | 156 | 189 | 212 | 217 | 247 | 296 | 321 | 307 | 349 | 401 | 335 |
| Ноокат шаары | - | - | 18 | 30 | 41 | 30 | 103 | 247 | 296 | 321 | 307 | 349 | 401 | |
| Өзгөн району | 31 | 39 | 67 | 163 | 158 | 183 | 235 | 276 | 231 | 269 | 252 | 341 | 297 | 265 |
| Өзгөн шаары | 7 | - | 21 | 61 | 55 | 101 | 101 | 276 | 231 | 269 | 252 | 341 | 297 | |
| Чон-Алай району | 65 | 13 | 5 | 24 | 28 | 27 | 49 | 38 | 36 | 40 | 42 | 46 | 33 | 36 |

Таблица көрсөткөндөй, облуста башка жылдарга салыштырмалуу ажырашуулар 2019-жылы көп катталган. Аймактар боюнча Кара-Суу районунунда 2019-жылы 525, 2020-жылы 488, Ноокат районунунда 2019-жылы 401, 2020-жылы 335 ажырашуулар катталган. 2019-жылы облуста 1762 ажырашуулар болсо, 2020-жылы 1521 катталып, бир аз саны азайганын көрүүгө болот.

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча ажырашкан түгөйлөрдүн саны жыл сайын өсүүдө. Ажырашкан түгөйлөрдүн саны элетке караганда шаарда үч эсе көбүрөөк [3.22, 219-б.]. Ажырашуунун негизги

себептеринде социалдык-психологиялык маселелер алдынкы орунда турат. Психологиялык жактан жаш адамдар өз ара жана башка адамдар менен мамиле куруугa даяр эместиктен үйлөнгөндөн кийин бат эле араздашуулар жана ажырашуулар болуп жатат. Мындан сырткары үй-бүлө куруу жоопкерчилигинин төмөндүгү, үй-бүлө баалуулуктарынын өзгөрүшү, ата-энелердин жүрүм-турум модели жаштар үчүн таасир этээрин да эске алуубуз зарыл. Мындан сырткары Ош облусунда ажырашуулардын 40 пайызын 20 жашка толо электеги үйлөнгөндөр түзөт [3.22, 221-б.]. Адистер бул көрүнүштү кыздардын үй-бүлө турмушуна даяр эмес кезинде турмушка чыгып жатканы менен түшүндүрүүдө. Ал эми ажырашуулардын айынан аймакта бир жылда миңдей бала атасыз же энесиз жетим болуп калууда. Ош облусундагы “Ак жүрөк” кризистик борборуна өткөн бир жыл ичинде үй-бүлөсү бузулуп, психологиялык жардамга муктаж 776 аял кайрылса, алардын 300 эртелей никеге башын байлаган жаш айымдар болушкан. Бул көрсөткүч бир гана “Ак жүрөк” уюмуна кайрылгандарга таандык. Ош облусунда андай борборлор онго жакын. Уюмдарга кайрылбаган, үй-бүлө зомбулугуна туш болгондордун саны алда канча көп [8.184 ].

**Таблица 4.39. Ош облусу боюнча никелешүүлөр жана ажырашуулар жана алардын жалпы коэффициенти (1000 адамга) [3.15., 3.16., 3.17., 3.18., 3.19., 3.20, 3.21, 3.22].**

| Жылдар | Никелешүүлөрдүн саны | Ажырашуулардын саны | Калктын 1000 адамына | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Никелешүү | Ажырашуу |
| 1995 | 8404 | 1920 | 8,3 | 0,7 |
| 2000 | 4306 | 635 | 7,2 | 0,2 |
| 2005 | 8169 | 43 | 8,1 | 1,1 |
| 2010 | 10638 | 872 | 9,6 | 0,8 |
| 2011 | 13990 | 912 | 12,3 | 1 |
| 2012 | 12905 | 1162 | 11,1 | 1 |
| 2013 | 12620 | 1152 | 10,6 | 1,1 |
| 2014 | 12620 | 1261 | 8,9 | 1,1 |
| 2015 | 12114 | 1 288 | 9,7 | 0,9 |
| 2016 | 10550 | 1 439 | 7,9 | 1,4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2017 | 9936 | 1359 | 7,6 | 8,4 |
| 2018 | 11464 | 1538 | 1,1 | 1,2 |
| 2019 | 11563 | 1610 | 8,4 | 1,3 |
| 2020 | 8515 | 894 | 5,3 | 1,1 |

Материалдардар көрсөткөндөй, 2015-жылы калктын 1000 адамына туура келген никелешүү 9,7 адам болсо, ажырашуулар 0,9 адам болуп, башка жылдарга салыштырмалуу ажырашуулардын көрсөткүчү төмөн болгондугун көрсөтөт. 2020-жылы никеге туруу 6,2, ажырашуулар 1,1 көрсөткүчкө жетти [3.22., 212-б.].

Этнодемографиялык жүрүмдөрдү изилдөөдө улуттар аралык никелешүүнү талдоо биздин изилдөөбүздө өзгөчө мааниге ээ. Анткени, улуттар аралык түзүлгөн үй-бүлөлөрдөгү тиричилик маданиятындагы этностук таасир этүү, аралашуу жана интеграция белгилүү деңгээлде облустун этнодемографиялык жүрүмдөрүнө таасирин тийгизет.

Ош облусунда ар кайсы этностун өкүлдөрү жанаша жашап, бирге иштеп жатышат. Бир жерде жашаган кошуналар жакшылык-жамандыкта чогуу болушат. Бири-биринин кубанычын, кайгысын тең бөлүшөт. Негизинен, аймакта баса белгилеп өтүүчү нерсе, эл достугун чыңдаганга данакерлик көрүнүш улуттар аралык никелешүүлөр болуп эсептелет. Бул никелешүүлөр этностор аралык мамилелердин чыңдалышына өзүнүн позитивдүү таасирин берди. Бул салт токтоп калган жок, дале болсо улантылууда. Ош облусунун жарандары бири-бирин жактырып калган ар кайсы улуттун жаштарынын баш кошуу үлпөттөрүнө күбө болуп жатышат.

Ош облусунун Араван району калкынын этностук курамы боюнча полиэтностук район. Бул райондо башка райондордон айырмаланып, кыргыздар жана өзбектер айыл арасында аралаш жашашат. Араван районунда 2009-жылдагы Эл каттоонун материалдары боюнча жалпы калк – 106 миң 134 адам, анын ичинде кыргыздар – 42049 (39, 6%), өзбектер 62281 (58,7%); тажиктер – 542 (0,5%); азербайжандар – 760 (0,7%); татарлар – 135 (0,1%); башка улуттар 367 адамды (0,4%) түзөт [3.38, 52-53 б.].

Араван районунун Жарандык абалдын актыларын каттоо мекемесинин кызматкерлери менен маектешүү учурунда аймакта  ар түрдүү этностор көп жашаганын жана аралаш үй-бүлөлөр көп экени байкалды. Адистердин маалыматтары боюнча райондогу этностор аралык никелешүүлөрдүн Чек-Абад, Тепе-Коргон, Нурабад айыл аймактарында  көп кездешээрин билдирди [автордун талаа материалдары].

Аралаш никелер этностор аралык мамилелелердин, карым-катнаштын мүнөзүн чагылдырат. Аралаш никелердин ыкчамдуулугу этностордун санынан, алардын географиялык жайгашуусунан жана этностордун маданиятындагы жакындыктардан көз каранды. Облустагы аралаш никелер көп катталган район Араван району болгондуктан изилдөө үчүн ушул райондун маалыматтары талданды.

2009-жылдагы Эл каттоо материалдарына караганда Кыргызстандагы жалпы кыргыздардын  үй-бүлөлөрүнүн 5%ы гана аралаш  үй-бүлөлөр болуп саналат [3.38, 55-б.]. Жубайлардын бири өзбек этносунун өкүлү болгон үй-бүлөлөр Ош облусундагы аралаш үй-бүлөлөрдүн үчтөн бир бөлүгүн түзөт.

Аралаш никелердин динамикасына таасир этүүчү факторлорго төмөнкүлөр кирет: калктын этностук курамы, кош жана көп тилдүүлүктүн таралышы, маданияттагы окшоштуктар, бир динди тутуу, салттык нормалардын дал келиши, окшоштугу.

Жалпы облустагы райондорду аралаш никелер боюнча төмөнкү эки тайпага бөлүүгө болот:

- Аралаш никелердин үлүшү жогору жана орточо болгон райондор: Араван, Кара-Суу, Өзгөн, Ноокат райондору.
- Аралаш никелердин үлүшү төмөн болгон райондор:  Алай, Чоң-Алай, Кара-Кулжа  райондору.

Биринчи тайпадагы райондордун этностук курамында түрдүү этностордун өкүлдөрү жашашат, ошондуктан бул райондордо аралаш никелердин үлүшү жогору.

Ал эми экинчи тайпадагы райондордо кыргыздардан башка этностор аз, кыргыздар сандык жактан басымдуулук кылгандыктан андагы аралаш никелердин үлүшү төмөн.

Облустагы кыргыздардын арасында башка этностордун өкүлдөрү менен баш кошуп, үй-бүлө кургандары, албетте жалпы турмуш кургандардын ичинде салыштырмалуу аз санда. Ушундай эле көрүнүш өзбек, тажик жана азербайжан, түрк этносторуна да мүнөздүү. Ал эми башка саны салыштырмалуу аз болгон түрк, уйгур, күрд, грузин жана башка этносторунун арасында башка этностун өкүлдөрү менен баш кошуп, үй-бүлө кургандар көп. Мунун себебин алардын аз сандуу экендиги жана калктын арасына аралашып, сиңип кетүү жүрүмдөрү менен байланыштуу.

Облустагы улуттар арасындагы аралаш никелерди Араван райондук жарандык абалдын актыларды каттоо бөлүмүндөгү архивдик материалдардын мисалында карадык. Себеби дал ушул Араван району биз жогоруда токтолуп кеткен аралаш никелердин үлүшү жогору болгон райондордун катарына кирет жана акыркы жылдар аралыгында төмөндөгүдөй өзгөрүүлөргө дуушар болгонун байкадык.

**Таблица 4.40. Ош облусуна караштуу Араван районундагы жарандык абалдын актыларын каттоо архиви боюнча 2010-2016-жылдардагы жалпы аралаш никелер [2.13].**

| **Жылдар** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Никеге тургандар** | 1036 | 1243 | 1512 | 1519 | 1432 | 1265 | 1096 |
| **Улуттар аралык нике** | 67 | 67 | 86 | 33 | 84 | 20 | 31 |
| Кыргыз-өзбек | 35 | 38 | 28 | 20 | 48 | 8 | 6 |
| Өзбек-кыргыз | 15 | 12 | 27 | 6 | 15 | 4 | 5 |
| Кыргыз-түрк | 1 | | | | 1 | | |
| Өзбек-күрд | 1 | | | | | | |
| Кыргыз-тажик | 3 | 1 | 3 | 2 | 4 | | 2 |
| Тажик өзбек | 2 | | 2 | 1 | 4 | 2 | 4 |
| Өзбек тажик | 2 | 2 | 2 | 1 | | 1 | 2 |
| Өзбек-уйгур | 1 | 2 | | 1 | 1 | | 1 |
| Өзбек-түрк | 1 | 2 | 4 | | 2 | | 1 |
| Күрд-өзбек | 1 | | | | | | |
| Түрк-өзбек | 1 | 3 | 6 | | 2 | 1 | 1 |
| Тажик-кыргыз | 1 | 4 | | | | 1 | 2 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Уйгур кыргыз | 1 | | 1 | | 1 | | |
| Азербайжан-өзбек | 1 | | 1 | | | | |
| Күрд-ажербайжан | 1 | | | 2 | | | |
| Азербайжан-кыргыз | | 1 | | | | | |
| Өзбек-азербайжан | | 1 | | | | | |
| Түрк-азербайжан | | 1 | | | | | |
| Өзбек-цыган | | 1 | | | | | |
| Уйгур-өзбек | | 3 | 4 | | | 1 | |
| Өзбек-орус | | | 1 | | | | |
| Татар-өзбек | | | 4 | | | | 2 |
| Грузин-азербайжан | | | 1 | | | | |
| Өзбек-түркмөн | | | 1 | | | | |
| Кыргыз-уйгур | | | 1 | | 1 | | |
| Азербайжан-ирандык | | | | | | | 1 |
| Палестиналык-кыргыз | | | | | | | 1 |
| Татар-азербайжан | | | | | | | 2 |
| Азербайжан-түрк | | | | | | 1 | |
| Өзбек татар | | | | | 1 | | |
| Уйгур-өзбек | | | | | 1 | | |
| Өзбек казак | | | | | 1 | | |
| Кыргыз-орус | | | | | 1 | | |
| Балкар-өзбек | | | | | 1 | | |
| Түркмөн-кыргыз | | | | | 1 | | |
| Кыргыз-казак | | | | | 1 | | |
| **Ажырашуу** | 103 | 93 | 116 | 108 | 128 | 129 | 159 |
| **Улуттар аралык ажырашуулар** | **2** | | | **3** | **3** | | **1** |

Таблицада көрүнүп тургандай, 2010-жылдан баштап алганда, негизинен кыргыз-өзбек, өзбек-кыргыз этносторунун өкүлдөрүнөн түзүлгөн никелер басымдуулук кылган.Ал эми башка этностор арасындагы никелер бирден же экиден катталган. Мисалы, 2010-жылы 67 улуттар аралык аралаш нике катталса, анын ичинен 50 нике кыргыз-өзбек же өзбек-кыргыз этносторунан турган никелер болуп саналат. Ошондой эле, 2016-жылы 31 улуттар аралык нике катталса, анын ичинен 6 нике кыргыз-өзбек жана 5 нике өзбек-кыргыз улутунун өкүлдөрү тарабынан курулган нике болуп саналат. Мындан сырткары кыргыз-тажик, өзбек-тажик, же тажик-кыргыз, тажик-өзбек этносторунун өкүлдөрү баш кошкон учурлар да кездешет. Алардын көбү Чек-Абад айыл өкмөтүндө катталгандар болуп саналат. Араван районунун аралаш үй-бүлөлөрүнүн арасында Нурабад, Чек-Абад, Тепе-Коргон айыл өкмөттөрүндө өзбек этносу менен баш кошкондор көп кездешет.

Араван районунундагы улуттар аралык никелердин арасында ажырашуу дээрлик аз катталган жана бекем үй-бүлөлөр катары белгилүү. Мисалы, 2011-2015-жылдары улуттар аралык никедеги ажырашуулар катталган эмес. Улуттар арасындагы никелешүүлөрдү облустагы 2010-жылдагы окуялардан кийин этностор аралык мамилелерде туруктуулукту, сабырдуулукту сактоонун жана мамилелерди жакшыртуунун турмуштук жакшы үлгүсү катары карасак болот. Этностор аралаш жашаган жана аралаш никелер салт болуп калган Араван районунда этностук кагылыштар болгон жок. Этностук жана башка чыр-чатактарды токтотуунун элдик дипломатиялык жолдору иштелип чыккан жана эл арасында аларга ишеним көрсөтүлөт. Учурда улуттардын арасындагы мамилени мурдагыдай эле ишенимдүү жана стабилдүү деп айтканга болот.

Алсак, изилденип жаткан Араван районунда мурда катталбаган улуттун өкүлдөрү никеге турушкан. Мисалы, 2016-жылы азербайжан-ирандык, палестиналык-кыргыз аралаш никелери катталган. Демек, ааламдашуу шартында кыргыз улутунун өкүлдөрү башка мамлекеттерге көчүп, орун-очок алып калбастан, өлкөбүзгө башка улуттун өкүлдөрү келип жатканын унутта калтырбашыбыз керек. Статистикалык маалыматтарга таянсак, Ош жана Кара-Суу шаарларында кытай улутунун өкүлдөрү катталышкан [3.38.51-б].1989, 1999-жылдары бирден катталса, 2009-жылы 100 кытай этносу катталган.

Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, түштүктө кыргыз жана өзбек элинин этностук тарыхый жактан жакындыгы, миңдеген жылдар бою коңшу жашап келиши, чарбалык-маданий түзүлүшүнүн окшоштугу, тилдин жакындыгы, салт-санаалардын, диний ишенимдеринин жалпы жагынан бирдейлиги, алардын үй-бүлө курушунун негизги себептери болуп эсептелет. Дагы бир кошумча, эгер эки элдин жаштары баш кошууга умтулушкан болсо, көпчүлүк учурда коомчулук, ата-энелер, курчап турган чөйрө, каршылык көрсөтүшпөй колдошкон.

Учурда аралаш никеге туруулар дагы деле болсо уланууда. Кыргыз-өзбек улутундагы бир топ жаш жубайлар баш кошушту. Жаштык, аруу тилек, колдоо ар түрдүү этностордун жаштарына бири-бири менен баш кошууга өбөлгө түзүүдө. Мындай жуптарды мамлекет да, жергиликтүү бийлик органдары да бир эле жылда эмес, ар дайым колдоолору керек экендигин өлкөбүздөгү интеллигенциянын алдыңкы өкүлдөрү да белгилешүүдө. Азыркы мезгилде кыргыздар өзүнүн этносунан башка өзбек, уйгур жана тажиктер менен турмуш курушуп жатышат. Бул аралаш үй-бүлөлөрдүн түзүлүшүнө дагы бир шарт – бул этностордун диний ишенимдери бирдей экендигин да белгилеп кетишибиз керек.

Үй-бүлөдө турмуш кургандардын бир өкүлү кыргыз болгон учурларда алардын үй-бүлөлүк каада-салттарында, турмуш-тиричилик жагында кыргыздардын да, башка улуттардын да салт-санаасы жашап келет. Үй-бүлөдөгү эң көрүнүктүү салт болуп үйлөнүү тою жана ага байланышкан салт-санаалар болуп эсептелет. Мында негизинен эки элдин салтын тең алып кетүүгө аракеттенишет. Салттуу мусулман майрамдарынан Орозо жана Курман айттарды, чыгыш элдеринде жалпы майрамдалган Ноорузду чоң салтанат менен өткөрүшөт. Бул күндөрү мал союлуп, боорсоктор жасалып, кыргыздар, өзбектер жана башка улуттун өкүлдөрү бирге майрамдашат.

Этностук аралаш үй-бүлөдө, негизинен кыргыздар менен өзбектердин ортосундагы салттардын айырмасы болсо да, үй-бүлө мүчөлөрүнүн аялы кыргыз болсо, анда кыргыздардын каада-салттары үстөмдүк кылат. Мындай аралаш никелүү үй-бүлөлөрдө үй-бүлөлүк каада-салттарында жаңы, жалпы Кыргызстан элине таандык, башка этностордон кабыл алынган "жаңылыктар", "трансформациялар" көп.

Негизинен алганда көп улуттуу калкы бар Ош шаарында да аралаш үй-бүлөлөр көп. 2010-жылдагы Ош окуясынан кийин мэрия тарабынан баш кошкон эки улуттан түзүлгөн үй-бүлөлөргө материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүлгөн. Бул демилге токтоп калбастан, дагы колго алынууга тийиш. Анткени, турмуш далилдегендей, этностор арасындагы турмуш куруу

эки элдин ортосундагы байланышты, карым-катнашты жана достукту бекемдөөгө өзүнүн оң таасирин берет. Ош облусунун калкынын арасында улуттар аралык аралаш никелер кеңири тараган. Этномаданий өнүгүүдөгү жалпылыктар аралаш үй-бүлөлөрдүн жаралышына жана өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Белгилеп кетүүчү нерсе, көп аралаш никелер кыргыз-өзбек, өзбек-кыргыз түгөйлөрү болуп саналат.

Аралаш үй-бүлөлөрдүн түзүлүшүнө облустун аймагындагы этностордогу көп тилдүүлүк, өз эне тилин билүүсү менен катар кошуна этностордун тилин, маданиятын өздөштүрүүсү да таасир этет.

2009-жылы өткөрүлгөн Эл каттоонунун жыйынтыгы боюнча, кыргыз, өзбек жана орус этносторунун дээрлик бардыгы эне тили катары өз улутунун тилин көрсөтүштү. Татарлардын 79%ы, тажиктердин 80%ы өз улутунун тилин эне тили деп белгилешкен. Татар жана украиндерде эне тили деп көбүнчө орус тилин белгилегендер да бар. Муну менен бирге Ош облусунда жашаган уйгурлардын 77%ы эне тили катары өзбек тилин эсептешет. Түрктөрдүн ичинен 40%ы гана эне тили катары өз улутунун тилин эсептешет, ал эми 10%ы кыргыз жана 30%ы өзбек тилин эне тили катары көрсөтүшкөн [3.38, 56-б.].

Ош облусунда 15 жаштан жогорку 235,6 миң адам же 46% эне тилден башка да тилдерде сүйлөшөт. Өзбектердин ичинен 15 жаштан жогору 45,8 миң адам же алардын 62%ы кыргыз тилинде, 52,4 миң адам же 71%ы өз эне тилинен башка орус тилинде да сүйлөшөт. Татарлардын 15 жаштан жогоркулардын дээрлик бардыгы экинчи тилин орус тили деп эсептешет. Мындан тышкары, татарлардын 34%ы кыргыз тилинде да сүйлөй алышат [3.28.,80-б].

**Таблица 4.41. Ош облусунун калкынын эне тили боюнча көрсөткүчтөрү (2009-жылга карата) [3.38, 56-б.].**

| Улуттар | Бардык калк | Анын ичинде эне тили катары көрсөткөндөр |
|---|---|---|

| | | өз улутунун тили | % | кырг тили | % | өзбек тили | % | орус тили | % | Башкалар | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардык калк, анын ичинде | 1104248 | 1086513 | 98,3 | 7028 | 0,63 | 8487 | 0,76 | 699 | 0,06 | 1521 | 0,13 |
| Кыргыздар | 758036 | 757407 | 99,9 | - | - | 359 | 0,04 | 235 | 0,03 | 35 | 0,00 |
| Өзбектер | 308688 | 307049 | 99,4 | 1484 | 0,48 | - | - | 104 | 0,03 | 51 | 0,1 |
| Орустар | 1552 | 1515 | 97,6 | 28 | 1,8 | 8 | - | | - | 1 | - |
| Түрктөр | 10934 | 4469 | 40,8 | 4563 | 41,7 | 749 | 6,8 | 14 | 0,12 | 1139 | 10,4 |
| Тажиктер | 6711 | 5956 | 88,7 | 248 | 3,6 | 502 | 7,48 | 3 | - | | - |
| Татарлар | 1337 | 978 | 73,1 | 67 | 5,0 | 132 | 9,8 | 160 | 11,96 | | - |
| Уйгурлар | 11181 | 5041 | 45,08 | 312 | 2,7 | 5795 | 51,8 | 31 | 0,2 | | - |
| Дунгандар | 793 | 94 | 11,8 | 2 | - | 696 | 87,7 | 1 | - | | - |
| Азербайжандар | 3224 | 2822 | 87,5 | 65 | 2,01 | 92 | 2,8 | 16 | 0,4 | 229 | 7,1 |

Жалпысынан облуста кыргыздардын 99,9%ы эне тили катары кыргыз тилин көрсөтүшкөн, ал эми алардын 0,04%ы өзбек тилин, 0,03 %ы орус тилин эне тили катары тандашкан. Облустагы өзбектердин 99,4 %ы өзбек тилин эне тили катары эсептешсе, 0,48%ы өз эне тили катары кыргыз тилин, 0,3%ы  орус тилин белгилешкен. Орустар облуста 1552 адам болсо, анын 97,6%ы  эне тили катары орус тилин, 1,8% кыргыз тилин көрсөтүшкөн. Түрктөрдүн 40,8 %ы эне тили катары өз улутунун тилин, 41,7 %ы кыргыз тилин, 6,8 %ы өзбек тилин тандап алышкан. Ал эми уйгурлардын 45,1 %ы өз улутунун тилин, 2,7 %ы кыргыз тилин, 51,8 %ы өзбек тилин эне тили катары көрсөтүшкөн.

Жалпысынан алганда кыргыз, өзбек жана орус этносторунун дээрлик басымдуу көпчүлүгү өз улутунун тилин эне тили катары тандашкан. Кыргыз, өзбек этносунун арасында эне тили катары өзбек жана кыргыз тилдерин тандагандар – аралаш үй-бүлөлөрдүн мүчөлөрү. Салыштырып караганда, өзбек этносунун өкүлдөрүнүн кыргыз тилин эне тили катары белгилегендери көбүрөөк, бул албетте өлкөдөгү жүргүзүлүп жаткан улуттар аралык

ырашкерликти арттыруу саясаты, жарандардын келечек стратегиялары менен тыгыз байланыштуу.

Кыргызстандын түштүгү байыртадан эле көп тилдүүлүк тараган, пайдаланылган аймак, ошондуктан бул жердин этностору бири-бирин котормочусуз эле түшүнүшүп, алакалашып келишкен. Ош облусунун түрк этносунун жарымына жакыны эне тили катары кыргыз тилин белгилегени азыркы реалдуулук. Алар кыргыз айылдаштары, кошуналары менен тыгыз чарбалык, социалдык алакада жашап келе жатышат. Бири-бирине кыз берип, куда-сөөк мамилелери да арбын. Ушул жаатта алардын көбү кыргыздар менен тыгызыраак мамиле кылышат, ошондон улам алардын чөйрөсүндө кыргыздар менен баарлашуу, мамилелешүү аралаш үй-бүлөлөрдүн көп түзүлүшүнө алып келген. Өзбек этносу менен аралашуу азыраак экенин түрктөрдүн арасындагы эне тили катары өзбек тилин 6,8%ы тандаганы да көрсөтүп турат. Уйгурлардын ичинен жарымынан көбү эне тили катары өзбек тилин белгилешкен, демек алардын арасында өзбектер менен аралашуу, сиңишүү жүрүмдөрү жүрүп жатат.

Этносоциологиялык изилдөөлөрдө суралуучуларга мамлекеттик тилди бардык жарандар билүүсүнүн керектиги жөнүндө суроо берилген. Бул жооптор аркылуу кыргыз тилинин этностор арасында таралышын карадык.

**Таблица 4.42. «Сиз Кыргызстанда жашап жаткан бардык адамдар кыргыз тилин билүүгө милдеттүү деп эсептейсизби?» деген суроого жооптор (аймактар боюнча, % менен) [2.11.,2.12].**

| Аймактар / Жооптор | Ош шаары | Большевик айылы | Ош облусу, жалпы |
|---|---|---|---|
| Ооба | 88,8 | 84,3 | 85,8 |
| Жок | 11,3 | 15,7 | 14,6 |

Таблица көрсөткөндөй, Ош шаарынын респонденттеринин 88,8%ы, Большевик айылынын 84,21%ы, жалпы облус боюнча респонденттердин –

85,8%ы башка этностордун өкүлдөрү да кыргыз тилин билүүгө милдеттүү деп эсептешет. Мында мамлекеттик тил деп эсептелген кыргыз тилине калктын басымдуу бөлүгү милдетүү түрдө улутуна карабай кыргыз тилин билүүсү керек деп эсептейт. Берилген маалыматтар кыргыздардын өзүн-өзү таануусу шаарларда күчтүү экендигин кабарлайт. Ош шаарында облустун ар кайсы аймактарынан келген жаштар көпчүлүктү түзүшөт. Алардын этностук өзүн-өзү аңдоо сезими да абдан жогору. Ошондуктан бул суроонун жоопторун талдоону жаш өзгөчөлүгүнө карай да карап көрүүнү чечтик.

**Таблица 4.43. “Сиз балдарыңызды мектепте кайсы тилде окутууну каалайсыз”? Жооптор аймактар боюнча (пайыз) [2.11.,2.12].**

| Аймактар / Жооптор | Ош шаары | Большевик айылы | Ош облусу, жалпы |
|---|---|---|---|
| Кыргыз | 50,6 | 69,1 | 55,4 |
| Орус | 49 | 40 | 42,8 |
| Өзбек | 0,51 | - | 1,9 |

Көрүп турганыңыздардай эле шаар жергесинде балдарын орус тилинде окутууну каалаган ата-энелердин саны басымдуулук кылат. Бул бир эле Ош облусу боюнча жыйынтык. Ал эми өлкөнүн башка аймагында өзгөчө Бишкек, Чүй тарапта мындай көрсөткүч мындан дагы жогору. Башкача айтканда, мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн башаты балдарды мектептен окутуудан башталат. Ошондуктан өлкөнүн келечегин ойлогон мекенчил жаштарды тарбиялоо үчүн мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн ырааттуу пландары ишке ашырылышы зарыл [9.197].

Азыркы учурда кыргыз тили өнүгүүдөн бир аз алсыз болуп турса да, бир канча алгылыктуу иштер жасалды. Учурда ишканалардагы бардык иш кагаздар кыргыз тилинде иштеле баштады. Келечекте кыргыз тили дүйнөлүк өнүккөн тилдердин катарына кирет деп терең ишенебиз.

Кыргыз Республикасында азыркы учурда окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн 133 жалпы билим берүүчү мектеп иштейт. Эгемендик

жылдарында Ош кыргыз-өзбек университети жана Жалал-Абад шаарында А.Батыров атындагы Эл достугу менчик университети ачылган. Азыр Ош мамлекеттик университетинин алдындагы Өзбек тили жана адабияты институту студенттердин окуу жайга аз тапшыргандыгына байланыштуу жоюлуп кеткен. Туруктуу абал болгондон кийин өзбек этносундагы студенттер жалпы республикалык жана жергиликтүү жогорку окуу жайларында окуп жатышат.

Ош шаарында көп жылдан бери республикадагы эң эски Бабур атындагы академиялык музыкалык-драмалык театры иштеп келе жатат. Өзбек тилинде облустук жана райондук гезиттер чыгарылып, менчик телерадиостудиялар иш алып барууда. Өзбек коомчулугунун ондогон өкүлдөрү илимдин кандидаты, доктору деген илимий даражаларга ээ, анын экөө Кыргызстан Илимдер Академиясынын академиги деген жогорку илимий даражаны алышкан.

Өзбектер түштүк облустарындагы саламаттык сактоо чөйрөсүндө да көп эмгектенет: Ош облусундагы өзбек улутундагы дарыгерлердин облустун дарыгырлердин ичиндеги үлүшү – 22%, Ош шаарында 16%ды түзөт [8.189].

Өзбек интеллигенциясынын мыкты өкүлдөрү Кыргызстандын жогорку мамлекеттик сыйлыктарына, наамдарына татыктуу болгон. Өзбек коомчулугунун татыктуу кадрлары республикалык парламенттин депутаты, Өкмөттүн мүчөсү жана ведомстволордун жетекчилери, облустун губернаторлору же анын орун басарлары, райондун акимдери жана жергиликтүү кеңештердин (облустук, райондук жана айылдык) өкүлдөрү болушкан, милициянын генералы наамын алышкан [8.189].

Ош облусунда жашаган калктын экономикалык активдүүлүгү жана иш менен камсыз болуу аракеттери бир кыйла жогору. 2009-жылкы эл каттоонун маалыматтарына ылайык экономикалык активдүүлүк жана иш менен камсыз болуу боюнча көрсөткүчтөр кыргыздарда 64,6 % жана 58,3 % болсо, ал эми өзбектерде 62,7%ды жана 57,1%ды түзөт. Кыргызстандын түштүк

облустарында учурда бул көрсөткүчтөр кыргыздарда да, өзбектерде да мындан да өйдө. Өзбектер айрыкча коомдук тамактануу, курулуш, соода, мейманкана жана ресторан бизнеси, транспорт жана байланыш тармактарында, айыл чарбасында көбүрөөк иштегендиги байкалат.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөгө алынган мезгилде Ош облусунда никелешкендердин саны жылдан жылга көбөйүп бара жатат. Ага салыштырмалуу ажырашуу өткөн жылдарга караганда бир аз төмөндөгөнү байкалды. Айыл жана шаар калкында никелешүү жана ажырашуулардын санында айырмачылыктар бар.

Ош облусунун калкынын арасында этностор аралык аралаш никелер кеңири тараган. Этномаданий өнүгүүдөгү жалпылыктар аралаш үй-бүлөлөрдүн жаралышына жана өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Аралаш никелердин таралышына калктын этностук курамы, кош жана көп тилдүүлүктүн таралышы, маданияттагы окшоштуктар, салттык нормалардын дал келиши, окшоштугу таасир этет.

Материалдар көрсөткөндөй кыргыз, өзбек жана орус этносторунун дээрлик бардыгы эне тили катары өз улутунун тилин көрсөтүштү. Муну менен бирге Ош облусунда жашаган уйгурлардын үчтөн экиси эне тили катары өзбек тилин, түрктөрдүн ичинен он пайызы - кыргыз жана отуз пайызы - өзбек тилин эне тили катары эсептешет. Ош облусунун калкынын көпчүлүк бөлүгү (46%) калкы эне тилинен башка да тилдерде сүйлөй алышкан полилингвисттер.

2009-жылдагы Эл каттоо материалдарына караганда Кыргызстандагы жалпы кыргыздардын үй-бүлөлөрүнүн 5%ы гана аралаш үй-бүлөлөр болуп саналат. Аралаш үй-бүлөлөрдүн көпчүлүгү Кыргызстандын түштүгүндө, анын ичинде Ош облусунда жашашат. Жубайлардын бири өзбек этносунун өкүлү болгон үй-бүлөлөр Ош облусундагы аралаш үй-бүлөлөрдүн үчтөн бир бөлүгүн түзөт. Калкынын курамын түрдүү этностор түзгөн Кыргызстандын калкынын ичинде, анын ичинде Ош облусунда аралаш никелердин болуусу

келечекте дале уланат, анткени бул жер этностордун аралаш жайгашкан аймагы, этностордун интеграциясына мүмкүндүк берүүчү дагы бир маанилүү жагдай – аралаш никеге туруп жаткан этностордун маданияты, диний ишенимдери бирдей экендигин да белгилеп кетишибиз зарыл.

## 4.3. Облустун калкынын жыныстык, жаш курактык түзүмү жана билим деңгээли

Калктын жаш курактык түзүмү жана анын динамикасы туурасындагы маалыматтар мектепке чейинки, мектеп курагындагы балдар, өспүрүмдөр, жаштар, шайлоого катышууга укугу бар калк, эмгекке жарамдуулар, пенсионерлер жана башкалар боюнча маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүк берет. Калктын жыныстык-курактык түзүмүнүн калыптанышына үч фактор – *төрөлүү, өлүмдүн саны жана калктын миграциясы таасир этет.*

Ош облусунун калкынын жыныстык курамында негизинен улгайган курактагы аялдар басымдуулук кылат. Бул бир жагынан Улуу Ата мекендик согуштун кесепеттери, экинчи жагынан өмүрдүн орточо узактыгы аялдарда жогору экендиги менен түшүндүрүлөт. Кийинки мезгилде калктын жаш жагынан бөлүнүшүндө чоң өзгөрүүлөр болду. Балдардын саны эгемендик мезгилине чейин тынымсыз өсүп келген. Эгемендик жылдарында облуста 14 жашка чейинки балдардын калктын жалпы санындагы үлүшү азайды. Совет мезгилинде жаш балдардын төрөлүүсү республикадагыдан жогору болуп келген. 60 тан ашкан адамдардын саны азайып, эмгекке жарамдуу калктын саны (16-59 жаштагы эркектер, 15-54 жаштагы аялдар) көбөйгөн [3.33, 27-б].

**Таблица 4.44. Ош облусунун калкынын жыныстык курамы (адам)[3.38., 3.21, 21-б].**

| | 12.01.1989. | % | 24.03.1999. | % | 24.03.2009. | % | 01.01.2020 | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Эркектер | 351730 | 49,4 | 472229 | 50,0 | 556566 | 50,4 | 691900 | 50,5 |
| Аялдар | 360913 | 50,6 | 471337 | 50,0 | 547682 | 49,6 | 676200 | 49,5 |
| Баары: | 712643 | 100 | 943566 | 100 | 1104248 | 100 | 1368100 | 100 |

Таблица көрсөткөндөй, 1989-жылы 49,4% эркектер, ал эми аялдар 50,6% катталган. 1999-жылы жалпы калктын санынын ичинде эркектер жана аялдардын саны теңелген. Ал эми 2009-жылы эркектер 50,4%ды, аялдар 49,6 %ды, 2020-жылы эркектер 50,5%ды, аялдар 49,5 %ды түзүп, калктын ичинде аялдардын саны азыраак экени билинди. Облус боюнча 1989-жылы 1000 аялга 975 эркек, 1999-жылы 1000 аялга 1002 эркек туура келди, ал эми 2009-жылдагы эл каттоо боюнча 1000 аялга 1016 эркек туура келип, аялдардын катышы төмөндөгөндүгү байкалды. 2020-жылы эркектердин жана аялдардын саны 2009-жылдагы көрсөткүчтөргө жакын болду.

**Таблица 4.45. Ош облусунун калкынын жаш-курактык түзүмү (адам) [3.38., 3.21, 31-б].**

| | 1999 | | | 2009 | | | 2020 (жылдын башына) | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Анын ичинде | | | Анын ичинде | | | Анын ичинде | | |
| | Жалпы | Эркектер | Аялдар | Жалпы | Эркектер | Аялдар | Жалпы | Эркектер | Аялдар |
| Бардык калк | **943566** | **472229** | **471337** | **1104248** | **556566** | **547682** | **1368100** | **691835** | **676219** |
| Анын ичинде курагы, жашы: | | | | | | | | | |
| 0 | 25513 | 12941 | 12572 | 26867 | 13779 | 13088 | 35137 | 18075 | 17062 |
| 1 | 26402 | 13414 | 12988 | 28877 | 14715 | 14162 | 35652 | 18306 | 17046 |
| 2 | 26697 | 13802 | 12895 | 25656 | 13026 | 12630 | 34838 | 17784 | 17054 |
| 3 | 28079 | 14077 | 14002 | 24808 | 12627 | 12181 | 35726 | 18456 | 17220 |
| 4 | 29221 | 15001 | 14220 | 25049 | 12779 | 12270 | 38634 | 19654 | 18980 |
| 5-9 | 138583 | 70228 | 68355 | 114606 | 58569 | 56037 | 168249 | 85122 | 82127 |
| 10-14 | 127935 | 64368 | 64045 | 131525 | 66953 | 64572 | 132965 | 67838 | 65127 |
| 15-19 | 96660 | 49032 | 47628 | 128825 | 65609 | 63216 | 114753 | 58606 | 56147 |
| 20-24 | 80557 | 40398 | 40159 | 117461 | 59669 | 57792 | 123488 | 63178 | 60310 |
| 25-29 | 72747 | 37016 | 35731 | 91800 | 47177 | 44623 | 122691 | 63352 | 59339 |
| 30-34 | 65756 | 33075 | 32681 | 75497 | 38690 | 36807 | 106171 | 54394 | 51777 |
| 35-39 | 60838 | 30385 | 30453 | 67709 | 34594 | 33115 | 86273 | 44814 | 41459 |
| 40-44 | 43994 | 21691 | 22303 | 62159 | 31274 | 30885 | 69628 | 35533 | 33704 |
| 45-49 | 29513 | 14383 | 15180 | 57268 | 28241 | 29027 | 62688 | 31702 | 30986 |
| 50-54 | 15627 | 7569 | 8058 | 41246 | 19869 | 21377 | 57111 | 28138 | 28973 |
| 55-59 | 17138 | 8495 | 8643 | 26846 | 12695 | 14151 | 53263 | 25533 | 27730 |
| 60-64 | 18681 | 9024 | 9657 | 13522 | 6253 | 7269 | 38681 | 17856 | 20825 |
| 65-69 | 16699 | 7867 | 8832 | 13492 | 6427 | 6765 | 23050 | 10262 | 12788 |
| 70-74 | 12584 | 6134 | 6450 | 12971 | 5879 | 7092 | 12299 | 5230 | 7069 |
| 75-79 | 5259 | 1869 | 3390 | 9891 | 4359 | 5532 | 5978 | 2515 | 3463 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 80-84 | 2196 | 672 | 1524 | 5795 | 2689 | 3106 | 6244 | 2434 | 3810 |
| 85 жана андан улуу | 2887 | 478 | 2099 | 2378 | 663 | 1685 | 2374 (100 жаштан жогору 204 адам) | 910 (83) | 1464 (121) |
| Жалпы санынын ичинен – калктын курагы,жашы: эмгектенүү курагына чейинки | **402430** | **42,6 %** | | **404028** | **36,6 %** | | **505 990** | **37%** | |
| Эмгекке жарамдуу | **501511** | **53,1 %** | | **628020** | **56,8 %** | | **772060** | **56,5%** | |
| Пенсионерлер | **39625** | **4,1 %** | | **72200** | **6,5 %** | | **90004** | **6,5%** | |

Таблица көрсөтүп тургандай, Ош облусунда 1999-жылы эмгектенүү курагына чейинки калк 42,6 %, эмгекке жарамдуулар 53,1 %, пенсионерлер 4,1 % болсо, 2009-жылы эмгектенүү курагына чейинкилер 36,6%га, эмгекке жарамдуулардын саны 3,7% өсүп, 56,8 % түздү, пенсионерлер 6,5% түздү. *1999-2009-жылдар арасында эмгекке жарамдуу жана андан улуу калктын саны өсүп, балдар жана өспүрүмдөрдүн саны азайган.*

*2020-жылы жаш балдардын саны бир аз өстү. Бул эмгек курамына чейинкилердин санынын өсүшүнө түрткү берди (1%ке*). Бирок бул көрүнүш жаштардын миграциясынын таасири астында терс жакка өзгөрүшү мүмкүн. Экономика жай өнүгүп жана киреше деңгээли төмөн болуп жаткан учурда калктын өсүшүнүн жайлашы жана миграциялык агымдын тышка карай агылышы, облустун экономикалык абалына, анын коопсуздугуна да коркунуч алып келе турган факторлордон болуп саналат.

Калктын мүнөздөөчү негизги белгилеринин бири – анын жыныстык-курактык жактан бөлүнүшү болуп эсептелет. Талдоо үчүн облустун калкы 3 топко бөлүнөт: 0-15 жаштагылар; 16-59 жаштагылар; 60тан жогору жаштагылар.

**Таблица 4.46. Ош облусу боюнча айрым этностордун туруктуу калкынын курактык - топтук түзүмү [3.26., 3.38, 54-55 б].**

| | Баары | кыргыздар | өзбектер | орустар | түрктөр | тажиктер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **0-14 жаш** | | | | | | |
| 1999-жыл | 483042 | 318409 | 146395 | 2768 | 3089 | 1800 |
| 2009-жыл | 377388 | 262558 | 102575 | 244 | 3923 | 2521 |
| **15-59 жаш** | | | | | | |
| 1999-жыл | 594019 | 372129 | 197451 | 9064 | 5350 | 3410 |
| 2009-жыл | 668811 | 456457 | 189597 | 1042 | 6361 | 3840 |
| **60-жаштан жогоркулар** | | | | | | |
| 1999-жыл | 69410 | 41768 | 21759 | 3509 | 586 | 343 |
| 2009-жыл | 57938 | 38929 | 16499 | 252 | 371 | 214 |

Таблицадагы статистикалык маалыматтарды талдаганда, 1999-жылдан 2009-жылга чейин Ош облусунун калкынын курамында динамикалуу өзгөрүүлөр бар 0-14 жашка чейинки өспүрүмдөрдүн саны азайууда. 2009-жылы 1999-жылга салыштырмалуу 105 654 адамга кыскарган. Мурунку эл каттоого караганда 15-59 жаштагы адамдардын саны өскөн (74792 адамга). Маалыматтар көрсөтүп тургандай 60 жаштан жогору адамдардын саны азайган, 1999-жылы алардын саны 69410 адам болсо, 2009-жылы 57938 адамды түзүп 11472 адамга кыскарган.

XX кылымдын башында швед демографы Г.Саундберг тарабынан калктын жаш курактык түзүмүнүн 3 тиби бөлүнүп көрсөтүлгөн: ***прогрессивдүү, стационардуу жана регрессивдүү.*** Прогрессивдүү типте пирамиданын кырлары тегиз, негизи жайык, төбөсү кууш болот. Тагыраак айтканда, мындай тип үчүн калктын курамында жаш балдардын саны көп болот. Стационардуу типте пирамиданын негизи жана баш жагы тең, бирдей келет да, бул типте балдар жана кары-картаңдардын саны бирдей экендигин көрсөтөт. Регрессивдүү типке негизи тар жана башы кенен болгон пирамида мүнөздүү. Мында калктын курамында кары адамдардын саны көп болот.

Калктын санынын, жаш курамынын балансынын бузулушуна алып келген факторлордун (согуш, экономикалык, саясий кризистер, миграция) таасири менен калктын азайышы же көбөйүшүнө байланыштуу пирамиданын чектери өзгөрүп турат .

Жогорудагы көрсөтүлгөн классификация боюнча Ош облусунун калкынын жаш-курактык пирамидасын 1-типке (прогрессивдүү) киргизебиз. Анткен менен облустун калкынын жаш курактык түзүмү этностор боюнча айырмаланат. Кыргызстанда жашап жаткан этностор жаш курактык жактан айырмаланышат. Аларды эки топко бөлүп кароого болот: демографиялык жактан жаш дунгандар, кыргыздар, түрктөр, өзбектер жана тажиктер кирет. Ал эми демографиялык жактан картайып бара жаткан этностор – орустар, татарлар, украиндер, жана аларга жакын корейлерди, немистерди айтууга болот.

СССР ыдырагандан кийин миграция маселеси пайда болду, өлкөдө жашаган этностук топтордун катышынын өзгөрүшүнө алып келди. 1999-жылы Эл каттоонун маалыматтарына таянсак, кыргыздардын, өзбектердин, тажиктердин жана башка жергиликтүү улуттардын санынын өскөндүгү байкалган. Алардын санынын көбөйүшү негизинен табигый өсүшкө байланыштуу болгон. Мындан тышкары кыргыздар менен тажиктердин көбөйүшүнө Тажикстандын граждандык согуш болгон райондорунан качкындардын келгендиги таасир эткен. Муну менен бирге орус, украин, немец, еврей жана башка калктын санынын азайышы алардын тарыхый этностук мекенине миграциясы менен түшүндүрүлөт.

Калктын куракттык структурасында айрым топтордун ролу жана мааниси бирдей эмес. Эреже катары, макродеңгээлде үч ири куракттык топко бөлүнөт: эмгекке жарамдуу калк, эмгектенүү курагына чейинкилер жана пенсионерлер. Ар бир топтун кыймылы өзгөчөлүктөргө ээ. Айрым улуттардын куракттык-жыныстык түзүмүндө айырмачылыктар бар.

1999-2009-жылдар ичинде Кыргызстанда эмгекке жарамдуу калктын саны 25,4 %га өстү, ал эми бүт калктын саны 11,2 %га көбөйдү [3.38.,31-б].

Мындай чоң өсүү эмгек рыногуна чоң жүк алып келет. Калктын курактык түзүмү бардык үч ири курактык топтор ичинде да маанилүү өзгөрдү.

Демографиялык жактан алганда Кыргызстандын калкы жаш, өсүп бара жаткан мамлекеттердин калкынын катарына кирет. 2009-жылы республиканын калкынын 32,5%ын балдар жана өспүрүмдөр, 59,4%ын эмгекке жарамдуу адамдар, жана 8,1%ын пенсионерлер түздү. Ал эми Ош облусунда балдар жана өспүрүмдөр 36,6%ды, эмгекке жарамдуу адамдар 56,8%ды, пенсионерлер 6,5 %ды түздү [3.38.,31-б].

Ош облусунун калкы демографиялык жагынан алганда абдан жаш. Шаар жеринде улуу курактагы адамдардын үлүшү айыл жерине салыштырганда азыраак. Облустун жаштары жогорку жана атайын орто окуу жайлары көп жайгашкан Ош шаарында турушат.

1999-жылы кыргыздарда орточо жаш курагы – 22,9 жаш болсо, өзбектерде – 24,1 жаш, татарларда – 37,9 жаш, орустарда – 39,1, украиндерде – 48,1 жашты түзгөн. 2009-жылы орточо жаш курагы кыргыздарда – 25,5 жаш, өзбектерде – 26,2, орустарда – 39,5, түрктөрдө – 24,7, тажиктерде – 24,4 жашты түздү [3.26.,3.38, 98-б.].

Кыргыздарда эмгекке жарамдуулар жана пенсионерлерде гендердик бир аз айырма бар. Бирок кыргыздар менен орустардын ортосундагы курактык өзгөчөлүктөргө өлүм, миграция да таасирин тийгизбей койбойт. Этностор арасындагы курактык топтук айырмачылыктарга таасир этүүчү негизги себептердин бири – төрөлүүдөгү этностук айырмачылыктарда деп ойлойбуз. Кыргыздардын арасында төрөлүү көбүрөөк, орус этносунда төрөлүүнүн саны кескин кыскарып кеткен, анткени алардын миграциясынан кийин (айрыкча жаштардын миграциясынан кийин) жалпы облус калкынын курамындагы орустардын саны кескин кыскарды.

Кыргыздар менен өзбектердин орточо курагынын жаш экендиги салыштырмалуу түрдө алардын табигий өсүшүнүн жогорулугуна жана үй-бүлөлөрдүн көп балалуулугуна байланыштуу.

Ошентип кыргыздардын ичинде эмгекке жарамдуу курактагылар калктын 49%ын, ал эми пенсионерлер 6%ын гана түзөт. Өзбектердин ичинен эмгекке жарамдуу курактагы адамдар 42%ды, ал эми пенсионерлер 7%ды түзөт. Татар, орус, украиндердин орточо курагынын жогорулугу жана пенсионерлердин санынын салыштырмалуу көптүгү бул этностордун курамындагы жаштардын этностук мекенине эмиграциясына байланыштуу.

Жыйынтыктап айтканда, Ош облусунун калкынын жалпы курамында 0-14 жашка чейинки жаш балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны изилденип жаткан убакыт аралыгында азайган.

Салыштырмалуу Ош облусунун калкы демографиялык жактан жаш. Демографиялык орточо курак облустун этносторунда ар түрдүү. Бул көрсөткүч боюнча аларды эки топко бөлүп кароого болот: демографиялык жактан жаш этносторго дунгандар, кыргыздар, түрктөр, өзбектер жана тажиктер кирет. Ал эми демографиялык жактан картайып бара жаткан этностор деп орустарды, татарларды, украиндерди, жана аларга жакын корейлерди, немистерди айтууга болот.

Эмгекке жарамдуу калктын саны көбөйүп, 60 жаштан жогорку карылардын саны да азайган. Этностор боюнча караганда, эмгекке жарамдуу кыргыздардын саны он жыл аралыгында 6%га көбөйсө, ал эми өзбектердин курамындагы эмгекке жарамдуу курактагылардын саны 5,4%га азайган. Облусубуздагы этнодемографиялык жүрүмдөр акыркы жылдардагы социалдык-экономикалык шарттарга ылайык өзгөрүүдө.

**Таблица 4.46.а. Ош облусунун негизги топтор боюнча калкынын саны**

**[3.22, 99-б.].**

| **Ош облусу** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жылдар** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** |
| **Калкы** | **1 259,6** | **1 287,5** | **1 314,0** | **1341,8** | **1368,1** |
| **Жашы:** | | | | | |
| **Балдар жана өспүрүмдөр** | 468 944 (36,4%) | 481 798 | 494 514 | 505 990 | 513 296 (37%) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Эмгекке жарамдуу** | 742 707 (57,6%) | 752 166 | 762 329 | 772 060 | 783 789 (56%) |
| **пенсионерлер** | 75 874 (6%) | 80 062 | 85 020 | 90 004 | 94 564 (7%) |

Таблица көрсөткөндөй, 2016-2020-жылдар арасында балдар жана өспүрүмдөрдүн, пенсионерлердин саны өсүп, эмгекке жарамдуулардын саны бир аз кыскарган. Демек, калктын иштеген бөлүгүнө бир аз демографиялык жүк оордогон.

Кыргызстандын калкынын негизги өзөгүн жаштар жана өспүрүмдөр түзөт. Жаш муун өзү менен кошо мамлекеттин өнүгүүсүнүн стратегиялык ресурсун, анын ичинде социалдык-экономикалык, маданий жана илимий мүмкүнчүлүктү жогорулатат. Билим денгээл жарандарга, жаштарга абдан маанилүү. Сапатуу билим алууга жетишүү адам укуктарынын бири катары каралат. Жаштар билим менен эмгек рыногуна чыга алат, инсан катары өнүгүшү үчүн алардын ар биринин турмушунда билим абдан баалуу. Бүгүнкү рынок шартында жашоо, жумуш табуу үчүн сапаттуу, керектүү билим алуу абдан керек. Жаш муун рынок экономикасынын жана демократиянын жеңил эмес шарттарында иштөө үчүн, бири-бирине атаандашкан чөйрөдө көз каранды эмес чечимдерди кабыл алууга жана ийгиликтүү иштөөгө аракеттерди жасоодо. Өлкөнү өнүктүрүүнүн жаңы этабындагы талаптарга билим алууну, жаңы компетенцияларга ээ болууну атасак болот.

**Таблица 4.47. Ош облусундагы 15 жаштагы жана андан улуу туруктуу калктын билим деңгээли жана жынысы боюнча [3.26 3.38, 88-89 б.]**

| | 15 жаштагы жана андан улуу курактагы бүт калк | Жогорку | Бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | Жалпы орто | Жалпы негизги толук эмес орто | Жалпы башталгыч | Жалпы башталгыч билими жоктор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | | | | | | | | |
| 1999-ж | 692956 | 52823 | 8398 | 65807 | 386025 | 122955 | 37819 | 8806 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2009-ж | 858385 | 52229 | 13616 | 35123 | 22124 | 446499 | 96933 | 41824 |
| Эркектер | | | | | | | | |
| 1999 | 339159 | 27597 | 4747 | 26831 | 198057 | 61247 | 15551 | 2579 |
| 2009 | 431071 | 24834 | 6425 | 13211 | 16974 | 227392 | 48914 | 18393 |
| Аялдар | | | | | | | | |
| 1999 | 353797 | 25226 | 3651 | 38976 | 187968 | 61708 | 22268 | 6227 |
| 2009 | 427314 | 27395 | 7191 | 21912 | 5150 | 219107 | 48019 | 23431 |

1999-2009 жылдардагы Эл каттоонун жыйынтыгынын негизинде Ош облусунун калкынын билим деңгээлин биле алдык. Негизинен, 1999-жылы жогорку билимдүүлөр 52 823 адам катталса, жалпы орто билими барлар 386 025 адам катталган. 2009-жылы жогорку билимдүүлөр 52229, жалпы орто билими барлар 22 124 адам катталган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын “Билим берүү” мыйзамында мамлекетибиздин ар бир жараны улутуна, жынысына, социалдык абалына, диний ишенимдерине, социалдык абалына жараша эмес баары бирдей билим алууга укуктуу. Кыргызстан – дүйнө жүзүндөгү башка өлкөлөр сыяктуу эле сабаттуу мамлекет. Калктын сабаттуулугу чоңдордо 99%ды түзөт. 2009-жылы Эл каттоо боюнча калктын билим деңгээли чоңдордун көпчүлүк бөлүгүн түзгөн. Алардын көбүн жогорку жана орто билими барлар түзөт. Статистикалык маалыматтардын негизинде айыл калкына караганда, мурункудай эле шаар калкында жогорку билимдүүлөр көп жана ошол эле учурда шаар калкынын орто кесиптик билим алгандары айыл калкынын үч эсеге аз [3.33]. Билими барлардын көпчүлүгү Бишкек жана Ош шаарларында иштешет. Шаар жана айыл калкынын көпчүлүгүн жогорку билимдүүлөрдүн ичинен аялдар түзөт.

Аялдардын жогорку жана атайын орто билими барлары, эркектерге караганда жогору экендигин байкадык. Акыркы жылдар аралыгында аялдардын арасында жогорку билимдүүлөр көбөйдү. Мисалы 2009-жылы жогорку билимдүү аялдардын саны 27,3 миң болсо, эркектер 24,8 минди түзгөн.

Эгемендүүлүк жылдары калктын билим алуусуна миграция да таасир этүүдө. 2009-жылдагы Эл каттоонун жыйынтыгы 16дан улуу жаштардын

жалпы орто билимдүүлөрү 55 %ды жана орто кесиптик билимдүүлөр 19 %ды түзөөрүн көрсөттү. Ошол эле учурда республиканын сыртында жогорку билимдүү жарандардын 16 %ы жүрүшөт [3.38].

Учурдагы социалдык-экономикалык оор кырдаал калктын билим алуусуна терс таасирин тийгизген. Өзгөчө айыл жерлеринде акыркы жылдары мектепке чейинки мекемелер жана мектептер бир топ кыскарууга учураган.

Ош облусунда 2018-жылы 538 орто мектеп иштеп жатат [8.176]. Мындан сырткары 2019-жылы 9 жаңы мектеп ишке берилди. Облуста диний билим алууга, шарият жолунда жүрүүгө багытталгандардын саны арбып баратат. Облустун мусулмандар казыятында, 7 райондун хатибчилиги, жалпы 856 мечит ( анын ичинен 185 жума окулган мечит), 2 ислам институту, 20 медресе, 2 окуу борбору иш алып барат [ 8.176].

2009-жылдагы Эл каттоо боюнча 76,6 миң бала мектепке чейинки мекемелерге барган. Ал 6 жашка чейинки балдардын 10 %ын түзгөн. Ал эми айыл жеринде болсо бул көрсөткүч 2 эсеге аз. 2009-жылы ЖОЖдун студенттери калктын 3 төн бир бөлүгүн түзгөн [3.38].

Эгемендүү Кыргызстанда билим берүүдө да көптөгөн өзгөрүүлөр болду. Ааламдашуунун шартында билим берүү программалары, стандарттары жаңы жашоого туура келгидей өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Билим берүүнүн негизги максаты – калкка сапаттуу билим берүү болуп эсептелет. 1996-жылы кабыл алынган “Билим” улуттук программасы билим берүү секторун өнүктүрүүнүн секторун аныктаган. 1995-жылы билимди өнүктүрүү үчүн “XXI-кылымдын кадрлары, “Жеткиликтүү билим” программалары кабыл алынып иш алып барды. 1998-жылы “Аракет”, “Маданият”, “Айыл мектеби “аттуу программалар калктын жакырчылыгын жоюп, турмушун жакшыртып, сапаттуу билим берүүгө багытталган [1.5.,1.6.].

Азыркы убакытта мектепке чейинки мекемелерди мамлекеттик бюджет, жергиликтүү бюджет, ата-энелер комитети, гранттар каржылап келүүдө. Кийинки мезгилдерде мектептеги билим берүүнүн бир топ жаңы типтери иштелип чыкты. Билим берүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатууда

педагогдор өлкөдө чоң роль ойнойт. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча көпчүлүк мектептерде 95% ысык суу, 60% телефондук байланыш, 90% сигнализация жок [4.73].

Ош облусунун калкынын билим деңгээли акыркы он жылда өскөндүгү байкалды. 1999-жылы 15 жаш жана андан улуу курактагы калктын жогорку, бүтпөгөн жогорку, атайын орто, жалпы орто жана негизги жалпы билими барлар 91,7 %ды түздү. 1989-жылы бул көрсөткүч 84,9 % болгон.

**Таблица 4.48. Ош облусунун 15 жаштан улуу жаштагы туруктуу калктын билим деңгээли, жынысы боюнча [3.38.,103-82 б.]**

| | 15 жаштагы жана андан улуу курактагы бүт калк | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жогорку | Бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | Жалпы орто | Жалпы негизги толук эмес орто | Жалпы башталгыч | Жалпы башталгыч билими жоктор | Сабатсыздар |
| Ош облусу | 858385 | 52229 | 13616 | 35123 | 446499 | 96933 | 150037 | 41824 | 7982 |
| Кыргыздар | 586812 | 40249 | 10956 | 25072 | 316128 | 48413 | 102286 | 28091 | 4899 |
| Өзбектер | 242253 | 10622 | 2313 | 8810 | 116620 | 43581 | 42517 | 12152 | 2621 |
| Орустар | 1380 | 169 | 31 | 157 | 629 | 161 | 96 | 40 | 6 |
| Уйгурлар | 8768 | 350 | 106 | 424 | 4066 | 1287 | 1690 | 391 | 83 |
| Түрктөр | 8309 | 233 | 75 | 228 | 4918 | 879 | 1489 | 390 | 72 |
| Татарлар | 1192 | 182 | 40 | 145 | 481 | 130 | 108 | 51 | 11 |
| Тажиктер | 4979 | 70 | 21 | 88 | 1395 | 1706 | 1159 | 478 | 213 |
| Азербайжандар | 2537 | 125 | 32 | 61 | 1092 | 606 | 436 | 137 | 52 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, кыргыздардын арасында жогору билим алууга багытталуу жогору. Кыргыздардын арасында жогорку билимдүүлөрдүн саны 40249ду (7%) түзсө, өзбектердин саны – 10622 (4%) түздү. Орус этносунун арасында жогорку билимдүүлөрү 12%ды (169) түзөт.

Өзбек жаштары орто, атайын орто билим алуу жетиштүү деп эсептешет. Бул алардын ата-энелеринин да пикири. Өзбек жаштары

негизинен майда техникалык ишканаларда эмгектенишет, устадан кесип үйрөнүшөт, мектепти бүтүп эле иштеп акча таба башташат. Устазын (окутуучусун) өмүр бою сыйлап жүрүшөт. Кыргыз жаштары көбүнесе жогорку билим алууга умтулушат. Алардын ата-энелери балдарын окутуу үчүн чоң суммадагы контракттарды төлөп окутушат. Кыргыз жаштары мекемелерде иштегенге багытталса, өзбек жаштары жеке майда ишканаларды ачып иштеткенге аракет жасоону эрте эле башташат.

Рынок экономикасына адаптацияланууда кыргыз жаштарында жеке ишканаларды ачып иштөө тажрыйбасы жок же аз болгондуктан алар миграцияны тандап алышты. Өзбек жаштары жана калкы Ош облусунуну жана анын райондорунун борборлдорунда соода, тейлөө ишканаларын ачып, экономикалык орундарды ээлеп алышкан. Ошондуктан жергиликтүү бийлик чет өлкөдөн билим алып келген же иштеп акча таап келген жаштарга жеке ишканаларды ачып, инвестициясын өз өлкөсүнө салганга жаштарга мүмкүнчүлүктөр түзүлүшү керек.

Учурда Кыргызстандын айыл жеринде тургундардын билим деңгээли, балдарга билим берүү деңгээли төмөндөп кетти. Алай районунун Гүлчө, Араван районунун Алля Анаров, Маңгыт жана Чет-Абад, Кара-суу районунун Кашкар-кыштак айыл кеңештеринде  жогорку, бүтпөгөн жогорку жана атайын орто билимдүү адамдардын саны 15 жаштан жана андан улуу калктын санынын 18-27 %ды түзөт. Көпчүлүк айыл кеңештердин жогорку жана атайын орто билимдүүлөрдүн саны 11-14 %дан ашпайт, ал эми Өзгөн районунун Кара-Таш жана Көлдүк айыл кеңештеринле 9%ды түзсө, Ноокат районунун Гүлистан  айыл кеңешинде 5 %ды түзөт [3.38].

Облусубуздун калкынын билим берүү мекемелеринин иштеринде көп маселе бар аймактарына Кара-Кулжа, Араван жана Чоң-Алай райондорун киргизүүгө болот. Бул үч райондун ичинен өзгөчө Чоң-Алай районуна өзүнчө көңул буруу керек. Анткени бийик тоолуу шартта мектептерде кадрлардын жетишпегени  жарандардын билим деңгээлине терс таасирин тийгизүүдө

Кыргызстандын жаштары өлкөнүн өнүгүү стратегиясын, чоң социалдык-экономикалык, маданий жана илимий потенциалды өздөрү менен алып жүрөт. Өлкөдөгү рыноктук экономика шартында жаш муундардын жакшы ишкана-мекемелерге жумушка орношуусунда адистиги боюнча билими жана тажрыйбасы талап кылынат. Өзгөчө тажрыйба талап кылган учурларда иштеп, анан тажрыйба чогултулат да деген ой жаштарды жана алардын ата-энелерин кыйнап келет. Азыркы учурда орто, атайын орто, жогорку окуу жайларында окутуунун компетентүүлүк багыты ушул маселени чечүүгө бир аз болсо да жардамын берет. Рынок экономикасынын шартында жаш муунга татыктуу, жогорку, атаандаштыкка чыга ала турган жана ошондой эле ички жана сырткы өлкөдө иштей ала турган билим берүү негизги маселелерлин бири. 2009-жыллдагы Эл каттоонун жыйынтыгы көрсөтүп тургандай эле өлкөдө билим алган жаштар көбөйдү. Материалдык керектөөнүн айынан жаш эркек балдар өз жашынан эртераак билим алып, иштегенге аракет кыла башташты.

Акыркы жылдары калктын билим алуусу бардык жерлерде бирдей болбой жатат. Анын негизги себептери экономиканын туруксуздугу, үй бүлөлөрдүн материалдык абалы, аймактык өзгөчөлүктөр, тил билүү ж.б.у.с. Учурда билим берүүдөгү эң негизги максат эл аралык атаандаштыкка, таалапка жооп бере турган сапаттуу билим берүү болуп эсептелет.

Ош облусунун калкынын билим деңгээлинде өзгөрүүлөр бар. Азыркы мезгилде калктын демографиялык жактан өнүгүүсүнө калктын билим деңгээлинин түздөн түз таасири бар. Билим сапатынын начарлашы, мектепке тартылбаган балдардын санынын өсүшү келечектеги демографиялык жүрүмдөргө таасир этээри ачык. Балалуу болуу жашындагы энелердин билим деңгээли да төрөлүүлөргө, балдарды тарбиялоого жана аларды социализациялоого чоң роль ойнойт.

### 4.4. Облустагы этностордун аймактык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү

Көп этностуу Кыргызстандын калкынын аймактарга жайгашышы ар түрдүү. Калктын жайгашуусуна республиканынын географиялык өзгөчөлүктөрү таасирин тийгизет. Кыргызстандын калкы жеринин 15%ын гана түзгөн өрөөндөргө, тоолордун арасындагы ойдуңдарда жайгашкан. Ош облусунда 1 км$^2$ жерге 24 адам, Талас облусунда 13, Ысык-Көлдө 8, Нарында 5 адам туура келет. Демек, калк негизинен дыйканчылыкка ыңгайлуу, климаты жагымдуу түздүктөрдө көбүрөөк жайгашкан.

Кыргыз Республикасы – көп этностуу мамлекет, анда 80 ден ашуун улуттун өкүлдөрү жашайт. Кыргызстандын калкынын ичинде **кыргыздардын саны** 1989-жылы – 52,4%, 1999-жылы – 64,9%, 2009-жылы – 71%, 2020-жылы 73,6%ды түздү [3.20, 3.22.,3.28]. Жалпы элдин саны 2009-жылдагы Эл каттоонун жыйынтыгында 5 млн. 362 793 адамды, 2020-жылы 6 млн. 523 529 адамды түзгөн.

Мындай өсүүгө багытталган көрүнүш өткөн кылымдын 70-80-жылдары эле байкалган. Өлкөдө табигый өсүштүн натыйжасында ылдамдык менен саны өсүп жаткан этностордун бири – *өзбектер.* Кыргызстанда өзбектер 1999-жылы калктын 14,4%ын түзгөн, ал эми 2009-жылы 14,7%, 2020-жылы 14,7%ды түздү [3.22, 3.28, 3.22, 101-б.]. Өзбектер негизинен өлкөбүздүн түштүгүндө Ош шаарында жана ага жакын Кара-Суу менен Араван райондорунда, ошондой эле Жалал-Абад облусунун Сузак, Базар-Коргон райондорунда жашашат.

Алардын саны Кыргызстанда 1989-жылы 550 096 адамды, 1999-жылы 664 950 адамды, 2009-жылы 768 405 адамды, 2020-жылы 964 379 адамды түзгөн [3.22.,3,28.,3,29]. Ош облусунда алардын саны 2020-жылы 398 525 адам. Алар облус калкынын 29 %ын түзөт. Башкача айтканда, акыркы он эки жылда алардын саны облуста 27,9 %тан 29%га өскөн. Өзбектердин калган көпчүлүк бөлүгү Ош шаарында – 133 886 адам, Жалал-Абад облусунда – 316 635 адам, Баткен облусунда – 78 325 адам, Чүй облусунда – 17 474 адам, Бишкекте 14 241 адам жашашат.

Миграцияга байланыштуу *орус* калкынын саны кыскарды: 1989-жылы 916558 адам, 1999-жылы 603201 адам, 2009-жылы 419583 адам катталган [3.26, 3.38].1999-жылы калктын курамында орустардын салыштырма көлөмү 12,5%ды түзгөн болсо, 2009-жылы 7,8%, 2020-жылы 5,2 %га чейин түшкөн.

XIX кылымдын экинчи жарымынан бери Кыргызстандын Чүй боорунда *дунган* этносу компакттуу түрдө жашап келет. Алардын бир бөлүгү Ош облусунда да жашашат (793 адам). Алар отурукташкан, дыйканчылык менен кесип кылган калк. Дунгандардын Кыргызстандагы жалпы саны: 1989-жылы 36928 адам, 1999-жылы 51766 адам, 2009-жылы 58409 адам, 2020-жылы 73977 адам (1,1%) катталган [3.22, 3.28, 3.29]. Дунгандардын көпчүлүгү айылдарда жашашат. Кийинки он жылдыкта көбөйүү салыштырмалуу азыраак катталган. Бул калктын көбөйүшү негизинен алардын табигый өсүүсүнө байланыштуу. Ош облусунда 2020-жылы 966 дунган катталган [3.20].

Башка мамлекеттерден келгендердин, анын ичинде 1999-жылы Тажикстандан келгендердин эсебинен, тажиктердин саны мурдагы жылдарга салыштырмалуу өскөн (27 %). 2009-жылы алардын санынын өскөндүгү байкалган эмес. 2020-жылы Ош облусундагы тажиктердин саны 8 301 адамды түздү. Аларга караганда облуста уйгурлар (14989 адам) жана түрктөрдүн (13 531 адам) саны көп. Облуста жашаган күрддөрдүн саны да көп өзгөргөн эмес.

Республикада айрым этностордун географиялык жайгашышында өзгөчөлүктөр бар. Нарын облусунда дээрлик бүт калк кыргыздардан турат. Талас облусунда кыргыздардан кийинки көпчүлүктү күрддөр түзөт. Алардын облустагы калктын ичиндеги 1999-жылкы үлүшү 2,3% болсо, 2009-жылы 2,4 %га чейин өскөндүгү байкалган. Баткен облусунда кыргыздар 1999-жылы 74,3%ды түзсө, 2009-жылы 76,5%ды түздү.

Кыргызстандын орус жана украин калкынын негизги бөлүгү XIX кылымдын экинчи жарымынан бери Россия империясы Кыргызстанды каратып алгандан кийин республиканын түндүгүндө – Бишкек шаары, Чүй

жана Ысык-Көл облусунун шаарларга жакын айылдарында жайгашкан. Алардын бир бөлүгү Ош облусунда да жашашат. 1999-жылдагы Эл каттоонун материалдары боюнча Ош облусунун Кара-Суу районунда 977 орус, 1136 татар, Өзгөн районунда 1136 орус, 364 татар жашаса, 2009-жылдагы Эл каттоонун материалдарында бул райондо аталган этностордун өкүлдөрү айылдарда жашабай, этностук мекенине же шаарларга көчүп кеткени аныкталды [3.26, 3.38]. 2020-жылы орустардын саны 1100 болуп, татарлар 1104 адам катталган [3.22, 101-б.].

Калкынын жыштыгы боюнча дүйнөдө эң алдыңкы орундардын биринде турган Фергана өрөөнүндө 15,5 млн. эл жашайт. Ал өрөөндө 3 республиканын – Кыргыз Республикасы, Тажикстан Республикасы, Өзбекстан Республикасынын жалпы калкынын 30%ы жашайт. Кыргыз тарабында 3,5 млн, өзбек тарабында 9,5, тажик тарабында 2,5 млн калк жашайт. Өрөөндүн кыргызстандык облустарына Фергана, Кокон, Наманган, Анжиян облустарынан келип жарандык алгандар да аз эмес [8.171 а.].

Ош облусунун шаарларында калктын көпчүлүгү өзбектер. Ош шаарынын жалпы калкынын ичинде кыргыздардын саны – 50,9 % (159 264 адам), ал эми өзбектер – 42,8% (133 886 адам), Кара-Суу шаарында кыргыздар – 31%, өзбектер – 63%, Өзгөн шаарында кыргыздар – 7 %, өзбектер – 90 % [3.22, 101-б.]. Орустар негизинен Ош шаарында жашап, шаардын калкынын 6 %ын түзөт.

Айыл жерлеринде калктын улуттук курамы башкача. Бийик тоолуу Алай, Чоң-Алай, Кара-Кулжа райондорунун айыл кеңештеринин калкынын дээрлик баары кыргыздар. Араван Кара-Суу жана Ноокат райондорунун дыйканчылык өрөөндөрүндөгү айылдарында өзбектер көп жашайт.

**Таблица 4.49. Ош облусундагы этностордун райондор боюнча жайгашуусу [3.26., 3.38, 53-53б].**

| | Ош облусу | Араван району | Алай району | Кара-кулжа району | Кара-суу району | Өзгөн району | Ноокат району | Чон Алай району |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1999-жыл** | | | | | | | | |
| Бардык калк | 943586 | 91438 | 65822 | 80252 | 294043 | 193766 | 196486 | 21759 |
| Кыргыздар | 647422 | 35537 | 65395 | 80129 | 161322 | 143053 | 140253 | 21733 |
| Өзбектер | 261776 | 53771 | - | - | 110708 | 42464 | 54719 | - |
| Уйгурлар | 9420 | 152 | - | - | 8649 | 580 | - | - |
| Түрктөр | 9215 | 238 | - | - | 3009 | 5645 | 314 | - |
| Тажиктер | 5443 | 543 | - | - | 4667 | 120 | - | - |
| Азербайжан дар | 2875 | 743 | - | - | 2105 | - | - | - |
| Орустар | 2721 | 134 | 105 | - | 977 | 1136 | 333 | - |
| Татарлар | 1955 | 156 | 117 | - | 1119 | 364 | 168 | - |
| Дунгандар | 672 | | | | 672 | | | - |
| Башка улуттар | 6854 | 158 | 205 | 123 | 262 | 224 | 293 | 26 |
| **2009-жыл** | | | | | | | | |
| Бардык калк | 1104248 | 106134 | 72170 | 87691 | 348645 | 228114 | 236455 | 25039 |
| Кыргыздар | 758036 | 42049 | 71901 | 87610 | 189262 | 168277 | 173920 | 25017 |
| Өзбектер | 308688 | 62281 | - | - | 134340 | 50666 | 61299 | - |
| Уйгурлар | 11181 | - | - | - | 10445 | 595 | - | - |
| Түрктөр | 10934 | - | - | - | 3368 | 7210 | 267 | - |
| Тажиктер | 6701 | 542 | - | - | 5947 | 124 | - | - |
| Азербайжан дар | 3224 | 760 | - | - | 2440 | - | - | - |
| Орустар | 1552 | - | | - | 487 | 707 | 241 | - |
| Татарлар | 1337 | 135 | | - | 749 | - | - | - |
| Дунгандар | 793 | - | | - | 786 | - | - | - |
| Башка улуттар | 1792 | 367 | 269 | 81 | 540 | 281 | 329 | 22 |

Таблицада көрүнгөндөй, Ош облусунун аймагында жашаган этностордун арасында аз да болсо өзгөрүүлөр байкалган. 1999-жылы кыргыздар 647422 адамды (68,6%), 2009-жылы 758036 адамды (68,6%) түзүп, кыргыздардын жалпы калктын арасындагы үлүшү өзгөргөн эмес. Он жылдын ичинде кыргыздар 110614 (10%) адамга көбөйгөн менен облустун калкынын жалпы өсүшүнүн таасири менен алардын үлүшү мурдагыдай калган. Өзбектердин саны 1999-жылы 261776 адам (27,7%), 2009-жылы 308688 адам (27,9%)–болуп, 46912 адамга (0,2%) көбөйгөн. Ушул эки эл каттоонун учурунда уйгурлар 1761 адамга (0,1%), түрктөр 1719 адамга көбөйгөн. Бул убакыт аралыгында славян тилдүү этностордун саны кыскарган, мисалы орустар 575 адамга, татарлар 618 адамга кыскарган. Дунгандардын саны Ош

облусунун аймагында өскөнү байкалган эмес. Жогорудагы маалыматтар боюнча миграцияга байланыштуу орус, татар этносторунун саны кыскарган.

Облуста айрым этностордун географиялык жактан жайгашышында айрым өзгөчөлүктөр бар. Ош облусунда негизинен 2009-жылы жүргүзүлгөн Эл каттоонун жыйынтыгы боюнча башка этностун өкүлдөрү Араван, Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат райондорунда катталган. Алай, Кара-Кулжа, Чоң-Алай райондорунун негизги калкы болуп кыргыздар эсептелет.

Араван районунун Алля Анаров айыл өкмөтүндө кыргыздар 2009-жылы калктын 17%ын түзсө, өзбектер 79,3%ды түзгөн. Керме-Тоо айыл өкмөтүндө кыргыздар калктын 97%ын түзөт. Тепе-Коргон айылында кыргыздардын үлүшү 14,4% болсо, өзбектердин үлүшү 84,3% болуп, басымдуу көпчүлүктү түзгөн.

Ноокат районунун калкынын көпчүлүгү кыргыздар. Кээ бир айылдардын этностук курамы башка айылдардан айырмаланат. Райондун Гулистан айыл өкмөтүнүн калкынын 95,1%ын өзбектер түзөт. Ошондой эле Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн 84,7%ын, Чечме-Сай айылында 82,5%ын, райондун борбору Ноокат шаарында 78,8%ын өзбектер түзүшөт. Ал эми 2009-жылдагы Эл каттоонун жыйынтыгы боюнча Ноокат районунун жалпы калкынын 74%ын кыргыздар, 25,9%ын өзбектер түзсө, башка этностор 0,1%ды түзгөн [3.19]. Кыргыздар көбүнчө тоо этектериндеги айылдарда орун алышкан.

Өзгөн районунун айылдарынын көпчүлүгүндө кыргыздар жашашат. Райондо өзбектер негизинен Баш-Дөбө жана Дөң-Булак айыл өкмөттөрүндө жашайт. Мындан сырткары түрктөр Өзгөрүш айылында жайгашкан. 2009-жылы Өзгөн районунда кыргыздар 73,8 %, өзбектер 22,2%, түрктөр 3,1% жана башка этностор (0,1%) катталган. Өзбектердин көпчүлүгү шаарларда жана ага жакын түздүктөгү айылдарда орун алышкан.

Кара-Суу районунун Ак-Таш айыл өкмөтүнүн калкынын 47,8%ы түрктөр, ал эми Жаңы-Арык айыл өкмөтүнүн калкынын 28,9%ын тажиктер түзөт. Жоош айыл өкмөтүнүн Кайрат айылында жашагандардын 65,0%ы

паспортунда “өзбек” деп катталгандар, чындыгында алар уйгур улутундагылар. Бул XX кылымдын 30-жылдарындагы репрессия учурунда уйгурлардын өзүн, үй-бүлөсүн сактап калуу аракети менен паспортторуна ушундай жазылып калган [4.46. 37-б.]. Эгемендик жылдарында паспортторуна кайрадан уйгур деп жаздыра баштагандан кийин алардын саны көбөйдү.

Кашкар-Кыштак айыл өкмөтүнүн калкынын курамы да көп этностуу. Аталган айыл аймагында кыргыздар (42,2 %), уйгурлар (30,6 %) жана өзбектер (25,3%) жашайт. Савай айылынын негизги жашоочулары кыргыздар (56,9 %) жана өзбектер (36,4%) болуп саналат.

2009-жылы Кара-Суу районунунда жалпы 348 645 адам жашаган. Алардын 189 262си же 54,3%ы кыргыздар, 134 340ы же 38,5%ы өзбектер, 10 445и же 3,0%ы уйгурлар, 5947си же 1,7 %ы тажиктер, 3 368и же 1,0 %ы түрктөр болуп саналат. Башка этностор район калкынын 0,2%ын түзөт [3.38.177-180-б.]. Ал эми Таширов айылында дунгандар (786 адам же 0,2%), топ болуп жайгашышкан [3.38]. 2020-жылы Кара-Суу районунда 440 400 адам жашайт [3.22, 19-б].

2009-жылкы Эл каттоодо Ош шаарында кыргыздардын саны өзбектерге дээрлик теңелген (кыргыздар 103 миң 173 адам, өзбектер 103 миң 870 адам туруктуу жашоочулар катары катталган) [3.38, 19-б]. Шаарлардын жана айыл өкмөттөрүнүн мындай этностук курамы баарынан мурда Өзбекстан Республикасы менен жакын жайгашкан аймактарга таандык.

Ош облусунда калк этностук жактан топтошкон (компакттуу түрдө) тариздe жайгашкан. Байыртадан дыйканчылык жана соода-сатык, тейлөө менен кесиптенген өзбектер Өзбекстанга чектеш, Кыргызстандын түштүк облустарында жайгашкан. Ош облусунда Кыргызстанда жашаган бардык өзбектердин 55 %ы, Жалал-Абад облусунда 32%ы жашайт. Баткен облусунун калкынын 75 %ы кыргыздар, өзбектер 15 %ды, тажиктер 6,9 %ды түзөт. Бул жерде Кыргызстандагы өзбектердин, тажиктердин дээрлик баары же

басымдуу бөлүгү жана башка улуттун өкүлдөрү жашайт. Аймактардагы этностордун санынын динамикасын анализдөө салыштырмалуу бир топ оорчулук жаратууда. Анткени буга ички миграция таасирин тийгизүүдө. Кыргыздар Ош облусунун бардык райондорунда негизги басымдуу көпчүлүктү түзгөн калк катары бир кылка жайгашкан. Кыргыздардын саны Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө интенсивдүү көбөйүүдө.

Ош облусунун аймагында жашаган этностордун өкүлдөрүнүн улуттук маданиятын, тилин сактоо аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө шарттар бар. Фергана өрөөнүндө этностор байыртадан чогуу жашап, маданиятында, турмуш-тиричилигинде, дүйнө таанымында, этностук дүйнөсүндө көптөгөн жалпылыктар калыптанган.

**Таблица.4.50. Сизди башка улуттун өкүлдөрү менен түзгөн мамилелериниз канаааттандырабы? Жооптор аймактар боюнча (пайыз) [2.11.].**

| Аймактар / Жооптор | Ош шаары | Кара-Суу району |
|---|---|---|
| Канааттандырат | 44,4 | 32,6 |
| Канааттандырбайт | 25,6 | 33,7 |
| Айтуу кыйын | 30,1 | 33,6 |

Ош облусунун аймактары боюнча жарандардан сурамжылоо жүргүзгөндө Ош шаарындагы суралгандардын 44,4%ы башка этностор менен мамилелер канааттандырат, 25,6%ы канааттандырбайт, 30,1 %ы айтуу кыйын деп жооп беришкен. Кара-Суу району боюнча респонденттердин 33,7%ы мамилелерди баалагандан кыйналышса, ушундай эле сандагы адамдар этностор аралык мамилелер канааттандырбайт жооп беришкен. Ош шаарынын жана Кара-Суу районунун тургундарынын жооптору этностор ортосундагы мамилелерде бир топ кооптонуулар жана чыңалуулар бар экендигин көрсөткөн эле. Бул сурамжылоолор 2009-жылы жүргүзүлгөндүгүн эске салып кетишибиз керек. Балким, 2010-жылдагы Июнь окуясынан

кийинки убакта сурамжылоо жүргүзгөн болсок, бул этностор аралык мамиленин абалы башкача болмок.

**Таблица 4.51. Сизди башка улуттун өкүлдөрү менен түзгөн мамилелериниз канаааттандырабы? Ош облусу жынысы боюнча (пайыз) [2.10.]**

| жынысы боюнча | Эркектер | Аялдар |
|---|---|---|
| Канааттандырат | 43,8 | 56,1 |
| Канааттандырбайт | 41,8 | 58,6 |
| Айтуу кыйын | 46,8 | 53,6 |

Суралган аялдардын ичинен 56,1%ы башка этностор менен мамиле канаатандырат, 58,6%ы канааттандырбайт, 53,6 %ы айтуу кыйын деп жооп беришкен. Ал эми эркектердин 46,8 %ы айтуудан кыйналышкан, 43,8%ы мамилелер канааттантырат, 41,8%ы канаатандырбайт деп билдиришкен. Облустагы аялдардын жана эркектердин жоопторун талдаганда башка этностор менен мамилелерди жакшыртуу аракеттерин кечиктирбестен жүргүзүү керектиги даана көрүндү. Бул көрүнүш жалаң гана окумуштууларды тынчсыздандырбастан коомдун бардык чөйрөсүнүнүн көңүлүн буруучу маселе болуп саналат.

**Таблица 4.52. Сизди башка улуттун өкүлдөрү менен түзгөн мамилелериниз канаааттандырабы? Ош облусу жашы боюнча (пайыз) [2.10].**

| Жашы боюнча / жооптору | 16-20 | 21-25 | 26-29 | 30-39 | 40-49 | 50-59 | 60 тан жогору |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Канааттандырат | 22,6 | 25 | 12,4 | 15,8 | 14,9 | 9,1 | 0,6 |
| Канааттандырбайт | 22,3 | 20,5 | 22,3 | 8,6 | 15,1 | 5,1 | 4,6 |
| Айтуу кыйын | 18,1 | 21,6 | 9,9 | 21,6 | 15,9 | 12,1 | 1,1 |

Бул суроого жаш курагы боюнча жоопторду талдаганда, 16-20 жаштагылардын 22,6%ын мамилелер канааттандырат. Ал эми 26-29 жаштагылардын 22,3 %ын канааттандырбайт, 50-59 жаштагылардын 5,1%ы

башка этностор менен мамилелер канааттандырбай турганын айтышкан. 16-29 жаштагылардын, башкача айтканда жаштардын жоопторунда көбүнчө этностор аралык байланыштар канааттандырбагандыгы аныкталды. Анткени бул курактагы жаштар Ош облусунда эле эмес, жалпы Фергана өрөөнүндө башка аймактарга салыштырмалуу көп. Региондо жаңы эгемендик жылдарынын башында, рыноктук экономиканын шартында жумушсуздук, жашоо деңгээлинин төмөндөшү, көп балалуу үй-бүлөлөрдөгү материалдык жетишсиздик түрдүү этностордун жаш адамдарынын ортосунда жашоо тиричиликтеги материалдык жана социалдык ресурстар үчүн тымызын конкуренцияны күчөттү.

**Таблица 4.53. "Сиз мамиле кылган адамдардын арасында кайсы улуттун өкүлдөрү көбүрөөк?". Жооптор аймактар боюнча (пайыз) [2.11.,2.12].**

| Аймактар / Жооптор | Ош шаары | Кара-Суу району |
|---|---|---|
| Көпчүлүгү менин улутумдагылар | 70,5 | 62,4 |
| Жарымы менин улутумдагылар | 23,7 | 33,6 |
| Көпчүлүгү башка улуттун өкүлдөрү | 6,2 | 4 |

Полиэтникалык аймакта этностордун жанаша жашоосу, бир коллективде иштөөсү, күндөлүк жашоо-тиричиликтеги өз ара мамилеси аймактын өнүгүүсү, стабилдүүлүгү үчүн абдан чоң мааниге ээ. Сурамжылоодо учурунда респонденттерден алардын мамиле кылган чөйрөсүндөгү башка этностордун ордун билүү үчүн сураганыбызда Ош шаары боюнча 70,5 % адам мамиле кылгандардын көпчүлүгү өзүнүн улутунан, 6,2%ы айланасындагы мамиле кылгандардын көпчүлүгү башка улуттун өкүлдөрү деп жооп беришкен. Кара-Суу районунун жашоочуларынын 62,4%ы көпчүлүгү өзүнүн улутундагы кесиптештери же мамилелештери болсо, 4 %ы башка улуттун өкүлдөрү менен тыгыз мамиледе

экендигин белгилешкен. Биз анкета алган жерлерде суралгандардын көпчүлүгү өзүнүн улутундагылар менен тыгыз мамиле кылганына карабастан, полиэтникалык аймакта башка этностор менен мамиле, карым-катыш эмгек коллективинде, коомдук жайларда, транспортто, базарларда күндөлүк турмушта дайыма болуп туруучу реалдуулук.

**Таблица 4.54. "Сиз мамиле кылган адамдардын арасында кайсы улуттун өкүлдөрү көбүрөөк?". Ош облусу билими боюнча (пайыз) [2.10].**

| Билим деңгээли / жооптору | Жогорку | бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | Орто | бүтпөгөн орто |
|---|---|---|---|---|---|
| Көпчүлүгү менин улутумдагылар | 29,06 | 14,2 | 10,8 | 23,4 | 4,1 |
| Жарымы менин улутумдагылар | 31,38 | 13,4 | 11,7 | 20,6 | 5,8 |
| Көпчүлүгү башка улуттун өкүлдөрү | 26,04 | 10,2 | 5,1 | 28,1 | 9,8 |

Ош облусунун жашоочуларынын жогорудагы суроого жоопторун билими боюнча талдоо алардын көпчүлүгү көп улуттуу жамааттарда, ишканаларда иштээрин көрсөттү. Мисалы жогорку билимдүү респонденттердин чейрегинен көбү башка улуттун өкүлдөрү басымдуулук кылган коллективдерде алар менен эриш-аркак, ынтымактуу иштешет. Облустун жашоочуларынын жамандык-жакшылыктарына эмгек жамаатындагы ар түрдүү этностордун өкүлдөрү катышышат. Мындайда этностордун ортосунда сый-урмат жана бири-бирин колдоону көрүүгө болот.

Көп улуттуу мамлекет жарандардын бири-бири менен түзгөн мамилелерине, ынтымакта жашап, келечекке умтулууларына чоң маани бериши зарыл. Бул багытта мамлекет Кыргызстандын этностор аралык мамилелеринин Концепциясын иштеп чыгып, "Кыргыз жараны" жалпы иденттүүлүгүн калыптандыруу иштери жүрүп жатат [4.101].

Эл биримдигин жана этностор аралык мамилени бекемдөө Концепциясын даярдоо 2010-жылдагы кандуу окуялардан кийин дароо башталып, 2013-жылы атайын Президенттин жарлыгы менен кабыл алынган.

Ал үч негизги багыттан туруп, эң башкысы жалпы жарандык бирдейликти калыптандыруу болгон. 2010-жылдан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча атайын агенттик түзүлгөн. Бул багытка ынтымакты бекемдөө, мамлекеттин туруктуулугу жаатында жүздөгөн иш-чаралар уюштурулган.

Иш чаралардын негизинде “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, этномаданий өнүгүүнү камсыз кылуу менен ар бир инсандын  “Кыргыз жараны” экендигин аңдап түшүнүүсү, жарандык атуулдукту тарбиялоо багыттарында максаттар, милдеттер жана иш  чаралар аныкталган. Концепцияны үч этапта жүзөгө ашыруу каралган. “Кыргызстан жараны” эмес “Кыргыз жараны” деп, Кыргызстандагы “жалпы жарандык иденттүүлүк” жөнүндө айтылган. Жалпы жарандык иденттүүлүк улуттун калыптанышынын негизин түзүүчү категория катары белгиленген. Жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандырууга рухий баалуулуктар, жалпы элибиз сыймыктанган баатырлар, өлкөбүздөгү жалпы майрамдар жана тарыхый жеңиштер, сүйлөшүү тили, маданий мурастар кирет.

Концепциянын максаты – улуттук биримдикти этностор аралык мамилелерди өркүндөтүү аркылуу камсыз кылууга көмөк көрсөтүү, өлкөнүн маданий мурастарын жана этностук көп түрдүүлүгүн сактоо. Концепция үч этаптан туруп, билим берүү жана маданият, социалдык жана кадр саясаты, идеология жана экономика, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат сыяктуу маанилүү чөйрөлөрдө конкреттүү иш чаралар планын камтыйт [4.101].

Концепцияда өлкөбүзгө, тарыхыбызга, маданиятыбыз менен мамлекеттик тилибизге урмат мамиле жасоо, Мекенди сүйүү биринчи орунда турушу керек деп белгиленген [4.101]. Ушул нерсе гана бириктирүүчү күч болуп, кыргыздар менен башка этнос өкүлдөрүнүн ортосундагы мамилелердин шайкештигин камсыз кылат.

Постсоветтик мезгилде Борбордук Азияда эгемен мамлекеттердин пайда болуусу менен мурдагы ички чек аралар эми ар бир мамлекеттин чегине айланат. Азыр Фергана өрөөнүндө 8 анклав бар. Алардын көбү Кыргызстандын аймагында жайгашкан. Кыргызстандын түштүгүндө 4 өзбек, 2 тажик анклавы бар. Кыргызстандын Барак анклавы Өзбекстандын аймагында жайгашкан. Бaрактын аймагы 250-260 гектарды түзөт. Ал 1955-жылы түзүлгөн. Чегараны түздөө үчүн Кыргызстан Өзбекстанга 2 миң 14 гектар жерди берген. Өзбек тарап Барак айылына канатташ жерден ушунча гектар жерди күзүндө түшүмдү жыйнап алгандан кийин бермек болгон, бирок 15 жылдан кийин 492 гектар жерди Сузак районуна чектешкен жерден берээрин билдирген. Калган 1,5 миң га жерди бере элек. Өкмөттүн алдындагы чек араларды делимитизация жана өнүктүрүү бөлүмүнүн маалыматтары боюнча азыр өзбек тараптан 1,5 миң га жерди кайрып берүү талабы коюлган. [8.188]. Барак кыргыз анклавында 1250 адам жашайт, 60% кыргыздар түзөт. Айылдагы мектепте 165 бала окуйт. Балдар 5-класска чейин айылда окушат. Административдик жактан Барак Кара-Суу районунун Ак-Таш айыл өкмөтүнө карайт. Баракты бардык тараптан Өзбекстандын Анжиян облусунун Коргон-Тобө району курчап турат. Баракты Кыргызстандан 1,5 км. талаа бөлуп турат. 20-30 мүнөттүк жолдун ордуна барактыктар 300 км. Кызыл-Кыяга барууга аргасыз. Ал жакка автобус 1 жумада бир жолу каттайт. Ооруп калганда жана башка кысталыш учурлардан, балдарды окуткандан кыйналган эл Кыргызстандагы туугандарына көчө баштады. Өзгөчө 2010-жылдагы этностук кагылыштан кийин айылда 10-15 эле үй-бүлө калды. Өзбек бийлигинин атайын жасаган экономикалык блокадасы элди көчүп кетүүгө аргасыз кылды. Кыргызстандын өкмөтү тарабынан барактыктарга Кара-Суу районунун Сары-Колот айылынан үй куруугa жер берилген. Барактыктар 260 га сугат жерин калтырбасын айтып жатышат. Арендаге же алмашууга эл ишенбейт. Азырынча бул маселе чечиле элек. Кыргызстан менен Өзбекстандын чек араларынын талаш участокторун демаркациялоо, делимитизациялоо мамлекеттердин башчыларынын саясий эркинен түздөн-

түз көз каранды. Чек ара маселелерин жөнгө салууда иштиктүү, багыттуу тышкы саясат керек, анткени эгемен мамлекеттин негизги белгилеринин бири анын бекем чек аралары болуп эсептелет.

Жыйынтыктаганда, этностук жүрүмдөрдүн өнүгүшү элдердин аймактарга жайланышуу өзгөчөлүктөрү менен да тыгыз байланышта. Негизги калк – кыргыздар өлкөнүн бардык аймактарында, анын ичинде Ош облусунун бардык райондорунда бир кылка жайгашкан. Көп этностуу Ош облусу жана жалпы Кыргызстан үчүн да мамлекеттин эгемендүүлүгүн, территориялык бүтүндүгүн, стабилдүүлүгүн сактап мындан ары социалдык-экономикалык, саясий жактан өнүгүүнүн негизги шарттарынын бири – улуттук биримдикти калыптандыруу жана бекемдөө болуп саналаарын 2010-жылдагы апрель окуясы, июнь айындагы Кыргызстандын түштүгүндөгү окуялар көрсөттү. Учурда мезгил талабына ылайык көп улуттуу мамлекет жарандардын бири-бири менен түзгөн мамилелердин чөйрөсүнө чоң маани бере баштады. Бул багытта мамлекет Кыргызстандын этностор аралык мамилелеринин Концепциясын иштеп чыгып, “Кыргыз жараны” жалпы иденттүүлүгүн калыптандыруу иштерин жүргүзүп жатат.

# ЖЫЙЫНТЫКТАР

Эгемендүү Кыргызстандын калкынын өнүгүүсүнө жана өзүн-өзү өндүрүүсүнө коомдогу социалдык-экономикалык, саясий жана социалдык-маданий факторлор таасирин тийгизет.

Эгемендиктин шартында Кыргызстандын түштүгүндөгү Ош облусунун көп этностуу калкы демографиялык жактан бир топ өзгөрдү. Калктын санынын өзгөрүүсүнө табигый өсүш жана миграция чоң таасир этти. Биз изилдеген хронологиялык алкакта **1989-2020-жылдарда Ош облусунун калкынын саны 4,4 пайызга (655 457 адамга) өскөн. 2020-жылдагы табигый өсүш 25,4 миң адамды түздү.** Биз изилдеген жылдарда шаар калкы өскөн менен анын үлүшү башка облустарга салыштырмалуу азыраак (7,6%). Калктын негизги көпчүлүгүн айылдык калк түзөт. Райондордун ичинен Кара-Суу районунда табигый өсүш эң жогору, ал эми калкынын табигый өсүшү эң төмөн район Чоң-Алай району болду. Кийинки учурларда төрөлүүлөрдүн саны азайган. 2015-жылга салыштырмалуу төрөлүүлөрдүн саны 18428 адамга азайса, өлгөндөрдүн саны 2068 адамга кыскарган.

Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилиндеги саясий, социалдык-экономикалык реформалар шартында калкынын демографиялык өнүгүүсүндө, анын табигый өзүн-өзү жаратуусунда бир топ өзгөрүүлөр болду. Ош облусунун калкынын табигый өсүүсү жогору болгондуктан, ал калктын демографиялык өнүгүүсүнүн негизги фактору болуп эсептелет.

Ар бир шаардагы, айылдагы калктын эмгекке жарамдуу бөлүгү анын негизин түзөт. Ош шаарынын калкынын көбүн мурдагы айыл тургундары, кийин шаарга келип окуп, иштеп-жашап калган адамдар түзүшөт. Күнүгө шаарга келип-кетип иштеп жаткан маятниктик мигранттар да социалдык түзүмдөгү өзүнчө бир топ болуп эсептелет. Облустагы Кара-Суу, Өзгөн, Ноокат шаарлары райондук деңгээлдеги саясий, экономикалык, маданий борборлор катары өз функциясын аткарып жатышат.

Айыл жана шаарлардын калкынын жашоо деңгээли бирдей эмес. Шаарлар аймактардын административдик, экономикалык, маданий жана

тейлөө борборлору болуп эсептелет. Шаарларда жеке менчик ишканаларды ачып, жеке ишкерлик кылууга, базарларда, тейлөө борборлорунда жана башка жерлерде иштөөгө мүмкүнчүлүктөр бар.

Ош шаары – республиканын экинчи борбору катарында өтө чоң социалдык-экономикалык, саясий, маданий функцияларды аткарууда. Негизинен шаар калкынын, өзгөчө акыркы мезгилдердеги шаардык кыргыз калкынын санынын көбөйүүсү айылдык кыргыздардын шаарларга, өзгөчө Ош шаарына жылышына жана табигый өсүшкө байланыштуу болууда. Шаарда төрөлгөн балдардын саны, алардын социализация процесси айылдарга салыштырмалуу жагымдуу шартта өтөт. Анткени шаарларда айылга салыштырмалуу маданий, билим берүү жана медициналык тейлөө да жакшы жолго коюлган. Ош облусунун айылдарында тургундардын ден соолугуна кам көрүү, эне-балага кам көрүү иштери, жаңы бала бакчаларды ачуу сыяктуу маселелер кечиктирбей чечүүнү талап кылат.

Ош облусундагы калктын санынын динамикасы ага социалдык-экономикалык, маданий жана демографиялык факторлордун биргеликте тийгизген таасиринин жыйынтыгы болуп саналат. Салттуу жашоо образы**,** көп балалуу болуу салты, үй-бүлө жана нике баалуулуктары көптөгөн социалдык-экономикалык проблемаларга карабай калктын санынын өсүүсүнө шарт түзөт.

Рынок экономикасынын шартында Ош облусунун жашоочулары жакшы жашоо үчүн мурдагыдай эле адал мээнет, аракет керектигин билдиришти. Тургундардын арасында бакубат жашоо үчүн үй-бүлөсүнүн материалдык абалын жакшыртуу аракеттерин көрүү багыты бар. Жер-жерлерде ысырапкорчулукка байланыштуу кыргыздардын каада-салт жана үрп-адаттарына, ашыкча чыгымдарга бөгөт коюу боюнча иш чараларды жүргүзүү Ош облусунда абдан актуалдуу боюнча калууда. Бул иштер аз болсо да натыйжасын берүүдө. Рынок шартында жумушсуздук, жакырчылык болуп жаткан учурда кур намыс үчүн ашыкча чыгымдарды токтотуп, экономикалык стабилдүүлүккө, балдардын келечегине, билимине

инвестиция кылууга аракеттер калк тарабынан да колдоого алынууда. Өз турмушун жакшыртууга өзү аракет кылып жатканына карабастан биз сурамжылаган калктын арасында учурдагы үй-бүлөсүнүн материалдык абалына канааттанбагандары көп. Ошондуктан алар мамлекет тарабынан, кайдыгер эмес активдүү меценаттардын  жардамына муктаж. Калктын ичиндеги жардамга муктаж адамдарды  мамлекет социалдык жактан коргоону кескин жакшыртуусу керек.

Кыргызстандын жалпы экономикалык, социалдык абалына анын жарандары көңүл кош карабагандыктарын биздин изилдөөлөрүбүз көрсөттү. Мамлекетибиздин, элибиздин келечеги биздин аракетибизге байланыштуу экендигин респонденттердин басымдуу бөлүгү белгилешти. Маектешүү учурунда респонденттердин көбү мамлекеттик органдарда иштеген чиновниктерге, ички иштер кызматкерлерине көп ишеним артпагандыктарын билдирип, инвестициялар максаттуу багытта пайдаланылбай жатканын айтышууда. Биздин маалыматтардын негизинде эл менен мамлекеттик ар түрдүү деңгээлдердеги чиновниктердин ортосунда чоң ажырым бар экендигин айтууга болот.

Негизинен, жаңы экономикалык жана социалдык шарт Ош облусунун калкын өзгөрттү. Көп жылдардан бери топтолгон  социалдык-экономикалык маселелерди чечүүдө, Кыргызстандын экономикасын жакшыртуу үчүн элдин деми, бирдиктүү аракети жана мээнеткеч кайраты, эмгеги керек экендигин респонденттерибиз баса белгилешти.

Ош облусунун калкынын этнодемографиялык өнүгүүсүнө миграциялык жүрүм чоң таасир тийгизет. Ош облусунун статистикалык башкармалыгынын маалыматтары боюнча миграциялык агымдын жогору болгон 1991-1996 жылдары облустан 47 717 адам чыгып кеткен. Мындайча айтканда облус орточо эсеп менен бир райондун калкынан ажыраган.

Сырткы эмгек миграциясына негизинен эмгекке жарамдуу жаштарыбыз кетип жаткандыктан облустун этнодемографиялык өнүгүүсүнүн бардык чөйрөлөрүндө миграциянын таасири сезилип турат.  Облустагы

калктын, анын ичиндеги кыргыздардын көпчүлүгү Россияга, Казакстанга жана тил билген билимдүү жаштарыбыз Түркияга, Европага, Америкага барып иштеп келүү үчүн багытталган. Алардын активдүү миграциялык жүрүм-туруму негизинен социалдык-экономикалык себептер менен шартталган. Миграциялык жүрүм жана калктын этнодемографиялык өнүгүүсү бири-бири менен тыгыз байланышкан жана өз ара бири-бирине көз каранды.

Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, облустун калкы турмуш-шартын, социалдык-экономикалык абалын оңдоо максатында жаңы жумуш орундарын жана кирешенин жаңы булактарын издеп, жакынкы жана алыскы мамлекеттерге миграциялык кыймылы күчөдү. Кыргызстандагы ички жана тышкы эмгек миграциясына байланыштуу облустун шаарларындагы калктын саны өзгөрүүдө. Натыйжада орус тилдүү этностордун саны азайып, түпкүлүктүү калктын саны көбөйдү. Орустар, украиндер, татарлар жана немецтер Ош облусунан кете башташты. СССР таркап этностордун тарыхый Мекенине кетүү мүмкүнчүлүгү пайда болгондо максаттарын ишке ашырышты. Мындан социалдык-экономикалык жана саясий системанын өзгөрүүсү экономикага жана демографиялык жүрүмгө түздөн-түз таасир этүүсү көрүнүп турат.

Этнодемографиялык жүрүмгө түздөн-түз таасирин тийгизген социалдык-экономикалык себептерге төмөнкүлөр кирет: экономикадагы кыйынчылыктар, жакырчылык, инфляциянын жана жумушсуздуктун өсүүсү, миграция.

Мигранттардын жөнөткөн акчаларын пайдалануу ички рынокто баалардын өсүүсүнө алып келгенине карабай, мигранттардын үй-бүлөлөрүндөгү жана жалпы облустагы материалдык абалды жакшыртты. Материалдык абалдын жакшырганы менен эгемендиктин алдындагы жана анын алгачкы жылдарындагы оор экономикалык абалдын кесепеттери азыр деле сезилип жатат. Миграциянын негизги терс таасири – демографиялык

жактан жаш калктын облустан кетиши менен келечекте облустун калкынын табигый жана механикалык өнүгүүсүндө маселелер жаралышы мүмкүн.

Калктын өлкөбүздө аймактык-демографиялык жайгашуусунда да маселелер жаралууда. Булардын себептери абдан көп, кыргыздардын ички жана тышкы эмгек миграциясынын натыйжасында түштүк облустарыбызда сойломо миграциянын натыйжалары сезилээрлик болуп баратат. Анклавдар маселелери (Барактын мисалында), тез аранын ичинде Борбор Азиялык кошуна мамлекеттер өздөрүнүн чек араларын демаркациялоо иштерин тездетүүсү керек экендигин тастыктайт.

Облустагы шаарлар боюнча миграциялык жоготуулар аз өлчөмдө табигый өсүүлөр менен толукталса, негизинен облустагы райондордун кыштактарынан жана айылдарынан көчүп келгендердин эсебинен толукталды. Себеби, шаарлар мигранттарды өзүнө тартуусун сактап калууда. Айыл тургундары мурунку жашоосуна караганда жакшыраак жашоо максатында шаарларга келүүсүн улантууда. Бирок, шаарлардын азыркы абалы башка көптөгөн Кыргызстандын шаарларындай эле оор абалда. Шаарлардын социалдык инфраструктурасынын мүмкүнчүлүктөрү азыркы мигранттардын эсебинен көбөйгөн калкты тейлөөгө жетишпей жатат. Өзгөчө Ош шаарында мектептер жана бала бакчалар жана башка социалдык инфраструктура мекемелери калкты тейлөөгө жетишпейт. Бул маселеге республикалык органдар, облустук администрация, шаардын мэриясы көңүл буруууда жана чечүүгө аракеттер жасалып жатат. “Региондорду өнүктүрүү жана санариптештирүү” жылындагы иш чаралардын планында да бул маселелер да каралып улантылууда.

Шаарлардагы көпчүлүк өнөр жай ишканалары өз иштерин токтотушкан же жабылуу алдында турушат. Шаарлардагы жумушсуз калган жумушчулар жумушсуздардын катарын толукташты. Орус тилдүү калк гана эмес, кыргыздарда биздин өлкөнүн жагымдуу аймактарына же башка чет мамлекеттерге облустан чыгып кете башташты. Алар негизинен

интеллигенция өкүлдөрү, маданият жана саламаттыкты сактоо кызматкерлери, инженердик-техникалык кадрлар болуп саналат.

Миграциялык жоготуулардын натыйжасында коомдо экономикалык, социалдык жана демографиялык маселелер күчөй баштады. Эмгекке жарамдуу калктын саны өскөн менен алардын арасындагы активдүү, жөндөмдүү, ишке жарамдуу, билимдүү, квалификациясы жогору бөлүгү миграциянын айынан кыскарууда. Ошондой эле, пенсионерлердин салыштырмалуу салмагы жогорулады.

Эгемендиктин шартында Ош облусунун калкынын этностук курамында бир топ өзгөрүүлөр болду. Орус тилдүү этностордун миграциянын күч алышы менен облустун калкынын курамында кыргыздардын өзбектердин, тажиктердин үлүшү өскөн, ал эми орустардын, украиндердин, белорустардын, татарлардын, немецтердин үлүшү азайган. Эгемендиктин алгачкы жылдарында тышкы миграциянын таасири күчтүү болгон менен облустун аймагында жашаган башка аз сандуу этностор мурдагыдай эле бул көп улуттуу аймакта жашап жатышат.

Рынок шартына өтүүнүн алгачкы мезгилинде облустун экономикалык абалындагы кыйынчылыктар, айыл чарбасындагы реформалар, менчиктештирүүнүн учурунда Ош облусунун калкынын никелешүүсү төмөндөгөн. Никелешүүгө этностук конфликттер, пандемия, миграциянын таасирлери да бар. Жаңы шартта аралыктан үйлөнүү сыяктуу инновациялар пайда болду. Жашоо шартындагы, турмуш образындагы өзгөчөлүктөргө байланыштуу айыл жана шаар калкынын никелешүү жана ажырашууларында да айырмачылыктар бар экендигин биздин изилдөөлөрүбүздүн материалдары аныктады.

Ош облусунун калкынын арасында этностор аралык аралаш никелер кеңири тарагандыгы Араван районунун материалдары менен көрсөтүлдү. Облус калкынын арасындагы этностордун турмушундагы жана маданиятындагы окшоштуктар аралаш үй-бүлөлөрдүн түзүлүшүнө жана өнүгүүсүнө шарттарды түзүүдө. Көп аралаш никелер кыргыз-өзбек, өзбек-

кыргыз жана азыраак башка улуттун өкүлдөрү менен турмуш курган түгөйлөрүндө кездешет.

Ош облусунун калкы демографиялык жактан жаш деп эсептелет, анткени калктын курамында балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны азыр басымдуу. 60 тан жогорку жаштагы адамдардын саны Кыргызстандын түндүк облустарына караганда азыраак жана эмгектенип жаткан калкка карата басым салыштырмалуу азыраак экени талдоонун натыйжасында такталды. Ош облусунда башка түштүк облустарындагыдай эле аялдар менен эркектердин саны салыштырмалуу бирдей болчу, кийинки учурларда аялдардын саны азайып, эркетердин саны өстү. Жалпы республикадагы окшош жагдай – улгайган жаштагы эркектердин саны аялдарга караганда эки эсеге аз экендиги аныкталды жана анын себептери изилденди.

Ааламдашуунун, алмашуунун жана информациялык технологиялардын өнүккөн мезгилинде шаардыктар да, айылдыктар да турмуштук бардык жагдайларга даяр болууну, элден кем калбай жашоону, бардык тиричилик-техникалык жактан жаңылыктардан сыртта калбоону каалашат жана башка жактарга чыкканда инфомация билүү, пикир алмашуу үчүн орус тилин билүү керектигин билишет. Бирок айыл жана шаардагы байкоо жүргүзүүлөр көрсөткөндөй, кийинки жаштар орус тилин абдан начар билишет. Орус эле эмес, кыргыз тилинде да абдан начар жазышат. Кыргыз жазуучуларынын чыгармаларын окушпайт. Кыргыз жаштары мектепти аяктап эле башка айылга же шаарга чыкпай туруп, Россиянын ири шаарларына, мегаполистерине эмгек миграциясына кетип жатышат.

Ал жактагы жашоо-шарты жана ритми, кызматкерлерге болгон талап абдан жогору, ал шарттарга, талаптарга туура келүү абдан оор болгон учурларда жаштар абдан көп кыйналууда. Мындай кыйынчылыкка кабылган мигранттык тажрыйбалар абдан эле көп. Ошондуктан заманга ылайык мектептерде орус тилин жана чет тилдерди окутууга өзгөчө көңүл буруу керек. Биз изилдеп жаткан аймак байыртадан полилингвистикалык аймак

болуп эсептелет. Бул жерде жашагандар кеминде 2-3 тил билишет. Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, азыркы ааламдашуу шартында башка дүйнөлүк жана башка тилдерди – анлис, түрк, кытай, араб тилдерин үйрөнүүгө аракеттер арбын.

Мамлекеттик тилибиз болгон кыргыз тили менен катар, эл аралык пикир алмашууга ылайык болгон орус тилине басым жасалышы учурдун талабы турат. Кыргыз тилин, маданиятын мыкты билүү менен мамлекеттик органдарга иштөөгө мүмкүнчүлүк алууга башка этностордун өкүлдөрү да аракет жасоосу менен бирге кыргыз тилинин жашоону жакшыртууга абдан аз таасирин тийгизүүсүн белгилегендердин көп экендиги ойлондурбай койбойт.

***Изилдөөнү жыйынтыктап жатып, төмөнкү тыянактар чыгарылды:***

- Облустагы этнодемографиялык жүрүмдөргө таасирин тийгизген негизги фактор – социалдык-экономикалык фактор экендиги аныкталды;
- Биз изилдөөгө алган эгемендүүлүк мезгилинде Ош облусундагы калктын табигый өсүшү элдин көбөйүшүндөгү негизги ролду ойноору тастыкталды;
- Эгемендүүлүктүн жылдарында облустун калкынын социалдык-экономикалык абалын оңдоо максатында жаңы жумуш орундарын жана кирешенин жаңы булактарын издеп, жакынкы жана алыскы мамлекеттерге жана республиканын түндүк облустарына, айылдардан шаарларга миграциялык кыймылы күчөдү;
- Эл каттоолордун аралыгында облустун калкынын этносторунун жалпы калктын ичиндеги үлүшү өзгөрдү. Этностордун санынын өзгөрүүсүнө эгемен мамлекеттүүлүккө жетишүү, рынок экономикасына өтүү, экономикалык кардиналдуу реформалар, турмуш-тиричиликтеги кыйынчылыктар, жумушсуздуктун айынан миграциянын күч алышы таасирин тийгизди;
- Ош облусунун славян тилдүү этностору тарыхый мекенине туруктуу жашоого көчүп кетиши алардын санынын кескин кыскарышына алып

келсе, облустун калкынын арасында **кыргыз, өзбек, уйгур, түрк, тажиктердин** саны өсүүдө жана алардын шаарларда, райондун борборлорунда, айылдардагы калктын ичиндеги үлүшү жогорулады;

- Эгемендүүлүктүн жылдарында облустун калкынын ички жана тышкы миграциясы күчөдү, ошону менен бирге миграция этнодемографиялык жүрүмдөргө өзгөрүүлөрдү киргизди;
- Ош облусунун калкы демографиялык жактан жаш деп эсептелет, анткени калктын курамында балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны азыр басымдуу;
- Облус калкынын арасындагы этностордун турмушундагы жана маданиятындагы окшоштуктар аралаш үй-бүлөлөрдүн түзүлүшүнө жана өнүгүүсүнө шарттарды түзүүдө. Көп аралаш никелер кыргыз-өзбек, өзбек-кыргыз жана азыраак башка этностор менен түгөйлөрүндө кездешет.
- Ааламдашуунун шартында мектептерде балдарга билим берүүнүн сапатын көтөрүү менен бирге аларга мамлекеттик тилди, дүйнөлүк тилдерди окутуу менен катар орус тилин окутууга өзгөчө көңүл буруу керек.
- Учурда эмгек рыногуна ыңгайлашуу жана турмуштан өз ордун табуу үчүн жаштарга компетенттүүлүк негизде сапаттуу билим берүү жана талап кылынган кесиптерге багыттоо иштерин жүргүзүү абдан керек болуп турат. Миграцияга кетип жаткандардын көбү келечек жөнүндө бүдөмүк түшүнүктөрү бар, орто билимге гана ээ болгон жаштар болуп жатат. Аларды өз Мекенинде иштөөгө жана аны өнүктүрүүгө багытташыбыз керек. Кыргызстандын келечегин уланта турган жаштар, мамлекеттүүлүктүн негизи – калкыбыз, биздин эң негизги байлыгыбыз.

***Практикалык сунуштар:***

- Кыргызстандагы саясий туруктуулук социалдык-экономикалык жана рухий турмушубузга гана эмес, этнодемографиялык өнүгүүгө да түздөн-түз таасирин тийгизет. Өлкөнүн саясий, экономикалык туруктуулугу азыркы учурда мамлекетке эң керектүү шарт болуп саналат;

- Кыргыздардын демографиялык өнүгүүсүн камсыздоо үчүн мамлекет тарабынан демографиялык саясатка өзгөчө көңүл бурулушу шарт;
- Көп балалуу үй-бүлөлөргө мамлекеттик колдоо керек, ар бир үй-бүлөгө өзүнүн материалдык абалын жакшыртууга, жеке ишкердикке салык жеңилдиги, бюрократиялык тосмолордун азайтылышы сыяктуу шарттар эске алынышы зарыл;
- Жалпыга маалымдоо каражаттары – теле, радио, интернет аркылуу көп балалуу үй-бүлөлөр, үй-бүлөлүк салттуу баалуулуктарды, этностор аралык аралаш үй-бүлөлөр жөнүндөгү берүүлөрдү көрсөтүү менен жаштарды ынтымактуу үй-бүлө түзүп, өлкөнүн эртеңине ээ болууга тарбиялоо зарыл;
- Ааламдашуунун шартында жаштарга билим берүү мекемелеринде мамлекеттик тилди, чет тилдерди, өзгөчө орус тилин окутууну жакшыртуу зарыл;
- Облустун этникалык курамында санынын көпчүлүгү боюнча кыргыздардан кийинки экинчи орунда өзбектер турат. Келечекте этностор ортосундагы этносаясий туруктуулукту жана ынтымакты сактоо жана өркүндөтүү үчүн “кыргыз жараны” идентүүлүгүн калыптандыруу жана жайылтуу иштери ыкчамдатылып жыйынтыкталышы учурдун талабы болуп турат;
- Этностор аралык аралаш никелерге карата коомчулуктун жана мамлекеттин кубаттоосун арттыруу керек;
- Шаарларда жашаган калктын социалдык-экономикалык абалын жана маданиятын өнүктүрүү үчүн социалдык инфраструктура мекемелерин өнүктүрүү жана алардын иштерин жакшыртуу керек;
- Чет өлкөдө билим алып келген же иштеп акча таап келген жаштарга жеке ишканаларды ачып, инвестициясын өз өлкөсүнүн экономикасына салганга мүмкүнчүлүктөр түзүлүшү керек.

- Жаңыдан түзүлгөн үй-бүлөлөрдү колдоо үчүн социалдык программалар мамлекеттик, регионалдык жана жергиликтүү деңгээлде иштелип чыгышы керек.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


**I. Нормативдик-укуктук актылар**

1.1. Декларация о государственном суверенитете РеспубликиКыргызстан [Текст] // Ведомости Верхов. совета Кирг. ССР.- 1990.- № 21.- Ст. 318.

1.2. Декларация о государственной незвисимости Республики Кыргызстан от 31 авг. 1991 г. №578-XII [Текст] // Слово Кыргызстана - 1991.- 10 сент.

1.3. О государственном языке Киргизской ССР [Текст]: закон КиргССР 1989 г. №2219-Х1 // Сов. Киргизия.- 1989.- 29 сент.

1.4. О дальнейшем развитии государственного языка Кыргызской Республики[Текс т]: указ Президента Кырг. Респ. от 20 янв.1998 г. УП №21 // Норматив. акты Кырг. Респ.- 1998.- №3.- С.10.

1.5. Об утверждении Концепции государственной демографической и миграционной политики Кыргызской Республики [Текст]: указ Президента Кырг. Респ. от 28 апр.2000 г. №102 // Норматив. акты Кырг. Респ.- 2000.- №10.- С.45.

1.6. О дополнительных мерах по регулированию миграционных процессов в Кыргызской Республике [Текст]: указ Президента Кырг. Респ. от 20 мая 2000 г. №127 // Норматив. акты Кырг. Респ.- 2000.- №10.- С.51.

1.7. О статусе города Ош [Текст]: Указ Президента Кырг. Респ. от 4 окт. 2000 г. УП №277 // Норматив. акты Кырг. Респ.-2000.- №19.- С.34-35: Эхо Оша.- 2000.- 7 окт.

1.8. Жакырчылыкты жоюу боюнча Улуттук Программа «Аракет» (1998–2005) – Бишкек, 1999-ж.

1.9. Долбоор “Айылдык билим берүү”. Ишке ашыруу мезгили 2007-2010-жж. – Бишкек. 2006- ж.

**II. Этносоциологиялык изилдөөлөрдүн материалдары:**

2.10. Ош облусу боюнча жалпы материалдар. – 80б.- 2009.

2.11. Ош облусундагы айыл калкы боюнча материалдар. – 70 б.- 2009.

2.12. Ош облусундагы шаар калкы боюнча материалдар. – 68 б.- 2009.

2.13. Ош облусуна караштуу Араван районундагы жарандык абалдын актыларын жазуу архивинин материалдары.– 2 б.- 2019.Опись,дело № 854 , 846, 847, 848. 849, 850, 851 ,852, 853, 854, 878, 873, 880, 881, 882, 883, 884, 885, 886, 887, 888, 889, 890, 907, 908, 909, 910, 917, 918, 919, 921, 924, 925,

